С кырг
А 50

Гуласал
Алиева



# Кечир мени...



(драмалар)

Ош - 2013



Драматург **Гүласал Алиева** 1962-жылы 26-апрелде Лейлек районундагы Маргун айылында төрөлгөн. 1979-жылы “Коминтерн” орто мектебин бүтүргөн. 1979-1983-жылдары Фрунзе шаарында Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун музыка жана ырдоо факультетин ийгиликтүү аяктаган соң 1983-85-жж. “Коминтерн” орто мектебинде мугалим болуп эмгек жолун баштаган. 1986-89-жж. Ош кыргыз драма театрында актриса, 1990-93-жылдары Ош педагогикалык училищесинде мугалим болуп иштеген.

КРнын билим берүү отличниги.

КРнын маданияттын мыкты кызматкери төш белгисинин ээси.

“Боз балдар”, “Эртең апамдын туулган күнү”, “Селкинчек” аттуу көркөм фильмдердин, “Маргун баяны” аттуу китептин автору.

Бүгүнкү күндө Ош шаарындагы “Мээрим” балдар билим борборунда мугалим болуп иштейт.

Гүласал Алиева

# Кечир мени...

(драмалар)



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 486798

Ош - 2013

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 50

Алиева Гүласал

А 50 Кечир мени: драмалар жыйнагы – Ош, 2013. –192 с.

ISBN 978-9967-604-10-0

Гүласал Алиеванын адамдарды тазалыкка, боорукердикке, жоопкерчиликке үндөгөн, патриотизмдин илеби согуп, оптимистик маанайда жазылган драмалар жыйнагы жалпы окурмандардын китеп текчесинен орун алат деген ойдобуз.

А 4702300100-12

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-604-10-0

## Уурдалган балалык, уурдалган жаштык, уурдалган өмүрлөрдүн убайымын тарткан драматург



Драматург Гүласал Алиеванын чыгармачылыгы менен биринчи жолу таанышып жатышым. Буга чейин автордун пьесаларын колума алып окуган эмесмин, же болбосо республикалык театрлардын сахналарынан да көргөнгө мүмкүнчүлүгүм болгон эмес. Чынымды айтайын, дегеле ушундай драматургдун бар экенине мурда шек кылбагам. Ошондуктан, бул автордун пьесаларын колума алганда , менде бир чети таң калуу, бир чети кубануу пайда болгонун жашырбаймын. Таң калганым – мага белгисиз кийинки муундагы драматургдардын бар экени, кубанганым драматургиянын көчүнүн үзүлбөстөн уланып жатышы.

Автордун драмаларын бир дем менен окуп чыктым. Дээрлик бирөө дагы мени кайдыгер калтырган жок. А түгүл Гүласалдын пьесаларын жөн салды окууга да мүмкүн эмес экен. Айрым учурларда кадимкидей сезимиңе катуу таасир этип, жан дүйнөңдү бейпайга салып жиберет. Бул албетте, таланттын белгиси, таланттуулуктун жышааны. Мен биринчи кезекте , ушуга кубандым. Дагы бир кубанганым: улуу жана орто муундагы драматургдар көбүнчө тарыхый драмалар менен алек болуп жаткан учурда, Гүласал тартынбастан азыркы мезгилди алып, анын түркүн тагдырларына абай салып, жанын кейиткен, жүрөгүн ооруткан көрүнүштөрдү жымсалдабастан, түгөлү менен көрсөтө билгени. Социалдык жикке бөлүнүүчүлүк күчөп турган азыркы биздин шартта, карапайым кыргыз эли кандай оор жашоотурмушту башынан кечирип жатса, айрыкча, эне сүтү оозунан кете элек жапжаш балдар, жаңыдан жашоого аралашып, канат боло башташкан жаштар түмөн түйшүктүн кучагында , өмүр үчүн, эртеңки жаркын келечеги үчүн тырмаландап, оорчулукка оңой менен баш бербей, мүңкүрөп калбай күрөшүп жатышканы, ал эми ошол эле учурда айрымдарынын тагдыры кантип талкаланып атканы Гүласалдын пьесаларында өтө таасын көрсөтүлөт. Мейли жетим балдар үйүндөгү чексиз кусалыкка баткан өспүрүм кыздарбы («Күтүү»), мейли студенттик оор күндөрдүн кысасын тартышкан жаштарбы («Кечир мени?»),

мейли ыйманына, абийирине чыккыкчылык кыла албаган окуучу кызбы («Классташтар»), мейли аракеч атанын азабын көрүшкөн, боконо сөөктөрү ката элек бир туугандарбы (Эртең апамдын туулган күнү»), мейли кабыргасын кайыштырган базардын салмагына белдери майышса да чыдаган тачкист – өспүрүмдөрбү («Боз балдар»), мейли ата-энеси Россияга кетип, кароосуз калган эки небересин карыганда ирдентүүгө бел байлап, болгон күчүн жумшап, ал тургай сүйүү жаңылыштыгынан туулган чөбөрөсүнө мээримин төгүп, бооруна бекем кыскан, кара жердин дал өзүндөй көтөрүмдүү чоң энеби («Акжолтой»), айтор, ар бир образдын артында биз билген, биз дайым көргөн, бизге беш колубуздай тааныш болгон бүгүнкү жашоо-турмуш жатат. Ар бир пьесада бири-бирине окшобогон конкреттүү тагдырлар, нары драмалуу, нары трагедиялуу тажрымалдар орун алган. Гүласал, мына ушундай социалдык оор шарттарда жашап, бармактайынан жашоо-турмуштун залкысын тартып, баш көтөрбөй башы менен башмалдык атып иштеп, балалыгын, жаштыгын уурдатышканына карабастан өспүрүмдөрдөн тартып, көпчүлүк боз улан, кыздарга чейин мизантропияга алдырбай, адамгерчиликтин туусун бийик тутушаарын, табият тартуулаган боорукерликтен ажырашпаганын ташка тамга баскандай таасын көрсөтөт. Ошондон улам болсо керек, автор ар бир драмасында «түпкүрдүн» жашоосуна окшогон оор, кунарсыз турмушту сүрөттөп жатса да, чыгармаларынан жарык маанай, жаркын демдин илеби келип турат. Драматург жакшылыктан күдөр үзбөйт. Каармандарынын басымдуу бөлүгү- оптимист.

«Бул бала акжолтой бала болуп, таята-таенеси аман-эсен тезирээк келип калышсын, эли-журтубузда ар дайым тынчылык, бакубатчылык болсун деген ниетте чеберемдин атын Акжолтой койдум. Акжолтой бала бол ылайым. Омийин!»- дейт "Акжолтойдогу" чоң эне, пьесанын финалында. Чоң эненин илгери үмүттүү маанайы, чөкпөгөнү, басынбаганы, Небересинин жаңылыштыгына уялып жер караса дагы, биротоло мүңкүрөп калбаганы Гүласалдын дээрлик башка пьесаларынын каармандарына да мүнөздүү лейтмотивдерден. Менимче, автордун драматургиясынын маанилүүлүгү да, баалуулугу да мына ушунда- канчалык кыйын болсо дагы ноюбаган оптимизминде болсо керек. Темир, Арген, Өткүрбек ("Боз балдар"), Гүлгаакы, Жамал ("Кечир мени?"), Кубат, Аида ("Эртең апамдын туулган күнү"), Айбек, Жазгүл ("Классташтар"), Аяна, Үмүт, Сезим, Кыял,



Айсулуу Акимовна ("Күтүү") – мына биздин учурдун, азыркы мезгилдин белгисин алып жүргөн каармандар. Автордун жанын кейишке салган, үмүтүн куру кыялга айланткан, сезимин жаралаган кыйчалыш доорубуздун уул-кыздары. Драматургдун азыркы жашоо-турмуштун оор ахыбалын сүрөттөөдө көбүнчө кенже балдар- кыздар менен жаштардын жашоо-турмушуна токтолгону да , анын учурдун өзгөчөлүгүн таамай баамдай, сезе билгенинин күбөсү. Эмне дегенде, ушул турмуштун каатчылыгынын, оорчулугунун запкысын биринчи кезекте кенже муун менен өсүп келе жаткан жаштар тартышаарын баарыбыз эң сонун көрүп билип жүрөбүз. Замандын кандай гана оорчулугу болбосун эң алгач ошолордун моюнуна түшөөрүнө күбөбүз. Демек, кенжелер менен жаштардын жашоо турмушун көркөмжалпылоочу обьект катары алышы – драматургдун сүрөткер катары кыраакылыгын айгинелейт. Кайсы гана пьесасын окуба, автордун балдарды, жаштарды аёо, болгондо да аялзатына мүнөздүү энелик боорукерликтин өтө күчтүү экени баамга урунат. Гүласал баамына илинген теманын, козгогусу келген проблеманын баарын техникалык чеберчиликке салып гана сүрөттөп койгон калемгерлердин катарына кирбейт. Анын ар бир жазган пьесасы жүрөгү тилинип- тилинип канагандан, кара жаны чокко түшүп, чыңдап кейигенден пайда болгону бадырайып туюлуп турат. Автордун жаны ачынып, буулугуп, болгон кудурети менен ачуу кыйкырыкты салгысы келгенин, коомдук аң-сезимди ойготкусу келгенин жогоруда аталган кайсы гана драмасынан болбосун дапдаана сезесиң. Улуу акын Аалы Токомбаев айткандай, "жүрөк канын сыя кылып" туруп жазган чыгармалар экенин туясың, Гүласалдын пьесалары. Чыгармачылыгын баштаганына он жылча боло элек болсо дагы , калеминен чыккан алгачкы пьесаларынан тартып, соңкуларына чейин драматургиялык жактан алда канча жетик экени да баамга түшөт. Диалогдордун курулушу, окуялардын өөрчүшү, образдардын рельефтүүлүгү адамды толук ынандырат. Менимче Гүласал Алиева аркылуу биздин кыргыздын улуттук драматургиясына мезгилдин портретин таасын чагылдырган, өзүнүн так граждандык активдүү позициясы, өз үнү, өз темасы бар драматург кошулду. Чыгармачылык жолуң байсалдуу болсун, Гүласал!

***Жаныш Кулманбетов – драматург, сынчы, режиссер, Айтматов эларалык сыйлыгынын ээси, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер***

## Замандын көйгөйүн чагылдырган драмалар



Бүгүнкү китеп жазууга бел байлаган-
дар – көзү жок баатырлар. Анткени учурда у
о
луусу да, кичүүсү да – эч кимиси китеп оку-
бай калгандыгы – ачуу чындык. Эл башчы-
ларыбыз өз жарандарынын рухий дүйнөсүн
байытуу эмес, күндөлүк турмушка зарыл
болгон маселелерди чече албай, чечүүнүн
жолун билбей же өз кызыкчылыгын баары-
нан жогору коюшуп, бизди куру сөз, ишке
ашпоочу убадалар менен гана сооротуп келишет. Анын далили
көркөм чыгарма түгүл, мектеп үчүн окуу китептери жазылбай,
жазылса, басмадан чыкпай – күнүмдүк менен "өлбө жаным өлбө"
болуп гана жашап, күн кечирип келе жатабыз.

Мына ушундай "Ишенген кожобуз сууга агып, ар ким өз алдынча тал кармап" турган чакта атайын алган адабий билими жок болсо да, тубаса талантынын күчүнө ишенип, көзү менен көрүп, жүрөгү менен сезгенди көркөм дүйнөгө айландырып, адабият ааламына батыл кадам таштаган Гүласал Алиевага "бали, азамат" дегенден башка сөздү ылайык көрө албай турам.

Ага колумдагы "Кечир мени" пьесалар жыйнагы себеп болду, мындагы чыгармалар жалпысынан мага жакшы таасир калтыргандыгын айтып коюшум парз. Чындыгында, мен драмалык чыгармаларды үзүлүп түшүп окугандан көрө, сахнадан көрүүнү жактырамын. Ошондой болсо дагы колума бул китеп тийгенден кийин, а дегенде эле жыйнактын бет ачары болгон "Эртеӊ апамдын туулган күнү" көзүмө урунду. Эмне жөнүндө экен, барактап көрөйүн деген оюм дароо көӊүлүмдөн чыгып, бул пьесалардын баарын "Сүтак", "Боз балдар", "Ак жолтой", "Башы бош кемпир барбы?", "Классташтар", "Кечир мени", "Күтүү" бирин койбой бир дем менен окуп чыктым.

Китепти окуп бүтүп жапканымда, азыркы замандын дарттуу, аянычтуу элеси келип, өзүмдүн балалыгым, жаштыгым, сүйүүм, максат-тилегим көз алдыма тартылды. Биз бүгүн жамандап жаткан тоталитардык коом менен даӊктап жаткан демократиялык түзүлүштүн өйдө-төмөнү эркисизден эле тараза ташына түштү.



Кары-жашыбызды – баарыбызды заматта өзүнүн түпсүз иримине тарткан базар мыйзамы, үй-бүлөнүн, бала-кыздын тагдырына балта чапкан арак "Эртеӊ апамдын туулган күнүндөгү" (Искен, Аида, Кубат), көр турмуштун айынан ата баласын, эне кызын карабай, кырчын өмүр кубанычка эмес, азап-арманга айланган турмуш "Боз балдар" (Темир, Арген, Өткүр), жаштардын ыйыктын ыйыгы, улуктун улугу, адамзаттын улуу көчүнүн соолубас булагы болгон сүйүүгө жасаган жеӊил мамилеси "Ак жолтой" (Абазбек, Ширин), адамдын баёлугун, ишенчээктигин пайдаланып сызга олтургузган көз жазгырма келин-кыздар "Башы бош кемпир барбы?" (Сакиш, Мая), кылмыш дүйнөсүнүн жазылбаган мыйзамдарынын илим-билимдин, адамгерчилик-түүлүктүн уясы болгон мектеп турмушуна тийгизген терс таасирлери "Классташтар" (Жазгүл, Эля, Жора, Айбек), жалган сөздөр менен ооз учунан берилген убадаларга ишенишип тагдырлары талкаланган гүл кыздар "Кечир мени" (Жамал, Гүлгаакы, Осмон), тирүүлөй жетимге айланышкан периштедей наристелердин бул драмада сүрөттөлгөн тагдырлары "Күтүү" (Аяна, Сезим, Үмүт, Кыял) мени эч бир кайдыгер калтырбады. Биз эмнеден жаӊылдык, биз ушундай турмушту кааладык беле? Канткенде бул апааттан кутулабыз деген суроо-көйгөй жан дүйнөмө тынчтык бербей кыжаалантты, капалантты, ар түрдүү ойго түрттү.

Окуганыӊда бул чыгармалардагы турмушка чындап эле өзүӊ катышып жаткандай, бул окуялар ар бирибиздин жакындары-быздын, ар бирибиз үчүн ыйык адамдарыбыздын башынан өтүп жаткандай кабылданып, маанайыӊ чөгүп, жүрөгүӊ ооруйт. Жамандыктын, жаӊылып-адашуунун жолунан буларды кантип адамдыктын, адамгерчиликтүүлүктүн чоӊ жолуна чыгарам деп, автор менен бирге түйшөлөсүӊ, түркүн-түс ойго батасыӊ.

Бул, албетте, жаш автордун талантынын күчү, ийгилик-жеӊиши, ал жараткан каармандар куру кыял менен ойдон чыгарылбай, турмуштун нак өзүнөн алынып, көркөм чындыкка өстүрүп жеткендигинин жемиши, ошондуктан драмадагы ар бир каарман сени менен бир жүргөн чыныгы жакын таанышыӊдай элес калтырып, таасир этет. Жыйнак кыргыз адабиятына жүрөгү назик, дили таза, ниети ак, табият тартуулаган дагы бир таланттын келип кошулгандыгына ынандырат да, кубандырат да.

Дагы бир токтоло кетүүчү жагдай, менин оюмча, өткөндү же келечекти жазуу кайсы- бир деңгээлде учурду сүрөттөгөндөн бир топ жеңилирээк болот. Анткени, аларга алыстан, бийиктен туруп, азбы-көппү аныкталып калган позициядан көз жүгүртөсүн , баа бересиң, сүрөттөйсүң.

Ал эми өзүң аралашып жүргөн турмушту чагылдыруу – татаал да, түйшүктүү да, көп эмгектенүүнү жана изденүүнү талап кылат. Мында эмнени жазам, эмне үчүн жазам, кантип жазам? – деген суроолор кырынан коюлуп, ага өз замандаштарың ишенгендей жүйө-себептерди таап, көркөм сүрөттөп чагылдыруу вазийпасы жүктөлөт. Ушул өңүттөн алганда, жогоруда сөз кылган драмалар көркөмдүк гана эмес, философиялык, таалим-тарбиялык, турмуш таанытуучулук таасирге ээ көркөм туундулар деп тартынбай эле айтууга болот.

Албетте, мындан бул драмалар төрт тарабы төп, эч бир кынтыксыз деп айтуу балким эртерээктир, анткени, чыгармаларда кээ бир мүчүлүштүктөр да кездешет.

Бирок, жалпысынан, "Кечир мени" жыйнагы окуганды кайдыгер калтырбаган, ары кызыктуу, ары проблемалуу, адамды түркүн-түс ойго түрткөн көркөм туунду, анын автору учурдун элесин жаңыча көрө билген, сергек, сезимтал инсан экендигине бизди ынандырат.

Окурман, окусаң, бул тыянакка сен да кошуласың.

Авторго, өз окурмандарыңдын жан дүйнөсүн байыткан, турмушка көз карашын тереңдеткен, ой-сезимине от жандырган чыгармачылык жолун байсалдуу болсун! – деген тилегимди ыроолоп, кыска сөзүмдү жыйынтыктаймын. Ак жол сага, Гүласал!

*Сатканбай Момуналиев – педагогика илимдеринин доктору, ОшМУнун Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин деканы*





## Эң татаал, түйшүктүү жана жооптуу жанрды тандап алган Гүласалга - ак батам



Гүласал, пьесаларыңды окуп чыгып, көп ойлорго баттым, көп нерседен үмүттөндүм. Мурда деле сенин сценарийлериң боюнча тартылган көркөм фильмдерден, ОУДТда, элдик театрларда коюлган спектаклдерден кабарым бар эле. Жашоодо адамдардагы жакшы, таза, сулуу сапаттарды көрө билүү- көрүнгөндүн эле колунан келе бербейт. А сенде бул сапат бар экен.

**Драматургиянын эң негизги кредосу-** бул каармандын ички дүйнөсүн аңтарып, ачып берүү эмеспи. Сенин каармандарыңдын ички дүйнөсүн ачып берүүгө жасаган далалатың мени кубандырды. Ар бир пьесаңдагы бири-бирине окшобогон мүнөздөгү **бүткөн** образдар, окуяны жандуу кыймыл- аракет менен жеткирүүгө болгон аракетиң, оптимизм-үмүт, тилек менен финалды берүүң да бир топ дурус. Тилиң жатык. Пьесаларың түзүлүшү боюнча да - **окуянын түйүндөлүшү**, өнүгүп жүрүп отуруп **кульминациялык чекке жетиши жана окуянын чечилиши** боюнча да драматургиянын талаптарына жооп бере алат десем жаңылышпасам керек. Сен өз стилиңди, темаңды таап тырсың. Изденүү бар. Ыр жазганга да шыгың бар экен. Чыгармаларың тарбиялык мааниси жагынан жакшы деп айтаар элем.

**Драматургиянын өзгөчөлүгү-** эгер пьеса театрда коюлуп калса, көрүүчүгө бир жарым эки саатта сенин ким экениң, кандай дараметиң бар экени билинип калат. Образдарды түзүп жатканыңда алардын ички дүйнөсүн аңтарып, толук ачып берүүгө аракет кыл. Айрыкча, терс каармандарыңдын үстүнөн көбүрөөк иште- ички дүйнөсүнө кирип, эмне үчүн ушунчалык жек көрүмдүү мыкаачы, мерез, алдамчы, бузуку болуп калган- ошону ачыктап , далилдеп берүүгө аракет кыл. Ошондо образ кызыктуу болуп, чындыкка жакындайт. Сөз байлыгыңды дагы байыт. Образдарды тереңдет. Ар бир каарманыңдын ички дүйнөсүндө жөнөкөйдөн татаалга өсүп жүрүп отуруп, **эволюция** жасаганга жетиш. Конфликтерди терең, курч бергенге аракет жаса. Оор жүктү аркалап алыптырсың. Азыр жыргагандардан зарлагандар

көбөйүп баратат. Элдин мүдөөсүн, кайгы-муңун, азап- тозогун чагылдыр. Кубанчы болсо ортоктош бол. Түбөлүктүү темаларды тап. Изден. Тынбай изден. Изденген адам сезсүз ийгиликке жетишет! Мен сага чыгармачылык чоң ийгиликтерди каалайм. Биздин Гүласал Алиева деп сыймыктанып жүрөлү.

***Ташпай Кудайберди -***

***Кыргыз Республикасынын Эл артисти***







# Эртең апамдын туулган күнү

(Драма)

Катышуучулар:

1. Искен - 35 жашта
2. Зуура - 30 жашта
3. Аида - 12 жашта
4. Кубат - 10 жашта
5. Хозяйка - 36 жашта
7. Толик - 34 жашта

**Окуя биздин күндөрдө шаарда өтөт. Жупуну жасалгаланган бөлмө. Бөлмөнүн бир жак бурчунда баклашкаларда толтурулган бензиндер. Сырттан машиналардын жүргөнү, сигнал берип токтогону угулуп турат. Бир бурчта керебетте ары карап Искен уктап жатат. Аида бутунун учу менен басып, бөлмөнү жыйнаштырып жүрөт. Аңгыча сырттан шашып Кубат кирет. Кубанган түрү бар.**

**Кубат** - Эже, 10 литр, болуңуз тезирээк? Клиент келди.

**Аида** - Ой азамат! Азыр, азыр. **(Экөөлөп баклашкаларды көтөрүп чыгып кетишет).**

**Аида** - (кайра кирет) Ушинтип эле соодабыз тынбай жүрүшүп турса... Оо, анда сонун болбойт беле. Акча баарыбызга жетмек. Атама да, бизге да...(акчаны катат. Аңгыча Кубат кирет сүйүнө)

**Кубат** - Эже, жаңагы шофер байке ашыкча акча таштап кетти. 10 сом! Мынакей!

**Аида** - (сөөмөйү менен эрдин басып, атасын көрсөтөт, акырын сүйлөйт) Антпей жүр дебедим беле?. Биреөнүн акчасы биреөгө буюрбайт да. Апам укса капа болот эми.

**Кубат** - Ой, мен айтканча болбой эле шофер байке машинасын жүргүзүп кетип калды. Ал деген менин клиентим да. Жакшы киши өзү.

**Аида** - Аа, мейли анда. Сенин клиентиңдин да, биздин да акчабыз көбөйө берсин. Сүф! Сүф! Бул акчанын жарымын экөөбүздүн банкыбызга салып коёлу. А жарымына нан алабыз. Апам да келип калат азыр. **(Аида акырын басып барып, кастрюлдун ичинен 3 литрлик банка алып чыгат. Банканын ичинде жалаң майда акчалар. Банка жарымдап калган).**

**Искен** - (керебеттен башын көтөрүп) Аида, бери кел! Кел деп жатам!

**Аида** - Эмне ата?

**Искен** - Келе колуңдагы акчаны!

**Аида** - Атаа...(акчаны бергиси келбейт) Биз буга нан алалы дедик эле...

**Искен** - Нанды апаң алат. Алып кел бери! Кана апаң?! Дагы эле келе элекпи!





**Аида** - Апамдар бүгүн генеральная уборка жасашат. Ата, чай ичесизби?

**Искен** - Көп сүйлөбө! Алып кел бери! (Аиданын колунан акчаны жулуп алат). Тур мындай! **(Аиданы түртө салып чыгып кетет. Аида ыйламсырап отуруп калат. Дал ушул учурда Хозяйка кирет).**

**Хозяйка** - Ай кыз! Апаң кана!? Чакыр бери!

**Аида** - Апам жумуштан келе элек, эже.

**Хозяйка** - А атаң кана!

**Аида** - Атам азыр эле чыгып кетти.

**Хозяйка** - (мыскылдуу) Иии-и, жумушуна кеткен турбайбы анда, ээ?.. Апаң келээри менен мага кирсин! Кварт. платаны төлөбөйсүңөрбү! Күндө эртең берем дейт апаң. Бүгүндөн калтырбай берсин, айтып кой! Анан да башка квартира тапкыла, уктуңбу! Кереги жок мага силерге окшогон квартиранттардын! **(Булкуна басып чыгып кетет. Аңгыча Кубат кирет. Эдиреңдеп алган).**

**Кубат** - Эже, 7 литр, болуңуз!

**Аида** - Ия, азыр, азыр. **(Кубатка баклашкаларды алып берет. Өзү картошка аарчый баштайт).**

**Кубат** - (кайра кирет) Эже, мына акчасы. (сүйүнөт).

**Аида** - Азаматсың! Жарайсың ишке! (акчаны алат).

**Кубат** - Банкка да салабызбы?

**Аида** - Ооба да. Салбасак болобу анан. Оп-па. **(банкага 5 сом таштайт, калган акчаны өзүнчө катат). - Кубат**, ушул жерде канча акча бар деп ойлойсуң?

**Кубат** - Ои- ий, көп. Өтө көп! Миң сом! А балким андан да көптүр.

**Аида** - Кайда-ан... Менимче бул жерде 200-300дүн тегерегинде. Эртең апамдын туулган күнү! Буюрса эртең апама чоң сюрприз жасайбыз. **Кубат**, сенин открыткаң даярбы?

**Кубат** - Ооба, мынакей! (сумкасынан колдо тартылган открытка алып чыгат). - Кандай болуптур? (Өзүнчө корсоёт).

**Аида** - Оо, сонун экен! Бу сен художник болот окшойсуң. Азаматсың! А менин белегим мынакей.(Колго жасалган кутуча алып чыгат). Кечээ сабакта отуруп эле

бүтүрүп келгем. Таак.., кутучаны ачабыз, открытканы
салабыз. Банктагы акчаны да салабыз. Анан апам
келгенде "Кымбаттуу апа! Кут болсун 30 жашыңыз!
Аман болсун алтын башыңыз! Бул акчага лама пальто
сатып алыңыз!"- дейм ээ?
- Ии, анан.., анан.., көйнөк, жоолук, өтүк да сатып

Кубат

алыңыз дейбиз. Акчаны банкасы менен эле береличи.
Банканы мен тапшырайынчы, эже?
- Мейли, көрөбүз. Иши кылса эртең апамды ушун-

Аида

чалык сүйүнтөлү дейсиң! Мен печенье да бышырып
коём. Анан бийлеп берем... Эми сен барагой,
Кичинекей бизнесменчик. (мурдунан чымчыйт.) Мен

Кубат

болсо апам келгенче картошка кууруп коёюн. Тамак
ичкенден кийин сенин ордуңа мен чыгам. А сен сабак
даярдайсың. Ансыз да сабактан көп калып койдуң.
**(Кубат чыгат. Аида ичинен кыңылдап ырдай тамак**
**жасай баштайт. Бир убакта Кубат ыйлап кирет).**

- Аида эже, мени Тилек менен Талант урду.

Кубат

- Сен жөн эле турсаңбы?

Аида

- Ооба. Мен жөн эле бензиндерди карап турганмын.

Кубат

Турсам тигил экөө мороженное жеп келатышыптыр.
Тилек жөн өтпөй биздин баклашкаларды тээп өттү.
Мен эмне үчүн тебесиң десем, ал "ишиң болбосун!"-
деди. Анан мушташып кеттик. Талант биздин семичка-
бызды чачып салды. (ыйлайт).
- Ошолорго теңелбей эле койбойсуңбу?!

Аида

- Теңелбейт элем, бирок.., (ыйлайт) "Алкаштын

Кубат

баласы!" дегенде чыдай албай кеттим да.
- (селт дей түшөт) Оо кудай!. Мен да ушул сөздөн

Аида

дайыма коркчумун, корунчуумун. Бир нерсе болсо эле
менин досторум да "Койчу сени, сенин атаң ичет да.
Сен алкаштын кызысың!"- дешчү...

**- Аида, сенин атаң алкаш! Алкаш!**
**- Аида, атаң бүгүн да мас болуп келе жатат!**
**- Аида, карачы менин көйнөгүмдү! Атам сатып**
**берди. Сен да атаңа айтып алдырбайсыңбы?**
**- Сенин атаң кечээ мас болуп келип, силерди саба-**
**ды, ээ? Анан апаң ыйлады, ээ?..**





**(Аиданын кулагына ушул сыяктуу сөздөр жаңырат.**
**Ал эки колу менен кулагын жабат, ичтен сызып**
**ыйлайт).**

Аида

- Кудай ай, ушул сөздөн качан кутулаар экенбиз?...
Ушул сөздү такыр уккум келбейт!.. Мен көчөгө чыккым
да келчү эмес. Кыздар менен ойногондон
корунчуумун. А атам болсо өчөшкөндөй күнүгө мас!
Эмне үчүн мындай, ия Кубат?! Элдин аталары ичпей
эле жүрүшөт го?. Эмне үчүн биздин атабыз күнүгө
ичет? Эмне үчүн уялбайт?.. (экөө кучакташып алып
ыйлайт). ...Деги арак дегенди ким ойлоп тапты экен?..
(ыйлайт). - Кубат, бар бетиңди жууп келчи, кокус апам
көрүп калса капа болот. Анын үстүнө эртең туулган
күнү болсо... **(Жашын аарчыйт.** Кубат **чыгып кетет).**

Кубат

- (Кайра кирип) Эже, бирок мен да бош келбедим.
Экөөнүн тең катыгын бердим го. Башым менен бир
сүзсөм, Таланттын мурду канап кетти. Деги тезирээк
эле чоңойсом экен. Мен чоңойсом боксер болом. Мага
катылгандардын катыгын берип, берип...(колдору
менен абаны муштагылайт, тепкилейт. Бурчта турган
кичинекей гантелди алып, ойнойт). - Мен чоңойгондо
чоң кылып эки кабаттуу үй салам. Анан силерди
багам. Сонун-сонун нерселерди, тамактарды, кийим-
дерди сатып беремин. А сага болсо Золушканыкын-
дай көйнөк алып беремин. Анан сен аны кийип алып
бийлейсиң.

Аида

- Чын элеби?.. Ниетиңден сенин (Жашыйт). Ошол күн
тезирээк эле келсе экен. Мен сага ишенем, Кубат!
...Эх-х, эгер акчабыз көөп болгондочу, апамды бүт
жаңы кийиндирип, алтын- күмүштөрдөн тагындырып...
Анан апамдын туулган күнүн кафэде белгилеп отур-
сак... Анан атам... Атамды дарылантып, сакайтып
алсак... Анан мен окусам... Анан сен окусаң... Мен
сөзсүз хореографиялык окуу жайынан окуйм. Бийле-
генди ушунчалык жакшы көрөм дейсиң!.. Бийлегим
эле келет... Анан бүтүп келип, иштейм. Концерттерге
катышсам... Өзүм бий койсом...
**(Музыка жаңырып, аппак көйнөкчөн Аида тегере-**
**нип бийлейт. Ал кыялында чоң сахнада бийлеп,**

**Кубат аны куттуктап гүлдесте берип жүрөт. (Бул жерде атайын бий коюлат.) Аңгыча эшик тарактап Искен кирет).**

**Искен** - Вуу-уй, энеңди урайындар ээ-эй... Эмне, "вечир" болуп жатабы?! Апаң келдиби? Дагы эле келе элекпи!? Ушул убакка чейин эмне кылып жүрөт десең?.. Көрсөтөм мен ага тентигенди!

**Аида** - Ата, отуруңуз?.. Апам азыр келет. Апам бир эмес, эки жерде иштеп жатпайбы. Бүгүн ген. уборка жасашат. Аябай чарчап келет апам.

**Искен** - Эгер апаң жакшы катын болсо келет эле да, ушул убакка чейин тентибей!

**Аида** - Тентибей эле...

**Искен** - Ии, тилиң узарып калыптыр, сен кыздын. Тилиңди сууруп салайынбы ия!

**Кубат** - (ортого түшө калат) Ата, эжемди урбаңыз? Эжем болгонун болгондой эле айтып жатпайбы. Өткөндө да бетин көгөртө койгон экенсиз, анан эжем бир жума сабакка баралбай жүрдү. Ата, отуруңуз? Сиз кичине уктап алсаңыз, ата, эс алып каласыз?

**Искен** - Ия де балакай! Тигини-тигини! А өзүңчү, эмне үчүн мектепке барган жоксуң?

**Аида** - Кубаттын бут кийими жыртылып калган. Төрт күндөн бери сабакка бара элек. Бүгүн класс жетекчиси жолугуп сурады, качан келет деп.

**Искен** - Аа, батинка алыш керек экен да. Апаңа айтпайсыңбы? Кана апаң?!

**Кубат** - Апам азыр келет. Сиз бир аз эс алып турсаңыз, ата? (Жаздык коёт).

**Искен** - (табуреткага отуруп) Ии, бүгүн канча акча таптыңар?

**Кубат** - (жалтактайт) Соода жакшы болбой жатат. Анын үстүнө под. реал. иштеп жатпайбызбы. Менттер да кубалап жатышат...

**Искен** - Көп сүйлөбө! Мен сенден канча акча таптың деп сурап жатам!

**Кубат** - (чай куюп сунат) Ата, муздак чай ичесизби?

**Искен** - (жинденет) Мына сага чай! (Чайды Кубаттын бетине чачып жиберет). Чай ичпейм мен! Мен арак ичишим керек. (Чөнтөктөрүн чукулайт). Башым ооруп жатпайбы. Оох-ий, башым. (башын кармалайт) Силер кайдан түшүнмөк элеңер. Мени эч ким түшүнбөйт! Түшүнгүсү да келбейт... Мага деле оңой эмес... Ичпей эле коёюн дейм, бирок болбой жатпайбы. Эрким жетпей калып жатат. Кичине чыдагыла балдарым? Чыдай тургула. Мына бул балакеттен кутулуп алайын. Жумуш эле таап алсам болду эле. Тытынып иштейт элем! ...Керек болсо мен силерден уялам. Апаңардан да уялам...(Бышактайт.) Кубат, кошуна комоктон бир бөтөлкө арак сурап келе койчу, балам. Кечинде берем де акчасын. Мына, дагы кыйшуруп келе жатат. (Башын мыкчыйт) Апаң келип калса жакшы болот эле. (Эшик жакты улам карай берет.) Азыр башым жарылып кетет. Барчы балам?





**Кубат** - Ал эже карызга бербейт да , ата...

**Искен** - Эмне!!

**Кубат** - Карызга бербейт дейм...(жалтактайт).

**Искен** - Аида, бери кел!

**Аида** - Эмне, ата? Мен тамак жасап жаттым эле. Азыр даяр болот, ата.

**Искен** - Мен билем, сенде акча бар. Алып кел банкадагы акчаны.

**Аида** - Ата, бизде ашыкча 1 сом да жок. Жанараакта Хозяйка да келип кетти, акча деп. Үйдө продукты да түгөнгөн...

**Искен** - Бежиреген арам десе! Көп сүйлөбөй алып кел, жанагы банкадагы акчаны. (Аиданы кубалайт). Болбосо азыр тиги бензиниңерди өрттөп салам! **(Чөнтөгүнөн ширенке алып чыгып жандырат. Катуу музыка ойнолот. Балдар үйдүн өрттөлүп жатканын элестетишип, аябай коркуп кетишет).**

**Аида** - Ата, анпеңиз? Өчүрүңүзчү, ата?

**Кубат** - Ата, антпеңизчи, суранам? (Искендин колуна асылат. Ал түртүп жиберет).

**Искен** - Кана, алып келесиңерби, же-е...

**Аида** - (ыйлаган бойдон банканы алып келет) Ата, мынакей. Биз муну апамдын туулган күнүнө карата чогулттук эле. Эртең апамды туулган күнү да. Биз апама жакшы



Токтогул Сатылганов атындагы Ош обл... китепкана
ИНВ № 486798

белек алып берели дедик эле. Сиз эмне белек кыласыз, ата?

**Искен** - (банканы алып) Ооба, ырас. Эртең туулган күнү да. Белекпи...(банкадагы акчадан көздөрү өтөт). Акча-а... А бирок, бул акчалар балдарымдыкы да. Балдарымдын ырыскысын алдым ээ..? **(айласы куруй)** Эх, курураган турмуш..! Ичпейин эле дейм, бирок болбой жатпайбы... Мен азыр келем. Апаңарга белек алып келем. **(Банканы көтөргөн бойдон чыгып кетет. Балдар Искендин артынан чуркашат).**

**Кубат** - Ата-а-а! Токтоңуз, ата-а?!!

**Аида** - Ата-а, жок дегенде жарымын таштаңыз??..

**Кубат** - Эртең апамдын туулган күнү-ү-ү..?! - Акчаны таштаңыз, ата-а???...

**Катуу музыка ойнолот. Балдар экөө эки жерде ыйлап отуруп калышат. Шашылып Зуура кирет. Көтөргөн чоң сумкасы бар, көзү көгөргөн.**

**Зуура** - Кандайсыңар, садагалар? Ой, силерге эмне болду? Тынччылыкпы деги? **(Тиги экөө эрээркеп ыйлап жиберишет).**

**Кубат** - Апа, атам... Атам болсо...

**Аида** - Атам...

**Зуура** - Деги айткылачы, кишини коркутпай?

**Аида** - Атам дагы ичип келди. Бизди урду. Акча алды. Банканы да Анан.., анан... (эчкирип ыйлап жиберет). алып кетти!!!...

**Зуура** - Эмне?! Эмне болгон банка эле?

**Аида** - Биз сиздин эртеңки туулган күнүңүзгө карата белек алалы деп, көп акча топтодук эле. Аны атам көрүп калыптыр. Бизди коркутту. Бербесеңер бензиниңерди өрттөп жиберем деди. Анан акчанын баарын алып кетип калды! (ыйлайт).

**Зуура** - (көзүнө жаш алат) Садага болоюндарым. Жөлөк-төрүм менин. Чын эле эртең менин туулган күнүм да. А мен аны унутуп да калыптырмын.

**Аида** - А биз унуткан жокпуз, апа. Кантип эле унуталы. Сизге сюрприз кылалы деп, күндө банкага 5-6 сомдон салып коюп жүрдүк эле. Банкабыз толоюн деп калган болчу. Сизге жакшы нерсе сатып берели дедик эле.





**Зуура** - Алтындарым менин. Башыбыз аман болсо андай акчалардын далайын табаарбыз. Эч кейибегиле. **(Балдарынын көңүлүн көтөргүсү келип, жайдарыланат.)**

**Кубат** - Эми туулган күндү кантип тособуз?.. Бирок, бизде башка белектерибиз да бар деңизчи...

**Зуура** - Силер өзүңөр мага белексиңер да. (Экөөн кучактап) Экөөң жадырап- жайнап бешенемде турсаңар болду- менин дүнүйөм түгөл. А эртеңки күн жөнүндө кам санабагыла. Палоо демдейбиз, фанта ачабыз.

**Кубат** - Фанта-а! Ура-а! Ура-аа! (Секирет).

**Зуура** - (Аидага) Терезелерди аччы, кызым. Бензиндин жыты бөлмөгө толуп кетиптир. Таза абадан киргенге башым айлана түштү. (Сумкасын ачат) Мына экөөңө бир жуптан байпак. А бул болсо Кубатка красовка. Кана, кийип көрчү?

**Кубат** - Аи-ий! (Кийип көрүп) Чап-чак экен. Апа, рахмат. Эртең мектепке барат экенмин да.

**Аида** - Жоок, сен эртең мектепке барбайсың.

**Кубат** - Барам.

**Аида** - Барбайсың.

**Кубат** - Ии-ии? Өзүңүз калтырган күндөрүмдү окутуп жатасыз го-о. Барам!

**Аида** - Баарыбир сен эртең мектепке барбайсың.

**Кубат** - Эмнеге?

**Аида** - Себеби, эртең воскресенье! **(Баары күлүшөт).**

**Кубат** - Мен кеттим анда жумушка. (Чыгат.)

**Аида** - Апа, айлык бериштиби?

**Зуура** - Кайдан. Айлыктан дайын да жок. Кассир кыздан карызга акча алып турдум. А муну болсо (красовканы көрсөтөт) арзанырaак деп, орус базардан сатып алдым. Силердин үстүңөрдү да бир сыйра жаңырт-самбы дедим эле. Бензиндин акчасын да бериш керек...

**Аида** - Жанараакта эле Хозяйка келип кетти. Кварт. платаны бүгүн бербесеңер айдап чыгам деди. Ушул жаман аял ээ?

**Зуура** - Анын акчасын бүгүн колуна салбасам жанымды сууруп алаар... (үшкүрүнөт). - Ээ кызым, чай-пай бересиңби?

**Аида** - Азыр. Сиздин келишиңизге тамак жасап жаттым эле. Бышайын деп калды. Сиз чай ичип туруңуз, мен азыр. **(Чай куюп берип чыгат. Дал ушул учурда Хозяйка кирет).**

**Хозяйка** - Кандайсың анан, Зуура?! Керилип отуруп алып, чай ичип жатасыңбы?

**Зуура** - Келиңиз, эже, отуруңуз. **(Чай куят).** Азыр сизге барайын деп жаттым эле.

**Хозяйка** - Мен жана да келип кеткем. Тиги кызың айткандыр. Зуура, бүгүндөн баштап башка квартира тапкыла. Силер көчүп келгени- үйүм проходной дворго айланды. Күйөөңдүн соо күнү болбойт экен. Мага кварт. плата төлөгөнгө акчаңар жок, а тигиниң болсо күнүгө мас! Койгула, айланайындар, үйүмдү бошоткула!

**Зуура** - Эже, айлыгыбызды кечиктирип берип жатпайбы. Болбосо өз убагында эле төлөгөнгө аракет кылам. Үйүмдү бошоткула дебеңизчи, эже? Дагы каякка көчүп жүрмөк элек самтырап.

**Хозяйка** - Кайда көчсөңөр анда көчкүлө. Бошоткула дедимби, бошоткула! Күйөөң мага такыр жакпайт. Кыйраткансып, куйругуна дайыма калбыр байлап жүрөт экен, мунуң. Өзүнө окшогон ичкич досторун ээрчитип келе берет экен, келе берет экен.

**Зуура** - Эми эмне кылайын, эже. Ичпе деп айтып, жалынсам деле болбой жатпайбы. Токтото албай жатат. Искен мурда мындай эмес болчу. Бизге жакшы карачу. Балдарын эркелетип дегендей. Прораб болуп иштечү... Жумушсуз калганы ого бетер ичип кетти. Деги эмне кылаарымды да билбей калдым.

**Хозяйка** - Эмне кылмак элең? Ажыраш! Мындай күйөөнүн барынан жогу! Жаш жаныңды кыйнап эмне кыласың. Өзүң деги өңдүү- түстүүсүң, сымбаттуусуң. Сендей келинди куурчактай кылып гана кийиндирип, ээрчитип жүрсө жарашат.

**Зуура** - Балдарым бар да, эже. Мен ушу балдарым деп тырмышып, балдарым деп жашап жүрбөймбү. Бу ичкилик дегениң да өзүнчө бир оору турбайбы. **(Үшкүрүнөт).**





**Хозяйка** - Койчу! Сенин ордуңда болсом мен 1 күн эмес, 1 саат да жашамак эмесмин. Алкашың силерди бакмак турсун, өзүнүн айласын таппай жүрөт. Эмне, ушу Искенден башка эркек атмай түгөнүп калыптырбы? Толтура! Ха- ха- ха-ха!

**Зуура** - Кантсе да балдарымдын атасы. Балдардын деле көңүлүнө көк таштай тийип бүттү го. Эгер менин колумдан келсе, ушул - бешиктен бели чыга элек балдарга бензин, семичке саттырат белем. Айла жоктун иши да. Суукта калчылдап, ысыкта күнгө сызгырылып турушканын көргөндө заманам куурулуп кетет. Же бир ичкен тамактары күчтүүрөөк болсочу. Көбүнчө нан, чай менен отурабыз. Балдарда эмне күнөө десеңиз. (Үшкүрүнөт) Кылычын алып, кыш келатат. Экөөнүн тең жылуу кийимдери жок. Отун-суу жагы эмне болот. Же тигиним ичкенин токтотпойт. Бүгүн да балдардын биртке топтогон акчасын алып чыгып кетиптир.

**Хозяйка** - Акмак десе!.. Кантмек элең, сотко бер да ажыраш. Мен жардам берем сага. Ой, мындай күйөөнүн эмне кереги бар?! Күйөөсү жок эле жыргап жашап жүрүшпөйбү. Мисалы, мына - мен! Бирөөнүн көзүн карабайм. Басам десем басам, турам десем турам. Жейм дегенимди жеп, ичем дегенимди ичем. Үйүм үстүмдө, казаным астымда. Күйөө сөрөйүм качан келип, жаңжал чыгарат деп, сага окшоп коркуп отурбайм... Менин бир гана айыбым - төрөбөгөндүгүм болду. Барбаган догдурум, молдо-бакшым калбады... Бирди эле төрөп алганымда барбы, эч арманым болбойт эле. Жебегенди жедирип, кийбегенди кийдирет элем. Силерге окшоп көчөдө семичке менен бензин саттырбайт элем мен. Бакырчаак төөнүн бары жакшы, бакырып турса дагы жакшы дегендей - эрдин бары эле жакшы дечи... А бирок, сеникине окшоп **«бакырып»** тургандан кудай сактасын. Ха-ха-ха! Жашашты билиш керек жашашты... Сага деле ашык болуп, суусап жүргөндөр бар... (сынай тиктейт). Кечээ мени сурап бирөө- жарым келбеди беле..?

**Зуура** - Ии, келген. Сизди бирөө сураган болчу.

**Хозяйка** - Ии ошо да! Кез-кезде мени жеткизип келип жүрбөйбү. Ректордун шоопуру. Сени көрөөрү менен ашык болуп калыптыр. Таанышпырып кой деп бутума жыгылып жүрбөйбү. Ха-ха-ха! Бүгүн экөөбүздү кафеге чакырды. Балдарына бирдеме алып алсын деп сага биртке акча да берип жиберди. **(сумкасын чукулап калат.)**

**Зуура** - Эже, кансе да Искен менин ак никелүү күйөөм. Балдарымдын атасы. А бирөөнүн акчасынын кереги жок мага! Андай эле берешен экен өз аялына берсин. Алпарып бериңиз акчасын?!

**Хозяйка** - А мейли, мейли. Жашашты билбейсиң да эси жогум десе. Мейли, мейли. Чакырганга келбеген ымдаганга зар болот.

**Сүйүүнүн оой күчү керемет, Олда-аа жалынтат экен ой-ой башкага...** (кыңылдап ырдай чыгып кетет. Дароо кайра кирет.) - Зуура, бүгүндөн калтырбай кварт. платаны төлөп койгун, уктуңбу! (Кетет.)

**Зуура** - Эх, Искен, Искен. Баарыбызды азапка салдың го. **(Айласы куруй отуруп калат. Аида кирет.)**

**Аида** - Апа, тамак бышты. Кубатты чакырайынбы?

**Зуура** - Ошент айланайын. Чакыр иниңди. Чогуу отуруп тамактаналы. **(Бети-башын аарчып, оңдонуп отурат. Ойго батып кетет. Кубат бутунун учу менен басып келип, апасынын көзүн басып калат.)**

**Кубат** - Бул ким?

**Зуура** - Ой, бул ким? Аяз атабы?

**Кубат** - Жок.

**Зуура** - Анда ким болду экен? Аа-а, Аида турбайсыңбы?

**Кубат** - Жок. Аида эмесмин. Башкамын. Күзгүбү же таракпы?

**Зуура** - Күзгү, күзгү.

**Кубат** - (апасын кучактап, эркелейт) Апа, мен келдим. Эртең торт да алабызбы?

**Зуура** - Ооба алалы. Эмне, торт жегиң келдиби?

**Кубат** - Ии. Көптөн бери торт жей элекпиз.

**Зуура** - Анда алабыз. Мынабул 30 сом тортуңарга. Калганына нан-пан алып туралы, ээ? **(30 сомду тарелканын астына кыстарып коёт.)** - Оо-у, кыпкызыл кылып





сонун кууруган турбайбы кызым. Келгиле эмесе, бисмилла деп тамакка карайлы. **(Эми жей башташканда Искен кирет. Мас. Жанында ээрчиткен досу да бар. Ал да мас.)**

**Искен** - Биз келдик. Мейман келди, тосуп алгыла!

**Зуура** - Келиңиздер.

**Толик** - Саламатсыздарбы? (Зуурага карай ийилип коёт.)

**Искен** - Бул аяш атаңар болот. Аты Толик.Толик деген- талант- гениальный художник. (Толик дагы бир жолу ийилип коёт.) Өт досум, төргө өт. Менин үйүм-сенин үйүң, сенин үйүң-менин үйүм. Өз үйүңдөй көр. (Өтүп отурушат.)

**Толик** - Куттуу үйгө куру кирбейли деп, анча-мынча базарлык ала келдик. **(Столго арак, суу, 5-6 алма коёт. Искен аракты ачып куят.)**

**Искен** - Анда эмесе, сөз улуу урматтуу Толикте. Дос, алтын шилекейлериңден чачырат.

**Толик** - (ордунан туруп, булдуруктап сүйлөй баштайт) Ардактуу аяш. Сиздин туулган күнүңүздү угуп эле келип калдык, куттуктап коңлу деп. Сизге узун өмүр, куунак көңүл, чың ден-соолук, ишиңизге албан-албан чыгармачылыктарды каалайбыз. Колуңуздан өөп коюуга уруксат этиңиз?

**Искен** - Эй-эй-эй! Аста-аста! Бул деген менин катыным да! А сен досумсуң. Чыныгы достор бири-биринен эч нерсе аяшпайт. Сенин катының - менин катыным, менин катыным- менин катыным. Ушундайбы? Өп, өбө бер. Сага уруксат, досум.

**(Аракты ичип жиберет. Толик да арагын ичип жиберип, ордунан туруп келип, Зууранын колунан өбөт.)**

**Толик** - Эми отурууга уруксат этиңиз, аяш? Эй Искен, куй арактан. Тост созрел. **(Искен куят. Толик тост айта баштайт.)**

- Азыркы тостту биз аяшым үчүн ичебиз. Аяш! Сиздин ай чырайлуу жүзүңүздөн эч качан күлкү кетпесин. Муну мен как художник катары айтып жатам. Мен сиздин бейнеңизди сөзсүз жазам деп салтанаттуу убадамды беремин. Мен ушул тостту сиз үчүн аппак

кылып алып коёюн эмесе. (ичет) Идея! Сизди натурщица кылып ишке алуу керек экен!

**Искен** - (ичип жиберет) Толя, хватить! Сен менин катыныма суук көзүңдү артпагын, акмак! Же эмне, мен сенин катыныңа бирдеме деп жатамбы!

**Толик** - Ким акмак? Ким акмак?! Оозуңа карап сүйлөгүн, дос. Мен жөн эле аяштын сулуулугун айтып жатам, как художник катары.

**Искен** - Энеңди Үчкоргондон таанытып коң электе жогол! Жогол менин үйүмдөн!

**Толик -** Ээ болуптур. Жүр деген өзүң, кет деген да өзүң. (Арактан шашыла куюп ичет.) Болуптур, мен кеттим анда. (Зуурага) Пардон? Жакшы калыңыздар.(Ийилип чыгып кетет.)

**Искен** - Топай! Топай! Экинчи жолобогун! А силер эмне селейесиңер?! Давайте, тез-тез отуруп тамагыңарды жеп, чайыңарды ичкиле! - А сиз эмне унчукпайсыз, айым? (Толикти туурай) Пардон, сизден суроого уруксаат этиңиз, кечке чейин кай жактарда ойноп-күлүп жүрдүңүз?

**Зуура** - Койсоңчу эми ашыкча сөзүңдү? Тынчыраак отуруп тамак жейличи. Кел, отургула, балдарым. **(Балдар үрпөйүшө келип, столго отурушат.)**

**Искен** - (кекете) Жо, мен сизден сурап жатпаймынбы, кайда жана кай жерлерде жүрдүңү-үз деп!

**Зуура** - Кайда жүрмөк элем? Жумушта жүрдүм. Пол жуудум. Короо шыпырдым. Даараткана тазаладым. Болдубу? (ыйлайт.)

**Аида** - Ата, кыйкырбаңызчы? Тамактан алсаңыз?

**Искен** - Хе! Жебейм мен тамагыңарды! Силер мени жаман көрүп турасыңар. Менин силерге керегим жок. Мына бул апаңар мени сүйбөйт. (Бышактайт). Себеби мен алкашмын да! Иштебей, акча таппай жатам да! **(Столду тарс муштайт. Тарелканын астындагы акчаны көрүп калып, алмакчы болот).**

**Аида** - Ата, бул акчага тийбеңиз. Жана эле болгон акчабызды алып кеттиңиз го. (Акчаны ала коёт.)

**Искен** - Энеңди урайындын кызы, апкел бери!





**Кубат** - (ортого түшө калат) Ата, биз буга эртең торт алабыз. Эртең апамдын туулган күнү да. Сиз эмне, унутуп калдыңызбы?

**Искен** - Тур мындай, күчүк десе! **(Кубатты колдон алып ыргытканда ал полго барып сулап жатып калат.)**

**Зуура** - Кокуй, баланы жедиң! Кубат. Кубат! **(Кубатты кучактап калат. Аида эшикке чыкмакчы болот.)**

**Искен** - Аида! Токто! Токто дейм. У энеңди...

**Аябай жинденген Искен бурчта турган гантелди ала коюп Аиданы көздөй ыргытат. Зуура тура калып Аиданы түртүп жиберип, өзүн тосо коёт. Тарса-турс үндөр чыгып, жарык өчүп-жанат. Жарык жанганда башынан кан аккан Зуура жерде сулап жаткан болот.**

**Аида** - (чуркап келип апасын кучактап ыйлайт) Апа! Апа-аа! Көзүңүздү ачыңызчы, апа-а??

**Кубат** - Апа! Апа-а!? (Колунан тарткылайт.)

**Аида** - Ата, эмне кылып койдуңуз?.. Апа-а?.. **(Эки бала чучуктай чыңырып ыйлай беришет. Искен эч нерсеге түшүнбөй тура берет. Чуркап Хозяйка кирет.)**

**Хозяйка** - Эмне болуп кетти!? Кокуй!.. Милиция чакыргыла! Милиция! Милиция...

**КӨШӨГӨ**

## Эпилог

**Сот залы. Жүрөктү эзген муңдуу му турат. Искен башын жерге салып отурат.**

**Соттун үнү** - Күнөөкөр Момунов Искен, сот алдындагы акыркы сөзүңүздү айтыңыз.

**Искен** - Ушулардын баарына өзүм анан арак гана күнөөлүү. Кой десе болбой ичип жүрдүм... Мурда баары жакшы болчу. Күтүрөгөн достор, өмүрү ажырагыстай болгон тууган-урук, тели- теңтуштар.

Биздин куруучулар бригадасы заманбап үйлөрдү биринен сала бирин өкмөткө тапшырып, оозго алына баштадык. Мен прораб болчумун. Акчаны жакшы тапчумун. ... Анан эле бир заматта баары өзгөрүлдү да кетти. Адегенде жумушсуз, анан досторсуз калдым. Кыжаалат болгонумда "сеп" этип алсам жеңилдене түшчүмүн. Ушинтип жүрүп эле кургуйга биротоло түшүп кеткенимди байкабай да калыптырмын. Зуура бир эмес эки жерде пол жууй баштады. Ал да жетпейт. Балдарым кышында мектепке барбай калышты. Нансыз калган күндөр болду. А мен иче бердим. Кубат семичке сата баштады...

**Соттун үнү** - Аялыңыз менен мамилеңиз кандай эле?

**Искен** - Баары жакшы болчу. Мен аны мектепти бүтөөрү менен ала качып алгам. Жакшы жашап жүрдүк. Зуурашым өзү да ак көңүл, жароокер жан эле. Аидамды анан Кубатымды төрөп берди... Мен маңдайыма бир келген бакыт кушумду кармап кала албадым... Байкушум Зуура кандай гана аракеттерди жасабады. Бирок, мен эркек болуп туруп өзүмдү-өзүм кармай албадым... Аракка жеңилип бердим... (ыйлайт). Балдарым, кечире алсаңар кечиргиле мени?.. Өмүрүмдүн шериги-Зуура, кечир мени??... ... Кош, жаткан жериң жайлуу болсун.(ыйлайт) ...Менин мурдагы – бактылуу күндөрүмө кайтаар күнүм бар бекен?.. Жок!.. Жок. Эми баары бүттү!..

**Искен ыйлайт. Ый, кошок аралашкан муңдуу музыка жаңырат.**

**Соттун үнү** **- Сот өкүм кылат**............................ (Музыка.)

КӨШӨГӨ

***2004-жыл, 8-июль. Ош шаары***





# Сутак

(2 көрүнүштүү притча)

Катышуучулар:

1. Эркетай - эрке бала
2. Атасы
3. Апасы
4. Тургунбай - Эркетайдын досу
5. Козубай - Эркетайдын досу
6. Жайлоо чал - Тургунбайдын атасы
7. Жомокчу чоң ата
8. Небереси

Сахнада жомокчу Чоң ата кичинекей Небереси экөө отурушат.

Небере - Чоң ата, жомок?.. Бүгүн кайсы жомокту айтып бересиз?

Чоң ата - Бүгүнкү жомогум такыр башкача…(тыным). Сен Сүтак деген куш жөнүндө укпансынбы?

Небере - Билем. Үнүн уккам. Сүтак, сүтак, сүтак деп эле сайрай берет, ээ?

Чоң ата - Ии – и… Эмесе, ошол Сүтак куш жөнүндөгү жомокту азыр сага айтып берем. А сен абдан көңүл коюп угуп отургун, макулбу?

Небере - Макул, чоң ата.

Чоң ата - Илгери, илгери бир байдын жалгыз уулу болуптур…

**Сахна караңгылап чоң ата небереси менен көрүнбөй калат. Беш-алты баланын сөгүнүп мушташканы, ыйлаган үндөрү угулат. Сахна акырын жарыйт. Жасалгаланган боз үйдүн ичи.Төрдө Эркетайдын атасы комуз чертип, ашкана жакта апасы камыр ийлеп жатат.**

Атасы - Ээ, кемпир, Эркебай көрүнбөйт да.

Апасы - Эркетайым достору менен ойногону кеткен, атасы. Келээр маалы болуп калды. Курсагы да ачып калгандыр Эркемдин. Күлчөтайды жакшы көрөт деп, күлчөтай жасап жатам.

Атасы - Эркебай эмес эле Эркетай, Эркетай деп жүрүп , баланы өтө эле эрке өстүрүп жатабызбы дейм да. Тентектиги көбөйүп баратат. Көп эле эркелете бербейличи, байбиче?..

Апасы - Карыганда зарлап, сыйынбаган мазарыбыз калбай жүрүп тапкан жалгыз уулду эркелетпей анан кимди эркелетмек элек. Жаш эмеспи, бара-бара эси кирип токтолоор. Мына, өзү да келип калды окшойт.

**Эшик дүпүрөп, иттин үргөнү угулат. Тургунбай менен Козубайды ээрчиткен Жайлоо чал кирет.Тургунбайдын башы таңылган, көзү шишик. Козубайдын колу таңылган .**

Жайлоо чал - (ачуулуу) Эркебай! Оо Эркетай, барсыңбы, чык бери!?





Атасы - Келиңиздер. Тынччылыкпы деги?

Апасы - Келиңиздер. Аксакал, жогору өтүңүздөр?

Жайлоо чал - Кайдан тынччылык болмок эле бу Эркетайыңардын тушунда! Мына, көрүп алгыла балаңардын кылганын! Бул эмне кылганы! Ушинтип да урабы?! Карагылачы!.. (жашыйт.) Балаңарды кой деп койбойсуңарбы! Айтып - деп, тарбия бербейсиңерби? Мен казыга барып даттанам.

Атасы - О, акмак десе! **(башы шылкыя түшөт).**

Апасы - Аксакал, бир ачууңузду бериңиз? Балдар балалык кылып мушташып кетишкендир… Эркебай келсинчи, териштирели, Жалгыз уул деп жүрүп.., балабыздын бир аз эркелик жайы бар… Кечирип коюңуз , аксакал?..

Жайлоо чал - Биздин деле ашып кеткен балабыз жок. Беш баланы катарынан жерге бергенден кийинки балам – Тургунбайым. Карачы, жо муну карагылачы! Башын жарып коюптур го баламдын. Байкуш балам ай! **(Көзүнө жаш тегеренет.)** Мына, Козубайды карагыла. Жок, мен даттанам! **(Жөнөмөкчү болот).**

Атасы -**(Керегеде илинип турган камчыны мойнуна салып)** Аксакал, бир жолку ачууңузду мага бериңиз? Ал тентекти мага коюңуз! Терисин тескери сыйрыбасам элеби, шашпасын! Келсинчи азыр! Ай, катын, чакыр баланды!

Апасы - Аксакал, кечирип коюңуз? Балдар балалык кылышкандыр да… Достор эмеси, кайра эле табышып алышат булар. Сиз казыга барбай эле койсоңуз? Мына бул сизге тартуу. **(Абышкага тон жабат).**

Жайлоо чал - Эээ-э! **(Тонду силкип салат)** . Тартууңардын кереги жок мага. Мага дагы бала керек. Баламдын жаны керек. Ой, силердикиндей эле бала булар дагы. Же эмне, силердин балаңар асмандан түшүптүрбү!.. Ар кимдики өзүнө, ай көрүнөт көзүнө! Силердин балаңардан эмнеси кем булардын? Ээ-э!..**(кол шилтейт)** Силердин балаңарга эч ким

окшошпосун! Жүргүлө, кеттик балдарым. А силер балаңарды тыйгыла?!? Болбособу..!

**Чыгып кетишет.Чал-кемпир эки жерде шалдайып отуруп калышат. Ушул учурда эдиреңдеген Эркетай кирет. Мойнунда жаа жебелери менен, колуна бир топ көгүчкөндөрдү жипке байлап көтөрүп алган.**

**Эркетай** - Апа-а! Ата! Мынакей! Мына олжо! Мен буларды өзүм атып алдым! Мерген бекем? Мынакей! Апа, сен буларды тез-тез союп, мага шишкебек жасап берчи?! Бол тез апа, курсагым ач менин!?

**Апасы** - Ай-ай балам ай! Убал эмеспи буларга. Көгүчкөндү качан жечүү эле?! Шишкебек эле жегиң келсе үйдө эттен көп неме жок. Коё бер буларды?.

**Эркетай** - Ооба сага! Коё бербейм! Мен буларды араң атып албадымбы. **(Мактанып)** Экөөнү мына өзүм аттым. А буларды болсо Козубайдан тартып алдым. Бол апа, тез-тез шишкебек жасап берчи? Ой, эмне турасың жалдырап, курсагым ачты деп жатам го! (Кыйкырат).

**Атасы** - Балам, кантесиң деги. Апаң туура айтат, коё бер буларды. Бирөө көрсө эмне дейт?

**Эркетай** - Эмне десе ошо десин! А менин ишим эмне! Мен дегендин көгүчкөндүн этинен шишкебек жегим келип жатпайбы! Апа-аа!

**Апасы** - Оо-ов, садага болоюн.

**Эркетай** - (апасын туурап) Нөө-өв.! Оов деп коёт дагы! Шишкебек! Шишкебек деп жатам. **(Отуруп алып буттарын тыбыратып ыйлайт)**

**Апасы** - Койчу эми, балам, ыйлабачы? Ыйласаң башың оорup калат, балакетиңди алайын. (башынан сылап эркелетет) Мына, тамак да бышайын деп калды. Азыр, мен азыр **(Чыгат)**.

**Атасы** - Сенин эсиң көп эмеспи, уулум. Буларды коё берели. Карачы, жапжаш балапандар экен. Андай эле канаттуунун этинен шишкебек жегиң келип жатса тооктун этинен жасап берели. А буларды коё берeличи, учуп кетишсин апасына, макулбу?





**Эркетай** - **(качат, бербейт)** Аа-а, коё бербейм! Мен эртеден бери аңдып жүрүп зорго атып алсам.., бербейм! **(ойлоно калат)** Андан көрө күчүгүмө берем. Ме Мойнок, ме! **(Жүгүрүп чыгып кетип, кайра кирет).** А буларды мышыгыма берем. Пыш- пыш-пыш… **(Чыгып, кайра кирет. Өзүнчө ормоёт)** - Мына, берип келдим. Маза кылып жеп жатышат. Силер мага ыраа көрбөйсүңөр. Мени жаман көрөсүңөр. Үү-ү-үү!.. **(Таарынып ыйлайт, тескери карап жатып алат).**

**Апасы** - (Патнуска салып, токочторду алып келет) Эркетай, тур балам. Мына токочторду карачы, сага арнап атайы бышырдым. Кел, жей гой.

**Эркетай** - Жебейм токочуңду! **(Патнусту түртүп жибергенде токочтор чачылып кетет.)** Шишкебек жасап бербей койдуң го! Үү-ү-үү!

**Атасы** - Жебесең жемирен кал ээ-э! Жебесең да ыргытпай эле койбойсуңбу! Нанды да ыргытчу беле. Ай-ай-ай, убал болот, балам. **(Токочторду терип чогултат).**

**Эркетай** - Убал эмес! Ишиң болбосун! Мына, мага убал эмеспи ия? Менин курсагым ачып турат го! Мага убал эмес, каяктагы көгүчкөндөргө убал экен да, ээ?! Мына бул токочторго убал экен да, ээ! Мына эмесе! Мына сага! **(Токочторду кайрадан чачат. Бирөөн алып, тебелеп таштайт.)**

**Апасы** - Кокуй! Кокуй! Кой балам, мынчалыкка барчу эмес! Оо касиетиңден айланайын нан, кечирип кой? **(Нандын күкүмдөрүн этегине салып чогултат, көзүнө сүртүп өөбөт.)** Оо, кудурети күчтүү кудай, кечирип кой эси жок тентекти?..

**Эркетай** - (ороңдоп) Ким эси жок?! Менби? Ха-ха! Мына так экөөңөрдүн эсиңер жок, билдиңерби?! Эмне эле мени эси жок, эси жок дей бересиңер? **(Туурайт).** Же эмне, экөөңөр эле укмуштуудай эстүүсүңөрбү? Керек болсо экөөң тең мындайсыңар! **(Сөөмөйү менен чекесин сайып көрсөтөт.)**

**Атасы** - Болуптур, биздин го эсибиз жок экен, а сенин эсиң көп болсо тиги досторуңду эмне үчүн урдуң?

Эркетай - Кимди уруптурмун? Мен эч кимди урганым жок. **(Билмексен болот.)**

Атасы - Урбадым дечи?..

Эркетай - Кудай урсун. Эч кимди урганым жок . Уруп эмне жинди болуптурмунбу.

Атасы - Чынбы?

Эркетай - Чыпа- чын! Калп айтсам өлүп кетейин.

Атасы - Олда балам ай…! Мынчалык калп сүйлөп жаныңа эмне күч келди..? Кудайды карасаң боло? Кудай үстүбүздө көрүп турат да балам… Жайлоо чал балдарын ээрчитип келип кетпедиби. Тургунбайдын башын жарып, Козубайдын колун сындырып коюптурсуң го!? Атасы казыга барып, даттанам деп жатат. Эми эмне кылабыз, Эркебай?..

Эркетай - Өзү биринчи баштады. Мен эми атайын деп турсам, Тургунбай барып көгүчкөндөрдү «күш» деп учуруп жибербедиби. Убал болот имиш. Анан, менин жиним шакардай кайнап, баарын уруп, тепкилеп салдым. Туура да. Өзү эмне үчүн учуруп жиберет? Тим эле турса, мен мындан да көп көгүчкөн атат элем. (Эсине түшө калат). Шишкебек! Курсагым ачты! Шишкебе-е-к! **(Ыйлайт)**

Апасы -(Табакка толтура эт, кесеге шорпо алып келет). Эркета-а-й, мына тамак да бышты. Кел балам. Карачы, сага чоoң жиликтерди салып келдим.

Эркетай - Ии-и-и! Мен мындай эт жебейм! Мен шишкебек жейм. Жебейм мен мунуңду! Ме Мойнок, буларды сен же. Ал! **(Жиликтерди ыргытат.)**

Апасы - А балам ай! Жебесең да итке ыргытпай эле койбойсуңбу?! Биринчи атаңа ооз тий деп айтпайсыңбы, балам ай! Балам ай!

Эркетай - Ооз тий. (Туурайт). Ооз тий дебейм мен! Атам мага күлүгүн бербейт го. Мага бербейт да каяктагы Асыранкул чалга мингизет, келесоо десе!

Апасы - Ал деген саяпкер да балам. Саяпкер – күлүктү таптайт. А сен болсо башка, көзгө койгулай берет экенсиң. Күлүккө аяр мамиле керек да, балам.





Эркетай - Таптайт, таптайт **(апасын туурап.)** А көрөкчө өзүм эле таптайт элем. Өзүм эле минет элем. Мен деле таптай алам.

**Эркетай жаасына жебе салып, мээлеп туруп атып жиберет. Ары жактан иттин катуу каңкылдаганы угулат.**

- Тийди! Оң көзүнө тийди! Жаша-а! Жаша-аа!

Атасы - Ай, чунак бала! Айыпсыз күчүктү эмне үчүн атасың?! Ал эмне кылды сага!?

Эркетай - Ишиң болбосун! Ата берем. Мен деген мергенмин да! Өзү мени шылдыңдагансып, куйругун шыйпаңдатып тиктеп турбайбы, жиниме тийип.

Апасы - Олда балам ай! Көзүн оё аттың окшойт! Убал эмеспи. Ит - адамдын досу да. Көрообузду кайтарып берип жатса.., мен барып карайынчы. Көзүн чыгара аттың окшойт байкуштун.

**(Кемпир туруп жөнөмөкчү болгондо Эркетай апасынын чачпагын чыгданга иле коёт. Апасы жыгылып, элечеги башынан учуп, идиш-аяк калдырап жатып калат. Эркетай оонап-оонап күлөт.)**

Атасы - (Кемпирин тургузуп) Ай, жаман арам десе! Бул эмне кылганың! Жаман тойгоздуң го! Колуңду сындырып, тилиңди сууруп албасам элеби! Токто! Токто! **(Эркетай качат, атасы кубалайт).**

Эркетай - Ме, суурул ал. (Тилин көрсөтөт.) Ме, сындыр колумду! (Колун сунат.) Жеталбайсың, жеталбайсы-ы-ң! Ха-ха-ха! **(Атасы кубалап жетпейт, акыры чарчап, энтигип отуруп калат).**

Апасы - Айланайын абышка, отурчу деги? Балага теңелип, бала болуп кетесиң да.

Атасы - Ээ, бала болбой бамыран калсын!

Апасы - Ок, антип айтчу эмес?!

Эркетай - А мен жөн эле тамашалап койдум апамды.

Атасы - Апасын да тамашалачу бекен, «ыйлаар бала энесин кытыгылайт болуп».

Эркетай - А мен ыйлабай эле турам го! Анан эмне өзү шишкебек жасап бербей жатат! Менин бая эле

курсагым ачкан го! Курсагы-ы-м ! Шишкебек! **(Эки колу менен жерди ургулап ыйлайт).**

Апасы - (Кесеге айран куюп келет) Койчу эми, уулум, ыйлабачы? Ме, айран ичесиңби? Карачы, каймактай болуп сонун уюптур. Өзүңдүн сарала уюндун айраны. Жараткан эгем ар бир пендени акка жеткизсин. Ич, балам, ичегой.

**Апасы кесени Эркетайга сунат. Ал тултуңдап түртүп жибергенде айран төгүлүп кетет. Катуу музыка ойнолот.**

**Атасы** - Ай бала, кантесиң деги! ? **(Эркетайды чала-була чаап жиберет. Эркетай атасын катуу түртүп жибергенде, ал жыгылып кетет. Эркетай атасын жаасы менен атмакчы болот. Апасы ортого түшө калат.**

**Апасы** - Кокуй, кокуй! **Эркетай**, кантесиң деги?! **Эркетайдын колунан жаасын араң сууруп (Эркетайдын колунан жаасын араң сууруп алат.) - Атасы,** ачууланбачы? Кесе колумдан жылмышып түшүп кетпедиби.?! Мен куруюн. Мен өлөйүн. Колуман түшүп кетпедиби кесең түшкүр.

**Эркетай** - Ана, уктуңбу!? Өзү төктү. А сен эмне үчүн урасың мени а-а? Эмне урасың? **(Атасын башы менен сүзгүлөйт).** - Ме! Ур! Өлтүр! Өлтүр жалгыз уулуңду! Азыр колуңа өлүп берейинби? Мен өлөм! Мына азыр өлөм! Мына! Өлөм деп жатам! **(жаанын жибине муунмакчы болот).**

**Атасы** - Өлсөң өл!

**Апасы** - Кантесин абышка?! Сүйлөбөй эле койчу Эркетайга. - Эркем, отурчу садагам. Атаңа антип кол көтөрбөй жүр, уулум? Ата деген пир болот. Атага тил тийгизген, кол көтөргөн адам эки дүйнөдө жакшылык көрбөйт, оңбой калат, балам.

**Эркетай** - Өзү биринчи баштады! Өзү биринчи баштап жатпайбы! Мен жөн эле турсам, курсагым ачып зорго турсам, тийишип жатпайбы өзү. Мен эртеден бери ачкамын Эч нерсе берген жоксуңар. Курсагы-ы-м! Шишкебе-ек!

**(Эки колу менен ичин мыкчып, ыйлайт.)**





**Апасы** - Каап, эми эмне кылдым... Азыр, азыр... **(барып, кесеге сүт куюп келет).** - Ме, балам сүт иччи? Өзүңө келип каласын. Ич, ичип жибер?

**Эркетай** - Мен эмне сүт ичип жинди болуптурмунбу! Сүт ичпейм мен! Иче бер өзүң, сасык сүтүңдү. (Түртөт.) Мен каймак жеймин! Кайма-ак!

**Атасы** - Эркетай, балам, тогуз ай көтөрүп, тогуз толгонуп тапкан апаңды сыйлабасаң да Акты сыйла балам?! Төкпө сүттү. Алмустактан бери ата-бабаларыбыз акты сыйлап келген. Бу сен кайдан чыккан баласын деги !?

**Эркетай** - Кайдан чыкмак элем, аны мына экөөңөрдөн сураш керек. Кайдан чыкканмын мен? Жооп бергиле, кана!?

**Апасы** - Эрке, абайлап сүйлөсөң, балам? Атаңа каяша айтпай эле койчу?

**Эркетай** - Өзү тилимди кычыштырып жатпайбы?

**Апасы** - Атанын тилин албаган, эненин сөзүн укпаган да бала болчу беле. Эсиң жок беймсиң. Сөз деп эле оозго келгенди оттой берсе, уят болот, балам. Ме, сүт ич. Жарыктык, сүттөн өткөн тамак барбы бул дүйнөдө.Үйдө каймак калбай калыптыр.

**Эркетай** - И-ии-и! Каймактын баарын мага калтырбай тигил экөөң жеп алыпсыңар да, ээ!? А менин каймак жегим келип жатпайбы! Кайма-ак, кайма-а-к!

**Апасы** - (Айласы кетип, эмне кылаарын билбей калат). Балам, мына ушул сүттө деле томуктай каймагы бар ичинде. Ме. **(Өзү бир ууртап, анан Эркетайга сунат).** Бах, бах, бах! Каймактай болгон сүт экен. Ме ич.

**Эркетай** - Эмне үчүн өзүн биринчи ичип туруп , анан мага бересиң!? Арам сүт болуп калбадыбы эми сүтүм. Сүтү-үм! (Жер тепкилеп ыйлайт.)

**Апасы** - Кантип эле арам болуп калсын! Сен жети жашка чейин мына ушул менин эмчегимди ээмп, нан чайнатып, жеп жүрүп эле чоңойгонсуң. Эми менин оозум сага арам болуп калдыбы!?

**Эркетай** - Ооба! Ооба! Сенин оозуң эмес, мына бул сүт арам болуп калды, уктуңбу!? Арам! Арам! Мен

мындай арам сүт ичпейм! Сен арам кылып койдун сүтүмдү! Ичпейм. **(Эркелиги чектен чыгып, оолуккан Эркетай кеседеги сүттү апасынын бетине чачып жиберет).** - Мына сага!

**Музыка дүңгүрөп кетет, кемпир - чал селейип туруп калышат.**

Апасы - **(шыбырап, бара-бара катуулайт)** Сүтүмө койдум. Ак сүтүмө койдум сени!..

...Сүт деп таңдайың такылдап, бир тамчы сүткө зар болуп жүрүп өт, ылайым! Сүттөн ак, сүттөн таза нерсе барбы бул дүйнөдө?!.. Ак сүтүмө койдум сени, бала-а-м!!!

**Сыйкырдуу музыка ойнолот да, түтүн чыгып, Эркетай бир заматта жок болуп кетет. Чал- кемпир сыйпалап таппай калышат.**

## КӨШӨГӨ

## 2 - КӨРҮНҮШ

**Сыбызгыган муңдуу музыка угулуп турат. Чоң-чоң дарактар. Алыста-алыста чал-кемпирдин сөлөкөтү. Сүтактын зарлаган үнү угулат.**

**Сүтак, сүтак, сүтак, сүтак, сүтак.**

Ардактуум, айланайын алтын апа,
Аңдабастан мен сизди кылдым капа.
Күнөөлөрүм абдан көп, өтө көп-көп,
Айыптуумун алдыңда кечир, апа???

**Сүтак, сүтак, сүтак, сүтак, сүтак....**

Айланайын алтын апа, кечире көр?
Алың жетсе бир тамчы сүт бере көр?
Каным катып, өзөгүм өрттөнүп барам,
Ачкалыктан айлам кетип, араң турам...

**Сүтак, сүтак, сүтак. сүтак. сүтак...**





Атакем, аллештеген Ала-Тоом менин,
Капа кылдым айынан эркеликтин.
Айланайын атаке, кечире көр?
Кечире көр, жүрөгүң жумшак сенин?..

**Сүтак, сүтак, сүтак, сүтак, сүтак...**

Атаке, атакебай, ардактуум,
Ар нерсеге тең караган салмактуум.
Жок дегенде бир ууртам суу берип койчу,
Кайдасың, атакебай - ыйык туум?..

**Сүтак, сүтак, сүтак, сүтак, сүтак...**

Досторум, теңтуштарым, курдаштарым,
Моюндашып бирге өскөн ынактарым.
Сагындым мен силерди кайдасыңар,
Сырымды тең бөлүшчүү сырдаштарым?
Бир сындырым нан берип койгулачы,
Курсагым ачып кетти, кыйбастарым?..

**Сүтак, сүтак, сүтак, сүтак, сүтак..**

Болсо кана, колумда сындырым нан,
Мен аны көзүмө сүртүп жыттамакмын.
Жыттап-жыттап жытына тойгондо анан,
Абайлап оозго салып чайнамакмын.
Нан жеген кандай сонун, кандай жыргал,
Нан сенин касиетиңден айланайын.
Кесир кылып убагында тепсеп жүрдүм,
А азырчы – күкүм нан деп мен зарладым...

**Сүтак, сүтак, сүтак, сүтак, сүтак...**

Күчүгүм, кичинекей борсулдагым,
Сени тээп, башка-көзгө койгуладым.
Күнөөсүз мага келип эркелесең-
Сөгүп сени далай-далай корсулдадым.
Күчүгүм, кичинекей борсулдагым,
Бир тиштем нан тиштеп келчи, суранамын??..

**Сүтак, сүтак, сүтак, сүтак, сүтак...**

Көгүчкөндөр, айланайын көгүчкөндөр,
Эрте туруп күндүн нурун көрүшкөндөр.
Бүт дүйнөгө тынчтык нурун себишкендер,
Кубанычты барча* менен бөлүшкөндөр.
Көп кырып каныңарга забын кылдым,
Кечиргиле, мен акмакты көгүчкөндөр?!
Бир тамчы суу ууртап келип бергилечи,
Суранамын, оо ажайып көгүчкөндөр?..

**Сүтак, сүтак, сүтак, сүтак, сүтак,**

Кечиргиле, оо адамдар, кечиргиле?
Жаратылыш, жан-жаныбар кечиргиле?
Оо жараткан, кечире көр мен байкушту,
Эми эч кимди капа кылбайм ишенгиле?..?...

**Сүтак, сүтак, сүтак, сүтак, сүтак.**

Түнү бою суранып какшап чыгам,
Таңга маал оозума тамат тамчы.
Ачкалыктан айлам кетип куурап турам,
Тезирээк эле кечээкидей тамчы тамчы???..

**Сүтак , сүтак , сүтак, сүтак, сүтак, сүтак…**

Бах, чиркин, азыр болсо кеседе сүт,
Жутмакмын бир тамчысын калтырбай түк.
Даамың сенин кандай таттуу, кандай назик,
Оо касиетиңден айланайын сүт!?!..

**Сүт, сүт, сүтак, сүтак, сүтак, сүтак, сүтак, сүтак,
сүтак, сүтак, сүтак, сүтак, сүтак………**

**Сахна акырын жарык боло баштайт. Жомокчу чоң ата небереси экөө отурушат.**

**Чоң ата** - Мына ошентип, апасынын каргышына калган Эркетай кудайдын кудурети менен кушка айланып кетиптир. Күн сайын түн киргенден баштап, куш асманды карап **«сүт ак»** деп жалынып чыгат экен.

* Баары, бүт баары





Таңга маал бир тамчы сүт куштун оозуна асмандан агып келип, тамат имиш. Түнү бою миллион жолу зарлап, зарыгып жатып сурап алган ошол бир тамчы сүттүн даамы ушунчалык даамдуу, ушунчалык ажайып имиш. Сүт ак деп зарлап жаткан куш тамчы сүт оозуна тиери менен уктап кетет дейт…
А эртеси кайрадан баягы көрүнүш - сүт деп зарламай. Сүтак деп таңдайы такылдап, таң атканча кайталай бергенден улам куштун аты «Сүтак» деп аталып калган экен… Мына, ээнбаштыктын кесепети… Ата-энени нааразы кылган, каргыш уккан балдар оңбой калат, балам. Бекеринен «Бейиш-энелердин таманы астында» - деп айтылбаган чыгаар…
- Тыңшачы, Сүтак куш сайрап жатабы?..

**(Акырын чыккан Сүтактын үнү бара-бара катуулайт)**

**Сүтак, сүтак, сүтак, сүтак , сүтак, сүтак, сүтак, сүтак, сүтак, сүтак , сүтак, сүтак, сүтак…..**

**АЯГЫ**

***2005-жыл. Ош шаары***









# Боз балдар

(2 көшөгөлүү драма)

Катышуучулар:

1. Темир - арабакеч бала
2. Арген - бут майлагыч бала
3. Өткүрбек - арабакеч бала
4. Салима - Аргендин апасы 30 жашта
5. Жыпаргүл - Темирдин классташы
6. Эгемберди - Өткүрбектин атасы 30 жашта
7. Сборщик
8. Аял
9. Кутман аке - шофер. Темирдин айылдашы
10. Аял
11. Аял

жана көпчүлүк катышат.

**Окуя биздин күндөрдө чоң шаарда өтөт. Кан базардын четирээк жагы. Эрте менен. Ары-бери тынбай агылган адамдар, тачкисттер, машиналардын гүү-шаасы. Күн суугураак.**

**Четирээк жерде Аргендин иш орду. Арген бош. Клиент жок. Ал колдорун ушалап, буттарын бири-бирине ургулап, анда-санда секирип үшүбөстүн айласын кылууда.**

**Аңгыча бош арабаларын сүйрөшүп, пош-поштогон Темир менен Өткүр келет. Үчөө баштарын тийгизип учурашат.**

**Арген** - Оо, кутмандуу таңыңыздар менен, урматтуу депутаттар! Келдиңерби, кандайсыңар анан?

**Өткүр** - Момундай! (Бармагын көрсөтөт) Кана эмесе, урушта туруш жок. "Кары келсе - ашка, жаш келсе - ишке". Ишке кириштик анда. (Үчөө колдорун кармашып туруп)

*Бир, эки, үч,*
*Колубузда күч!*
*Ийгилик бүгүн көп болсун,*
*Чөнтөккө акча жык толсун!*
*Аман-эсен бололу,*
*Айга барып конолу!*

**Темир** - Болуптур, ийгилик анда. Кана, (алакан жайышат) Кудайым бүгүн бизге акчалары көп клиенттерди тынбай жөнөтүп турсун. Омийин! **(Бата кылышат. Ушул учурда нар жактан "Эй тачки!"- деген өктөм үн угулат. Темир менен Өткүр шашылып жөнөй беришет.)**

**Арген** - Обедде келесиңерби?

**Өткүр** - Ишке карайбыз да. Эгер келалбасак, кечинде квартирадан жолугушабыз. (Кетишет)

**Арген** - Окей! (Кол булгалайт. Өзүнчө) Кудай, ишимди жүрүштүрө көр?.. (Ушул учурда 2 аял өтүп калат.) - Эжекелер, саламатсыздарбы? Келиңиздер бутуңуздарды майлап берейин? Күзгүдөй жалтыратып коём бир заматта. Арзан эле. Келиңиз отуруңуз..?

**Аял** - Турчу нары, куюшканга кыпчылбай! **(Акырая карап өтүп кетишет.)**





**Арген** - Жакшы барыңыздар! Чау!.. Арзан бут тазалайм! Арзан! Келиңиздер?! (өзүнчө) Оо кудай, жакшы күн болсо экен?..

**(Ушул учурда бир киши келип, Аргендин тактайчасына бутун коюп туруп калат. Ал сүйүнүп, шашыла кишинин ботинкасын тазалап кирет.)** - Келиңиз байке, мен сизди тааныдым. Кечээ да бутуңузду мен майлап бергем, ээ? Сиз күндө мага келип туруңуз, байке? Өзүм сиздин бут кийимиңизди тазалап берип турам, жалтыратып. Мынча бериңиз деп деле айтпайм. Көңүлүңүздөн чыкканын эле ала берем, байке... - Мына-а, жапжаңы болуп калды. Колуңуз жеңил болсун, ылайым. (Тигил киши 3 сом таштап кетип калат) - Пачин, пачин, пачин! (3 сомду столуна, эмеректерине, өзүнө да чабат.) 5 сом эле таштаса эмне болот?.. Мейли, бул да жаман эмес. Пачин ачылды - иш башталды. - Келиңиздер, арзан бут тазалайм! Арзан! Чоң кыз, келбейсизби? **(Ушул учурда арабаларына чоң- чоң каптарды, коробкаларды салып, араң түртүшкөн Өткүр менен Темир өтүп калат.)**

**Өткүр** - Пош! Пош! Качкыла май болосуңар! Пош!

**Арген** - Кандайсыңар?! Иш жакшы го! **(Артынан сүйүнө кыйкырып калат.)**

-Келиңиздер, арзан бут тазалайм! Арзан!

**2 клиент келип, Арген алардын буттарын тазалап калат. Базардын гүү-шаасына аралаш сахна жылат. Базардын ызычуу, гүү-шаасы... Бир убакта чыштай кийинген аял Темирдин кулагынан чоюп, сүйрөгөн бойдон алып келет. Аял сылтып басат. Темир бош арабасын бекем кармап, сүйрөп алган.**

**Аял** - Көзүң көзбү же постектин тешигиби! Бутум ий, бутум! Же бир кичинерээк адам болсом экен. Бутумду талкалап салдың го, жубарымбек! (Баштан ары бир муштайт.) Көзүңдү оюп алайынбы ия! **(Темир эки колу менен башын калкалайт.)**

**Темир** - Пош-пош деп эле келаттым эле. Кечирип коюңуз эже??

**Аял** - Кечирип коёт имишмин (туурайт). Бутум ий, бутум! **(Темирдин кулагынан дагы катуураак чоёт.**

**Темир ооруганына чыдабай бети-башын тырыштырат.)** - Ии-и.., жаны ооруган кандай болот экен? Менин да бутум ооруп турат. Мына-а сага! (Дагы катуураак чоёт).

Темир - Ии-ий, кулагым..! (Ыйламсырайт) Кечирип коюңуз деп жатам го, эже? Жаны бар адам качат да... Жүгүм оор эле да, эже?..

Аял - Алыңа ченеп эле салбайсыңбы анан! Кебетеңди карачы, ийне жеген иттей болуп араң турасың өзүң. Деги ушул тачкисттер тойгузушту! Мындай бир кенеңирээк басалбайсың. Буякты карасаң да араба! Тиякты карасаң да араба! Запарили вы меня! Азыр сени милициянын колуна салып бербесем элеби. Пол сапожкам жапжаңы болчу. Муну кечээ 2180 сомго сатып алдым эле, чистая кожа бул! Карачы, мыйрайып калбадыбы! Ме сага! (Жаактан ары чабат) Азыр төлөп бересиң! Болбособу..! Ме сага! (Чабат)

Темир - Эже, айланайын эже?!.. Кечирип коюңуз? Мендей эле балаңыз бардыр сиздин дагы?..

Аял - Балам бар менин! Бирок сендей эмес! Сендейден кудай сактасын! Менин балам гимназияда окуйт. Сабактан кийин спорт менен машыгат. Сага окшоп салпактап көчөдө жүрбөйт ал. Компьютерге отурат, пианинодо ойнойт ал! Мага окшогон деп... (туурайт) Сага окшобой калсын ылайым! Ээ, самтырабай өл ээ! **(Башка муштайт, Темир эки колу менен башын калкалап, жалтаңдайт. Буларды баятан байкап турган Арген чуркап келип, аялдын бут кийимин аарчып, тазалап жиберет.)**

Арген - Эжекебай, кечирип коюңуз? Байкабай калса керек да. Сиз көп ачууланбаңыз, ачууланган ден-соолукка зыян. Мына, жапжаңы болуп калды. Карасаңыз?!.. Сиз эми ишиңизден калбаңыз, жөнөй бериңиз, эжеко-ов?..

Аял - Тигини-тигини! Сен кайдан чыга калдың желмогуздай болуп. Бежиреген арам десе! Тилиң-тилиңе тийбейт го!

Арген - Менин тилим ошондой, эже. Жаман. Кечирип коюңуз деп жатабыз го:.. Ишиңизден кечикпеңиз деп жатам да. Жакшы барыңыз, эже?! (эпилдеп- жепилдейт).





Аял - Ишим менен ишиң эмне! Окшошкон безерилер!.. Ээ, ушу силерге айткан кайран сөз... Ненормальныйлар! (Темирди башка муштайт да кетет)

Арген - Жакшы барыңыз, нормальный эже?!

Аял - (Булкуна кайтып келип) Эмне-е?! Эмне дедиң!!

Арген - (коркуп кетет) Жакшы.., жакшы барыңыз дедим, эже...

Аял - Э, өлүгүңө отурайындар десе! (Мурдун чүйрүгөн бойдон кетет).

Арген - Досвидания. Ауфидерзейн! Оревуар эжешка-а!.. (Тилин бултайтып чыгарат.) - А сен капа болбо, дос. Бүгүн өзү кулагың кычышып калган го. Эжекем аз-маз чоюп койду, анын эмнеси бар экен.

Темир - Ылдыйыштан токтото албай калбадымбы. Эжеңди да көрдүң го, тим эле паркта жүргөнсүп чайпалат. Эмне дешсе да булардыкы эп. (Ыйламсырайт.) "Безерилер" деп... Кантип эле биздин да окугубуз келбесин! Интернет-кафеге баргым келет менин да. Спорт менен машыккым келет. Гитара үйрөнгүм келет. Классыбыздын эң алдыңкы окуучусу мен элем го... Бирок, иштеш керек болуп жатпайбы... (улутунат)

Арген - Ээ досум! Моюба! Андай күн да келип калаар... Кой, иштейсиңби деги? Же эмне, эжекем ээктен ары бир чапты деп, эмшиңдеп тура бересиңби? Көтөр башты!

**Темир башын чулгуп алат да күрсүнгөн бойдон арабасын айдап элге аралашып кетет. Арген ордуна келип отурат.**

- Бут тазалайм. Арзан бут тазалайм! Келиңиздер, бут тазалайм! Арзан. **(Күржүйгөн Сборщик келет.)**

Сборщик - Жигит, давай, сборду төлө!

Арген - Эми эле келдим, байке. Бир айланып келсеңиз, бир аз акча кылайын.

Сборщик - Көп сүйлөбө! Давай, төлө дегенде төлө!

Арген - Байке, түшүнсөңүз...

Сборщик - Түшүнбөйм мен! Башты көп оорутпачы?! Ушу сенин 5 сомуңду алам деп, кайра-кайра келип отурамбы! Бол тез-тез! Эннеңди..! Жиниме көп тийбегин. Өзү да башым ооруп араң турам,

**Арген** - Болуптур байке, болуптур. Хоп. Мынаңыз. (Акча берет.) Сиздики туура, биздики натуура. (Сборщик кетет.) - Бут тазалайм! Келиңиз байке, бутуңузду таптаза кылып тазалап берейин? Арзан...

**(Ысырык салып бирөө өтөт. Чай, ысык чай дегендер, төбөсүнө патнус көтөргөн аялдар, кыйкырып самса саткандар, тачкилер... Радиоузел тынбай сүйлөй берет. Базардын гүү-шаасы. Ушул учурда кызын көтөргөн Салима келет. Боюнда бар, көзү көгөргөн, жүдөгөн.)**

**Салима** - Арген, кандайсың балам? Садага болоюнум десе..! **(Кучактайт, өбөт, жашыйт.)**

**Арген** - Апа! Апа-а! (Сүйүнөт) Качан келдиңиз?

**Салима** - Түндө эле келгенбиз, балам... Өзүң кандайсың?

**Арген** - Ии, тигиниңби! Дагы урдубу?! Акмакты өз колум менен муунтуп салбасам элеби..!

**Салима** - Урган жок, балам. Караңгыда чалынып жыгылып кетпедимби.

**Арген** - Ооба сага. Дайым жашырасың. Ошонуңдун таламын талашасың дагы эле. Көрсөтөм мен ага!!.. **(Муштумдарын түйүп алып ары-бери басат.)**

**Салима** - Анан эмне кылайын, балам. (жашыйт). Кантейин деги?! Атаң жаш өлбөгөндө биз ушу күндү көрөт белек. Өх-х... Сен эмнени түшүнмөк элең. Жашсың да али. Эмнени түшүнмөк элең...

**Арген** - Түшүнүп эле турам. Мен чоңоюп калбадымбы. Апа, ажырашчы ошо менен?! Мына, мен өзүм багам. Эч кимге чекеңе черттирбейм! Жакында көп акча топтоп сага үй сатып берем, музоосу менен. Анан силер сүт ичесиңер. Анан өзүбүздүн үйүбүздү ремонттоп алабыз.

**Салима** - Садага болоюн сенден. Күнүңдү көрөйүн сенин. Үшүп калыптырсың го. Курсагың кантти..? Өңү-башың да шишмектеп тургансыйт. Турган жериң бул болсо... (үшкүрүнөт)

- Түндө эле келгенбиз. Карындашыңды больницага алып келдик... Операция болду. Бир өлүмдөн калды бечара кызым.





**Арген** - Эмне?! Эмне болду?..

**Салима** - Сокур ичегиси жарылып кетиптир. Операциядан чыкты. Али өзүнө келе элек. Мен сени көрөйүн деп, дароо сага жөнөдүм, Арген. Деги, аман-эсен эле болгулачы. Оорубагылачы, кагылып кетейиндерим.

**Арген** - Апа, эмне турабыз? Кеттик анда. Дары-парылары кантти анан?

**Салима** - (кагаз алып чыгат) Мына буларды жазып берди го доктур аял.

**Арген** - Кеттик. (Эмеректерин жыйнайт) Дарыларды тетиги аптекадан алабыз. Тааныш эже. Арзаныраак берет.

**Кетишет. Кайрадан базардын гүү-шаасы. Пош-поштогон арабакечтер. Кымкуут түшкөн эл. Өткүр бош арабасын шашыла сүйрөп кетип баратат.**

**- Рикша! Араба! Эй, араба!- деген үн угулат. Өткүр сүйүнө карай салса атасы. Масыраак.**

**Өткүр** - Ата-а.., сизби?.. Кебетеңиз кантет? **(Эки жагын элеңдеп карайт.)**

**Эгемберди** - Ии, кандайсың анан? Карабайсың да. Баятан бери артыңдан келатам, келатам. (Ыктыта мылжыят).

**Өткүр** - Жакшымын. Байкабаптырмын, ата. Иштеп атпаймбы.

**Эгемберди** - Ошо... Сени сурап коёюн деп эле. Учурашып дегендей... Анын үстүнө сагынып дегендей... **(ыктытат).**

**Өткүр** - Атаа... Мен өзүм сурап, кабар алып турам го. Башыңыз ооруп жаткан экен да, түшүндүм. **(Чөнтөгүнөн акча алып чыгып, атасына берет)** - Мына, ата. Сиз базарга келбей эле коюңузчу? Досторум, эл көрсө эмне дейт?..

**Эгемберди** - Ии эмне, менден уяласыңбы? Мага эмне болуптур?

**Өткүр** - Ата, мен сизди Россияда коммерция кылып жүрөт деп айтып койгом да, чогуу жашаган балдарга.

**Эгемберди** - Калп айтпай эле койбойсуңбу анан?

**Өткүр** - Ата-а... **(айласы куруй)** Анан эмне дейин. Атам арак ичет дейинби?.. Запойго кирип ичет дейинби?.. Мал уурулук кылып түрмөгө да жатып чыккан

дейинби?.. Кантип айтам, ата? Досторум эмне дейт. Мен уялам, намыстанам да. Ата, ичпеңизчи ушу арак дегенди?! Көрүнгөндөн суранып ичет экенсиз, суранбаңызчы?!.. Бая күнү көчөдө жатып калганыңызды да уктум.

**Эгемберди** - Ээ, ушакчылар айта беришет да. Сен кыжаалат болбо, уулум. Мен иш сүйлөшүп койдум. Куда кааласа иштейм эми. Силерди багам. Ошондо сен окуйсуң. Араба айдабайсың! Ишке эле орношуп алайынчы...

**Өткүр** - Өткөндө эле ишке орноштум, эми силерди багам дедиңиз эле го?

**Эгемберди** - Орношкоо-ом, орношком. Тагаңдар сүйлөшүп киргизишкен.

**Өткүр** - Ии, анан эмне болду?

**Эгемберди** - (колдорун жаят) Билбейм. Түшүнбөй калдым. Бир жакшы эле иштеп жүргөм... Анан эле кете бер дешти. Кете бердим.

**Өткүр** - Ким эле бир жакшы иштеп жаткан кишини кете бер десин.

**Эгемберди** - Дешет экен. Дешти мына мени... Сен эле калдың эле мени урушпаган. Элдин баары эле мени күнөөлөшөт. Чынымды айтсам, колоктоп бош жүрө берип, өзүм деле тажап кеттим. Уялып, араң жүрөм... Эмне кыларымды билбейм. Үйгө барсам апаң урушат, акча тап деп. Кылайын десем жумуш жок. Анан кантип акча табам? Кыжаалат болуп кетет экенсиң. Жүрөгүм сыгылып-сыгылып кетет. Койчу эми, уулум. Сен койчу, урушпачы? Түшүнчү мени? Эркекпиз го.

**Өткүр** - Урушкан эч ким жок. Коюңузчу эми? Кебетеңиз кантет? Жуунуп, сакал-пакалыңызды алып алсаңыз боло, ата?..

**Эгемберди** - Кебете ошол кебете да. Баарибир сенин атаңмын да. Же эмне, танасыңбы? Сени апаң төрөгөндө мен башым булутка жете сүйүнгөнмүн. Ой-да тойлогонбуз! Куйруктуу кой союп, тойчук өткөзгөнбүз. Кылычтай өткүр жигит болсун деп, атыңды Өткүрбек деп мына мен өзүм койгом. Арак-шарап суудай аккан. Анда мен көп ичпейт элем. Оо, анда жакшы жашайт





элек. Мыктай жашайт элек. Анан эле заман өзгөрүлдү да кетти. Баары өзгөрүлдү. Адамдар да өзгөрүлдү...

**Өткүр** - Мени жумуштан калтырбаңыз. Мен кеттим анда. Болуптур, жакшы барыңыз, ата. **(Жөнөмөкчү болот.)**

**Эгемберди** - Жо токто. Токтой турчу кичине, уулум. Сагындым да сени. Ишенгенибиз эле сен болсоң... Апаң болсо мени көргүсү келбейт. Мага деле кыйын. Оңой эмес. Даа-а... Курсагың ток элеби сенин? Бир жерден шам-шум этсекпи дедим эле да... Кандай дейсиң? (Ылжаят).

**Өткүр** - Дагы акча бер деп эле айтпайсызбы. Мынаңыз. (Акча берет.) Мен чуркап баратып эле эки пирожки жеп алам. Болуптур анда, жакшы барыңыз ата. Тезирээк кетип калыңыз эми?

**Эгемберди** - Макул, макул. Уйгур лагмандан нөл семди жеп алып эле кетем. Боптур балам.

**Шашыла Өткүрдү кучактап, бетинен өбөт да элге аралашып сиңип кетет. Өткүр ичинен сыздай атасын узата тиктеп кала берет. Сыбызгыган муңдуу музыка ойнолот. Бир убакта Өткүр оор күрсүнүп алат да, чуркап элге аралашып кетет. Кайрадан базардын гүү-шаасы. Кымкуут түшкөн эл.**

**АРАДАН 1- 2 СААТ УБАКЫТ ӨТӨТ.**

**(Өткүр менен Темир арабада пирожки жеп отурушат.)**

**Темир** - Бүгүн иш начар. Жакшы иштей албай жатам.

**Өткүр** - Насибинче да. Кудай деп тура бериличи. "Кудай деген куру калбайт" дешет го. Эми кечке маал күчөйт эмеспи биздин ишибиз.

**Темир** - И баса, сени бирөө издеп жүрдү эле, жолуктуңбу?

**Өткүр** - (башы шылк дей түшөт) Ооба жолуктум... Биздин айылдан болот.

**Темир** - Ааа... Арген көрүнбөйт да "офисинде"?

**Өткүр** - Апасы келиптир. Анан алар чогуу бир жакка шашылыш кетишиптир. Кечинде сурайбыз го.

**Темир** - Ааа... Байкуш менин апам кантти экен? Апамды эле аяй берем. Эски муун ооруусу кармап, аябай кыйналып жүрөт да апам.

**Өткүр** - Атаңчы? Кабар барбы аяш атамдан?

**Темир** - Жок да... Мына 2 жылдын жүзү болду Россияга кеткенине. Башта анда-санда акча жөнөтүп турчу эле. Бир жылдан бери акча эмес өзүнөн дайын жок. Апам аябай эле кыйналып жүрөт...

**Өткүр** - Сагынса керек.

**Темир** - Мен деле сагындым атамды. Келсе эми эч жакка жөнөтпөйм. **(тунжурайт)** ... Дос, бир сөз айтайын сага, эч кимге айтпайсыңбы?

**Өткүр** - Базар жок. Же эмне, ишеничтен чыктым беле?

**Темир** - Жок. Чыккан жоксуң дечи. Ошентсе да...

**Өткүр** - Экөөбүздүн ортобузда эч кандай секрет жок го, дос?!

**Темир** - **(маанилүү, ичи күйө)** Дос, угушума караганда атам ошол жактан үйлөнүп алган имиш..!

**Өткүр** - Койчу?!!

**Темир** - Угушума караганда. Тезирээк эле көп акча чогултуп, атамды таап, алып келсем дейм... Анан эч жакка жөнөтпөйт элем. Мына, мен деле акча тапканга жарап калбадымбы. Өзүм эле багам. Деги, эсен-аман келсе экен. Сагындым атамды. Карындаштарым да куса болуп, араң жүрүшөт. Бир нерсе болсо эле ыйлап жиберишет, байкуштар. Ата деген **ата** да. Атанын орду башкача эле болот экен, ээ?.. Кийи-ин, мен үй-бүлө куруп балалуу болсом, балдарымдын жанынан карыш чыкпайм, куда кааласа.

**Өткүр** - (өзүнчө) Бул атасын бир көрүүгө зар. А менчи?.. Биздин атабызчы?.. Бирөөгө зар, бирөөгө кор дүйнө дегени ушулбу?.. **(Көзүнө жаш ала муңканат.)**

**Темир** - Ээ дос, экөөбүздүн тагдырыбыз окшош ээ, негедир? А аяш атамчы, кабар барбы?

**Өткүр** - (жалтактайт, ындыны өчө) Жок... Россия аябай кенен дешет. Жүргөндүр да бир жеринде иштеп. (Башын жерге салат.)

**Темир** - (досунун көңүлүн көтөргүсү келип) Дос, сага жаңы жазган ырымды окуп берейинби?





**Өткүр** - Ии, окучу?! **(Жандана түшөт, атасы жөнүндө сөз кылгандан чочулайт)**

**Темир** - (Үнүн жасап блокнотунан ыр окуй баштайт:)

### Атама

*Атаке, каяктасыз, каердесиз?*
*Келсеңчи, зарыктырбай балдарыңды.*
*Өзүң келчи, керегi жок эч нерсенин,*
*Мына мен чоңоюп деги калбадымбы.*

*Түшүмө көп киресиң ата менин,*
*Алып дайым келесиң жүзүмдөрдү,*
*Аман-эсен келсең болду сен ылайым,*
*Апамдын да кайгысы кетсин жүзүндөгү.*

*Атаке, сагындыңбы сен да бизди?*
*Келе берчи, келчи ата, келе берчи?*
*Бапырап үйүбүзгө бакыт консун,*
*Дасторконго үйүлгөн нандар толсун!..*

**Өткүр** - Азаматсың! Ушу сен келечекте сөзсүз чоң акын же жазуучу болосуң. Биз болсо үйгө жетерибиз менен уйкуну өкүртө урабыз. А сен болсо... Кээ бирде түнү бою уктабай чыгасың, ээ? Мен байкап эле жүрөм.

**Темир** - Ии, зериккенде бир аз жазымыш болуп коём да. Анын үстүнө атамды ушунчалык сагындым дейсиң... Ыр сагынычтан, кусалыктан жаралат окшойт.

**Өткүр** - Ии, анан дагы бирөөнү.., бирөөнү да сагындың. Аябай сагынды-ың... Туурабы?

**Темир** - (бети кызара түшөт) Кимди сагыныптырмын? Кимди? Дөөдүрөбөчү. (билмексен болот).

**Өткүр** - Тигини, тигини... Сагынбадым дечи?

**Темир** - Ой, деги сен кимди айтып жатасың? (Билмексен болот.)

**Өткүр** - Классташың Жыпаргүлдүчү?

**Темир** - (мылжыят) Акырын эми. Жыпаргүлдү сенден башка эч ким билбейт. Атүгүл Аргенге да айткан эмесмин.

**Өткүр** - Айтып берсең, кантип сүйүштүңөр? Сүйүү деген эмне өзү?

**Темир** - Сүйүү деген.., сүйүү деген жакшы нерсе. Аябай жакшы. Бирок, кыйын дагы. Ээ билбейм. Айтып бералбайм. Кийин өзүңдүн башыңа келгенде түшүнүп аласың да. Иши кылса мен мектепке баргандан баштап эле сүйсөм керек Жыпаргүлдү. Далай мушташканбыз, балдар менен Жыпаргүл деп. Охо-оо...

**Өткүр** - Алчы? Ал да сүйөбү?

**Темир** - Билбейм... Менимче жакшы көрөт. Жалжылдап бир башкача тиктейт мени. Бирок, мен сүйлөйүн деп такыр сүйлөй албайм Жыпаргүлгө. Сүрдөнүп, тердеп анан мурдум да куюлуп кетет. Колдорум да тердеп кетет.

**Өткүр** - Сүйүүнүн күчү керемет деген ошол да. (Далыга чабат) Негизи, сен азаматсың дос!

**Темир** - (шыбырай) Өткөндө туулган күнүнө белек берип жибергем. Алыптыр! (сүйүнөт)

**Өткүр** - О есть! Эмне белек эле?

**Темир** - Жакшы духи. Анан жакшы открытка. Открыткага өзүм жазган Жыпаргүл деген ырымды жазып койгом.

**Өткүр** - Кандай ыр эле? Окуп берчи, дос?

**Темир** - Койчу, эмне кыласың?

**Өткүр** - Кызык да. Ой, мен билишим керек да. Эң жакын досуң мен болсом... Айта берсең эми? (Жеңинен тарткылайт).

**Темир** - Өзүң да сүйүп көрбөйсүңбү. Ошондо түшүнөсүң.

**Өткүр** - Ээ-э дос?! Мен сүйсөм деле сага окшоп ыр жазалбайм да. Кайда-ан... (башын жерге салат)

**Темир** - Болуптур анда. Мына. (Блокнотун ачып ыр окуйт)

*Жыпаргүл. Жыпаргүлүм, назик гүлүм,*
*Өзүңсүң жашоомдогу айым, күнүм.*
*Жарк этип мага карап күлүп койсоң,*
*Көккө менин серпилет го көңүлүм.*

*Жыпарым, Жыпаргүлүм, көгүчкөнүм,*
*Көңүлүмдөн эч чыкпайсың бир мүнөткө.*
*Жазылды алтын тамга менен өчпөс болуп,*
*Жыпар деген атың сенин жүрөгүмдө түбөлүккө!*

**Өткүр** - (кол чабат) Сонун! Аябай жакшы! Жими буякта алат го менин досумдун жанында. Куттуктайм дос, куттуктайм!





**Темир** - (мылжыят) Иштер ушундай, дос. Сүйүү дегениң – бул өзүнчө эле азап-тозок, анан жыргал окшойт... А өзүңчү? Жүрөгүңдө бардыр бирөө-жарым?

**Өткүр** - Кайдаан. Кыздар мени карамак беле. Кыздар дегениң бай, машинасы бар, чөнтөгү калың жигиттерди жактырышат да. Же сага окшоп акын болбосом. Айдаган таксим бул болсо... **(арабасын көрсөтүп улутунат.)**

**Темир** - Бардык кыздар бирдей эмес да. Бизди карай тургандары, бизге ылайыктуулары деле бар да арасында.

**Өткүр** - Эх, тезирээк эле эр жетип чоңойсом экен. Көөп акча иштеп таап, мен өзүмө "МЕРС"сатып алсам деймин. Анан жаныма апамды салып алып, нары-бери айда-ап жүрсөм... Класссташ кыздарды да баарын салып алам. (Кыялданат) Мен келечекте чоң бизнесмен болом! Көрөсүң го.

**Темир** - А мен чоң ырчы болгум келет. Өзүнчө реп- группа түзүп алып, чоң-чоң сахналарда ырдап жүрсөм... Хит-параддарга катышсам... Атүгүл Евровидениеге катышып, Кыргызстанды бүт дүйнөгө даңазаласам деймин. Кандай дейсиң, дос?

**Өткүр** - Ой, анда сонун болот эле да! Биз сени телевизордон көрүп отурсак... А сен болсо кадимки Дима Биландай болуп ырдап жатсаң...

**Темир** - Анан Жыпаргүл экөөбүз баш кошсок... **(Ушул учурда "Эй, араба!" деген өктөм үн угулат. Өткүр шашып тура калат.)** - Бар дос, иште. Мен кичине кыялданып алайын. Кыялдансак жарашат бизге деле. "Мечтать не вредно" дешет го.

**Өткүр арабасын айдап кетет. Темир арабасынын үстүндө тизесин кучактап отурат. Кыялында аппак фата, той көйнөк кийген Жыпаргүл. Экөө баш кошуп жатканы, апасынын Жыпаргүлгө аппак жоолук салып, чачыла чачып жатканын элестетип, жыргап отурат. Жагымдуу музыка. Той. "Темир",- деген үндөн чочуп кетет. Караса Кутман аке турат.**

**Темир** - (шашып тура калат) Келиңиз, Кутман аке! Кандайсыз? Айыл- апа тынчпы? Апам кандай? (Учурашышат)

**Кутман** - Салам баатыр.Ойго катуу батыптырсың го. Ойлонбо-о! Айыл өзүң көргөндөй, ордунда эле турат. Апаң

жакшы. Төшөктөн туруп, жумушуна барып-келип жүрөт. Мына, сага куртканды берип жиберди. "Өзүн жакшы карасын, бизден камтама болбосун",- деди.

**Темир** - (сүйүнөт) Кутман аке, рахмат сизге. Рахмат. Мен апама пух жоолук, российский галош алып койдум эле. Анан анча-мынча акча топтогом. Сизден берип жиберсем алганча кетесизби?

**Кутман** - Ала кетпей анан. Ала кетем да. Сен азамат жигит болдуң. (Бармагын көрсөтүп) Момундай жигит болдуң. Атаңдын жогун билгизбей.., үй-бүлө багып дегендей. Сөзсүз алып кетем. Апаңды аябай сүйүнтөт экенбиз да. Мен кеттим анда. Сен саат бешке өзүбүздүн стоянкага келип кал, макулбу? (Кетет)

**Темир** - Макул. Сөзсүз барам! Чемпион чайдан бир пачка, бир килограмм набат да алып алам!

**Кутмандын артынан кыйкырат. Сүйүнгөн бойдон арабасын сүйрөп, элдин арасына сиңип кетет. Кайрадан базардын гүү-шаасы, кымкуут түшкөн эл.**

**АРАДАН БИР НЕЧЕ СААТ ӨТӨТ.**

**Күн түш оол калган. Өткүр арабасына толтура салынган жүктү ийрелеңдеп араң түртүп баратат. Аңгыча бош арабасын сүйрөп, ындыны өчкөн Темир көрүнөт.**

**Өткүр** - Темир, эй Темир! Түртүшүп койчу? Эмне болду? Кабагыңан кар эмес, муз жаап калыптыр го. Тынччылыкпы деги? Же эмне, ооруп турасыңбы?

**Темир** - Мен квартирага бардым. Акчам жок ордунда!

**Өткүр** - Койчу!? Жакшылап карадыңбы?

**Темир** - Ооба. Баарын карап, аңтарып чыктым. Бардыгы ордунда. Бирок, акча жок! Мен апамдарга берип жиберейин дедим эле. Жок!

**Өткүр** - Дос, эрте менен чогуу чыкканбыз. Ошол бойдон базардамын. Эгер менден көрсөң...

**Темир** - Сенден көргөн эч ким жок. Андай ой башыма да келген жок. Мына бул жоолукка ороп, кара пакетке салып, кийимдердин арасына катып койгон элем 800 сомду. Жок!





**Өткүр** - Ой энең... Таң калыштуу. Демек, ууру кириптир да. Эми кантебиз?..

**Ушул учурда "Ай бала, айдабайсыңбы! Баятан бери күтүп турам, министрди күткөнсүп"- деген заардуу үн угулат. Кылчактаган Өткүр арабасын шашкан бойдон айдап кетет. Көзү жашылданып, дендароо тарткан Темир да элдин арасына кирип көрүнбөй калат. Кайрадан базардын гүү-шаасы. Кымкуут түшкөн эл. Бир убакта машинанын ачуу сигнал бергени, тарса-турс, адамдардын ызы-чуусу, тезжардамдын ачуу сигналы угулат. Ак халатчандар ары-бери чуркашат. Толтура жүктү араң сүйрөп келаткан Өткүр көрүнөт. Кызылжаян кан болгон бирөөнү носилькага салып көтөрүп бараткан ак халатчандарды көрүп, Өткүр токтой калат.**

**Өткүр** - Ой, бул Темир го!.. Темир! Темир! Эмне болду? (артынан чуркайт) Эмне болду?!

**Медсестра** - Эмне болду? Машина тебелеп кетти! Өзү виноват экен. Элдин баары айтып жатышат. Кач, нары турчу!

**Өткүр** - Темир?!.. Темир!?.. (же Темирдин артынан чуркаарын билбей же арабасын таштай албай ортодо ары-бери чуркайт. Арабасына кайтып келет.) -Темир?.. Темир?! Темир!!!...

## КӨШӨГӨ

**Аргендин иш орду. Ал бут майлап жатат. Элди жөөлөп ыйлап алган Өткүр келет.**

**Өткүр** - Арген, Темир... Темирди больницага алып кетишти!

**Арген** - Эмне?! Эмне болду?

**Өткүр** - Машина тебелеп кетиптир. Абалы оор экен. Буттары талкаланыптыр. (Арген коркуп кетет.)

**Арген** - Эми эмне болот?..

**Өткүр** - Билбейм... Жана жолуккан эле. Квартирага ууру кириптир. Анын акчасын бүт уурдап кетишиптир.

**Арген** - Кимдер?

Өткүр - Кимдер болмок эле, уурулар да. Акчасын үйүнө берип жиберейин деген экен. Аябай капа болуп жолукту эле. Анан ойлонуп баратып машинанын астына кирип кеткен имиш.

Арген - Ия?..

Өткүр - Өзү виноват имиш. Ойлонуп баратып, өзү кирип кеткен имиш. (Көзүнүн жашын аарчыйт) Жумуштан кийин барып, кабар алалы ээ?

Арген - Ооба. Ооба... **(үрөйү учат, жер көчөт, кулагына Өткүрдүн сөздөрү угула берет. Ушул учурда бир киши келип, бутун коюп туруп калат. Арген анын бут кийимин тазалап кирет. Кыймылы бош, араң кыймылдайт.)**

Киши - Сен эмне, ооруп турасыңбы, уулум? **(Арген суроолуу тиктейт. Унчукпайт. Кулагына Өткүрдүн сөздөрү угула берет.)** - Сен кыйналып турат окшойсуң. Же эмне, курсагың ачпы?..

Арген ........... (Оозун үнсүз кыбыратат.)

Киши - Ээ, заманы да курусунчу... Ме, буга ысыгыраак тамак ичип ал, уулум.

**Киши акча таштап кетет. Арген аны тунарган көздөрү менен карап кала берет. Кулагына "квартирага ууру кириптир. Темирдин акчасын уурдап кетишиптир! Ал ойлонуп баратып, машинанын астына кирип кетиптир. Ууру кириптир! Ууру кириптир!"- деген сөздөр угула берет. Жер көчөт. Кулагы чуулдайт. Ал башы айланып жыгылып калат. Чуркураган эл.**

1- Аял Ой, мына буга эмне болгон?

2- Аял - Наркоман окшойт. Көбүрөөк чегип алса керек да. Жүр кеттик. (Нар жактан дөгүрсүгөн бир жигит келет.)

Жигит - Эй, пацан, ты что? Азыраак ичиш керек!

**Эки жакты байкаштырып бир аз турган соң Аргендин чөнтөктөрүн аңтарып, болгон акчасын бүт шыпырып алат да, элге аралашып сиңип кетет.**

МУЗЫКА





## 2 – КӨШӨГӨ

**Арадан 4-5 ай өтөт. Базар. Кымкуут түшкөн эл. Толтура жүк жүктөлгөн арабасын ийрелендеп түртүп Өткүр баратат. Жүк ээси жанында. Нар жактан коляскачан Темир чыгат.**

Темир - Өткүр! Өткүрбек!

Өткүр - Ой, Темир! Сенсиңби Темир! (Сүйүнөт) Чыктыңбы больницадан? Качан келдиң?Кандайсың?кантип келдиң?

Темир - Көрүп турганыңдай. Мына ушинтип, темир атка минип келип калды Темир досуң. **(Үнү каргылданып кетет.)**

Өткүр - Аман калганыңа сүйүнсөң, дос... **(-Ай бала, болбойсуңбу эми! - деген жүк ээсинин үнү угулат.)** - Темир, сен ушуерде туруп тур? Мен азыр келем. Кетпегин ээ? Макулбу? Азыр эле келем. Кетпегин дос?.. (Арабасын айдап кетет).

Темир - Ии, макул. (Ары-бери өткөн адамдарга суктана карап турат. Ыр окуйт. Запись кетет.)

*Эх, базар, базар... Куттуу базар,*
*Базарда иштегендер баар табаар.*
*Ушунча элди баккан ыйык базар,*
*Батырбадың жалгыз мени неге, базар?..*

*Эх, базар, базар... Ыйык базар,*
*Базарда иштегендер – бактылуулар.*
*Темир деген бир балаңды сени сүйгөн,*
*Чамындыдай жээкке неге түрттүң, базар?..*

**Шашылып Өткүр келет. Бир топ самсы, пирожкилерди көтөрүп алган.**

Өткүр - Мына буларды сага алдым. Эмне жейсиң, дос? Мен аябай сүйүнүп турам. Же кафеге баралыбы?

Темир - Кафеде эмне бар мага? Курсак ток. Мен силерди, базарды көрөйүн деп эле келдим. Сагындым баарыңарды. Эх-хх!..

ден-соолук кандай анан? Буттарыңчы?

**Өткүр** - Ден-соолук кандай анан? Буттарыңчы?

**Темир** - Ден-соолукту көрүп турбайсыңбы. Мына бул оң бутум эчтеке сезбейт. **(бутун чапкылайт.)** "Өлүү болуп көрдө жок, тирүү болуп элде жок",- болуп жүрөм да. Ушундан көрө ошондо эле өлүп калсам жакшы болмок.

**Өткүр** - Койчу, антип айтпачы?

**Темир** - Эх, Өткүр... Сен, мына бул адамдар кандай бактылуусуңар! Алты саныңар аман, каалаган жагыңарга басып, каалаганыңарды жасай аласыңар. А менчи?.. Карачы мени? Кимге керегим бар менин?!..

**Өткүр** - Антип айтпа, дос? Сен бизге керексиң! Апаңа кереksиң! Элге-журтка керексиң!

**Темир** - Эч кимге керек эмесмин. Мына ушинтип жалдырап отурган 1-топтогу майыпмын!.. Оо кудай, неге мынча азапка салдың мени?...

**Өткүр** - Сен антип айтпа да, дос? Ушунча жакшы болуп калганыңды айтсаң. Жакында биротоло сакаясың, куда каалаcа. Ушинтип эле түбөлүккө коляскада отуруп калбасаң керек... Эркиң күчтүү го сенин, Темир...

**Темир** - Досуңда кайдагы кайрат...

*Кайрат качты,*

*Бел бекчейди-*

*Көз чекчейди,* - деген ырдагы каарман мен болдум окшойт. Ушинтип белим бекчейип, көзүм чекчейип, жалдырап, жардамга муктаж болуп отурам. Колясканы качан таштаарымды бир кудай эле билбесе... Ал үчүн мен чет өлкөгө барып, омуртқама операция жасатышым керек экен. А ага канча акча кетет, билесиңби? Андай акчалар экөөбүздүн түшүбүзгө да кирбейт. Акча! Акча... Заман акчанын, акчалуулардын заманы турбайбы. Кудай бир больницадан, бир милициядан сактасын дегени да ырас экен...

*Акчаң болсо - амансың,*

*Акчаң болбосо - жаман* экенсиң доктурларга... Не деген азап- тозоктор өтпөдү башымдан. Ушундан көрө ошондо эле...

**Өткүр** - Дос, мен түшүнүп турам абалыңды. Антип өзүңдү кыйнай бербечи?.. Эмне кылайын, айтчы дос? Кантип





жардам бере алам сага?.. Эгер менин бутум керек болсо дароо берет элем. Чын айтам. Өзүң айтчы дос, эмне кылайын? Акча керек болсо айт!

**Темир** - Ооба, сенин эле акчаң ашып-ташып жатат дейт.

**Өткүр** - Эгер акчам ашып-ташып жатса дароо сени чет өлкөгө алпарып операция жасатып, сакайтып алып келмекмин. Анан.., анан экөөбүз чогуу окумакпыз, көп-көп жакшы иштерди бүтүрмөкпүз...

**Темир** - Эгер мурункудай алты саным аман болсо... Эх-х, анда мен тынбай иштемекмин. Күнү-түнү иштемекмин. Элдин баарына жардам бермекмин. Эң биринчиден ооруулууларга, инвалиддерге, жаш балдарга жардам бермекмин. Тынбай иштемекмин. Иштей берип, иштей берип аябай байымакмын. "Ким иштесе тиштейт"-эмеспи. Анан колунда жокторго, элге да жардам бермекмин. Тынбай иштемекмин! Баары үчүн иштемекмин... (тыным) Бирок, мен ошенте албайм да. Иштей албайм да!.. Карачы кебетемди. Карачы отурганымды... Колумдан эчтеке келбейт. Жашагым да келбейт!..

**Өткүр** - Сен антип айтпа, Темир? Колуңдан көп нерсе келет сенин.

**Темир** - Ооба. Кайыр сурап отуруш келет колумдан.

**Өткүр** - Мен аны айтканым жок. Сенин колуңда өнөрүң бар да. Өтүк тиксең болот. Сүрөттү жакшы тартасың, ыр жазасың. Ырларың жакшы сенин.

**Темир** - Менин ырларымдын кимге кереги бар? Ким окуйт дейсиң. Оо, арман!.. Неге мынча кыйналам, аа? Эч кимге деле жамандык кылбадым эле... Эх, турмуш... Неге мынча татаалсың?! Неге мынча ташбоорсуң?! Неге муздаксың! Менин асманымда жылдыздар эч эле жанбады го! Күн тийбеди го эч эле... (ыйлайт, анан ыр окуп кирет.)

*Күн бүркөк, асман бүркөк, баары бүркөк,*
*Булуттар ыйлагысы келип турат.*
*Айлана бүт томсоруп сумсайыңкы,*
*Теребел бир укмуштай дымып турат.*

*Соккун шамал, булут төк көз жашыңды,*

*Көз жашыңа мен дагы жуунайын.*
*Арылдаган шамалыңа бетим тосуп,*
*Көкүрөктө чөккөн буктан арылайын.*

*Соккун шамал, катуулай бол тез соккун,*
*Башка ааламга учуруп кетчи мени?*
*Чарчап бүттүм, тажадым бул жашоодон,*
*Күтөм сени, оо шамал, сокчу деги?..*

... Мен жашагым келбейт. Өлүп эле алайын деймин, бирок ага да болбойт. Апамды, карындаштарымды аяйм... Эх Өткүр, Өткүр... Арманым аттын башындай. Ушундай жашоонун кереги барбы?..

**Өткүр** - Антип айтпачы, дос, суранам?.. Эмне деп айтааарымды да билбейм... **(Өзү да ыйлайт.)**

**Темир** - (шуу үшкүрөт) Кечирип кой, дос? Капа кылайын дебедим эле. Сени көрүп эрээркеп кетпедимби, түшүнөсүң да. Мына бул жерим эле күйөт, жалындайт, өрттөнөт. (Көкүрөгүн көрсөтөт.) Башыма ар кандай жаман ойлор келет. Корком.

**Өткүр** - Жаман ойлорду ойлонбо да? Сен андан көрө ыр жаз. Көп-көп жаз. Ырларың жакшы сенин.

**Темир** - Мына бул дептер жык ыр. Мунун кимге кереги бар? Ким окуйт? Өх-х... **(жашын аарчыйт.)** Кечирип кой, дос? Өзүң кандайсың?

**Өткүр** - Жакшы.

**Темир** - Аяш атам келдиби?

**Өткүр** - (башы шылк дей түшөт) Жок... Келе элек...

**Темир** - А Аргенчи? Кайда ал? Чакырчы, дос? Сагындым Аргенди.

**Өткүр** - Арген жок. Каяккадыр кеткен дешет. Сен аварияга учурап, больницада жатканыңда ал да катуу ооруп калды. Аябай катуу ооруду. Түндөсү уктай албай жөөлүп чыкчу. Анан апасы келип, үйүнө алып кетип калды. Мен жалгыз жашап жүрдүм... Анан бир күнү келип кетти. Арген аябай өзгөрүлүп кетиптир, баягы Арген жок. Сени сурады. Ыйлады... И баса, Темирдин өзүнө гана бергин деп, бир пакет таштаган болчу. Аны тетиги камера хранениияга коюп койгом. Алып келейинби?

**Темир** - Мейли, алып келчи.





**Өткүр** - Азыр, семь секундда учуп барып, алып келип калам күлүк аттай болуп. **(Темирдин ичи тызылдап кетет.)**

**Темир** - Уч досум. Уч, уча бер. Канатың, эки бутуң барда уч! Көкөлөп уч! Бийик уч, дос. Чурка. (Өткүр чуркап кетет. Темир артынан суктана карап калат. Ыр окуйт.)

*Бакыт эмне? Бакыт - бул чың ден-соолук,*
*Алты саның амандыгы- эң чоң бакыт.*
*Жалдырап жатсаң эгер жардам күтүп,*
*Жоктур деймин андан аша чапкан кордук.*

*Эсен болсо эгер менин алты саным,*
*Элиме эң керектүү иш кылмакмын.*
*Кара жанды карч уруп иштемекмин,*
*Калкым үчүн керегим тийгизмекмин.*

*... А бирок мен анте албайм да. Киммин эми-*
*Мен бир мунжу- коляскага байланган.*
*Соксоюп олтурамын жардам күтүп,*
*Берсе экен деп кимдир бирөө сындырым нан...*

**Ыйлайт. Өткүр келет шашылып. Тигинин ыйлап жатканын көрүп өзүн ыңгайсыз сезип туруп калат.**

**Өткүр** - Мынакей. Алып келдим. Өз колуна бергин деди эле мына, өз колуңа бердим. Аманаттан кутулдум.

**Темир** - Кана, көрөлүчү.
**(Скотчтолгон пакеттин ичин ачышса көп акча чыгат.)**
- Ой, акча го. Кызык. Мына, кат да бар экен. Окучу Өткүрбек? **(Өткүр окуй баштайт. Аргендин үнү)**

"Кымбаттуу досум Темир. Мен сенин алдыңда чоң күнөөлүүмүн. Эгер кечире алсаң кечир, дос?.. Сенин аварияга учурап, майып болуп калышыңа жалгыз мен гана күнөөлүүмүн. Анткени, сенин апама берип жиберем деген 800 сом акчаңды мен алган элем.

... Ошол күнү апам келип, карындашымдын оор операция болгонун айтты. Биз шашылыш жетип барсак, ал катуу кыйналып жатыптыр. Врач дароо акча керектигин айтты. Апамда акча жок. Өзүмдөгү топтогон акчам жетпейт. Тааныштардан карызга сураштырсам эч кимден чыкпады. Анан сенин жоолукка ороп, катып койгон акчаң эсиме түштү. Убакыт болсо өтүп жатты... Тиякта карындашым өмүр менен өлүмдүн ортосунда, же сени издеп таппайм базардан. Анан тобокел деп, квартирага барып, сенин акчаңды алдым. Кечинде айтып берсем түшүнөт дедим. Сенин ак көңүл, кең пейил анан да боорукер экениңди билем да. Кийин иштеп, сенин акчаңды төлөп берем деп ойлодум... Анан эле ушундай окуялар болуп кетпедиби... Мен бир тууган карындашымдын өмүрүн сактап калдым, бирок сенин өмүрүңдү талкалап салдым... Темир, мен сенин астыңда, кудай астында түбөлүк күнөөлүүмүн. Мен өзүмдү өзүм жек көрөм! Сенин не деген гана асыл максаттарың, үмүт- тилектериң бар эле. Ошонун баарын талкалаган мен да... Ооба мен. О кудай, мен уурулук кылдым! Эң жакын досумду майып кылып койдум. Эми мага жер үстүндө жашоого орун жок!

Мендей ууруга силердин араңарда- таза адамдар арасында жашоого орун жок! Ооба, жок! Мен өлүшүм керек. Темир, кечире алсаң кечир мени, дос? Бул акчалар сага. Кошкула. Апа, кечириңиз, мен сиз күткөндөй уул боло албадым. Ак сүтүңүздү актай албадым... Кош мен кеттим. Тиги дүйнөгө. Мени издебегиле.

***Арген. 2005-жыл.***

**Музыка катуу дүңгүрөп кетет. Өткүр менен Темир ыйлашат.**

**Темир** - Арге-е-н! Арген, мен сени кечирдим. Сен ууру эмессиң! Кетпе дос?! Кетпе-е? Мени таштап кетпе-е?.. Акчаңдын кереги жок мага!
**(Акчаны ыргытат. Акчалар асманда жалбырак сыяктуу чачылып кетет.)**

**Өткүр** - Арген! Кетпе суранам?.. Сен күнөөлүү эмессиң! Арге-е-н?!?..
**(Экөө шолоктоп ыйлай беришет. Жүрөк сыздаткан музыка жаңырат.)**





**Темирдин көкүрөгүн боштук ээлеп алды. Ушул азыр ал такыр жашагысы келбей турду... Алыста-алыста жандай көргөн Арген досу кенен ачылган дарбазадан нары карай "башка дүйнөгө" кетип баратты. Ал досунан ажырагысы келбей турду. Досу менен ошол ажайып дүйнөгө чогуу кеткиси келип, шашып турду. Бул дүйнөдө такыр калгысы келбей турду...**

**Темир** - Арге-ен! Токто! Мен да кетем сени менен! Токто-о-о! Мен да кетем! Калбаймын мен бул жашоодо!..
**(Катуу музыка ойнолот да аябай эмоцияга берилген Темир шашыла коляскадан туруп эки-үч кадам шилтеп, титиреп туруп калат. Баятан ыйлап жаткан Өткүр чочуп кетет.)**

**Өткүр** - Темир! Сен туруп кеттиң го!? Отур. Отур дос? Бутуң ооруп калбасын, отур?..

**Темир** - Ой, Өткүр, мен туруп кеттим го!?..

**Өткүр** - (сүйүнгөндөн эмне кылаарын билбей калат.) Мына, мен айтсам ишенбейсиң. Сен басасың дедим го. Сен басасың! Абайласаң дос? **(Коляскасына отургузууга аракет кылат.)**

**Темир** - Кызык. Эмне болуп кетти өзү? Кантип туруп кеттим а?.. Өткүр, карачы мени!?.. Апа! Апа!.. (сүйүнөт.)
- Арген! Арге-ен, кайдасың сен?... (Эхо коштогон музыка жаңырат.)
**- Арген, мен сени сөзсүз издеп табам! Арге-е-е-н!**

**КӨШӨГӨ**

***2005-жыл. Ош шаары***









# Акжолтой

(6 көрүнүштүү драма)

Катышуучулар:

1. Чоң эне
2. Ширин - чоң эненин Небереси, 16 жашта
3. Жолдош - небере 15 жашта
4. Гүлсүн - небере 7 жашта
5. Сайкал - кошуна кемпир
6. Сабыр - мугалим
7. Жээнбек - Жолдоштун досу
8. Авазбек - Шириндин жигити

**Окуя айылда өтөт. Түн. Чарпаяда уктап жаткан адамдар. Акырын чыккан коңурук. Бутунун учу менен абайлап басып Ширин кирет да, шып төшөгүнө жата калат.Таң ата баштайт. Короз чакырат. Чоң эне туруп кийине баштайт. Неберелеринин үстүн кымтылап, Гүлсүндү жыттайт.**

**Чоң эне** - Садага болоюндарым, о садага болоюндарым десе. Уктагыла, уктай түшкүлө. Мен уйду саап келе коёюн. Я алла... **(Шаша-буша көлөчүн кийип чыгып кетет. Уйлардын мөөрөгөнү, койлордун маараганы, өштөгөн үндөр чыга баштайт. Колуна чыбык кармаган чоң эне кирип, Жолдошту ойгото баштайт.)** - Жолдош, тур балам, турагой. (Жолдош нары оодарылат.)
- Жокинта-ай... (мээримдүү башынан сылайт.) Турагой деп жатам. (Жолдош төшөгүнө башын катат.)
- Жокинтай, тур садагам, уюңду бадага кошуп келе кал. Тур. Тур эми?!

**Жолдош** - (ороңдойт) Ой эмне! Эмне, таң атпай эле!?

**Чоң эне** - Уй кечигет деп жатам...

**Жолдош** - Ии-ий! Кичине уктап алайын десе! Шириниңди ойготпойсуңбу! Бүгүнчө Ширин эле айдасынчы уйду!?

**Чоң эне** - Ширин деген азыр короого суу сээп шыпырат. Тур, турагой балам. Кыз кишиге атаандашса уят болот. Сен деген жигитсиң да.

**Жолдош** - И-ий! **(Туруп шымын кийет)** Уят! Уят. Кичине уктап алайын десе... (Көздөрүн ушалайт.) Кана чыбык? Өш! Өш энеңди! **(Чыбык менен жерди чаап-чаап алат да чыгып кетет. Чоң эне артынан карап отуруп калат. Тыным.)**

**Чоң эне** - Ээ Ширин, тур? Ширин деп жатам. Турагой кызым. Эшиктердин алдына суу сээп шыпырчы, кызым. Шири-и-н!.. **(Ширин нары оодарылат.)** Ширин деп жатам.Турсаң эми?

**Ширин** - (уйкусурайт) Аа-аа..?

**Чоң эне** - Турбайсыңбы, карачы Салкындын кызы Аселди. Сууларды ташып, короосун да шыпырып бүттү.

**Ширин** - Аа-аа... (эстейт.)





**Чоң эне** - Тур эми кызым. Кудайым эрте турган кишиге ырыскыны мол берет экен. Ырыскыңан куру калба, кызым. Турагой. Сен деген чоңоюп, бойго жетип калбадыңбы. Турчу эми? Ээ уйкучу десе! **(Ушул учурда Гүлсүн ойгонуп башын көтөрүп, эки жагын каранат.)**

**Гүлсүн** - Апа-а! Апа-ов! Апам кана? (ыйлайт) Кана апам? Апа-аа?

**Чоң эне** - Гүлү! Гүлүтай! Эмне болду? Апаңды түш көрдүңбү? Келчи өзүмө. Кел. Келегой, өпкөмдү чабайын десе..!

**Гүлсүн** - (ого бетер ыйлайт) Апа-аа..?!

**Чоң эне** - Апаң жерге кирсин. Ыйлаба кызым. Келет апаң. Апаңды сен эле эмес, мен да сагындым. Ыйлаба. (Гүлсүндү жонуна көтөрөт) Жүр, биз сүт бышырып келебиз. Турчу эми Ширин?! (өзүнчө) Келет. Апасы да келет, атасы да келет. Кызыма аяй көйнөк апкелет. **(Чыгат. Ширин туруп, керилип-чоюлуп жатып жылмаят. Жаздыгын кучактап тегеренет.)**

**Чоң эне** - (кирет. Аркасында Гүлсүн) Турдуңбу кызым. (Ширин чоң энесин карап күлөт. Жаздыгын кыса кучактаган бойдон чуркап үйгө кирип кетет. Чоң эне таң кала карап калат.) - Дени-карды сообу деги?.. Кел кызым, түшчү жерге? Төшөктөрдү жыйнайын. **(Чарпаянын бир бурчуна төшөктөрдү тыкыйта жыйнап коёт.)** Эми чай ичебиз. Сүт ичебиз. (Дасторкон жаят.) Гүлү, пиялаларды алып кел кызым. Оо садага болоюнум. Ушу кызым багат мени. Кел эми отур. Чай ичели. Ээ Ширин! **(Гүлсүн чоң энесинин тизесине отурат. Эркелейт. Чоң эне чай берет. Нан сындырат.)** Деги, атаңдар бүгүн келип калышса экен. Оң көзүм эле тартат. (Оң көзүн 3 жолу өөп коёт.) Деги, сүйүнсөм экен. Ич кызым, ичегой көлөкөм. Чай ичип алып, кызым экөөбүз камыр кылып, нан жабабыз. Кызыма кичинекей токоч бышырып берем. Ээ Ширин, келип чай ичсеңчи. Мектебиңден кечигип калып жүрбө, кызым. (өзүнчө) Шыпырылбаса туруп тураар... (Чай иче баштайт. Жолдош кирет. Колундагы чыбыгын ыргытат.)

**Жолдош** - Эне, чай даярбы?

**Чоң эне** - Кел балам. Чайың даяр. Кел ичегой. (Сүт куюп келет.) Мына ысык сүт ич, азаматым десе.

**Жолдош** - (иче баштайт) Эне, мага 20 сом керек болуп жатат.

**Чоң эне** - 20 сом? 20 сомду эмне кыласың?

**Жолдош** - Керек да. Бере берсеңиз, эне-оов?

**Чоң эне** - Берем, садага болоюнум, берем. Сага бербей кимге бермек элем.

**Жолдош** - **(сүйүнө колдорун ушалайт)** Бербейсизби-и?

**Чоң эне** - Берем, азаматым десе, берем.

**Жолдош** - Болбойсузбу?!

**Чоң эне** - Пенсиям тийсин, 20 сом эмес, 25 сом эле берем, садага болоюн десе.

**Жолдош** - (Колдорун тарс чабат) Тү-үй ата! Мага азыр керек да 20 сом!

**Чоң эне** - Пенсиям тийсин да. Жанымда акча жок да балам. Болсо сенден аямак белем.

**Жолдош** - (тултуңдайт) Качан болсо ушу! Жок. Жок! Эмне, Айбектин туулган күнү сиздин пенсияңыз тийгенче күтүп турмак беле. Пенсия тийси-ин деп. (Чоң энесин туурайт.)

**Чоң эне** - Эми эмне кылайын, балам. Жок болсо жок дейм да. Атаңдар акча эмес, өздөрүнөн дайын жок.

**Жолдош** - Атаңдар, атаңдар... Качан болсо досторума уят болуп басып жүрөм. **Чоң эне шал-(Китеп кабын асынып чыгып кетет. Чоң эне шал-дайып отуруп калат. Ширин чыгат. Өзүнчө эле башка дүйнөдө жүргөндөй жылмая берет.)**

**Ширин** - Эне- ов?

**Чоң эне** - Ов, көлөкөм. Кел чайыңды иче гой.

**Ширин** - Жок, чай ичпейм.

**Чоң эне** - Анда сүт ич.

**Ширин** - Жок. Сүт ичпейм.

**Чоң эне** - Анан эмне ичесиң? (Колдорун жаят.)

**Ширин** - Эчтеке! Эчтеке ичпейм. **(Чоң энесин кучактайт. Бетинен өөп, эркелейт.)**

*Мен суу ичпейм таңдай катып турганда,*
*Мен нан жебейм курсак ачып турганда.*
*Мага керек бир гана...* **(тегеренет. Сумкасына бир сындырым нан салып, жайкала басып чыгып кетет.)** Мен кеттим сабакка. Чау!





**Чоң эне** - Деги бир кызык кыз ушу. Эрте жаздан бери башкача болуп кетти. Аман эле болсунчу. Апасын аябай сагынып жүрөт да... Байкуш балдарым ай! Келе бербейсиңерби, акчасы да кара жерге кирсинчи. Буякта балдарды да зарыктырып... **(Телмире ойлонуп отуруп калат. Бирөөнүн шарпасы чыгып, кошуна кемпир Сайкал кирет.)**

**Сайкал** - Амансыңбы, тынчсыңарбы, кандайсыңар? (Экөө учурашат.)

**Чоң эне** - Кел, жогору өт. **(Сайкал өтүп отурат. Чоң эне чай куюп сунат.)** - Өзүң кандайсың? Бала-чакаң тынчпы?

**Сайкал** - Тынч, кудайга шүгүр, тынчпыз. Кечээ Бишкектеги уулум келиним экөө келишиптир. Кант-чай, кийимсыйра мактангансып карап коёт.) Бүгүн кечинде тууган-урук, кошуна-колоңдорду чайга чакырып коёлу деп жатышат. Сага мен өзүм айтып коёюн деп атайын келип отурам, Бурма. Кечинде үйгө өтүп, ысык шорпо ичип, эт жеп кет. Кой соёбуз.

(Үстүндөгү жаңы кийимдерин бир — printed within the line above: "кече алып дегендей. (Үстүндөгү жаңы кийимдерин бир сыйра мактангансып карап коёт.)")

**Чоң эне** - Ии макул, барайын.

**Сайкал** - Барайын эмес эле, барасың! Анын үстүнө эртең чал экөөбүздү 24 күнгө курортко жөнөтүп жатышат балдар.

**Чоң эне** - Ии, ырас болгон тура...

**Сайкал** - Жаңылык ошо. Эс алып келгиле деп болбой жатышат. Бизди ушунча чоңойтуп-чочойтуп, эрезеге жеткиздиңиздер, эми мындан ары биздин ырахатыбызды көрүп жүрө бериңиздер деп болбой жатышат. Барбайбыз десек такыр болушпайт. Ой, былтыр деле курортко барып келбедикпи 12 күнгө. Өзүңдө эмне жаңылык? Балдарыңдан кабар барбы? Акча-пакча жөнөтүштүбү?

**Чоң эне** - (шуу үшкүрөт) Ошо кеткен бойдон дайындары жок болуп жатпайбы. Камерсиясы да куруп кетсинчи... Бул жерде жүрүшсө эмне, тиричиликтери өтпөй калмак беле. Келиним эле дээлигип туруп албадыбы. Ал жакта акча көп экен. Баланча мынча доллор таап келиптир, түкүнчө мынча доллор таап келиптир. Уулуңуз экөөбүз да барып, 1 жыл иштеп келип там-ташты оңдоп алалы

деп туруп албадыбы. 1 жыл эмес, 2 жылдын жүзү болду кеткендерине. Азыр Россиянын эң узак жеринде иштеп жүрүшөт имиш.

**Сайкал** - Ой тообаа!.. Сени болбосо да бала-чакасын сагынуу деген болбойбу аларыңда. 2 жылдан бери темселебей келе беришпейби десең. Кыйналган эле сен. 3 баланын түйшүгү, тиричиликти да жалгыз өзүң кыймылдатасың. Деги сага убал эле болду. Балаңды жалгыз деп көзүн карап чоңойттуң эле, саал мээрими жогураак бейм ... Мен балдарымды ай сайын көрүп турбасам такыр чыдабай кетем. Балдарым да чыдабайт, сагынып кетишет чал экөөбүздү.

**Чоң эне** - Сагынбай да койчуу беле. Балдарын кантип сагынбасын. Акжолум өзү да аябай баласаак эле, кантип жүрөт болду экен, каралдым. Кыйналдың го бөлөк эл, бөтөн жерде... Биздин жердей бейиш жер барбы... Россияда биз жактан баргандарды "чорныйсыңар" деп кыйнашат имиш.

**Сайкал** - Сенин кыйналганыңды айтсаң. Бүжүңдөп кечке жанын тынбайт. Балпайып, төрдө ысык чай ичип отургандын ордуна жүгүргөнүң- жүгүргөн. Өзүң арыктап, жүдөп да кеттиң, досум.

**Чоң эне** - Мен кара жерге кирейин. Неберелеримди айтсаң. Куса болуп араң жүрүшөт байкуштарым... Абышкам эле тирүү болгондо эмне, мынчалык кыйналбасак керек эле. Сенин бактың тоодой экен, Бурма. Чалың, бала-чакаң маңдайыңда. Абышкаңын деми эле канчалык... Бала-чаканын деле көбүрөөк болгону жакшы экен. Жараткан же Акжолума шерик бербеди. Жалгыздын иши жалгыз экен да... Мен деле сенчилеп көөптү төрөгүм келген...

**Сайкал** - Кудайга миң мертебе шүгүр. Балдарым жаман чыкпады. Кыздардан да тынганмын. Неберелерим да жакшы – эне дешип, көзүмдү карап турушат. Келиндеримди айтсаң. Жакшыга жакшы дегендей, кудайга шүгүр, жаман эмес. Айтканымды айткандай, дегенимди дегендей аткарып турушат. Кичүү келиним гана бир аз чалпоорок... Ушу жашка чыгып, түзүктөп тамак жасай албайт. Бирде тузу кем, бирде ачуу. Кирди да чала





жууйт. Каяша айтканын кантесиң, итирейген жаман десе! **(Чочуйт)** Кой, мен көп·бабырай бербей кетейин. Кечинде сөзсүз келгин, уктуңбу?! Балдардын сыйын көрөлү.

**Эки жагын жактырбай каранып, башын чайкап бир аз турат да кетет. Чоң эне ойго батып отура берет. Гүлсүн уктап кетет. Аны акырын жаткызып, үстүн жабат. Астындагы торконду жыйнаштырат да жерге отуруп, кир жууй баштайт. Фондо акырын музыка ойнолуп турат. Бир убакта Гүлсүн уйкудан чочуп ойгонуп, ыйлай баштайт.**

**Гүлсүн** - Апа-а!.. Апа-аа!

**Чоң эне** - Ов, ов кызым. Не болду сага , түш көрдүңбү? **(Гүлсүндүн жанына жатып, таптайт.)** Укта, көлөкөм, укта. **(Музыка ойнолуп сахна караңгылайт. Кемпир да уктап кетет. Түшүндө чоң-чоң сумкаларды белектерди көтөргөн уулу менен келини келип, кубанган кемпир алардын башынан суу айлантып түкүртүп, калдастап жүрөт.)** Чын эле келдиңерби, айланайындар? Чын элеби?

**Уулу** - Келдик, апа, келдик.

**Чоң эне** - О кудай! Жүрөгүм сезди эле. Кечээтен бери көзүм тынбай тартып жатты эле. Шүгүр кудайга. Эмне мынча кечиктиңер, каралдым?

**Уулу** - Ушундай болуп калды, апа. Мына белектер. Ушунун баары сизге, апа. Балдар кайда?

**Чоң эне** - Рахмат кагылайын. Өзүңөрдүн аман-эсен келгениңер мага белек да, балам. Кудайга шүгүр, миң мертебе шүгүр. Мына балдарыңар.

**Келини** - Апа, мына бул жоолук сизге. (Аппак жоолук алып келип башына салат.) Сизге аябай жарашып калды, апа.

**Чоң эне** - Рахмат айланайын. Эки дүйнөдө тең кем болбо. **(Түш. Жагымдуу музыка ойнолуп турат. Ушул учурда Гүлсүн чочуп ойгонуп, ыйлай баштайт.)**

**Гүлсүн** - Апаа-а! Апа-а! **(Кемпир да чочуп ойгонуп кетет. Гүлсүндү таптап уктатат. Өзү да умсунуп, аябай көңүлү чөгөт. Жоо-**

**лугунун учу менен көзүн аарчыйт. Үшкүрүнө түрүп, кирин жууй баштайт. Жолдош кирет.)**

Жолдош - (сумкасын ыргытат) Эне, мен келдим. Курсак ач. Тамак барбы?

Чоң эне - Курсагың ачса чай коюп ич, балам. Акырын сүйлөчү бакылдабай, Гүкүнү ойготосуң. Мен буларды чайкап келе коёюн. Анан отун кыркып кой балам, макулбу? (Чыгат.)

Жолдош - (жаман көзү менен карап) Макул, макул! Отун кырк, үй айда, чөп ор, аны кыл, муну кыл! Бир Жолдош кайсы бирине жетишет?! Мен да элдин балдары сыяктуу жеп-ичким, ойноп- күлгүм келет. Туулган күнгө баргым келет. Велосипед мингим келет! Иий ушу! **(Жерди тебет. Ушул учурда ыйлап алган Ширин чуркаган бойдон үйгө кирип кетет.)**

Жолдош - (мыскылдай) Ии, эмне болду? «Жездеке» экөөң урушуп калдыңарбы?.. Шашпа, сениби! Атамдар келгенде айтам! **(Нан сындырып жеген бойдон колуна балта алып, отун кырккады чыгып кетет).**

## 2 - КӨРҮНҮШ

**Ошол эле үй. Кемпир жүн тытып, Гүлсүн нарыраакта өзүнчө куурчактары менен ойноп олтурат. Мугалим кирет.**

Сабыр - Саламатсызбы, чоң эне?

Чоң эне - Ии кел, кел балам, жогору өт. Бу сен кайсы бала элең?

Сабыр - Мен эле – Сабырмын. Жолдоштун класс жетекчисимин.

Чоң эне - Аа жакшы. Келгениң жакшы. Тынччылыкпы?

Сабыр - Тынччылык эле. Сиздин ал- ахыбалыңызды сурап коёюн деп эле келип калдым, эне. Күүлүү-күчтүү отурасызбы? Эмнегедир Ширин мектепке келбей калды кийинки күндөрү?

Чоң эне - Ээ балам, ал- ахыбал ушул да. Кудай деп отурабыз. ...Ширинимдин табы айнып төшөккө жатып калды. Эмне болгонун билбейм. Өңү болсо купкуу болуп адамдын





боору ооругудай. Тамак да ичпейт, сүйлөбөйт да. Эмне кылаарымды да билбей калдым... Ата-энеси тезирээк келип калса, балдарын эсен-аман колдоруна тапшырсам экен деп түнү-күнү тиленип отурам кудайдан.

Сабыр - Жолдош көрүнбөйт да?

Чоң эне - Жүргөндүр ушул жерде эле.

Сабыр - Эне, Жолдош да кийинки күндөрү сабактан көп калчу болду.

Чоң эне - Жок балам. Жолдош сабактан эч калбайт. Күндө барат. Мен өзүм көзөмөлдөп турам. Иш калса калсын, бирок сабакты калтырба деп, такыр калтырбайм. Атасы да катуу дайындап, кулагыма куюп кеткен.

Сабыр - Да-а... Анын үстүнө тартиби да бир аз начарлап кетти. Тели-теңтуштарына да копол мамиле жасайт.

Чоң эне - Ия де..? Балаң түшкүр ата-энесин сагынып куурап жүрөт. Түшүнүп эле турам. Мага деле кээде корсулдап калат чунак бала. Катуурак тилдеп урушайын деймин, бирок урушалбайм. Өзү куса болуп араң жүрсө деп, көңүлүн ооруткум келбейт.

Сабыр - Эми., сиз айтпасаңыз ким айтмак эле. Баланы катуураак эле кармаган жакшы го.

Чоң эне - Жакшы эле катуу кармайын деймин... Бирок, жалгызымдын жалгыз уулу деп көзүн карайм да. Анын үстүнө өрүгүнөн данеги ширин дегендей, небере өтө эле ширин болот экен, балам. Өзүң да неберелүү болгондо билерсиң.

Сабыр - Уулуңуз эмне кылыптыр, кабарыңыз барбы?

Чоң эне - (чочуйт) Жок, кабарым жок. Эмне кылыптыр?

Сабыр - Таштан акеникинен тоок уурдашыптыр.

Чоң эне - Ок! Менин уулум уурдабайт!

Сабыр - А өзүңүздүнчү? Канча тоогуңуз бар?

Чоң эне - 11 тоок бар болчу. Өлүп, ит жеп отуруп 5 эле тоогум калды.

Сабыр - Да-аа... Сиз уулуңузду катуураак эле көзөмөлдөй бериңиз, эне. Сигарет да чегет деп уктум.

Чоң эне - Койчу, айланайын! Муштай бала да сигарет чекчүү беле?

Гүлсүн - (ары жактан) Байкем сигарет чегет. Жумуртканы сизге көрсөтпөй комокко алпарып, сигарет алып келет.

Анан чегет. Мени эч кимге айтпа деген. Мага болсо жевачка алып келип берет (күлөт).

**Чоң эне** - Ок! Антчү эмес! Антчүү эмес!

**Ушул учурда оозун баскан Ширин үйдү айлана чуркап кетет. Окшуганы угулат.**

**Сабыр** - Эне, сиз Ширинди сөзсүз доктурга көрсөтүңүз? Жолдош менен да сүйлөшүп, тартипке чакырыңыз? Сүйлөшпөсеңүз болбойт... Мен эми кетейин. Болуптур анда, жакшы калыңыз.

**Чоң эне** - Ии... Жакшы бар, балам.

**Сабыр туруп кете баштайт. Ары жактан келе жаткан Ширин менен бет келе түшүшөт.**

**Чоң эне** - Садага болоюн Ширин, кандайсың деги? Жаның жаман кыйналды го. Кел, чай иччи? Умач укалап, сүткө салып берсем ичесиңби, кызым?..

**Ширин** - Жок, ичпейм.

**Чоң эне** - Анан эмне кылайын..? Айтчы энеңе, жүрөгүмдү эзбечи? Оо,боюңдан секет кетейиним десе, келчи, бир жыттап алайын?

**Ширин** - Койчу эне, нары турчу?! Эне, сүйлөбөчү мага? Тынч койгулачы? Суранам, тынч койгулачы?!..

**Эшикти тарс жаба кирип кетет. Чоң эне эки колун созгон бойдон отуруп калат**





**3- КӨРҮНҮШ**

**Түн. Бактын арасы. Саратандардын чырылдаганы, сутактын үнү угулуп турат. Даракка жөлөнгөн жигиттин караасы. Ышкырык угулат. Эки жагын элеңдей карап жүгүрүп Ширин келет. Сахна акырын жарый баштайт.**

**Ширин** - Аваз... Авазбек! (кучактайт)

**Авазбек** - (колун түртөт) Ии эмне? Чакыртыпсың...

**Ширин** - Аваз, ушу чынбы?

**Авазбек** - Эмне?

**Ширин** - Сени Алматага кетет деп жатышат го...?

**Авазбек** - Ооба, чын.

**Ширин** - А менчи?

**Авазбек** - Эмне сен?

**Ширин** - Менчи? Экөөбүздүн сүйүүбүзчү? Мектеп жабылаары менен той жасап баш кошуп, анан Алматага чогуу иштегени кетебиз дедиң беле?

**Авазбек** - (чыйт түкүрө) Десем дегендирмин. Бирок, үйлөнгөнгө эрте да мага. Кыскасы, атам ушундай деп чечти. Мен кете бермей болдум. А үйдөгүлөр аттестатты тууралап, окууга заочный тапшыртып коюшат. Иштеп бутка туруп алуу керек. Мен машина алышым керек биринчиден. Тойота алам куда каалаcа. А тамды болсо атам салып берет же шаардан үй сатып берем деди. Дипломду окубай деле сатып алсаң болот акчага.

**Ширин** - Мен кантем анда, жаным..? Кетпечи?

**Авазбек** - Жок. Мен кетпесем болбойт. Бардыгы чечилген.

**Ширин** - Аваз.., жаным... Мен сага бирдеме айтайын дедим эле..

**Авазбек** - И айт. Тезирээк айтпайсыңбы!? Таң атайын деп калды.

**Ширин** - Аваз.., менин боюмда бар.

**Авазбек** - (чочуп кетет) Койчу!?

**Ширин** - Аваз, мен сени жанымдай жакшы көрөрүмдү билесиң да. Мына эми биз...

**Авазбек** - Ким айтты сага боюңда бар деп?

**Ширин** - (акырын ыйлайт) Мен көптөн бери өзүмдү жаман сезем. Өгүнү врачка бардым эле. Ошол... Врач эже айтты. 3 айдан өтүп калыптыр. Азырынча эч ким биле элек...

**Авазбек** - Ой энең..! Эми эмне болот?! Атамдар укса соёт мени!

**Ширин** - Сен кетпечи, Авазбек? Жакшылап ойлонолучу? Сен кетсең мен өлүп калам.

**Авазбек** - Бирок...

**Ширин** - Эмне бирок? Авазбек, сен мени ушундай абалда калтырып кетесиңби?! Анда мен кантем? Элдин, чоң энемдин бетин кантип карайм? Кантип баш көтөрүп басып жүрөм?

**Авазбек** - Ошону мурдараак ойлонсоң болмок экен!..

**Ширин** - Авазбек, сен атаңдар менен ачык сүйлөш. Бардыгын жашырбай айт.

**Авазбек** - Атам өлтүрөт мени . Баарибир макул болбойт.

**Ширин** - А менчи..? Мен тирүүлөй өлүбатпаймынбы...

**Авазбек** - ... (мурдун шор тартып коёт).

**Ширин** - Бир нерсе дечи? Кыйнабачы мени, жаным? (ыйлайт).

**Авазбек** - Макул. Мен сүйлөшөйүн... Жума күнү сени ушул саатта ушул жерден күтөм, уктуңбу?!

**Ширин** - Авазбек.., уктум. Мен сага ишенем. Аваз.. **(кучактамакчы болот, Авазбек анын колун силкип салат).**

**Авазбек** - Уксаң ошо! Кеттим анда. **(кетет).** **Ширин узата карап калат. Ушул учурда дарактардын арасынан бирөөнүн караанды көрүнүп барып жок болуп кетет. Акырын таң ата баштайт.**

## 4 – КӨРҮНҮШ

**Көчө. Жолдош менен Жээнбек мектептен кайтып келе жатышат.**

**Жээнбек** - (эки жагын элеңдей карайт) Кел эми дос, бирден түтөтөлүбү?

**Жолдош** -.Түтөтсө түтөтөлү. Өзү да ичим түтөп араң турам.





**Жээнбек** - Ии, анчалык эмне болуп кетти?

**Жолдош** - Ээ дос, иш көп. (чегет) Өтө көп. Үйдө да иш көп, тышта да көп. Мына бул башта да иш көп. Чынын айтсам иштин көптүгүнөн тоюп кеттим! (Чартылдайт)

**Жээнбек** - (чегет) Акырын эми. Ишти чекесинен аста-секин бүтүрө бериш керек да. Отун араалаганыңа мен жардам берем.

**Жолдош** - Отун араалаш эле болсо го...

**Жээнбек** - Дагы кандай иштериң бар? Айт. Мен класстагы балдарга айтып, бүтүрүшүп беребиз.

**Жолдош** - Жок, силердин колуңардан келбейт. Аны мен өзүм гана бүтүрүшүм керек. Как, эркек катары.

**Жээнбек** - Ох-хоо! Бирок, сен азаматсың досум. (далыга чабат). Жигитсиң анык!

**Жолдош** - Жигит болуп төрөлгөндөн кийин жигит болуш керек да. (Сигаретин тебелеп өчүрөт).

**Жээнбек** - Өткөндө деле Асылбектердин короосун бир жарым саатта казып берип койбодукпу. Дос деген ушундайда дос да. Жардам керек болсо тартынбай айта бер, Жолдош.

**Жолдош** - Макул, айтам... Бирок азыр атам менен апамдын жардамы керек болуп турат баарыбызга. Айрыкча Ширинге.

**Жээнбек** - Чоң энеңчи?

**Жолдош** - Чоң энем... Чоң энемди аяйм. Бирок, чоң энем бүтүрө албайт бул ишти.Эркекче кылып мен өзүм гана бүтүрүшүм керек.

**Жээнбек** - А кандай иш экен, билсек болобу?

**Жолдош** - Болот, бирок учуру келгенде. Баса, кошунаң Авазбек Казакстанга жөнөп жатат дейби?

**Жээнбек** - Ооба. Эртең жөнөшөт экен.

**Жолдош** - Ошондой де?!...

**Жээнбек** - Ии.

**Жолдош** - Кеттик анда. Эннеңди... Шашпасын али! Көрсөтөм мен ага кеткенди. (шыбырайт.)

**Жээнбек** - Ой, сен кимди сөгүп жатасың?

**Жолдош** - Аа-а. Мен жөн эле. Адабияттан жаттап жатпаймынбы, эртең «беш» алайын деп. Жүр кеттик, дос. Шашпа-а... Ушу сага бармын!.. **(чыгышат).**

## 5 - КӨРҮНҮШ

**Айылдын четирээк жагы. Жолдун четинде Жолдош отурат. Биреөнү күтүп жаткандай түрү бар. Нары жактан Авазбек келе жатканын көрүп, ордунан турат.**

**Жолдош** - Авазбек, сөз бар сүйлөшө турган. Токтоңуз?!

**Авазбек** - Мен шашылышмын, братишка. Убактым жок. Кач жолдон!

**Жолдош** - Сөз бар деп жатпаймынбы. Эркекче сүйлөшүп алалы.

**Авазбек** - Эмнени?!

**Жолдош** - Эмнени эмес- кимди! Билмексен болосуң да.

**Авазбек** - Эмнени билишим керек экен?! Мен эчтеке билбейм. Билгим да келбейт! Уктуңбу!?

**Жолдош** - Кантип билбейсиң!? Кечээ түнү Ширин сага баарын айтты го!.. Боюмда бар деди го!

**Авазбек** - А-аа..! Сен аңдып турган экенсиң да, ээ?! Бир караан көргөндөй болдум эле, таштын түбүнөн. Ошол сен экенсиң да. Уяты жок десе!

**Жолдош** - Уят мына сенде жок болуп жатпайбы. Ширинди ушундай абалда таштап кеткениң - ушул уят. Жигитчилик эмес мунуң.

**Авазбек** - (мыскылдай) Ии, дагы кандай акылдуу сөздөрүң бар? Тарбиялап койчу?

**Жолдош** - Койчу, Авазбек, болор ишти сүйлөшөлүчү? Ширин сени сүйөт, сенден боюнда бар. Аны үйүңө алып кетишиң керек. Всё!

**Авазбек** - Ширинди үйүмө алып кетип эмне кылам. Хе! Кереги жок мага мындай тартуунун.

**Жолдош** - Авазбек! Сен ата-энеңе ачыгын айт. Макулдашкыла. Биз да чоң энеме, туугандарга айталы. Ошентип ишти жакшынакай кылып бүтүрөлү. Бул жерде сен чечишиң керек! Эркексиңби?!

**Авазбек** - Эмне, көзүңө катын көрүнүп турамбы! Эркекмин! Мен эчак эле чечип койгом. Баарибир Ширинди албайм!

**Жолдош** - Эй, анын боюнда бар го. Бала сеники да.





**Авазбек** - Бала меники экенин кудай билет. Же сен эмне, текшерип койдуңбу? Эжең башта эле кыз эмес болчу керек болсо! Билдиңби!?

**Жолдош** - Ушу сөздү кантип айтып жатасың! Акмак десе!

**Авазбек** - Акмак мен эмес – сенсиң керек болсо! Мага асылбай жөн жүргүлө эжең экөөң. Тур мындай!

**Жолдош** - Турбайм! Адам эмес айбан экенсиң!

**Жолдош менен Авазбек муштаешып кетишет. Авазбек чоң болгондуктан Жолдошту аябай сабап салат. Жарык жанып-өчүп турат. Бир убакта Жолдош башын корголоп тынч жатып калат. Авазбек аны бутка бир тебет да кете баштайт. Ушул учурда Жолдоштун колуна чоңураак таш уруна калат. Ташты Авазбекти көздөй ыргытканда ал анын таалуу жерине тийип, онтогон бойдон сулк жыгылат. Жолдош эптеп ордунан туруп келип, Авазбекти тургузмакчы болуп жулкулдатып жатып, башынан аккан канды көрүп, коркуп кетет да чымынкуюн болуп качып жөнөйт.**

## 6 - КӨРҮНҮШ

**Мезгил кеч күз. Арадан 5-6 ай өткөн болот. Жолдун четинде Чоң эне менен Ширин келатышат. Ширин башына жоолук салынган, колунда пакет, сумкалары бар. Чоң эне картайып, жүдөй түшкөн, колуна бөбөк көтөрүп алган. Буларды Сайкал баятан бери байкап турат.**

**Сайкал** - Ии, булар кимдер экен десем силер белеңер... Каяктан ээрчишип? **(Ширин башын жерге салат).**

**Чоң эне** - Каяктан болмок эле. Тияктан. Догдурдан чыгып келе жатабыз. Көрүп турбайсыңбы... Ушинтип мен чебере да көрдүм.

**Сайкал** - Ии-и... Кут болсун чеберең. **(Ширинди жаман көзү менен карайт).**

**Чоң эне** - Рахмат.

**Сайкал** - Кызбы же уулбу?

**Чоң эне** - Уул.

**Сайкал** - Кана бери кылчы. Ой, кимге окшошуп калган мунуң?

**Чоң эне** - Кимге окшошсо да … болсун ылайым. Наристеде не айып. Айыптын баары менде болуп жатпайбы. Ушу мен өлбөдүм да **(үшкүрүнөт).**

**Сайкал** - Сен неге өлмөк элең. А керекче мына бул кыз өлсө болмок! Буларыңды жаштайынан катуураак кармашың керек эле. Сен өтө эле жумшаксың, Бурма. Мына мен келин-кыздарымды катуу кармаймын. Алты балалуу болсо да чоң келиним менсиз бир иш кылалбайт. **(Ширин жети өмүрү жерге кирип, башын жерге салып тура берет).** - Кызга кырк үйдөн тыюу деш керек эле да ! Кырк үйдөн!

**Чоң эне** - Ошону айтпады дейсиңби. Айтып-деп, кулагына кумдай куюп эле жүргөм. Олда кызым ай!.. Өзүңдүн да биздин да бетибизге көө жаптың го, Ширин?!.. **(Ширин акырын ыйлайт).**

**Сайкал** - Көө жапканы курусун, айдай жигит майып болуп калды ушу кызыңдын айынан. А өзүнүн иниси – түрмөдө! Кабар алдыңбы Жолдоштон? Соту качан экен?

**Чоң эне** - Өткөн жумада баргам. Соту качан болоорун деле билбейм. Куурады го кулунум (жашыйт). Жолдоштайым өтө эле намыскөй өзү...

**Сайкал** - Намыскөй болбой калсын. Ошентип да киши намыстанчу беле. Деги, сенин балдарың эле башкача чыгышты. **(Ширинди жекире тиктейт. Ал өзүн кайда катаарын билбей ого бетер башын жерге салып, үнсүз ыйлайт).**

**Чоң эне** - (үшкүрүнө) Менин балам сүйлөшкөнү барыптыр Авазбек менен. «Ушу кылганың туура эмес»,- дептир. Авазбек «бала менден эмес» деп, ачуу сөздөрдү айткан го. Анан сөздөн сөз чыгып отуруп, экөө мушташып кетишиптир. Авазбек бир жаш чоң анан да олбурлуу эмеспи, Жолдошту аябай эле сабап салыптыр. Бир убакта Жолдоштун колуна таш уруна калган экен, таш менен атып урса анысы Авазбектин башына тийип калып жатпайбы... Коркуп кеткен Жолдош качып кетибатпайбы... Же келип, дароо бизге айта койсо эмне?.. Эми ошо качып кеткени да кошумча болот имиш. Өх-х...



**Сайкал** - «Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети» дейт муну, кызым. **(Ширин ого бетер бүжүрөйө ыйлайт).** Шариятта жок иш кылдың!

**Чоң эне** - Балдар балалык кылышты да... Айыптын баары- кызыма туура жол көрсөтүп, дурусураак көзөмөлдөй албаган мына менде! Апасы жанында болсо да мындай иштер болбос беле...

**Сайкал** - Туура айтасың. Чоңоюп калган кызы бар аял үйүндө отуруш керек эле «кысып»! Ой, аялдын орду үйдө да. Азбы-көппү эринин таап келгенине топук кылып, бала-чакасына баш-көз болуп, үйдө тынч отуруш керек дел-деңдебей. Мына эми, узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына маскара болдук. Биздин айылда мындай иш дегеле болгон эмес! Окуган мектебиңди да уят кылдың, Ширин кызым! Деректир менен завучтарды иштен алышты.

**Ширин** - (ыйлайт) Кечириңиздер..?

**Чоң эне** - Эми аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы. Намыстан жер жарылса мен кирип кетсем деп турам. Олда айланайын кызым ай, кызым ай!..

**Ширин** - Эне, эмне кылайын эми ..? Эмне кыл дейсиз..? Кантейин..? **(Айласы куруй чөгөлөп ыйлайт).**

**Чоң эне** - Өхх!.. Кантейин эми... Бул да болсо бешенеге жазганы болсо керек кудайдын. Балдар балалык кылышты да. Авазбекти сүйчүмүн дейт бул. Ал да мени сүйчүү дейт.

**Сайкал** - Сүйбөй сүмүрөн калсын. Сүйсө албайбы да мунуңдун бетин ачып, үйүнө жетелеп кетпейби.

**Чоң эне** - Ага атасы уруксат бербей койгон имиш. Эгерде эле Аюколдун кызын алам десең тескери батамды берем дептир Эгемназар. Дагы айыл өкмөттө иштейт имиш. Кудайга койдум...

**Ширин** - Авазбек мени сүйчүү. Сүйөт дагы эле. Биз сүйлөшүп, баарын оң жагына чечебиз куда каалаcа. Жолдошту да чыгарып алабыз. Авазбекке баарын айтып түшүндүрөм. Баласын көрсөтөм. Ал жакшы жигит.

**Сайкал** - Ошол жакшы жигит сенин иниңдин үстүнөн жазган арызын албай жатпайбы, каматам деп.

**Ширин** - Жок. Ал антпейт. Эч качан антпейт...

**Сайкал** - А кызым аа... Көргөнүңдөн көрө элегиң көп али. Турмушту баштай элек жатып туура эмес кадам таштап алдың. Кантээр экенсиң...

**Ширин** - Мындай болоорун билбедим да, билбедим да... (ыйлайт)

**Чоң эне** - Ушундай иштер болуп кетти да... Жалгыз уйду да сатып, Жолдоштун тергөөчүсүнө алпарып бергем. Эми мунун кантип багам десең..?

**Сайкал** - Сен эмнеге бакмак элең. Алпарып бер Эгемназардыкына! Же өкмөткө тапшырып сал!

**Чоң эне** - Антип айтпа. Өкмөткө тапшырып же Эгемназардыкына алпарып бергидей бул бир буюм же мышык эмес да. Бул деле адам пендеси го! Менин чеберем да! Өлбөсө бир күнү адам болоор...**(жыттайт.)** Кудайга миң мертебе шүгүр, мен чебере көрдүм! ...Же сүйүнөөрүмдү же күйүнөөрүмдү билбейм.

**Сайкал** - Сүйүн. Сүйүнө бер. Сеникиндей чебереге жеткен да бар, жетпеген да бар. Сүйүнө бер. **(Өзүнчө) Миң сүйүнсөң деле чебереӊ никесиз туулду. Арам сийдик, нокетек дейт мындайды!** Сүйүнө бер.

**Чоң эне** - Бул бала акжолтой бала болуп, таята-таенеси эсенаман тезирээк келип калышсын, эли-журтубузда ар дайым тынччылык, бакубатчылык болсун деген ниетте чеберемдин атын Акжолтой деп койдум. Акжолтой бала бол ылайым. Омийин!

**Акжолтой деген сөзгө удаа бала баркырап ыйлайт. Бүт айланага баланын үнү толуп кетет.**

**КӨШӨГӨ**

***2005-жыл. Ош шаары***





# Башы бош кемпир барбы?

(Комедия)

Катышуучулар:

1. Келдибай - 65-70 жаштарда } достор
2. Чынарбай 66-70 жаштарда } достор
3. Базарбай 66-70 жаштарда } достор
4. Калча Чынарбайдын кемпири
5. Сакиш - сутенерша
6. Мая - Сакиштин колунда иштеген кыз
7. Максат Келдибайдын уулу
8. Талант Максаттын досу

**Чарпаяда Келдибай ойго батып отурат. Сыбызгыган музыка. Өйдөрөөк жерде Гүлбү кемпирдин портрети илинип турат. Аңгыча эшиктен Чынарбай, Базарбайлар киришет бапырашып.**

Чынарбай - Оо, кандайсың старик, күүлүүсүңбү?

Базарбай - Кандайсың чал, отурасыңбы соксоюп, аюудай болуп?

Келдибай - Оо, келгиле, келгиле жаш жигиттер.

**Чынарбай Келдибайды белинен кучактап алып, тегеретет. Тиги "ий, белим!" деп жонго бир чабат. Үчөө карсылдап күлүшөт.**

Чынарбай - Кана эмесе, кол күрөштү баштайлы!

**Үчөө кол күрөштүрөт. Базарбай жеңип чыгып эдирейет. Кайрадан төш кагыштыра кучакташып көрүшүшөт. Каткыра күлүшөт.**

Келдибай - Кана, төргө өткүлө, азаматтарым десе. Каткырып күлгөнгө көңүлүм сергип, жүрөгүм тазарып калбадыбы. Отургула, мен чай коёюн.

Чынарбай - Жок, Кекиш, отур биз менен. Биз чай ичкени келген жокпуз. Сени менен чер жазыша сүйлөшүп, сырдашып, отуруп келели деп эле келип калдык. **(Тигини бурдай басып отургузуп коёт.)** - Үйүңдө сенден башка киши жокпу?

Келдибай - Эч ким жок. Бала-чака баары окууга, иштерине кетишкен. Жалгыз отурам соксоюп.

Чынарбай - Соксоюп отурганыңды көрүп турабыз. А сен соксойбой эле койкоюп отур да. Мына минтип, мендей болуп. (Көрсөтөт)

Базарбай - Же болбосо мына минтип. Ики-и белим! **(Үчөө кайрадан күлүшөт.)** Бу сен букчүйө түшкөнсүңбү?.. Кол күрөштөн дегеле бизди алдыңа чыгарчу эмес элең. Мына чал болот деген ушу...

Келдибай - Ии, сен эле кырчылдап турасың.

Базарбай - Кырчылдабасам да сага окшоп таяк кармабай түп-түз басам. Ырас, шамдан кийин көзүм бираз-бираз





кыраалашып калат дечи... **(улутуна көз айнегин аарчыйт).** Деген менен, "локаторум" эң сонун иштейт!

Чынарбай - Тигини, тигини! Өзүн отуз бештеги жигит сезген жаман "төрт көз" десе. Ушу силердин ичиңерден түзүгүрөөгүңөр эле менмин. Мына, бир-эки-үч, эки-үч! **(Отуруп-турат. Акыркы үчтү айтып, тура албай калат. Күлүшөт).**

Келдибай - Эй, макоо, сен эмес- сенин кемпириң түзүк. Сени бапестеп караган Калчага рахмат де! А сенчи Баке, кандайсың? Кемпириң жакшыбы?

Базарбай - Ии, кудайга шүгүр, бир аз жакшы. Төшөктөн туруп калды.

Келдибай - Аа жакшы, жакшы... Көрдүңбү, кемпириң ооруганы өзүң жүдөй түштүң. Же жалганбы?

Базарбай - Чын, чын. Кудай урсун чын. Деги ушу кемпиримдин бала-чакамдын астына кетсем экен деп, кудайдан күнү- түнү тилеп жүрөм.

Чынарбай - А мен болсо кемпиримден тажап жүрөм. Ай ушу, 50 жылдан бери тажатты. Андан көрө жашыраак, сулуураак бирөө- жарым болсо-о.., Чынарбай уулу Жетимиш, Чынарбай уулу Сексенбайларды төрөтсөмбү-ү деп жүрөм. (койрөңдөнөт)

Келдибай - Ок, сөзү суук десе! Андай сөздү оозанбай жүр! Тообо де! Жетим баладай болуп каласың, эй! Мына менин башыма салып койду го кудайым.

Чынарбай - Тообо дедим. Тообо дедим. Тамаша да. Бирок, чындыкка жанаша. (күлүшөт)

Базарбай - Ай, ушу сенин жаш кездеги шоктугуң, сол ийниндеги шайтаның дагы эле ойноп турат ээ? Далай кыз- келиндерди ыйлаттың го убагында. Уу, жаман шумшук десе!

Чынарбай - Эмне экен, өзүм апсыйганым менен жүрөгүм жыйырма беште – түрс-түрс, дүкө-дүк, дүкө-дүк! (күлүшөт). Тамаша достор. Кудайым ушу Какентайымдан эле калтырбасын. Калчанын көк чайын ичпесем башым ооруп, заар үнүн укпасам жүрөгүм ооруп кетет, балдар.

**Базарбай** - (Келдибайга) Кантип атасың анан? Кемпириң эрте кетип, сага эле кыйын болду. Келиниң дурус элеби? Балдарыңды тажата элексиңби деги?

**Келдибай** - Балдарым кудайга шүгүр, келиним болсо тектүү жердин кызы эмеспи, атакелеп эле турат... Бирок, кемпиримдин орду башка экен, отурсам-турсам кеңултактайм (шуу үшкүрөт). А түнү болсо такыр уктабайм... Гүлбү менен жашап өткөн жылдар өмүрүмдөгү эң бактылуу учур болгон экен көрсө... Колдо бар алтындын баркы жок болуп, мына эми, көзү өткөндөн кийин кемпиримдин кадырын билип, ичип туз куйгандай ачышып отурам. Арбагы ыраазы болсун ылайым.

**Базарбай** - Гүлбү башкача бир жаралган жан эле. Бармактайдан чогуу өстүк, чогуу жүрдүк, жакшылык-жамандыкта бир болдук. Айыл-апа сыйлаган, алым-бериге жакшы, өтө адамгерчиликтүү зайып эле байбичең. Өмүрү кыска экен да, кантели. Арбагы ыраазы болсун.

**Чынарбай** - Айрыкча сен үчүн зор эмгек сиңирди эле Гүлбү байкуш. Эми көрө турган мезгили эле...

**Келдибай** - Корсулдап, кээде колум да тийип кетчү байкушума... Эми аттиң деп отурам. Бир келген өмүрдө сыйлашып, жетелешип жүргөнгө не жетсин. Эсиңер болсо көзү барда сыйлагыла байбичеңерди.

**Базарбай** - Мен сыйлап эле жүрөм. Азыр да коюураак кылып памил чайдан демдеп, пияласына жаңгактай нават салып берип, анан келбедимби.

**Чынарбай** - Менин деле эсим бар. Ишенбесеңер Калчадан сурагыла.

**Келдибай** - Абышка, абышка деп карегим менен тең айланып турчуу. Өтө эле ак көңүл, жумшак жан эле да. Мына, эмне болсоң ошо бол деп кете берди...(жашыйт.)

**Чынарбай** - Бу да болсо кудайдын башка салганы да, Кекиш. Көтөрбөшкө айлаң жок.

**Базарбай** - Ооба да. Айлаң да аргаң да жок... (Үчөө дымып отуруп калышат.)

**Чынарбай** - (жөтөлөт) Эми-ии, Кекиш, минтип жүргөнүң жарабайт. Болбойт. Биз сени үйлөнтүп койсокпу деп, сага масилеттешкени келдик.





**Базарбай** - Кандай дейсиң, дос?

**Келдибай** - Ии дегиле.

**Базарбай** - Тигини-тигини!

**Келдибай** - Ии, кимге?

**Чынарбай** - Өйүздөгү Бүкөндү эле алып берели...

**Келдибай** - Ой койгулачы. Бүкөн мага тиймек беле. Аялы өткөндөн кийин Бердигул жуучу жиберген экен, Бүкөн ынабаптыр. Бердигул менден 16 жаш кичүү да.

**Чынарбай** - Ошондой де..? Анда Шырманканды ал. Наркттуу, салттуу чыныгы байбиче деп, ушу Шырманканды айтса болот. Жаңы маасы-гөлөшүн кийип, аппак жоолукту башына ороп, кыз-келиндерин артынан жөкөдөй чууртуп ээрчитип, кайкалай баскан Шырманкан тойго жөнөгөндө көчө көркүнө чыга калат го, чиркин!

**Базарбай** - Шырманкан эмес анын шыйрагын да карматпайт балдары буга. Охо-о-оо!

**Чынарбай** - Ия де? Ошондойбу?.. Башы бош дагы ким бар?

**Базарбай** - Бааркүлчү?

**Чынарбай** - (тыржыят) Бааркүл болбойт. Ал өзү араң отурул турат. Анын буту ооруйт да. Жок болбойт. Жарабайт ал... А өзүңчү? Чоттоп жүргөнүң бардыр өзүңдүн да?

**Келдибай** - Чоттогон деле эч кимим жок...

**Чынарбай** - Ммм... Анда болду, сен Маяны аласың.

**Келдибай** - Аның ким?

**Чынарбай** - Ким болмок эле – келин. Болгондо да аябай жакшы келин.

**Базарбай** - Кайсы айылдан болот?

**Чынарбай** - Айылдан эмес, шаардан болот.

**Келдибай** - Шаардыктар биздин айылдын шартына көнмөк беле. Болбойт го...

**Чынарбай** - Муну карасаң, "пөлбөйт" деп. Болтуруп, көндүрүп алмак – ал өзүңдөн. Көнбөйт эле эмес – жан дейт.

**Келдибай** - Деги кандай неме аның? Уруусу, ата-теги ким? Бала- чакасы барбы?

**Чынарбай** - Ал деген – менин балдызым Зейне бар го шаарда, ошонун кошунасынын кайын сиңдисинин кудачасы болот. Аюу болсо да эрим, үңкүр болсо да үйүм болсо деп эңсейт экен. Шаардан тажадым, эгерде тынып- тынчый турган жер болсо, токсондогу чал

болсо да тиет элем деп, ак эткенден так этип жүрөт имиш, эй. Бала-чакасы жок экен. Туубас окшойт да...

**Базарбай** - Биринчиден, сен аюу эмессиң. Экинчиден токсондо да эмессиң. Үй-жайың болсо-үңкүр эмес- кудайга шүгүр. Бакубатсың ээ?

**Келдибай** - Ооба.

**Чынарбай** - Бала-чакасы жогу жакшы да кайра. Ой, сенин кир-коогуңду жууп, эртели-кеч жаныңда эрмек болуп отурса болду да.

**Келдибай** - Ооба дечи. Бирок, шаардык келиндер "опасний" болушат деп угам. Койгулачы шаардыгыңарды. Айылдан эле тапкылачы.

**Чынарбай** - **"Өпасний"** деп... Аял кишиден да эркек коркчуу беле. Жаман десе! Биз сенин эле камыңды көрүп жатабыз.

**Базарбай** - Ошону айтсаң.

**Келдибай** - Коркпойм дечи... Эмне кыл дейсиң эми..?

**Чынарбай** - Эмне кылмак элең, тур да кийин. Кеттик.

**Келдибай** - Кайда?

**Чынарбай** - Кайда болмок эле – шаарга. Барып көрүп, сүйлөшүп, кечке кайра келип калабыз. Кокус келалбай калсак, Зейненин үйүндө калып, мейман болуп келебиз. Болду. Чечилди. Тур тез-тез очорулбай.

**Базарбай** - (башын ийкегилейт) Ооба, ооба. Тур дегенде тур да, кыл дегенди кыл. Бол тез. Жакшылык иштин эрте бүткөнү жакшы.

**Келдибай** - Ай, ушу экөөңөрдүн шашмалыгыңар качан калаар экен. Качан болсо шашылып басып жүрөсүңөр. Тиги, чын дүйнөгө да шашылып менден эрте кетсеңер керек, ээ?

**Чынарбай** - Аны көрө жатаарбыз. 1-өчүрүт Бакемдики ээ, тиякка?

**Базарбай** - Ики-и де. А өзүңчү? Мен сенден 6 айга кичүүмүн керек болсо.

**Чынарбай** - Улууга урмат, кичүүгө ызат деген. Мен сени ызааттап- сыйлайм да ар качан. Сиз, сизден кийин биз.

**Базарбай** - Ой, оңбогур ой, сөз качып кутулбайт го сенден. Аллаанын айтканындай болот да. Бешенеге эмне жазса, ошону көрө беребиз да.





**Чынарбай** - Ошо да. Ой эмне отурасың, болбойсуңбу эми? Бол, тезирээк кийине сал. Түзүктөп кийин. Өзүң билесиң, шаардыктар кийимди жакшы көрүшөт. Тур ордуңан.

**Базарбай** - Бол, бол. Тур тез! (Түрткүлөп жатып ордунан тургузушат. Тиги ыргылжың боло үйгө кирип кетет.)

**Чынарбай** - Баке, сен болсо мунун балдарына анан менин Какениме купуя айтып кой. "Срочний" иштер менен шаарга кетишти де. Мен келгенде какчыңдап урушуп жүрбөсүн дагы. Макулбу?

**Базарбай** - Макул, айтам. Бирок, тиги Маяң буга мал болуп береби десең..?

**Чынарбай** - Аны мынабул пешене билет. Келдибай өзү барып көрүп, сүйлөшөт. Анан тагдыр-насип буюруп калса, нике байлатып алат да эки бакыр, бир тукур болуп жашай беришет. А жакпай калса өзү билет.

**Базарбай** - Эми биз катын тандачуу мезгилден өттүк дечи...

**Чынарбай** - Катын дегенди тандап-тандап, чекесине чертип-чертип туруп алыш керек. Азыр эмне көп – катын көп. Бир эркекке бештен катын туура келет имиш өй, уктуңбу?! Азыркы заманда эркектер дипитцит, билдиңби?

**Базарбай** - Дипитсит эмес- дефитсит десең.

**Чынарбай** - Ии ошо. Сен орусчаны суудай сүйлөйт эмессиңби. Бу, депутаттарың деле 3-4төн катын алып жатышпайбы. Мына экөөбүз деле эч кимге билгизбей шаардан 1ден келинчек алып койбойлубу?.. Хи-хи- хи- хи-хи-хи!...

**Аңгыча Келдибай чыгат. Саймалуу чепкен, маасы-гөлөш, башына бакай калпак кийип алган.**

**Базарбай** - Мына, жигит да чыкты жасанып. Болду! Урушта туруш жок! Тез жөнөгүлө. Таксиге эле отургула. Анан шаарга жеткениңерде чачтарачка кирип, мунун сакал-мурутун серптиртип, атырдан септиртип алгыла, макулбу?

**Чынарбай** - Лаадна. Кекиш, таягыңды таштап эле койчу? Бутун араң сүйрөгөн абышка экен деп ойлоп жүрүшпөсүн.

**Келдибай** - Мына таштадым. Дагы эмне кылайын?

**Базарбай** - Шаардыктар алманы жакшы көрүшөт. Ала бөйрөк алмаңдан эки ак сумкага толтура сал. Анан тиги

сүзмөнү да ал. **(Келдибай калтадагы суусу сарыга элек сүзмөнү алып келет.)**

**Чынарбай** - Курут барбы үйүңдө?

**Келдибай** - Мен кайдан билейин?

**Чынарбай** - Мейли, куруттү базардан эле алабыз да үйдүкү деп бере беребиз. Кана, бизге бата эмесе.

**"Оомийин" деп бата кылышат да жөнөшөт. Чынарбай эки сумка алманы, аксаңдай баскан Келдибай калтадагы сүзмөнү суусун тамчылаткан бойдон колуна көтөрүп алган.**

**Көңүлдүү музыка ойнолот.**

## 2 – КӨШӨГӨ

**Шаңдуу музыка. Келдибайдын үйү. Чарпаяда жаңы төшөктөр. Тойго даярдык. Келин-кесектер нары-бери чуркап,кызмат кылып жүрүшөт. Келдибайдын башында топу. Галстук тагынып, костюм- шым, аппак байпак жана туфли кийип жасанып алган. Ал Чынарбай экөө көңүлдүү маанайда бир нерселерди сүйлөшүп отурушат. Аңгыча Базарбай келип калат. Үчөө кайрадан кол күрөштүрүшөт. Бул жолу Келдибай жеңип чыгып өзүнчө корсоюп калат. Күлүшөт.**

**Базарбай** - Тигини, тигини! Жаш катын алам деп бул күчтүү болуп калыптыр, өй. Өткөндө мен жеңген элем. Карасаң муну! Дымагын көрчү жигиттин! (Жонго чабат).

**Келдибай** - Кел, Базаш, төргө өт.

**Базарбай** - Өтөйүн, өтөйүн. (Чарпаяга тырмышып атып зорго чыгат. Төргө өтүп отурат). Галошумду нары алып кой, анан тополоңдо бирөө-жарым кийип кетип калып жүрбөсүн. Тойго деп жаңы галошумду кийип, жасанып келдим. (Омийин деп бата кылышат.) - Ии, кандайсыңар анан эргулдар? Бүгүн келин келет деп уктум...

**Чынарбай** - Келин келип калат, куда каалаcа 1-2 саатта. Анан той баштайбыз. Ысык шорпо ичебиз. Жилик жейбиз.

**Келдибай** - Бу соргокко тамак эле болсо болду. (күлүшөт)





**Базарбай** - Ии дегиле эргулдар. Мая аяш жөнүндө сүйлөгүлөчү. Жактыбы анан колуктуң? Бу тойдун тез башталганына караганда "сүйүшүп" калгансыңар го...

**Чынарбай** - Жакпай анан. Маяны көргөндө Келдиштин көздөрү жалжылдай түштү го чиркин, жалжылдай.

**Келдибай** - Калжыңдабай жөн сүйлөчү!

**Чынарбай** - Койдум. Койдум күйөө төрө... **(колун көкүрөгүнө алат. Базарбайга карап)** - Бардык. Таптык. Сүйлөштүк. Эки жаш бири-бирин жактырышты.

**Келдибай** - Эки жаш бирин-бири жактырышты дебей, жөн эле айтсаң...

**Чынарбай** - Жакпады дечи?..

**Келдибай** - Жакты... (мулуңдайт)

**Чынарбай** - (мактанып) Иии..! Чыкең жага турганынан табат да.

**Базарбай** - Кандай неме экен деги Маяңар?

**Чынарбай** - Момундай! (Бармагын көрсөтөт) Орто бойлуу, кара каш, кара көз. Аппак жүздүү, чачтары кыркылган. Бирок, биз барганда жоолук салына койду го, чиркин. Кантсе да маданияттуу да. Сүйлөгөндө да шаардык-тарча тастаңдабай, акырын жерди тиктеп сүйлөйт экен. Колунун тырмактары да бир укмуштай узун анан кызыл экен. Себинген атырын айтсаң. Пай-пай! Башым айлана түштү. Деги Келдиш, бактың бар экен, ушундай жубанга туш болгон. (Келдибай мулуңдайт).

**Базарбай** - А биздин катындар билесиңби, эмне жыттанат?

**Чынарбай** - Сенин кемпириңди го жыттай элекмин, меники түтүн анан тезек жыттанат. Себеби, эки уйдун жампасын ошол жабат да. (Каткырышат)

**Базарбай** - Аяш жөнүндө айтсаңар, аяш жөнүндө?

**Чынарбай** - Аяш жөнүндө айтсак, "келиңизде-е-р..?"- деп уяла түшкөнүн айтсаң... Үйлөрүн кызгылтым түстө кылып аябай жакшы жасалгалап алышыптыр. Бөлмөлөрү да көп окшойт. Анан бизди отургузган соң, колубузга абдесте менен суу куйду кадимкидей. (Көзүн жумат) Эми суусунун жагымдуулугун айтпа-а... Колуңду жууп эле отура бергиң келет.

**Келдибай** - Оо-о де!! (кызгана түшөт) Аябай жаккан экен да да.Сага суу жактыбы же-е...

**Чынарбай** - Койдум. Койдум күйөө төрө. Биз пас... Кыскасын айтканда той бүгүнкүгө чечилди. Макулдаштык. Сүйлөштүк.

**Базарбай** - Ии, ошо сүйлөшкөнүңөрдөн айтсаң?

**Келдибай** - Ой, сен эмне 15 жашар боз бала белең көзү бозор-гон! Сүйлөшкөнүбүздү айтпайм.

**Чынарбай** -Мен айтайын кыскасы, биз төртөөбүз отуруп жакшылап чай ичтик. Дасторкон үстүн жайнатып эле салышты. Эми чайды ушунчалык жакшы демдептир дейсиң, 1 чоң чайнек көк чайды өзүм жалгыз ичип алдым. Ана-а, анан тердегенди көрүп ал. Же бир жанымда жүзаарчым болсочу.

**Келдибай** - Ушул жерден менин Маям тил билгилик кылды.

**Базарбай** - Менин дегенин карасаң. (**экөө бири-бирин укушат**).

**Келдибай** - Меники да. Меники болбой кимдики анан. Таажеңеси экөө тиктеше түштү да Мая экөөбүзгө эки жүзаарчы апкелип берди. "Ап-бали!" дедим ичимден. Анан экөөлөп бир паста палоо демдей коюшту, девзира күрүчтөн өрмөлөтүп.

**Чынарбай** - Палоону сулужанка кызы эле демдеди.

**Базарбай** - Сулужанкасы да бар бекен эй?

**Чынарбай** - Жапжаш бир кыз жүргөнүнөн өзүңүздүн кызыңызбы десем, сулужанкам деди го.Таажеңеси да бир укмуш-тай сулуу неме экен – сүйлөсө тим эле оозуң ачылат. Өзү жашыраак эле.

**Базарбай** - А күйөөсү кайда экен, кайнагаң?

**Келдибай** - Кайнагам эмес, кайын тагам. А киши эки уулу менен Казакстанда камерсия кылат экен. Жакында келип, Маяны да алып кетем деп жатыптыр.

**Чынарбай** - Анан эле таажеңеси тамактын астынан алып коёлу, анын үстүнө бир жакшылык болчуудай болуп турат деп, бир шише коньяк алып келсе болобу! Анысын төртөөбүз мазза кылып бөлдүк.

**Базарбай** - Ох-оо, таза жыргаптырсыңар да! (Санын чабат). Эй шумпайлар, а беш убак намаз эмне болду, намаз?

**Чынарбай** - Эми, мындай **отуруш** күндө эле боло бербейт да. Анын үстүнө маанилүү маселе чечип жатсак...

**Базарбай** - О кудай ургандар!.. Эмне, Мая да ичтиби?





**Чынарбай** - Шаардыктар аз-маз, аз-маздан алып коюшат да.

**Келдибай** - Менин колума келгенден кийин өзүм билем, эмне кылышты. А-аа ичирет имишмин! Мм-мм...

**Чынарбай** - Анан палоону жеп болуп, бата кылгандан кийин биз таажеңеси Сакиш экөөбүз балконго чыгып кеттик, "жаштар" сүйлөшүп алышсын деп.

**Базарбай** - (Келдибайга) Ии дегиле жаштар?!

**Келдибай** - Мая сүйлөбөй койду уялып. Колунан шап кармадым да мойнунан бир жыттап коёюн десем, ички үйгө ка-чып кирип кетип калбадыбы.

**Чынарбай** - Артынан эмнеге кирбедиң?! Киришиң керек эле да!..

**Базарбай** - Ох-хх!.. Киришиң керек эле! Ушул жерин натуура кылыптырсың! Эзилбей өл ээ! Бошошкон дурайын. Дабдырсың сен! Эх-х!!.. (тизесин муштайт.)

**Келдибай** - Таяжеңем менен сүйлөшө бериңиз деди.

**Базарбай** - Аа түзүк.

**Чынарбай** - "Карочье", мен сүйлөштүм. Сурадым. Териштирдим Мая жөнүндө. Маянын азан чакырып койгондогу өз аты Майдагүл экен. Атасы чоң кызматтарда иштеген абройлуу адам болгон экен. Апасы болгону экини эле төрөптүр. Ата- апасы өткөндөн кийин Мая инисине батса да келинине батмак беле. Ошого тынып-тын-чый турган, жакшы жер болсо-о,- деп таженеси кам көрүп жатпайбы... Мая өзү болсо чоң бир фирмада главный бугалтыр болуп иштейт экен. Мм-м... Аңгыча жигит да келип калды балконго. Анан үчөөбүз сүйлө-шүп масилеттешип, ишти бүтүрдүк.

**Базарбай** - Аа түзүк, түзүк. А калыңы канча болду?

**Келдибай** - "Маяны жакшылап кийинтесиз",- деди. Кийинтем дедим. Калыңы болсо 1000 доллар деди.

**Базарбай** - А миң доллоруң биздин пулга канча болот экен?

**Келдибай** - Кырк жети миң сом!

**Чынарбай** - Кырк жети миңди укканда мунуңдун көзү төптөгөрөк боло түштү го, чиркин.

**Базарбай** - Ооба да. Азыр кыздар кырк миңге чыкпай жат-пайбы.

**Чынарбай** - Анда Сакиш айтыбатпайбы: - "Келдибай аке, ойлон-боңуз. Маечканын кеминде эки жүз миндик себи бар. Бишкекте Туңгуч - 1де эки комнаталуу үйү да бар...

Сиздин жашыңыз болсо бир топ өйдөлөп калыптыр... Маянын артынан чуркагандар көп. Менмин деген байлар, менмин деген атка минерлер бар",- дебатпайбы.

**Келдибай** - (топусун жерге бир чабат) Мейли дедим! Атасынын гөрү! Тууган-урук, дос- жар бар го дедим. Таажеңем да союш-поюш, сарпай-парпайдын атүгүл севет- меветтердин да кереги жок деди. Ошонусу майдай жакты мага. "Өзүбүз шаарда турсак, кошуна-колоңдор баары орустар болсо, анын үстүнө биз ашыкча чыгымдарды жактырбайбыз",- деди. Куп болот дедим.

**Базарбай** - Аа жакшы, жакшы... Иш оңунан келет деген ушу...

**Чынарбай** - Анан мен тойду тездетели десем, тажеңеси бираз ойлонуп туруп, мейли деди. Тагасы келсе эле муну Казакстанга алып кетип калат, абдан жакшы жумуш сүйлөшүп койгон дейт.

**Келдибай** - Мен "эки жумадан кийин келип, калыңды колуңузга салам",- дедим. Таажеңем макул болду.

**Базарбай** - Ии анан?... Эки жумадан кийин бардыңар, күйөө жолдош экөөң?

**Келдибай** - Балээниби!.. "Балдарга баш-көз болуп картошка каздырат элем",- деп барбай койду, бу оңбогур. Өзүм бардым! Уулумдун да ошол күнү камиссиясы келип калыптыр, атаңгөрү.

**Базарбай** - Ии бардың, анан?

**Келдибай** - Бардым, таксини айдатып алып. Үйүн издеп, зорго таап барсам алар көчүп жатышыптыр.

**Базарбай** - Каякка?

**Келдибай** - Каякка болмок эле – жаңы үйгө. Сакиштин күйөөсү Казакстандан акча жөнөтүптүр. Анан алар шаардын чок ортосунан 5 көмүт үй сатып алышыптыр. Жаңы үйлөрүн да көрүп, көрүндүгүм деп 500 сом пул карматтым таажеңемдин колуна. "Жакшылыктын үстүнө келдиңиз, акжолтой күйөө бала болот окшойсуз",- деп таажеңем сүйүнүп болбой калды. "Күйөө баланы пайгамбарлар сыйлаган, сизди мен өзүм шаардыктарча мейман кылам",- деп ресторанга чакырды.





**Сахна караңгылайт. Жарыганда Келдибай, Сакиш, Мая үчөө ресторанда бир кабинада тамактанып отурушат. Жагымдуу музыка ойнолуп турат. Мая Келдибайды жалжылдай тиктеп коюп, уялыңкы . Келдибай бети тамылжый, өтө олуттуу сүйүнө компоюп отурат. Сакиш саймедиреп тост айтып жатат.**

**Сакиш** - Эмесе, мен мына ушул тостту экөөңүздөрдүн бактыңыздар үчүн ичели демекчимин. Тагдыр- насип экен, Келдибай аке, сиз бизге күйөө бала болуп, кызыбызга өмүрлүк жар болгону турасыз. Эмне демекчимин, Келдибай аке, сиз өзүңүз ачык кол, ак көңүл, берешен, шар жүрүп, шар сүйлөгөн, салабаттуу, алпейим адам экенсиз. Ар кимдин пейилине жараша дегендей, мен Маечкам экөөңөргө ачык асман, куунак көңүл, бардар турмуш жана шар аккан суудай узун өмүр, түгөнгүс бакыт каалайм. Келдибай аке, мен сизден бир гана нерсени өтүнүп-суранаар элем – мына өзүңүз көрүп тургандай Маечка өзү татынакай, назик жан – ушу кыздын көз жашын такыр агызбаңыз экен?.. Биздин кызды бактылуу кылып жана өзүңүз да бактылуу болуп, түбөлүккө кол кармашып, бирге болуңуздар! Эмесе, алып жиберели. Аке, Мая өзү көп деле иче бербейт, бирок, бүгүнкүдөй өтө маанилүү күндө бир аз алып койсо болот да, ээ? Эгер сиз уруксаат берсеңиз ушул тостту аппак кылып алып койсунчу, аке?.. А эгер албаса мен капа болом...

**Келдибай** - Пажалыста. Уруксат.

**Сакиш** - Рахмат сизге. Сиздин айкелдүгүңүзгө мен таазим этем, аке. Өзүм сизге закуска берейинчи. (Келдибай ичип жиберет. Сакиш бадыраңды вилка менен алып, Келдибайга өзү жедирет.) Жегениңиз аш болсун ылайым. Ну-ка Маечка, ал, алып жибер?! (Мая бир аз кылыктанып туруп алып жиберет.) - Келдибай аке, кечиресиз, эгер сиз айып этпесеңиз мен бир түтөтүп алайын дедим эле... Кыжаалат болгондо, толкундаганда, сүйүнгөндө чанда-чанда түтөтүп коймоюм бар. Уруксаатпы?.. Жаман көрбөйсүзбү?...

**Келдибай** - (бапырандай) Эмнеге жаман көрмөк элем. Мен түшүнөм. Чек, чеге бер айланайын. (күлөт кошоматтана). Пажалыста. **(Сакиш чегет. Келдибай менен Мая экөө бири-бирин жалоорул тиктей беришет. Келдибай чыдабай кетип, Маянын колун кармалап, арсаландап күлөт. Көкүрөгүнөн көзү өтүп сугу түшө тиктейт. Тийиишет.)**

**Мая** - (жөтөлүмүш болот) Коюңузчу тажеңе, аял киши да чекчү беле. Таякем келгенде айтам сизди.

**Сакиш** - Койдум кызыке, койдум. Мына. (өчүрөт) Сиздин бир ооз сөзүңүз бизге закон. Та-ак, Келдибай акем сүйлөдү, мен сүйлөдүм. Эмки сөз кезеги Маяда. (рюмкаларга куят). Кана кызыке, сүйлөп койчу добушуңду угайын, сен сүйлөсөң мен кубанып турайын.

**Мая** - Иий жеңе, мен сүйлөй албайм да, билесиз го.., иий, уялып жатам... Мен .., мен эмне деп айтсам... Аке, сизге.., мен сизди... Ну, вообщем бакыт каалайм. Короче сиз мага жактыңыз... **(Келдибай сүйүнөт, арсаландап күлө берет, эки көзү Маядан өтөт.)**

**Сакиш** - (кол чабат) Во-во-во! Сөз эмес бекен! Бул эң жакшы тост болду. Бул үчүн албасак болбойт. Кана эмесе Келдибай аке, (рюмкасын тийгизет) сиздердин бакыңыздар үчүн! А силер болсо "Бруден шафт" кылгыла.

**Келдибай** - Аа-а? Буру-дем- шатыңар эмне?

**Сакиш** - Ал мындай болот, аке. Кана-а, рюмкаларды колго кармайбыз. Эми колуңарды кайчылаштыргыла. Эми бири-бириңердин көзүңөргө табышмактуу жана суктануу менен тиктегиле. Вот так! Очень красиво! Поевропейски! Карачы жарашканын. Эми аппак кылып алып коюңуздар?! (Тигилер ичип жиберишет.) Биз ичүүнүн маданиятын анча деле биле бербейбиз ээ, аке?

**Келдибай** - Ох-ох-ох! (Калпагын башынан алып жыттап коёт) Да-да. Ооба айланайын. **Буруй-ден - шаты** мага жагып калды. Минтип ичкенде тамактан жумшак гана өтөт турбайбы. Ох-хо-хо-хо! (Күлөт) Келчи, бетиңден бир өөп коёюн?

**Мая** - Оо-й аке, коюңузчу.., сиз шок экенсиз. (Кылыктанат) Уят го... Мен уялып жатам, аке.





**Келдибай** - Уялганыңдан сенин... Анда кел, колуңан эле өөп коёюнчу? (Маянын колунан өпкүлөйт.)

**Сакиш** - Келдибай аке-е... (жөтөлүмүш болот)

**Келдибай** - Оо, дадагаң кетейин. Акең сенден айлансын. **(Келдибай бир аз кызып калган.)** - Келгиле, дагы бирден буруй-ден-шаты кылалычы, кыздар? **(Рюмкаларга арактан куят. Мая ортого чыгат.)**

**Мая** - Вальс! Мен бийлегим келип жатат. Хочу вальс! **(Өзүнчө тегеренип бийлейт.)** Аке-е.., (кылыктанат) сиз вальс бийлегенди билесизби?

**Келдибай** - Ооба айланайын. Аке дегениңден сенин... Ух-х!!!.. Билем, мен баарын билем. Жаш кезекте сонун танцевайт этчүмүн. Абайла, башың айланып кетпесин.

**Мая** - Башым айланса сиз турасыз го, акежан. Жыгылып баратсам кармап калбай жаныңыз жокпу. Хи-хи-хи!

**Келдибай** - Жаным бар, айланайын, жаным бар. Бийлесе бийлейли, атаңгөрү! **(Көңүлдүү музыканын коштоосунда бир топко бийлешет.)**

**Сакиш** - Браво! (Кол чабат.) Сиз **ничево** бийлейт экенсиз, аке. А азыр 5 мүнөттүк дем алыш. Антракт.

**Келдибай** - Ия? Ошондойбу? Мейли-мейли. (Жорголоп сыртка жөнөйт.)

**Сакиш** - Өлүп баратасыңбы, азыраак ич! Жөнөкөй, куулукшумдугу жок кыздай карма өзүңдү. Чалды колдон чыгарбайлы. Сени сүйүп калган окшойт, шилекейи чуурул араң турат... Кечкиге банкет бар. Абайла, уктуңбу!

**Мая** - Уктум, апакебайым. Колуман келишинче аракет кылып жатам.

**Сакиш** - Аракет кыл. Ар бир клиент бул- акча.

**Мая** - Клиентти кетирсеңер айдап жиберем деп эле уруша бересиз да. Урушпаңызчы? Ачууланбаңызчы, жаным апакебай?

**Сакиш** - Айдап жиберем!

**Мая** - Бараар жерим жок, эч жакка кеталбасымды билесиз да...

**Сакиш** - Аны да билем. Абайла, айлыгыңды кыскартып коюшум мүмкүн. Алдагы шмоткаңа эле жети миң акчам кетти.

**Мая** - Ууф-ф!.. Чечип берсем кутуламбы?! Чечейинби?.. Кайдан да сизге туш болуп калдым экен... Атамдай киши экен, уялып жатам.

**Сакиш** - Уялбай эле кой. Эркектерге убал жок! Секет, мен сени чакырган эмесмин, өзүң келгенсиң, Шурочканы ээрчип.

**Мая** - Шурочканы ээрчип келген ошол күндү да, Шураны да, өзүмдү да көлгө чөгөрүп жибергим келет...

**Сакиш** - Жүр десе эле келе бересиңби анан?

**Мая** -Ошону айтсаңыз. Өзүм күнөөлүүмүн. Жумуш жеңил, айлыкты жакшы төлөйт, тамак-аш кенен, анча-мынча шабашка да болуп турат десе, курган жаным, шадыраңдап ээрчип келе бериптирмин.

**Сакиш** - Именно, менин колума келип калганыңа кудайга шүгүр де. Идиш-аяк жууп, пол шыпырып, же дагы бирөөнүн баласын багып жүрмөксүң да темселеп. Башка "мамашаларды" деле көрүп, угуп жүрөбүз, кыздары мага качып келип жатышпайбы, сиз жакшы карап, жакшы төлөйт экенсиз деп. А сен сулуу кызсың. Сулуу кыздар мага керек. Өзүңө окшош татынакай подружкаларың болсо алып кел, иштешсин. Жаш кезде иштеп, бутка туруп алганыңар оң. Бактылуу карылыктын камын жаш кезекте көрүп коюш керек. Сени ээрчитип келгени үчүн Гуляга мен канча акча бергенимди билесиңби?..

**Мая** - Аа-а...

**Сакиш** - Ошондой, секетиң кетейин. Ар бир эмгек бааланыш керек. Бекер эч нерсе жок. Мен калыстыкты жакшы көрөм. "Мамаша"болуш эле оңой дейсиңерби? ... А биздин убакта "мамашабыз" бизди уруп-согуп, тепкилеөчү. Түнү-күнү иштетчү. Кордукту көрдүк го... Көз көрүп, кулак уккус жакка качып кетким келчү. А бирок, качып кетпедим. Кеталбадым. Кетирбейт да болчу... Эми минтип, ушунча көп кызга өзүм "мамашамын". Бул да болсо буйрук болсо керек... Дагы бир аз бутка туруп алайын, анан куда кааласа, башкача жашоо баштайм. Баарын башынан баштайм. Намаз окуйм, ажыга да барып келем...

**Мая** - Биз кантебиз анда, "апакебай"?





**Сакиш** - Эмне болсоңор ошо болгула. Тойдум баарына. Облава, прокуратура, больница..., баарынан да менттердики өтүп кетет. Баары эле менден акча алгылары келишет, акча заводум бар сыяктанып. Өткөн айдагы кирешем бүт баары менттердин колуна кетти. "Кыздарым" силер да тойгузасыңар. Баарыңардын кылык-жоругуңарга, капризиңерге чыдап жүргөн мага рахмат айткыла. Жебегенди жедирип, өз апаң алып бералбагандарды кийгизип жүрөм го мен. Дагы эмне керек?! **(Келдибай келип калат.)** Ана, жигит да келе жатат шашылып. Күйөө баланын басканы укмуш го. Хи-хи-хи. Актрисалык талантыңды көрсөт. Бүгүн сага кошумча гонорар төлөп берем. (шыбырайт.) --Келдибай аке, келдиңизби? Келиңиз, чайдан ичиңиз. (Чай куят.) Маечка, алтыным, үй бул эле жерде эмеспи, чуркап барып запас ачкычты алып келе койчу? Мен аңгыча күйөө бала менен сүйлөшүп отуруп турайын, эгер сен жаман көрбөсөң. Хи-хи- хи!

**Мая** - Жаман көрбөйм дечи... (Келдибайдын тизесине барып отурат да бетинен сылайт) Бирок, мен акемди уже кызгана баштадым. Акем меники, өзүмдүкү-ү. **(Келдибай төбөсү көккө жете сүйүнөт. Маяны жалооруп карай берет.)**

**Сакиш** - Сеники, сеники эле акең. Бар эми, барогой **(акырын чымчыйт).**

**Мая** - Мен тез эле келем. **(Келдибайга көзүн кыса чыгып кетет.)**

**Сакиш** - Бул такыр ичпейт эле, кичине кызып калды окшойт. Кечирип коюңуз? Жаш эмеспи. Анын үстүнө эркекке кандай мамиле жасашты деле билбейт байкуш. Анан бираз эркелик жагы да бар, көрдүңүз го... Эми мындан ары тарбиялап алыш колуңуздан келет деп ойлойм жана ишенем сизге.

**Келдибай** - Сөзсүз да. Акырын- акырын үйрөтүп алам да. Хо-хо-хо! Мен кемпиримди деле катуу кармачуумун убагында!

**Сакиш** - Конечно! Эркектин эркектей эле болгону дурус да. Чынын айтсам, менин эрим аябай кызыл камчы. Ал жогунан пайдаланып, кээде гана бир аз көңүл ачып жүрбөймүнбү. Хи-хи-хи! Түшүнөсүз да!

**Келдибай** - Түшүнөм. Мен түшүнөм айланайын. (Ушул учурда Сакиштин чөнтөк телефону шыңгырап калат.)

**Сакиш** - Да, угуп жатам. Ооба, мен "Сакиш жеңемин". Ооба, ооба. Албетте болот. Силердей клиенттерге албетте табылат. Хи-хи. Да, угуп жатам. Албетте, алдын ала төлөйсүңөр. Баасы анча деле кымбат эмес... Оо-оо, силер али көрө элек жаш, сулуу, жапжаңы, эч ким жыттай элек "гүлдөр" да бар. Албетте, албетте... Келип, эс алып кеткиле. Күтөбүз, келе бергиле. (Келдибайга) Менин чакан бизнесим да бар. "Гүл базарым". Хи-хи- хи. Гүлдөрдү ушунчалык жакшы көрөм дейсиз... Кардарлар аябай көп. Жанды койбой чала беришет. Өчүрүп эле турайынчы. **(Телефонун өчүрөт.)**

**Келдибай** - Мен да гүлдөрдү жакшы көрөм. Жылда эшиктин алдына 3 жөөк, 4 жөөккө ар түрдүү гүлдөрдөн эгип берчүмүн кемпириме. А роза гүлдөрү тим эле жайнайт менин короомдо. Куда кааласа барганда көрөсүз го.

**Сакиш** - Оо, жакшы. Маечка да роза гүлдөрүн аябай жакшы көрөт. Демек, экөөңүздөрдүн вкусуңуздар да окшош экен. Хи-хи-хи. Та-ак, эми тойду качан баштайын деп турасыз, Келдибай аке?..

**Келдибай** - Эми садаган кетейин, бир өлүмдөн башкасынын баары эрте болгону жакшы эмеспи. Тойду куда кааласа эмки базар күнү баштайлы. Эгер силер даяр болсоңор?

**Сакиш** - Биз го даярбыз... Маянын себи - сеп дегендей эле бар. Сиздин 1000 долларыңыз "кызыкенин" себинин алдында бир эле тамчы. Сиз берчү акчага биз спальный гарнитур алабыз экөөңөргө. Турецкий мамыктан. Мен заказ берип койгом гарнитурга. Бүгүн акчасын төлөшүм керек эле...

**Келдибай** - А баса, алып келдим калыңды. Мына, санап ал айланайын. **(Маасысынын кончунан жүзаарчыга оролгон акча алып чыгып берет.)**

**Сакиш** - (көздөрү жайнай түшөт) Ой, коюңузчу аке, сизге ишенем да. Убадага бекем, бир сүйлөгөн, **настоящий** эркек экенсиз. Кантип эле ишенбей калайын. А бирок, таап алсаң да санап ал дейт эмеспи, санап эле алайынчы, уруксаатпы?





**Келдибай** - Канешна. Пажалыста- пажалыста.

**Сакиш** - (шыпылдата санап, көкүрөгүнө салып алат) Оо-о! Туптуура экен. Рахмат сизге. Та-ак, спальный гарнитур 1500 доллар... Мейли, жетпегенин кошумчалайбыз. Таякеси да келип калат экен тойго, куда кааласа үлгүрүп... А биздин кошумчабызды той күнү билесиз! Мая деген өнгөн-өскөн, көргөн жердин перзенти. Сиз жолдуу экенсиз, аке!.. **(Келдибай өтө курсант болот.)** - Официантка, счет пожалуйста?..

**Келдибай** - Таажеңе, биз деле карап турбаспыз... Өзүм сизди ыраазы кылам. Үлүш жерибиздин жарымына пияз, жарымына картошка айдаткам. Мындан кийинки жей турган картошка, пияз-сабизиңиз мына күйөө балаңыздын мойнунда деп коё бериңиз. Эмдиги пенсиямдан жакшы атыр, помбаркыт көйнөк менен жади деген жоолук падарке кылам өзүңүзгө, таажеңе. **(Ийилип коёт).**

**Сакиш** - Рахмат, рахмат. Рахмат сизге күйөө бала. Алла ыраазы болсун. Хи-хи-хи. (Мая кирет.)

**Мая** - Таажеңе, мына ачкыч.

**Сакиш** - Мага эмес, күйөөңө бер ачкычты. Бул ачкыч сизге. Сиз эми өз кишисиз.

**Келдибай** - Рахмат, рахмат. **(Оң колун көкүрөгүнө ала ийилип коёт. Ачкычты алып жүзарчысына ороп туруп, этияттап маасысынын кончуна салып алат.)**

**Мая** - Эмне, кетебизби? Дагы бир аз отурбайлыбы?

**Келдибай** - Ие-ие-ие. Отуралы дагы бир аз?.. **(кеткиси келбейт. Мая экөө бири-бирин кыя албай тиктешип туруп калышат.)**

**Сакиш** - Шашпагыла-а. Бардыгы алдыда. Али көөп отурасыңар. Официантка-а! **(Официантка келет. Сакиш акча берет.)** - Калганын эшиктен сүйлөшөбүз, жүргүлө. Келдибай аке, баштаңыз? Жүргүлө.

**Жагымдуу музыканын коштоосунда үчөө чыгып кетишет. Сахна караңгылайт. Свет жарыганда үч дос чарпаяда сүйлөшүп чай ичип отурушат.**

**Келдибай** - (компоёт) Иштер ушундай шашылыш болуп калды, балдар.

**Базарбай** - Ие-ие, жакшы, жакшы. Жакшылык иштин эрте бүткөнү жакшы да. Жакшы-ы. Келинди көчүрүп келгенге кимдер кетишти анан?

**Келдибай** - Өзүмдүн уулум Максат досу Таланттын МЕРСЕДЕСИ менен кетишти. Анан да көрпө-төшөгү, жыгач-ташы көп дегенинен ГАЗ-53ү менен Сабырды жалдадык.

**Базарбай** - Канчага жалдадыңар?

**Келдибай** - Үч жарымга. 3500 сомго.

**Базарбай** - Охо-о-о! Бир топ эле чабылып-чачылдың. Мурдаа күнү базарда саан уй сатты деп уктум...

**Келдибай** - Ооба. Уйду саттырдым.

**Базарбай** - Ой, сенин уюң жакшы уй эле да! Пародасы жакшы болчу. Мен билем да. Сүтү азыраак болгону менен өтө каймактуу деп Гүлбү ыраматылык мактап калчу эмес беле. Каап...

**Келдибай** - Андан тышкары 6 эчки, 8 кой саттык, Маянын кийимине деп. Тууган- урук жардам кылды.

**Базарбай** - Пай-пай-пай!

**Келдибай** - Ой, пальтосу эле 5000сом экен да. Эң модныйсы.

**Базарбай** - Пай-пай-пай! 2 торпоктун пулу экен а! Жыл айланса 2 торпогуң 2 кунаажын болсо.., мм-м... анан аларың тууп берсе.., оу-уу-уу!.. 70000 миң болмок. Пай- пай-пай! Шылыныпсың ээ, досум, шылыныпсың.

**Чынарбай** - Шылынса эмне экен! Шылынса да мунуң жаш катын алып жатпайбы. Солкулдайт тим эле. Азыр келсе көрөсүң го. А мүмкүн Мая буга тууп да берер. Деги сен кудай деген адам экенсиң, Келдиш. **(Келдибай мулуңдайт).**

**Базарбай** - Мурда күйөө-пүйөөгө чыккан бекен аяшыбыз. Же кыз бойдонбу?

**Келдибай** - Мектепти бүтөөрү менен ала качып кеткен экен бир шүмшүк. Анысы арактı көп иччүү экен. Ар кимден кызганып, кээде жөн деле ура берчүү дейт. Анан атасы болбой жатып ажыратып алган экен Маяны. Ошол бойдон күйөөгө чыкпаптыр. Көңүлүм үч көчкөн журттай калган калган экен дейт күйөөдөн. Жуучулар көп эле келишиптир, ынабаптыр. Атүгүл чоң-чоң кызматтарда иштегендер да аябай чуркашыптыр артынан... Насип экен сиз жагып калдыңыз көөнүмө дейт.





**Базарбай** - Ие де. Жакшы, жакшы, жакшы. **(Ушул учурда төбөсүнө түйүнчөк көтөргөн Калча келип калат.)**

**Келдибай** - Кел. Кел, Калча аяш, төргө өт.

**Калча** - Келдим. Кел эми, тоюң кут болсун. **(Келдибайга калпак кийгизип, чепкен жабат.)** Куш бооң бек болсун! **(Галошун колтугуна кыса төргө өтүп отурат.)** - Омийи-и-н, той-тойго, той- казынага улансын. **(Бата кылышат. Калча Гүлбү кемпирдин портретин көрүп жашып кетет.)** - Өлбөй ка-ал, Гүлбү, өлбөй кал! Өлгөн өзүңдүн эле шоруң! Мына, жылдыгың чыкпай жатып, мунуң катын алам деп, оолугуп жатат, досум! А сен Келдибай деп жүрүп өлүп кеттиңго, өлүп кеттиң! Өлбөй кал, Гүлбү, өлбөй кал! **(Солкулдап бир топко ыйлайт, көзүнүн жашын жоолугунун учу менен аарчып, чимкиринет.)**

**Чынарбай** - Эмне эле деп каңкылдап жатасың!? Токтот сөзүңдү!

**Калча** - Гүлбү досумдун сүрөтүн көрүп, көңүлүм бузулуп кетти. (Дагы ыйлайт) Кокус, мен өлүп калсам сен деле ушинтмексиң да, ээ?.. Жылдыгым чыкпай жатып "катын алып бейгиле-е,"-деп, балдарды кыйнамаксың да, ээ?!..

**Чынарбй** - Аны көрөбүз да эми. Биринчи сен өлө берчи...

**Калча** - Ий, калжыңдаган калжык десе!.. Ии, кандайсың анан Келдибай? Түзүксүңбү? Ушинтип, той баштап жибердим де. Бу-у, ала турган зайыбың жаш экен деп укту-у-м...

**Чынарбай** - Жаш. Жапжаш. Солкулдайт го чиркин.

**Калча** - Ии эмне, сага да алып берейинби солкулдаганыдан?

**Чынарбай** - Кана эми андай болсо! (Купшуңдайт).

**Калча** - Уу, кулжуңдаган кулжук десе!.. (Тап берет)

**Чынарбай** - Койдум, байбиче, койдум.

**Калча** - Бирок, болуп калса жок дебейсиң ээ!..

**Чынарбай** - Өзүңдөн эле калбайын, дадагаң кетейин "кобрам" менин. Сенин эле алдыңа кетейин. Койдум. Жеңилдим. Мына, Гитлер капут! **(Эки колун көтөрөт.)**

**Калча** - (Базарбайга) Чыныгүлдү ээрчите келбейт белең, өзүң жалгыз куркуйбай. Чыныгүл ооруп жатат деп уктум эле, түзүкпү анан?

**Базарбай** - Жакшы. Кудайга шүгүр, жакшы болуп калды. Келин келе берсинчи, балдар машине менен алып келишет да.

**Калча** - Ии Келдиш, кандайсың анан..? Мулуңдап сүйүнүп турганын көр мунун. Келин жөнүндө айт мага. Гүлбүнүн ордун басалчудай немеби деги? Калыңды да көп алышыптыр деп уктум. Ата-теги, тууган- уругу кандай немелер экен? Жакшылап сынадыңбы?

**Келдибай** - Сынадым, сынадым. (Башын ийкегилейт).

**Чынарбай** - Ошо сынына толгон үчүн той баштап жатпайбы.

**Калча** - Мм-м...Сынаакы эле өзүбүздүн айылдан үйлөнсөң жакшы болот беле-е...

**Чынарбай** - Каңкылдабай жөн отурчу! Бүткөн ишти бүлүндүрбөй.

**Калча** - Дегиңкисин айтам да.

**Келдибай** - Чайдан ысык-ысык ичкиле. **(Чай куят. Нар жактагыларга)** Койду союп бүтсөңөр казанга сала бергиле. Тездеткиле, келээр маалдары болуп калды. Боорсогуңар бүттүбү? Самоорду кайнаткыла тез-тез!

**Калча** - Ээ Келдибай, тиги Гүлбүнүн жавандарын эшикке эмнеге чыгартып койдуң?

**Келдибай** - Азыр деген жаван мода эмес. Маянын себи, жыгачташы, гарнитурлары өтө эле көп экен. Турецский гарнитурдун жанында эски жаванга пок барбы! **(Ушул учурда аябай чарчашкан, капалуу Максат менен Талант келип калат.)**

**Чынарбай** - Мына-а, келип да калышты. Чыккыла, тосуп алгыла! Ой, келиндер, жоолук алып чыккыла дароо! Болгула тез-тез! (Шашып калышат.) - А келин кана?!

**Максат** - Келин жок.

**Келдибай** - Кандайча жок?!

**Максат** - Ушундайча жок! Ата, сиз берген адрес боюнча барсак ал жерде улгайган эле кадыр-барктуу адамдар жашашат экен.

**Келдибай** - Аа-а?...

**Чынарбай** - Иштеген жерине барбайсыңарбы, дөөдүрөбөй?! Фирмага?

**Талант** - Аяш ата, андай фирма жок экен.

**Келдибай** - Ия-я??!





**Талант** - Анан мурдагы жашаган жерине бардык, тагасынын үйүнө.

**Келдибай** - (жандана түшөт) Ии, таптыңарбы, ошерде бекен?

**Максат** - Жок! Жок. Таппадык. Эч кандай тага-пагасы жок экен. Ал жерде квартирант кыздар жашашчу экен. Притон. Алар да көчүп кетип калышыптыр.

**Базарбай** - Бири-тону эмнеси?

**Келдибай** - Бир тон да. Ошону да билбейсинби? Битта тон.

**Талант** - Мындайча айтканда бузулган аялдар жашаган үй.

**Келдибай** - Эмне-ее??

**Чынарбай** - Ия – я??

**Максат** - Анан биз ошол тегеректегилерден сураштырсак Сакишти билебиз дешти. Ал сутенерша болуп иштейт экен.

**Чынарбай** - Сүтэмершаа? Сакишби?.. Сакиш сүт эмчүү бекен? Тооба-а!

**Талант** - Сүтэмершаа эмес – сутенерша. Сутенер.

**Базарбай** - Эчкиэмерди билчү элем. Талаада оттоп жүргөн койэчкилердин мойнуна чап жабышат да болгон канын бүт соруп алат. Бу, сүтэмер дегенди уккан да көргөн да эмесмин. Тооба!

**Максат** - Сутенерлор деле ошондой болушат. Сиздерге окшогон ишенчээктерге чап жабышат да болгон акчасын бүт соруп алышат.

**Базарбай** - Тооба кылдым. Тооба!! (Жакасын карманат.)

**Чынарбай** - Эмне экен ал сүт-эмер-шаа дегени? Чоңураак кызмат го сыягы.

**Талант** - Сүтэмершаа эмес, сутенерша десеңиз.

**Чынарбай** - Суут- эмеер-шаа.

**Келдибай** - Сут- энеер- шаа-а.

**Талант** - Сутенерша дегени – ошол бузулган кыз-келиндерди саткан аял, же болбосо – Сакиш. А Мая болсо сойку болуп иштейт экен. **(Музыка дүңк дей түшөт.)**

**Чынарбай** - Койчу?!

**Келдибай** - (шыбырап) Андай болушу мүмкүн эмес..! Мүмкүн эмес!

**Максат** - Болушу мүмкүн ата. Бизге ишенбесеңиз өзүңүз барып, издеп-таап алып келиңиз. Уят эле болдук. **(Баары шалдайып отуруп калышат.)**

**Келдибай** - Эми эмне болот ия? Кантем??..

**Калча** - Кантмек элең, Гүлбү кемпириңдин арбагынан кечирим сура. Байкуштун топурагы жакшы муздай элек болчу. Демек, арбагы наарaзы.Чала болот сага! Чала!

**Келдибай** - Ия?.. Эми эмне болот?.. Эл эмне дейт..? Күйүп кетемби, күйүп кетемби?.. **(Эмне кылаарын билбей нары-бери баса берет).**

**Базарбай** - Канча дүнүйө, мал- мүлкүң кетти а?!.. Эми эмне болот?.. **(Чынарбайга)** Ушунун баарын кылган – сен!

**Чынарбай** - Эмне үчүн мен?! Сенчи? Байкуш досумду жетим баладай көзүн жалдыратпай эртерээк үйлөнтүп коёлу деген мынабу сен элең го!

**Базарбай** - Мен сенин мындай апиристи табаарыңды кайдан билдим.

**Чынарбай** -Апирис эмес аферис десең. Нак аферистер экен а, эй? Өмүрүмдө мындай аферистерди көргөн эмесмин... Андай кыйын экенсиң өзүң эле таппайт белең.

**Келдибай** - Таппай эле койгула.Үйлөнбөй эле койдум.

**Базарбай** - Табам эле. Тапканда да силерчилеп шаарга чуркабай, ушул эле жерден табам. Айылдыктардан айланса болот, айылдыктардан. Келдибай, көтөр башты! Бери келгиле, масилеттешели.

**(Үчөө бир нерселерди масилеттешип, калдалаңдап нары-бери чуркашат.)**

**Үчөө** - (залга) Ээ-ээй, араңарда башы бош кемпир барбы??

**КӨШӨГӨ**

***2007-жыл. Ош шаары***





# Классташтар

(драма)

Катышуучулар:

1. Жазгүл - окуучу кыз
2. Айбек - окуучу
3. Жора - окуучу
4. Эрик - окуучу
5. Эля - окуучу
6. Лира - окуучу
7. Алым - Жазгүлдүн атасы
8. Жаркын - Жазгүлдүн апасы
9. Токтокан - Айбектин апасы
10. Жигит - Жаркындын көңүлдөшү
11. Прокурор
12. Сот

**Окуя шаарда өтөт. Аябай жасалгаланган чоң бөлмө. Диванда Алым китеп окуп, жанында Жаркын тынбай сүйлөп жатат.**

**Жаркын** – Өзүң деле ойлоп көрчү - жалгыз кызыбыз болсо, чоңоюп, көзгө көрүнүп калды. Колубузга алып, өзүбүз тарбиялап, өзүбүз окутсак – эмнеси жаман. Шаардык мектеп менен айылдык мектептин айырмасы асман менен жердей.

**Алым** – Өзүң деле айылдык мектептен «терең» билим алган азыркы күндөгү жогорку билимдүү, маданияттуу шаардык интеллигентка аялсың го, жаным…

**Жаркын** – Ооба, ооба! Менин шаарда жашап, шаарда окуп-чокуганга шартым жок болчу. Атам жайы-кышы мал менен тоодо. Малчынын аялында эмне шаң – апам байкуш жүдөп-какап эле басып жүрчүү. Өмүрүндө бетине түзүгүрөөк крем сыйпабай жүрүп өтүп кетти. Маникюр, педикюр дегендер түшүнө да кирбесе керек байкуштун. (Жашыйт). Мен Жазгүлдүн келечегин ойлоп жатам. Келечегин! Жалгыз кызым өз көз алдымда болсо дейм. Келечекте жакшы, колунда бар, интеллигентүү үй-бүлөгө бүлө кылып өз колум менен узатсам дейм. Энеси менмин го Жазгүлдүн!

**Алым** – Ооба, төрөгөн энеси сенсиң. А баккан энеси башка да.

**Жаркын** – Апама берели, сен окууңду бүткөнчө. Апам жакшы багат деген дал ушу сен болчусуң. Анда сен профессор Алым Азатбекович эмес элең да. Ал убакта сен ач-ток калып, квартирадан квартирага көчүп жүргөн студент элең, туурабы?

**Алым** – Туура. Ал убакта өзүбүз бага албайт болчубуз… Апам бакты. Бардык кыйынчылыгына чыдады. Эми чоңойгондо алып алсак туура эмес го… Койчу эми алтыным, көп капалана бербечи. Капалана берсең бетиңе бырыш түшүп кетет. (Эркелетет). Университеттен сага ылайыктуу, жеңилирээк жумуш сүйлөшүп жатам. Болду эми, алтыным, сарсанаа боло бербечи? Ну, 2 жыл чыдасаң мектепти бүтөт. Анан университеттен окутабыз деп колубузга алып алабыз. Болдубу?





**Жаркын** – Чыдай албайт экенмин. Анткени мен – энемин! Уктуңбу энемин! А кокус ошо бойдон айылда калып калсачы. Өзүнөн 2 класс жогору окуган бала менен сүйлөшүп жүрөт имиш. Анысы мектепти бүтөрү менен ала качып алсачы?! Байкуш кызым ай! (Ыйлайт).

**Алым** – Алып алсак апам кантет анда. Анын көргөн күнү эмне болот. Эл эмне дейт. Уят го…

**Жаркын** - Апам эстүү киши эмеспи - туура эле түшүнөт. Апта сайын Жазгүлдү алып, чай-чамегин кошо, барып турбай жаныбыз жокпу.

**Алым** – Апамды деле алып келип алсакчы?

**Жаркын** – Оо, анда сонун болбойт беле… Бирок, апам көнөбү десең. Шаарга байлап койсоң да турбайт а киши. Мен апамды билем го.

**Алым** – Апам байкуш төртөөбүздү өзү жалгыз чоңойтту, окутту. Кыздарын күйөөгө берди. Жалгыз уулу мен минтип шаардамын.

**Жаркын** – Жумушуң шаарда болсо шаарда жашайсыңбы. Же эмне көчөлүбү айылга. Мектепке барып мугалим болуп иштейсиң «жыргап». (Булкулдаган бойдон ваннага кирип кетет, Алым айласы кетип отуруп калат.)

## 2 – СҮРӨТ

**Класстын ичи. Жазгүл шаардык мектептердин бирине бүгүн биринчи жолу сабакка келиши. Класстагылардын баарында свободная форма, же болбосо каалагандай кийинишкен. Жазгүл чачын 2 өрүп, аппак бантиктерди тагынып алган. Аңгыча коңгуроо шыңгырап калат.**

**Мугалим** – Үйгө тапшырма – жакшылап окуп келгиле. Саламатта калгыла. (Журнал, китеп-дептерлерин көтөрүп чыгат.)

**Окуучулар** – Саламатта барыңыз. Жакшы барыңыз. (чурулдашат).

**Эрик** – (Чуркап келип мугалимдин ордуна отура калып, туурап кирет). Үйгө тапшырма – жакшылап окуп келгиле. Саламатта калгыла. **(Очкисин оңдогонун өйдө**

**мугалимди өзүндөй кылып туурайт, окуучулар каткырышат. Эрик Жазгүлгө кайрылып)**

– Кана кызым, сен турчу ордуңдан? (Жазгүл турат). Сен кызым, өзүңдүн мына бул аппак бантиктериң жөнүндө кененирээк айтып берчи?! (Балдар каткырышат, Жазгүл ыңгайсыз абалда калат).

**Эля** – Эрик, хватит! Бул менин аяш атамдын кызы болот.

**Эрик** – Ой, кечиресиз, кечиресиз? Эртең-бүрскүнү семиресиз.

**Эля** – Семирбейм, жинди баш!

**Жора** – Эрик, токтот сөзүңдү! Сөздөн ишке өтөлү. Тез-тез 50дөн чогулткула.

**Лира** – А эмне үчүн чогултабыз?

**Жора** – Суббота күнү Нурчиктин днюхасына барабыз. Эс алабыз. А-то окуй берип мээлер чарчап кетмей болду. Эрик, давай! **(Баары Эрикке акча бере баштайт. Кезек Айбекке келет).**

**Айбек** – Мен эртең берейинчи?

**Эрик** – Эмне үчүн бүгүн эмес?

**Айбек** – Жанымда жок эле.

**Эрик** – Макулуңуз.

**Жора** – (Жазгүлдүн жанына келип) Чоң кыз, таанышып алалы. Менин атым Жанадил же Жора. Мен жөнүндө уксаң керек. Корочье, шаарды биз кармайбыз. Анча-мынча авторитет бар. Эгер, проблема болсо айт, жардам беребиз.

**Жазгүл** – Рахмат, эчтекенин кереги жок.

**Жора** – Народ, уккула! Бүгүн баарыңарды Эрик экөөбүз кафэ-мороженноеге чакырабыз.

**Лира** – Оо-ооо!

**Эля** – Ура-а!

**Жора** – Жүргүлө, кеттик анда. (Баары сумкаларын асынышып, сыртка чыга башташат. Жора Эрикке келип, шыбырайт).

Сөз мындай: $8^{б}$нын акчасын алып, тез биздин артыбыздан жетип барып калгын, уктуңбу?!

**Эрик** – Алар акчасын эки күн мурда эле беришти го.

**Жора** – Беришсе эмне экен!? Дагы беришет. Биз деле берип жүргөнбүз убагында. 8-класста жаңы жылга карата на-





логду чогулта албай калып, дед Леханын балдарынан жеген токмогум эч качан эсимден кетпейт. Кардын үстүндө топ сыяктуу тепкилешкен мени, энеңди урайындар. Өмүр бою унутпайм мен аны!.. Паравозуна айт, мени айтты де. Кыйшаңдаса өзүм сүйлөшөм. Бүктөп коём! Мен кеттим. А сен кечикпегин! Кыздарга уят кылып койбо мени!? (**кетет**).

**Эрик** – Уят кылбайм. Уят кылбайм!.. Ушу "Авторитет" жаман тойгузду да. Жетим жүгүрүк кылып алды мени. Иттин гана баласы…. (жерди тебет. Күбүрөп-шыбырап сөгүнгөн бойдон класстан чыгат. Ушул учурда дагы коңгуроо шыңгырайт).

## 3 - СҮРӨТ

**Арадан бир топ убакыт өткөн болот. Көчөдө Айбек, Жазгүл, Эля үчөө мектептен кайтып келе жатышат. Жазгүл аябай татынакай болуп, шаардыктарча кийинип алган. Айбек кыздардын сумкаларын көтөрүп алган. Айбек кыздарга сунуш кылат. Скамейканы көрүп,**

**Айбек** – Кыздар, бир аз эс алып отурбайлыбы?

**Эля** – Отурса отуралы. (Айбек скамейканы жүзарчысы менен аарчып, тазалап жиберет).

**Айбек** – Мынакей, отургула.

**Эля** – (Сумкасынан тамеки алып чыгат). Капа этпесеңер, Жазка?

**Жазгүл** – Жо-жок. **(тиги чегип, түтүнүн Жазгүлгө үйлөйт).** Эгер чынымды айтсам чеккениң мага жакпайт. Саламаттыкты сактоо министирлиги эскертет: - Тамеки чегүү-ү-ү сиздин ден-соолугуңузга зыян. (туурайт).

**Эля** – Да-ну! Зыян болсо эмне үчүн чыгарышат анда? Телевизордон, газета-журналдардан тамекини кайра-кайра рекламалап жатышпайбы. Мына көчөлөрдү карагыла. Тээтигини окусаң. «Вест - бул бал татым. Чыныгы жашоо» - деп бадырайып жазылып турбайбы. (чегет). А бул чын эле бал татыйт.

**Жазгүл** – Фу-у! Койчу, тамеки кантип бал татысын? Сасып эле турбайбы.

**Эля** – Эх, Жазка! Замандан артта калбаш керек. Азыр деген XXI кылым. Мына шаарга келгениңе 2 жыл болду. Бирок, дагы деле айыл жыттанып турасың. (чегет). Мен чекпесем семирип кетем. А бул болсо фигураны бир калыпта кармайт.

**Жазгүл** – Койчу?

**Эля** – Койбой-этпей эле. (чегет). Бах! Адам дегениң бул жашоодо баарын көрүш керек. Ансыз жашоонун кызыгы не? А бул болсо – чыныгы жашоо. Эх, сен аны түшүнбөйсүң, малышка! **(Жазгүлдүн карап калганын көрүп)** Ме, жок дегенде 1 жолу татып көрсөң. Ме, карма. Коркпо жеп койбойт. Ты такая несовременная! **(Кыстап жатып берет. Жазгүл татып көрүп, какап кетет, жөтөлөт. Эля күлөт).** - Жазка, сен чуть-чуть арыкташың керек.

**Жазгүл** – Ооба, мен семирип кеттим.

**Айбек** – Эля, койчу? Болдугулачы?!?

**Эля** – (күлөт) Жазка, сен эшек көргөнсүңбү?

**Жазгүл** – Ооба, көргөм. Атүгүл минип да жүргөм. Чоң энемдин эшеги бар болчу. Аты ким дебейсиңби – аты Принц. Мен койгом. Принцти минип, 2 фляганы артып алып, күндө суугa барчумун. Принц акылдуу эшек болчу.

**Эля** – Ошол эшекти биз шаардыктар ишак дейбиз. И-шак. И-дегенде демди ичке алабыз. Шак-дегенде сыртка чыгарабыз. Болду. (өзү көрсөтөт). Опоңой. Негизи, сен сулуу кызсың, Жазгүл... Эх, мен сендей сулуу болгонумда барбы, шаардагы бардык жигиттерди артымдан чуркатып, мээлерине чай эмес, кофе кайнатат элем. Мына минтип кармасаң. Вот так. Киноактрисаларга окшоп калдың. Кудум эле Женифер Лопес. Классно! Сонун жарашып калды.

**Айбек** – Жарашкан-этken жок. Жазгүл таштачы, ыргыт?

**Эля** – Ох-оо! Бул кайсы чоң атам?

**Айбек** – Мен туурасын айтып жатам. Жазгүл, таштачы?

**Жазгүл** – (мелтирейт). Алкыш жарыялайм, акылдуу сөздөрүң үчүн!





**Айбек** – Кетеличи эмесе, жүргүлө?

**Жазгүл** – Биздин деле өзүбүздүн башыбыз бар ийнибизде. (чегип көрүп, жөтөлөт, көзүнөн жаш агат). Кызык, бирок кандайдыр бир назик даамы бар экен ээ? Байкабаптырмын.

**Эля** – Сен байкабаган, билбеген нерсе көп, малышка. Дагы жакшы мендей подружкаң бар. Баса, эртең «девишник» өткөзөбүз. Жалаң «сливкилер». Келесиңби?

**Жазгүл** – Биз эртең үй-бүлөбүз менен чогуу айылга барабыз. Мен чоң энемди, мектепти, классташтарымды аябай сагындым.

**Эля** – Өзүң бил. Айка таарынып калып жүрбөсүн анан. Характерин билесиң. (Жазгүл ойлонуп калат).

**Жазгүл** – Мен барам. Сөзсүз барам. Один за всех, все за одного.

**Эля** – Ну и хорошо. Ме карма. (чөнтөгүнөн сагыз алып чыгып берет). Э-эх! Кандай жакшы. Эмне кылалы, кетелиби?... Идея! Бирден мороженное жебейлиби? Айбек, джентельмен болчу?

**Айбек** – Болот элем. Бирок жанымда акча жок эле да...

**Эля** – Акча жок, акча жок! Сараңсың ээ?

**Жазгүл** – Эля, койчу, жок болсо жок дейт да. Айбек ме. Үчөөбүзгө 3 мороженное алып келчи? (Айбек ыңгайсыздана нары көздөй кетет.)

**Эля** – Жмот. Кессең да кан чыкпайт. Сабактан жакшы окуганы эле болбосо... Жакпайт мага ушундайлар. Спортсмен имиш дагы.

**Жазгүл** – Айбек – окуунун алдыңкысы, тартиби да жакшы, ак көңүл. Биздин класстын эле эмес – мектептин да ишенген окуучусу, сыймыгы.

**Эля** – А Жора болсо шаардагы бардык мектептердин авторитети. Жанынан такыр акча үзүлбөйт.

**Жазгүл** – Жанындагы үзүлбөгөн акчалар кайдан келет билесиң да, ээ?

**Эля** – Ал өзүнүн иши. Балдардан сбор жыйнайбы, жерден чукуйбу иши кылса он богатенький. Күндө мага шоколад же мороженное алып берип турат. Кафеге барганыбызда мен эмне каалсам баарын заказ бере берет. Аябай колу ачык.

**Жазгүл** – Дружить эткениңерге канча болду?

**Эля** – 4 айча болду. Туулган күнүмдө эмне белек кылды, билесиңби?

**Жазгүл** – Эмне, айтсаң? (кызыгат).

**Эля** – Мынакей. (колундагы браслетти көрсөтөт). Таза күмүштөн.

**Жазгүл** – Аи-ий, аябай жакшынакай экен. Сонун жарашыптыр колуңа.

**Эля** – Лирага көрсөтсөм ичи күйүп өлүп кете жаздады. Лира Жоранын бывшая девушкасы эле да.

**Жазгүл** – Да-а?

**Эля** – Ооба. А сен эмне уккан эмес белең? Жора теперь мой. Он только мой! (Диана Гурцкаяны туурап ырдап кирет). Достору да жалаң крутойлор. Канат деген досунун Мерси бар. Туулган күнүмдө Канат ташып жүрдү бизди. Дискотекада болдук. Кафеде отурдук. Анан Канат бизди жеткизип койду. Коштошоордо целовались! (шыбырайт). Ах-х! А сенчи, бирөө-жарым менен өбүшүп көргөнсүңбү?

**Жазгүл** – Жок.

**Эля** – Ай, ушу сен. А билесиңби мен болсо биринчи жолу… (ушул учурда 2 мороженное көтөрүп Айбек келип калат).

**Жазгүл** – Рахмат. Өзүңө неге албадың?

**Айбек** – Мен жегим келбей турат. (Акчанын ашканын берет).

**Эля** – Рахмат. (жей баштashat, бир убакта саатын карайт). Ой, мен кеттим. Мамам менен базарга барышыбыз керек, жаңы джинсы алдыртам. Кеттим. Пока.

**Жазгүл** – Биз да кетели анда. Апам мени күтүп атса керек.

**Айбек** – Жазгүл, кичине отура туралычы? Сенде сөзүм бар эле…

**Жазгүл** – (кайра отурат). И, сөзүң болсо айт. Кана, айтпайсыңбы?

**Айбек** – (колдорун кырсылдатат, сүрдөнөт). Мен … Жазгүл… Билесиңби…

**Жазгүл** – Эмнени?

**Айбек** – Билесиңби? Мен… Сен… Сен Эляга кошулбай эле койчу?





**Жазгүл** – Ушулбу айтарың? Рахмат. (сумкасын асынып жөнө-мөкчү болот).

**Айбек** – Жок, Жазгүл токтосоң. Бул эмес менин айтарым… Кишини уксаң. Менин айтайын дегеним башка…

**Жазгүл** – И анан эмне? (Тиги айталбайт). Айтпайсыңбы маал-катпай. Билем эмне деп айтарыңды. Тигинт, минт. Тарбиялагың келет ээ? Акыл үйрөткүң келет. Сен көп эле чоң ата боло бербечи мага, макулбу?! Өз акылым өзүмө жетет. (Кетип калат).

**Айбек** – (артынан). Жазгүл! Мен сага чоң ата эмесмин. Мен сени жакшы көрөм, Жазгүл! (шыбырайт).

## 4 - СҮРӨТ

**Кафе. Свето музыка. Кабиналар. Шарактаган жаштар. Күлкүлөр. Столдо Жора, Жазгүл, Эрик, Эля, Лира, Айбек жана башкалар. Стол үстү жайнайт. Эрик анекдот айтып бүтөт. Баары каткырып күлүшөт.**

**Айбек** – (Жазгүлгө келип, акырын шыбырайт) Жазгүл, жүрчү, кетеличи? Мен сени үйүңө узатып коёюн.

**Жазгүл** – Жорка баарыбызды машина менен таштатып коём деди го. Чогуу келгенден кийин чогуу кетебиз да.

**Айбек** – Кеч болуп кетти. Апаңдар күтүп калышты го. Мен барганча апам уктабай күтүп отура берет.

**Жазгүл** – Апам жок үйдө. Кечээ айылга кеткен. Эртең келет. А паханым болсо командировкада – илимий иштери менен… Ушу быйыл сөзсүз илим жактайт буюрса. Ильяс компьютерде ойной берип чарчайт да, мен барганча уктап калат. Демек, баары жайында. Кой дээр кожо, ай дээр ажо жок үйдө, чоң энем айтмакчы. **(Жылмаят да эки жагын элеңдеп каранып алат, анткени баятан бери кулагына тааныш күлкү угулуп жаткан эле).**

**Айбек** – Балдар кызып калышты. Кетеличи? Бул жер мага жакпай турат.

**Жазгүл** – А мага жагып турат. Так романтично! Ай, жаштар, бийлебейлиби?

Торт заказной – биздин кыздарга арналат. Официант-ка-а. (Кол чабат. Официантка чоң торт апкелет). Эрик, кыздарга винодон куй. Өзүбүзгө по-мужски. Паспорт алгандан бери мен өзүмдү кадыресе киши катары сезип жүрөм.

**Жора** – Ананыраак бийлейбиз. Азыр болсо торт жейбиз.

**Эрик** – Аттестат алганда ого бетер киши болосуң. Паспорт колдо. Аттестат чөнтөктө. Оку, тигинт- минт, деген эч ким жок, эрте менен эрте туруп сабакка бар деген да эч ким жок. Жыргал! Толук кандуу граждансың.

**Лира** – Бир жагы, конечно, өкүнүчтүү. Ушунча жыл бирге окуган классташтарың, мектеп, агай-эжекелер менен коштошуу кыйын эле болсо керек. Мен силерсиз өзүмдү эч бир элестете албайм.

**Эля** – Мен дагы. Атүгүл түшүмдө да силер менен жүргөн болом.

**Эрик** – Сөздү жакшы көргөн классташым-жандашым, биздин класстын жылдызы – Эляга бермекчимин.

**Эля** – Дорогой Жора! Туулган күнүң менен куттуктайм. Сага дүйнөдөгү бардык жакшылыктарды каалайм. «Гос» экзамендерди ийгиликтүү тапшырып, өзүң каалаган ВУЗга кирип, студент болушуңа чын жүрөктөн тилектешмин.

**Жора** – Рахмат, бирок мен быйыл ВУЗга тапшырбайм. Бизнес менен алектенем. Таякемдер Казакстанда иш кылышат. Чакырып жатышат мени.

**Эля** – Мен аттестат колго тиери менен Питерди көздей учамын. Ошояктан окуйм. Кантсе да маданияттуу, өнүккөн, чоң шаар эмеспи.

**Айбек** – Мен өзүбүздөгү эле юридический факультетке тапшырам. Апамдын, бир туугандарымдын жанында болсом болбойт. Мен адвокат болом, куда кааласа.

**Жазгүл** – Мен Жазгүл Азатбековна, журналист болгум келет. МГУга тапшырам кудай буюрса. Бирок үйдөгүлөр өзүбүздүн универден окуйсуң деп болбой жатышат. Айрыкча апам.

**Эрик** – Апаң туура айтат. Жалгыз кызы болсоң… Кокус Москвадан нары Жапонияга же Эфиопияга ала качып





кетишсечи? Ал жакка сенин артыңдан кууп, жеңелериң кантип барышат?

**Жазгүл** – Ой-ой! Ким алып качмак эле. Же эмне ошоякта да кыз ала качуу салты бар бекен биздегидей?

**Эрик** – Кокус сүйүшүп-күйүшүп калсаңарчы дейм да чачы тармал, тиштери аппак, мурду жалпак, чымкый кара жигит менен?

**Жазгүл** – Сүйүү жөнүндө ойлоно элекмин али. Биринчи окуп, кесипке ээ болуу керек. Мен мыкты журналист болгум келет. Кален Сыдыкова же Байма эжелердей болсом… МГУдан окуп келип, УТРКда же башка бир жерде иштейм же өзүмчө телеканал ачам куда кааласа.

**Эрик** – Саясатчы болгуң келбейби же депутат-сепутат?

**Жазгүл** – Саясат сасык болот дешет. Көрүп эле жүрөбүз го айрым саясатчы байке-эжелерибизди. Жок, таза иштеп, таза, татыктуу жашоо керек.

**Эрик** – Чоң кызмат деген жакшы да. Креслоң чоон анан да майлуу болсо…

**Жазгүл** – Чоң кызматта иштебей деле эл, жер үчүн кызмат кылууга неге болбосун?! Ансыз деле бул жашоо – бизге сыноо үчүн берилет турбайбы.

**Эрик** – А сиз намаз-самаз окубайсызбы?

**Жазгүл** – Айылда жүргөндө 5 убак окучумун. Чоң энем баарын үйрөткөн. Орозо кармачубуз.

**Эрик** – Азамат, чоң эне! «Теологияга» тапшырсаң деле болот. Хиджап, жоолук, жеңи узун көйнөк аябай жарашат сага. Ха-ха-ха! Тамаша албетте. Лира, сенчи? Эч эле сүйлөбөйсүң да апапак аккуудай анан алтын балыктай болуп.

**Лира** – Мен мед.академияга тапшырам. Сүйлөшүп даже шапкасын да берип коюшкан. Акушер-гинеколог болом.

**Эрик** – Демек, биздин балдарыбыздын киндик энеси сен болот экенсиң да!

**Лира** – Буюрса. Подходуңарга карап көрөм. (Күлүшөт.)

**Эрик** – Сени алган жигит жыргайт. Гинекологдор жакшы табышат. Же өзүм эле алып алсамбы ия?

**Лира** – Дурачек! Сен биринчи токтолсоң көп эле шуулдай бербей.

Жигит болсоң шок бол, шок болбосоң жок бол нары.

**Эрик** – Силер мени кийинчерээк билесиңер. Мен океандын нар жагынан окуйм, куда кааласа. Папам англис тилинен репетитор жалдап берди. 10 жылдык жолугушууда көрөсүңөр мени. Көрөсүңөр да тан бересиңер. Кара МЕРСти минип, капкара очкини тагынып, 2 жансакчысы менен Эрик Давидович келет, классташтары менен жолугушууга. Директор өзү баш болуп, завучтары каш болуп, бүт мугалимдер чуркап келип, кош колдоп учурашышат Эрик Давидович менен. Математика эжекебиз да келет минтип алып (туурайт). Азыр пенсияда. Көрөсүңөр, 10 жылдан кийин деле иштеп жүргөн болот ушул эжеке. Кетпейби да жаштарга орун бошотпойбу десең.

**Айбек** – Жаштар мектепке келип иштешпейт да.

**Жора** – Мектепте мээлерин оорутканча, базарга чыгып байпак саткандары оң эмеспи. Мектепте бир ай иштеп араң тапканын базардан 1 күндө таап алышат, туурабы?

**Айбек** – Биздин класстан деле мугалим болом, балдарды окутуп, мектепте иштеп, келечек муундарды тарбиялайм дегендер болбоду го...

**Эля** – Болуп эмне кылабыз? Көрүп жатабыз го мугалимдерди. Же бир түзүгүрөөк кийине алышпайт. Өз предметин чала-була билишет. Ичишет, чегишет, ар кандай иштерди кылышат. Анан келип бизге акыл айтышат, «татыктуу» тарбиялашат.

**Айбек** – Катуу кетпесең. Баардыгы эле андай эмес да.

**Эля** – Ооба, бардыгы эмес. Бирок көпчүлүгү.

**Жора** – Мен айрыкча экинчи апабыздан кутулганыма шүгүр деп, экзамендер бүткөндө силерди дагы бир жолу кафеге чакырам.

**Эрик** – Жаша-а! Виват, Жора! Виват!

**Лира** – Ооба, эжеке сени өзгөчө «жакшы» көрөт.

**Жора** – Ой, бирдеме болсо, даже боло электе эле мени шектүү көз карашы менен карап, «Жора, дагы эмне кылып жибердиң», - деп турат кыжырга тийип.

**Эрик** – Дос, капа болбо. Кантсе да класс жетекчибиз да. Ал деле аябай сүйүнөт болуш керек бизден кутулганына.





Ар дайым аман болушсун- алтын мугалимдерибиз – саяпкерлерибиз!

**Айбек** – Чындыгында рахматты чоң айтыш керек мугалимдерге. 10 жыл мурун маңкабыз чубалып коркуп-үркүп мектеп босогосун аттадык эле... Мына эми, орто билимдүү зыңкыйган кыз-уландар кылып тарбиялашты «экинчи ата- апаларыбыз».

**Жора** - Кайсы атаңды айтасың. Алжыйын деген эки чал анан завхозду кошпогондо бир да эркек мугалим жок да биздин мектепте.

**Эля** – Былтыркы практикант агайлар баары биздин мектепте калып, иштешсе аябай сонун болмок.

**Эрик** – (кызгана түшөт) Силерге практикант агайлар болсо эле болду. Аларың экинчи биздин мектеп жакка баса алышпайт. Эркекче сүйлөшүп койгонбуз ээ, Жора.

**Жора** – Койчу ошолорду!

**Эрик** – Өзүбүз жөнүндө сүйлөшөлүчү. Ылайым айтылган ак тилектерибиз орундалып, өзүбүз каалаган ВУЗ-СУЗдарга кирип, окуп-чокуп, анан бүтүп келип иштеп-тиштеп, үйлөнүп-жайланып дегендей, дайыма бири-бирибизди сагынып, издешип, бүгүнкүдөй жакшы күндөрдө жолугушуп жүрө берели. Досчулугубуз дайыма бекем, түбөлүктүү болсун.

**Жора** – Түбөлүктүү болсун!

**Айбек** – Бекем болсун!

**Лира** – Окуучулук күндөрүбүздү эч качан унутпайлы!

**Эля** – Келгиле анда, биз үчүн – түбөлүк достук үчүн, классташтар үчүн! (Кагыштырышат.Ушул учурда жеңил музыка башталат да эс алып отургандар вальс бийлей башташат. Төркү кабинадан да экөө чыгып кучакташып бийлей башташат. Эркек аялды белинен имере кучактап, кулагына бирдемелерди шыбырап, өөп-жыттап, аял болсо назданып, күлүп-жайнап, дүнүйөсү түгөл бийлеп жүрүштү. Жазгүл бийлегендерди тикирейе тиктеп отура берет).

**Эля** – Жаз, уктаба. Биз бая эле ичип жибердик. Бол, алып жибер. Кандай гана жакшы сөздөр айтылды. Бол эми? (Жазгүл көңүл бурбай отура берет)

**Эрик** – Жазка, бизге деле көңүл буруп койсоң эми? Эмне жупташып бийлегендерди такыр көрө элек белең. Биз азыр айылда эмес – шаардабыз. Эң престижный кафеде – туулган күндө отурабыз, Жазгүл!?!

**Жора** – Жазгүл!?...

**Жазгүл** – ... ...

**Эрик** – Эсиңердеби, мындан туптуура 2 жыл мурун Жазгүл биздин класска келгенде кандай периште эле?

**Эля** – Эсимде. **(бырс күлөт)**.

**Жора** – Албетте, эсибизде.

**Эрик** – *Ак бантик тагып чачыңа*
*Сурманы коюп кашыңа*
*А азырчы, азыр болсо карагыла*
*Карагыла сулуулугун баалагыла*
*На-на-на-на-на...*

(Баары ырдап, кол чаап коштошот. Жазгүл ээн талаада отургандай жан дүйнөсүндө бороон-чапкын жүрүп, эч нерсе укпай да көрбөй да отура берет).

**Жора** – **(Келип, Жазгүлдүн ээгинен көтөрөт)**. Жазгүл, эсиңе кел. Сен биз менен. Суу ичесиңби?

**Жазгүл** – **(чочуйт)** Ия?

**Жора** – Суу ичесиңби деймп?

**Жазгүл** – Ия?.. Ооба ичем.

**Эрик** – Мынакей. (Фужерге арак куюп бере коет. Жазгүл арак экенин байкабай, ачуусун деле сезбей ичип жиберет, дагы эле өзүнө келе албайт).

**Айбек** – Эрик! **(Эрикке жини келе карайт)**. Жазгүл, эмне болду сага? Өңүң бузулуп турат. Жүргүлөчү, кетеличи.

**Жора** – Сен шашпагын дос! Шашкан шайтандын иши. Жүргүлө, андан көрө сынып-сынып бийлейличи **(Баары туруп бийлей башташат. Жарык өчүп-жанып турат. Айбек Жазгүлгө келет)**.

**Айбек** – Жазгүл, жүр кетеличи? Сен мас болуп калдың окшойт.

**Жазгүл** – Мен мас эмесмин, такыр мас эмесмин. Уктуңбу!?... Бирок, соо да эмесмин. Мен ыйлагым келип жатат.

**Айбек** – Жүрчү, кетеличи? Мен сени үйүңө жеткизип коём.

**Жазгүл** – Жок, мен үйгө баргым келбейт.





**Айбек** – Эмнеге?

**Жазгүл** – Ошого! Ошого! Сурабачы?... Апамды көргүм келбейт.

**Айбек** – Сен мас болуп калдың. Суу деп эмне ичкениңди билесиңби?

**Жазгүл** – А сен тетиги кабинадагылар ким экенин билесиңби?

**Айбек** – Жок, билбейм.

**Жазгүл** – А мен билем... Алар деген – менин сүйүктүү апакем жана анын сүйүктүү досу!

**Айбек** – Койчу, апам айылга кетти дедиң беле?...

**Жазгүл** – Демек, кетпептир!... Атам илимий иштеринен эч колу бошобойт же бошогусу келбейт. Апам болсо... Менин апам – дүйнөдөгү эң ыйык, эң таза, эң бийик адамым-тигине! (кабинадан ойкуштаган каткырык угула берет). Менин туу туткан адамым – тигине!!! (ыйлайт, ый жапайы каткырыкка айланат). Келгиле, ичеличи?! (Стаканда эмне болсо ичип жиберет. Айласын таппай каткыра берет). Бийлейличи?! (Ортого түшүп аябай бийлейт. Жарык өчүп-жанып турат. Мээни жарчудай дүңкүлдөгөн музыканын коштоосунда бийлеп жаткандар тири укмуштай коркунучтуу жин-шайтандарга окшош эле. Аябай бийлеп жаткан Жазгүл бир убакта башы айланып жыгылып түшөрдө Айбек кармай калып, стулга отургузат).

**Айбек** – Жазгүл, эмне болду?

**Жазгүл** – Кантем эми? Кантип жашайм? Апамдын бетин кантип карайм? Ушундай да акмакчылык болобу? (ыйлайт). Эгер турмуш ушундай ыпласчылыктан, алдамчылыктан турса, сүйүү деген жок болсо - анда баш кошуп, үй-бүлө куруунун эмне кереги бар?! Нике шакегин тагынуунун эмне кереги бар?.. Биздин үй-бүлө эң идеальный деп жүрбөдүм беле... Атамдай ата, апамдай апа жок бул дүйнөдө деп жүрбөдүм беле... Ушундан көрө сокур болуп калсамчы!...(ыйлайт). Болду, мен жашагым келбейт! (Наркы кабинадан апасынын каткырыгы угула берет. Жазгүл кулактарын эки колу менен бекитет). Жашагым келбейт!

**Айбек** – Тез кетпесек болбойт. Жүр деп жатам! (Колдон тартат).

**Эрик** – Дос, эмне кылып жатасың!? Жайына кой. Кой десе болбой көбүрөөк ичип албадыбы. Азыр соолугуп калат. (Күлөт).

**Айбек** – Турчу нары. (Түртөт. Эрик жыгылып кетет. Жорка келет.)

**Жора** – Эмне болуп кетти? Какие проблемы?!

**Эрик** – Мени түртүп жиберди акмак! Мен эмне кылдым сага?! (Экөө жакалашып кетишет).

**Лира** – Балдар! Жигиттер! Токтоткула, уят эмеспи?!

**Эля** – Токтоткула деймин, Эрик, Айбек! Бирдеме десең боло буларга, Жора?!

**Жора** – Сен кайфты буздуң, акмак! Өзүңдөн көр, ме сага! (Айбекти урат, ал тебет. Мушташ башталып кетет. Арачалаган кыздардын чаңырыгы, даңкылдаган музыкага кошулган тарс-турс. Жазгүл ушунун баарын түшүндө көрүп жаткансып отура берет).

**Айбек** – Жазгүл, ка-а-ач! (Айбек экөөнө моюн бербей бир топко мушташат. Жарык жанып-өчүп турат. Кыздар кыйкырып ары-бери чуркашат. Жарык жанганда зыл-ала канга боёлгон Айбек полдо сулап жаткан болот. Жазгүл Айбектин башын кучактап ыйлап алган. Достору качып кетишкен).

**Жазгүл** – Айбек, көзүңдү аччы?

**(Төркү кабинадаң Жаркын ойношу менен чыгат).**

**Жигит** – Эмне эле ызы-чуу болуп жатасыңар, чычкактар десе! Тапкан экенсиңер мушташчу жайды. Маданият, этика деген таптакыр жок азыркы жаштарда! Жаным, жүрчү кайра киреличи кабинабызга.

**Жаркын** – (Жазгүлдү көрүп чочуп кетет) Жазгүл, сенсиңби? Эмне кылып жүрөсүң бул жерде?

**Жазгүл** – (апасын көргүсү келбей турду) Өзүңчү?..

**Жаркын** – Менби?... Мен... Жөн эле келип калдык эле, эс алганы... (мукактанат).

**Жазгүл** – Биз да эс алып жатабыз. Айбек. Айбе-е-к?

**Жаркын** – Э кокуй, бул класташың Айбекпи?

**Жигит** – Жаркын, тез кетип калалы бул жерден, бас деймин?! (колдон тартат).

**Жаркын** – Жазгүл, Айбек! Эмне болуп кетти деги? Айткылачы?





**Жазгүл** – Жер астын-үстүн түшүп, кыямат-кайым болуп кетти!! Азыр топон суу каптайт! Элдин баары качып жатышат. Жаныңар болсо качкыла силер дагы! Качкыла!

**Жигит** – Эмне турасың селейип! Жүр качалы тезирээк. Милиция келгенче жоголуш керек бул жерден! Бас! (Жаркынды колдон сүйрөйт).

**Жаркын** – Кайда качабыз. Бул менин кызым Жазгүл да! Тез жардам чакыр, бол??

**Жигит** – Мм-м... Кызыңбы? Чакыргың келсе өзүң чакыра бер. Мен жөн жерден башымды балээге койгум келбейт. Корочье, мен бул жерде болгон жокмун! (Колун силкелгөн бойдон тез-тез басып чыгып кетет).

**Жаркын** – Сен кайда? Ушундай абалда таштап кетесиңби? Кетпе-е?

**Жазгүл** – Кеткиле! Баарыңар кеткиле?! Эч кимди көргүм келбейт! Качкыла! Жоголгула! (ыйлайт) Айбек. Айбе-ек!

## 5 - СҮРӨТ

**Сот залы. Токтокан жабырлануучу, Жора, Жазгүл, Жаркын, Лиралар ж.б. күбө катары отурушат.**

**Судья** – Күбө Элнура Жумаш кызы чакырылат. (Эля кирет). Өзүңүздү тааныштырыңыз.

**Эля** – Мен Эльнура Жумаш кызы 19...-жылы 15-июнда туулгам. Учурда №... мектепти бүтүрүп жатам.

**Прокурор** – Ошол күн жөнүндө айтып бересиңиз.

**Эля** – Эмнесин айтайын. Кадимкидей эле күн болчу.

**Прокурор** – Ошол күнү - башкача айтканда 12-май күнү сиз кайда элеңиз жана эмне жумуштарды аткардыңыз?

**Эля** – Господи! Эрте менен турдум, бети-колум жуудум. Анан мектепке бардым. Окудук. Акыркы сабак болгон жок. Анан үйгө кайтып келдим. Тамактандым, телевизор көрдүм.

**Прокурор** – Анан?

**Эля** – Анан Жазгүлдүкүнө бардым. Чогуу сабак даярдадык.

**Прокурор** – Анан?

**Эля** – У-уф! Анан мен Жазгүлдүкүндө калып калдым. Себеби, ал үйүндө жалгыз экен эле. Биз көпкө чейин

сабак даярдадык. Өтө кеч болуп калгандыктан мен алардыкында калып калдым.

**Прокурор** – Кафеге саат канчада бардыңар?

**Эля** – Кафеге барган жокпуз.

**Адвокат** – Эч кандай кафе-мафеге барган эмессиңер?

**Эля** – Жок деп жатпаймбы! Эмне үчүн мага ишенбейсиңер? Мен калп айтканды жаман көрөм, керек болсо.

**Судья** – Түшүнүктүү... Башка суроолор жокпу? Анда сиз да бул жакка өтүп отуруңуз... Күбө Эрик Давид уулу чакырылат. (Эрик кирет.) - Айта бериңиз.

**Эрик** – Эмнени?

**Судья** – Баарын. Өзүңүздү тааныштырыңыз, досторуңуз жөнүндө айтыңыз.

**Эрик** – Мен Эрик Давид уулу 19.. - жылы 18-декабрь күнү туулгам.

**Судья** – Учурда окуйсузбу же иштейсизби?

**Эрик** – Учурда №... мектепте 11-классты бүтүрүп жатам. Досторум көп менин

**Адвокат** – 12-май күнү жөнүндө айтсаңыз.

**Эрик** – Аа-а... 12-май Жоранын туулган күнү болчу. Биз кафеден белгиледик.

**Прокурор** – Биз – бул кимдер?

**Эрик** – Биз дегеним бул – мен, Айбек, Жора үчөөбүз. Себеби, үчөөбүз эң жакын достор элек. Биз ичип-жеп анан бир аз бийледик. Айбек ошол күнү бир аз башкачараак – көңүлү чөгүңкү болчу. Анан биз Жора экөөбүз кеттик, себеби тренировкабыз бар болчу. Айбек бир аз отуруп, анан барам деп калып калган болчу. Ошол бойдон көрүшпөдүк.

**Прокурор** – Силер кеткенде саат канча эле?

**Эрик** – Саат 21.30 болчу. Телевизордон кечки жаңылыктар болуп жаткан.

**Прокурор** – Айбек эмне үчүн калып калды эле?

**Эрик** – Бир аз отуруп, түтөтүп алып анан кетем деген болчу.

**Прокурор** – Айбек чекчү беле?

**Эрик** – Ооба. Кээде травка да чекчү.

**Токтокан** – Балам, калп сүйлөбөчү??





**Эрик** – Анысын биз – эң жакын достору эле билчүбүз. Эч кимге айтпагыла дечү... Бир- эки жолу сайынганын деле көргөм.

**Токтокан** – Оо кудай! Кудайды карасаң боло?!..

**Эля** – Мен деле көргөм сайынганын.

**Лира** – Мен да көргөм.

**Жора** – Ооба, ал кээде «дүңкүйүп» алчу. А түгүл мага да сунуштаган. Мен болбой койгом.

**Судья** –Тынчтангыла! Күбөгө башка суроолор жокпу?.. Анда сиз да бул жакка өтүп отуруңуз. - Сөз жабырлануучу Газиева Токтоканга берилет.

**Токтокан** – (ыйлап алган). Мунун баары жалган жалаа. Чекчү, сайынчу дегениңер бекер сөз. Ал спортсмен эле да. Садага болоюнум келечекте чынчыл, калыс адвокат болсом деп кыялданчу. Калп айтканды жаман көрчү. ...Атасынан эрте ажырадык. Бейиши болгур автокырсыктан каза таап, мен 5 бала менен жесир калдым. Айбек менин ишеничим, кубатым эле да. Жүлүнүмдү сыздатып, жүрөгүмдү кошо алып кеттиң го, каралдым. Артыңдан кошо кетип калайын десем төрт бир тууганың турат мени тиктеп. Жарык күнүмдү түнгө айлантып салдыңар го, айланайындар?! Эмне үчүн чындыкты бурмалайсыңар? Жапжаш туруп эмне мынча калп сүйлөйсүңөр? Болуптур, бүгүн мени, элди алдагыла, чындыкты жашыргыла. А бирок, өзүңөрдү-өз абийириңерди кантип алдайсыңар? Кантип чыдап жашайсыңар?!...(ыйлайт). Ак ийилет бирок сынбайт. Качандыр бир убакта чындык жаркырап чыга келер... Көрсө, бизде баары сатылат турбайбы. Чындык деген жок турбайбы! Кудайга койдум баарыңды!

**(Ушул учурдан залдан «Мен айтам чындыкты» деген үн угулат. Өңү купкуу болгон Жазгүл ордунан турат).**

**Жаркын** – Жазгүл, кызым, отур? Эсиңе кел? (жалооруй шыбырайт).

**Эля** – Жаз, сүйлөшпөдүк беле? Отур, унчукпа? (шыбырайт)

**Жора** – Жазгүл???...

**Жаркын** – Жазка, отур кызым? Бүткөн ишти бүлүндүрбө? Өз келечегиңе балта чаппа? Баары жайында болот. Эртең Москвага учасың, кызым. (Отургузууга аракет кылат).

**Жазгүл** – Апа-а?!?... Болду, жетишет! Мен башка чыдай албайм. Айтам! Баарын айтам. (Жазгүл эч кимди карагысы келбей, өзүнөн өзү жипкирип, коркуп да бир гана сотту эш тутуп, жан дүйнөсүн каптап келаткан балээ – коркунучтан бир гана ушул киши сактап калчудай, ушу азыр кечиксе туңгуюкка ого бетер терең түшүп, такыр чыга албай каларына чындап көзү жетип, болгон чындыкты тезирээк жарыя кылып айтып, канча күндөн бери албарстыдай басып тумчуктуруп, муунтуп келаткан балээден тезирээк кутулгусу келип, көздөрү жайнап турду.)

**Судья** – Бул жакка чыгып айтыңыз?

**Музыка ойнолуп турат. Жазгүл тынбай сүйлөй берет:**

.................................................................................

.................................................................................

.................................................................................

– Мына ушундай... Мен баарын айтып бүттүм.

**Жазгүл** – А эмне үчүн мурда башка көрсөтмөлөрдү бердиңиз эле? Жалган көрсөтмө бергенге да статья бар.

**Прокурор** – Ушинтип айтабыз деп сүйлөшүп алган болчубуз.

**Жазгүл** (классташтарына) Классташтар, кечирип койгула. Мен сезгө бекем туралбадым. Силерге чыккынчылык кылып, сатып койдум. Бирок, туура кылдым деп ойлойм. (Ушул учурда апасы экөөнүн көзү чагылыша түшүп, Жаркын көзүн ала качат). Биз баарыбыз Айбектин арбагы астында күнөөлүбүз. Айрыкча, мен күнөөлүмүн. Ошол күнү туулган күнгө барбай эле койсом болмок экен. Айбек да жүрөгү бир жамандыкты сезгендей улам эле мени кетеличи деп жатты эле... Ошондо эле кетип калсам ушунун баары болмок эмес... Эх!.. Анда биз Айбек болуп баарыбыз акыркы коңгуроо үнүн чогуу угуп, бүтүрүү кечесин чогуу майрамдап, анан лимузинге баарыбыз чогуу түшүп алып, таң атканча шаарды кыдырмакпыз... (Токтоканга) Апа, кечире





алсаңыз кечириңиз? Дүйнөдө сиздей апалар көп болсо экен. Кечириңиз?... Сиз кечирген күндө деле өзүмдү өзүм эч качан кечире албайм!

...Эми соттой бериңиз... (Классташтарын көрсөтүп) Булардын күнөөсү жок. Жалгыз мени гана соттоңуз?... Тезирээк соттоңуз да тезирээк алып кетиңиз?... (Зал ичи уу-дуу болуп кетет).

**Судья** - (Шашып калат.) Сот танапис жарыялайт. Танапис!

**Балкасы менен столун ургулайт. Балканын үнү бирде мектеп коңгуроосуна, бирде түрмөнүн эшиктеринин кыйчылдаганына, кайрадан мектеп коңгуроосуна алмашып тынбай жаңыра берет. Фондо А.Өмүркановдун сөзүнө жазылган К. Эралиеванын «Акыркы коңгуроо» деген ыры акырын жаңырып турат.**

## КӨШӨГӨ

***2007-жыл. Ош шаары***









# Күтүү

(драма)

Катышуучулар:

1. Аяна - таштанды кыз, 15 жашта
2. Үмүт - апасы Россияда, 15 жашта
3. Сезим - чолок кыз, 15 жашта
4. Кыял - апасы түрмөдө, 12-13 жаштарда
5. Айсулуу Акимовна - тарбиячы, 48-50 жаштарда

**Окуя жетим балдар үй-интернаттарынын биринде болуп өтөт. 2 ярустуу 4 кровать коюлган бөлмө. Үмүт сумкасын чукуланып, Аяна кроватын оңдоп-түзөп, Кыял оюнчук куурчагына көйнөк кийгизип, чачын тароо менен алек. Сезим терезени карап ойлуу.**

**Кыял** - Кийи-и-н, мен кызыма дал ушундай көйнөк тигип берем.

**Үмүт** - Кыял, кызыңдын чачын 2 өрүп койсоң? Кийин-кийин, мен апа болгонумда кыздарымдын чачын 2 өрүп, аппак бантиктерди тагып беремин.

**Аяна** -А сенин канча кызың болот, Үмүт?

**Үмүт** - 5 кызым болот.

**Сезим** - Ооу! А эмне учун беш?

**Үмүт** - Бир туугандар көп болгону жакшы да. 5 деген сан өзү жакшы. Мисалы, сабактан «беш» алсаң мугалимге да, өзүңө да жакшы, жагымдуу.

**Сезим** - Мен бүгүн матемден «беш» алдым. (бажыраят)

**Кыял** - Мен болсо сабактар бүткүчө коркуп отурдум, эжеке качан мени сурап калат экен деп. Сураса эле дароо жакшынакай 2лерди алмакмын. Жүрөгүм дүкүлдөп араң отурдум.

**Аяна** - Эмне, сабакка даярданган жок белең?

**Кыял** - Даярдангам. Атүгүл кайталап да окугам. Баарыбир башыма эчтеке кирбей жатат.

**Үмүт** - Билебиз, башыңда эмне бар экенин...

**Кыял** - Эмне бар экен? (башын сыйпалайт)

**Үмүт** - Бөө-ө! Бөө-ө турат башында. Ха-ха-ха! (Кыял чочуп кетет. Тигилер күлүшөт) Керим+Кыял=сүйүү деп жазып коюшуптур, окудуңарбы?

**Кыял** - Ким жазыптыр? Каерге жазыптыр?! Акмактар десе!

**Үмүт** - Туалеттин өйдө жагында жазылып турат го, окубадыңарбы?

**Кыял** - (ачуусу келип) Керимди мен жаман көрөм керек болсо! Шашпасын! Эртең эле директорго айтпасам элеби! Келесоо десе! Ошентип да жазабы!

**Аяна** - Керим антип жазбайт. Ал жакшы бала. Бул Сардардын эле кылганы.

**Кыял** - Анда Сардарды айтам. Класс жетекчисине да айтам! (ыйламсырап) Мен буякта өзүм зорго жүрсөм...





Атамды сагынып араң жүрсөм..! Үү-ү-үү! **(Ыйлап жиберет)**

**Аяна** - Болду ыйлаба!? Эртең менен эрте туруп барып, өчүрүп салабыз. Болду, болду! **(Үмүттү жекире тиктейт).**

**Үмүт** - Кечирип кой, Кыял? Тамашалайын дедим эле...

**Кыял** - Мындай тамашанын кереги жок мага! Билдиңби!? Сен жаман кызсың! Экинчи сүйлөбөгүн мага! Азыр эжеке келсе айтам. **(бултуңдайт)**

**Аяна** - Кыздар, болду эми. Үмүт сени таарынтайын деп деле айтпады, ээ? Кечирип кой? Келгиле эми, жаталы да уктайлы.

**Сезим** - Айсулуу Акимовна да келатат окшойт. Кыял, ыйлаганыңды көрсөтпө ага. Тим эле жаныбызды сууруп алаар. **(жатууга кам көрө баштаашат).**

**Аяна** - Ушу Айсулуу Акимовнага таң калам. Кабагын ачып, жаркылдап жүргөнүн такыр көрө элекмин. Мисирейип жүргөнү- жүргөн. Башкалар бир сменага араң чыдаса бул эжеке 2 смена иштейт. Такыр чарчабайт.

**Сезим** - Ишке да таң атпай келет. Түнү деле уктабайт окшойт. Бирдеме шырп этсе болду, «лып» этип дароо пайда боло калат, кабагын карыш түйүп алып. Кой, тезирээк жатып алайынчы.

**Үмүт** - Бирок, жакшы жактары деле бар эжекенин. Чүш-ш.

**Ушул учурда эки колун халатынын чөнтөгүнө салган салабаттуу, көз карашы токтоо, өкүм сүйлөгөн Айсулуу Акимовна кирет.**

**Айсулуу:** - Кыздар отбой! Тез жаткыла да тез уктагыла! **(Ар бирин теше тиктеп турат. Кыздар шашыла төшөктөрүнө жата калышат).**
-Түнүңөр бейпил болсун! **(Бир аз карап турган соң жарыкты өчүрүп чыгып кетет).** - Жакшы жаткыла. (жумшагыраак)

**Бөлмөнү жымжырттык каптайт. Бир убакта акырын чыккан үшкүрүк угулат. Бирөөсү жөтөлөт. Жымжырттык. Тунжураган жымжырттык. Бир убакта бирөөнүн буулуга акырын ыйлаган үнү угулат.**

**Аянанын үнү** - (шыбырай) Үмүт, эмне болду? (үн ыйлай берет.)

**Сезимдин үнү** - Үмүт, ыйлабачы?...

**Кыялдын үнү** - Үмүт, мен сага капа болгон жокмун, ыйлабачы?

**(Үн буулуп ыйлай берет. Аяна туруп барып, жарыкты жандырат).**

**Аяна** - Үмүт, болду ыйлабачы? (чачтарынан сылайт)

**Кыял** - Менде "Дирол" бар, ме чайнайсыңбы? (Тиги башын чүмкөнө ого бетер буулугуп ыйлайт.)

**Сезим** - Үмүт, катуу айтсам кечирип кой? Ыйлабачы? (өзү да ыйламсырайт.)

- Болду, болду! Эмне болду деги? Айтчы бизге? Ким таарынтты? Ыйлабасаң эми?.

**Үмүт:** - **(Оозун төшөгү менен басып алып, үнүн чыгарбай буулдап-буулдап ыйлап, кыйлада басылат).**

...Мени эч ким таарынткан жок. Мен... Мен... (эмшиңдейт) Мен апамды аябай сагынып кеттим. Ушунчалык сагындым.Чыдай албай жатам! (эчкире дагы ыйлайт).

**Кыял** - Мен деле сагындым. Аябай - аябай сагындым... Кой, ыйлаба Үмүт? Сен ыйласаң биздин да ыйлагыбыз келип кетти **(көзүнө жаш тегеренет.)**

*Ай тийген тескей тескейби,*
*Алтындай апам эстейби.*
*Алтындай апам эстесе,*
*Ай сайын келип кетпейби...*

**(Калтыраган, сагыныч, кусага, күтүүгө жык толгон үнү менен ырдайт. Ага Сезим кошулат. Үмүт да кошулуп ырдайт. Ырлары чын жүрөктөн чыгып жатты. Бир гана Аяна ырга кошула албай сезимдери уйгу-туйгу боло буларды карап турду. Бир убакта бирөөнүн басып келе жаткан кадамы угулат. Кыздар шашыла төшөктөрүнө жата калышат).**

**Айсулуу** - Эмне үчүн уктабай жатасыңар?! Ким ырдады?! Кыял! Үмүт! Аяна! Сезим деп жатам! **(Тигилер уктамыш болуп жата беришет.)** Аяна! Тим эле катуу уктап калгандарын көр булардын, Шашпагыла силердиби!...





Жарыкты да жандырып алышкан тура... Болду кыздар, уктагыла!? Эртең сүйлөшөбүз.

**(Жарыкты өчүрүп, эшикти жаап чыгып кетет. Бөлмөнү кайрадан тунжураган жымжырттык каптайт. Бирөөсү акырын жөтөлөт.)**

**Аяна** - Келгиле эми уктайлычы, кыздар.

**Сезим** - (оор улутуна) Уктаса уктайлы. Жакшы түш көрүп жаткыла.

**Кыял** - *Жаттым тынч,*
*Жастыгым кенч .*
*Диним ислам,*
*Тилегеним ыйман.*

**Сезим** - *Жаттым тынч,*
*Жастыгым кенч.*
*Диним ислам,*
*Тилегеним ыйман.*
- Болуптур кыздар, мен кеттим анда. (оодарылат)

**Үмүт** - *Айланайын Кудайым,*
*Уктаарда дуба кыламын*
*- Таң атканча түшүмө*
*Апам кирсин ылайым?*
*Омийин,*
*Апам кирсин ылайым??..*

**(Бүүрүл жарык Үмүттүн кроватына түшөт)**

- Жок дегенде түшүмдө апам менен бирге болуп, көкүрөгүнөн жыттап-жыттап, алайын... (Улутунат.) Апам түшүмө кирген сайын мага кыпкызыл туфли, көйнөк анан көп-көп «шоколадные лапки» деген конфеттерди алып келет. А бирок, мына эми конфеттеримди жейин деп турганымда же эжеке же силер сөзсүз ойготуп жиберисиңер. Анан мен жиним келип. жүрөгүм сайгылашып кетет. Эми эле жанымда турган апамды таппай бакырып ыйлагым келип кетет.

**Аяна** - Ошон үчүн эрте менен турганыңда чукчуңдай берет экенсиң да.

**Сезим** - Уйкучу бул.

**Үмүт** - А кечээ түнү түшүмдө апам аябай көп акча алып келиптир. Ушунчалык көп экен. Мен мынчалык көп акчаны эч көргөн эмесмин.

**Сезим** -Кыял, жарыкты акырын жандырып койчу? Уйкум келбей турат. Үмүт, анан?

**Үмүт** - Анан апам: Мына кызым, мен иштеп, ушунча акча таап келдим. Биз эми бул акчаларга үй сатып алабыз. Сага да каалаган нерсеңди сатып берем. Эми бул жерден сени биротоло алып кетем,- деди. Мен болсо ушунчалык сүйүнүп жатам дейсиң... Атүгүл сүйүнгөндөн жүрөгүм дүкүлдөп согуп жатканын даана уктум. -Апа, чын эле келдиңизби? Өңүмбү же түшүмбү деп, апамдын келгенине ишенбей, колдорунан кармалап, өңүм болсо экен ылайым,- деп жаттым. - Чын эле келдим садагам, Үмүтүм менин. Жүр, жүрөгой кеттик,- деди. Дегенин кадимкидей уктум. Көзүмдү ачсам, эжеке мени колумдан тартып тургузуп жатыптыр. Силер жуунганы чыгып кетиптирсиңер.

**Кыял** - Каап, ойготпой коё турса болмок экен, ээ?.

**Үмүт** - Ошону айтсаң. Эжекени ушунчалык жаман көрүп кеттим... Чуркаган бойдон апамдын жанына качып кетип калгым келди.

**Сезим** - Түшкө акча кирсе санаа деп айтышат го.

**Үмүт** - Ия?.. А мен сүйүнүп жатпаймынбы, буюрса апам көп акча алып келет экен деп.

**Аяна** - Баарибир жакшы ниет, жакшы тилек кылган жакшы да. Чын эле апаң аябай көп акча таап келет окшойт.

**Үмүт** - (сүйүнөт) Рахмат сага. Апам келет жакында. Мен сезип турам. Жүрөгүм сезет. Менин «аркам» бар, эй кыздар. Сол көзүм да көптөн бери тынбай тартат. Менин жылым - жолборс. Жолборс жылындагылар сол көзү тартса сүйүнүшөт. Демек, апам келет! Көп акча алып келет. Анан биз 2 бөлмөлүү квартира сатып алабыз. Менин өзүмчө бөлмөм, кроватым болот. **(Кайра чочуп кетет)** Жок, биз апам экөөбүз бир эле бөлмөдө кучакташып уктайбыз... Анан дем алыш сайын мен силерди үйүмө конокко чакырып турам. Өз колум менен силерге оливье жасап берем.

**Сезим** - Мен оливьени жакшы көрөм.





**Кыял** - Мен дагы.

**Үмүт** - Анан апам бизге оромо жасап берет. Апам оромону, гүл мантыны, каттаманы сонун жасайт. Жеп көрөсүңөр го.

**Кыял** - Менин апам да оромону аябай сонун жасайт. Атам экөөбүз апама оромо эле жасата берчүбүз.

**Аяна** - Үмүт, апаң качан келем деп жатат?

**Үмүт** - Билбейм... Такыр байланышпай калды. Кат да жазбайт. Россиядан иштеп, көп акча таап, тез эле келип калам деген болчу. Бир жарым жылдан ашып кетти... Азыр Россияда эмес, Түркияда иштеп жүрөт экен.

**Сезим** - Түркияда болсо демек, жакшы экен да.

**Үмүт** - Эмнеси жакшы?

**Сезим** - Түркия алыс болгону менен өнүккөн, бай өлкө. Өнүккөн өлкөлөрдүн адамдары да бай болушат. А бай адамдардын акчалары өтө көп болот. Демек, апаң көп акча иштеп келет экен.

**Үмүт** -(сүйүнүп кетет) Оозуңа май! Айтканың келсин. Апам тезирээк эле келсе экен, о кудай? Келсе эми эч жакка кетирбейм. Үй эле алып алсак болду эле. Апам экөөбүз жыргап жашай беребиз, куда кааласа **(апасы эми эле келип калчуудай болуп Үмүттүн көңүлү чалкып турду.)**

**Сезим** - Үмүт, бир суроо сурасам капа болбойсуңбу?

**Үмүт** - Сурай бер, эмнеге капа болмок элем.

**Сезим** - (аярлай) Атаң каякта? Атаң жөнүндө эч эле сүйлөбөйсүң го?

**Үмүт -** **(олуттуу тарта улутунат)** Апам менен атам мен кичинекей кезимде эле ажырашып кетишиптир...

**Кыял** - Эмнеге?

**Үмүт** - Мен кайдан билейин. Чоңдор өздөрү билишет да. Атамдын азыр башка үй-бүлөсү бар.

**Сезим** - Балдары да бар бекен?

**Үмүт** - Ооба. Балдары көп экен. Ошон үчүн колу бошобой жүрсө керек да. Менин бул жерде экенимди укпаса деле керек.

**Кыял** - Укса сөзсүз келип алып кетмек да.

**Үмүт** - Демек, менин атама керегим жок. Керек болсом жок дегенде бир жолу келип көрүп кетмек, алып кетпесе

деле. Мына мен 15 жашка чыктым. Бир да жолу атамды көрө элекмин, сүрөттөн эле көргөнүм болбосо. Аталар боору таш болобу деп ойлоп калдым..

**Кыял** - Жок! Андай эмес! Таптакыр андай эмес. Аталар боору таш болбойт. Алар деген эң жакшы кишилер!

**Сезим** - Сен кайдан билесиң? Кантсе да биз сенден 2,3 көйнөктү мурун жыртканбыз го.

**Кыял** - Билем эле. Билген үчүн айтып жатам да. Мисалы, менин атам дүйнөдөгү эң боорукер, эң жакшы киши болчу. Акылдуу, сулуу да болчу. Мени жанындай жакшы көрчүү. Апамды да жакшы көрчүү. Бизде бардыгы бар эле. 3 этаждуу үйүбүз, дачабыз, атүгүл, өзүбүздүн магазинибиз да бар эле.

**Үмүт** - Машинаңар да бар беле?

**Кыял** - Ооба да.

**Сезим** - Атаң эмне иш кылчу эле?

**Кыял** - Жакшы иште иштечү. Бизнеси бар эле. Биз бактылуу үй-бүлө элек. Аябай бактылуу элек... (улутунат) Эгер ошол окуя болбогондо биз дагы деле бактылуу болуп жашай бермекпиз. **(башы шылкыя)** Мен бул жерге келмек да эмесмин.

**Сезим** - Кандай окуя?

**Кыял** - Жаман окуя. Өтө жаман. Айткым да келбейт.

**Сезим** - Мейли айтпасаң айтпай эле кой.

**Кыял** -**(бир топко тунжурап отурган соң оор улутунат)** ... Эгер биз апам экөөбүз ошондо курортко барбай эле койсок мындай окуя болмок эмес.

**Үмүт** - Ой, курортко барган сонун дешет го?

**Кыял** - Жок, курортко барган жаман экен. Мен жаман көрөм.

**Үмүт** - Апам келсе, биз сөзсүз курортко эс алганы барабыз. Апам өзү айткан.

**Кыял** - А силер барбай эле койгула. ... Атам бизди машинасы менен курортко жеткизип койду, 10 күндөн кийин өзүм келип, алып кетем деп. Мен бир жумадан кийин эле атамды сагындым, кетебиз дей бердим. Апам менин сөзүмдү кыялбай, үйүбүзгө кайтып келдик.

... Келсек, уктоочу бөлмөдө атам бир эже менен кучакташып уктап жатышыптыр...





**Үмүт** - Уктап?

**Кыял** - Ооба. Экөө кучакташкан бойдон уктап жатышыптыр!..Апам өңү купкуу боло түштү да мени кухнябызга чыгарып, өзү чоң аш бычагыбыз бар болчу, ошону алып, чуркаган бойдон уктоочу бөлмөгө кирип кетти. Анан, ызы- чуу болуп эле жатып калды. Кошуналар, милиция байкелер келишти. Мен ыйлай бердим. Апамды колун аркасына кайрып, машинага салып кетишти. Атамдарды больницага... Анан.., ошентип мен бул жакка келип калгам...

**Аяна** - Туугандарыңар жок беле? Сени алып калышпадыбы дейм да..?

**Кыял** - Бар эле... Бирок, алар мени жаман көрүшөт да.

**Сезим** - Эмне үчүн жаман көрүшөт? Сен жакшы кызсың го.

**Кыял** - Билбейм... Күйөөсүн өлтүргүчтүн кызы деп жаман көрүшөт да.

**Аяна** - Атаң өлдүбү?!

**Кыял** - Ооба... Атам оорууканада өлүп калды.. **(Көзүнө жаш тегеренип, заманасы куурулуп кетет.)**

**Аяна** - Берки эжечи?

**Кыял** - Ал сакайып чыгып кеткен...(улутунат) Түшүмө атам көп кирет. Дайыма мени мойнуна көтөрүп алып жүрө берет.

**Үмүт** - Апаңчы, кирбейби түшүңө?

**Кыя** - Апам да кирет. Ыйлай берет, ыйлай берет. Мен апамды көздөй**«апа-а-а!»** деп чуркайм, бирок эч эле жетпейм. Алыстан-алыстан кечир кызым, күнөөлүүмүн дей берет.

**Үмүт** - Кандай күнөөсү бар экен?

**Кыял** - Ким билет дейсиң... Эгер ошол эже биздин үйүбүздө атам менен уктабаганда мындай иштер болмок эмес... Менимче ошол эже күнөөлүү.

**Үмүт** - Ооба да! Бирөөнүн атасы менен да уктайбы! Өзүнүн үйүндө уктабайбы, уйкусу келсе! Мен ошондой эжелерди жаман көрөм! Ошондойлорду түрмөгө алпарып, камап салыш керек, керек болсо! **(ачуусу келип чыгат).**

**Кыял** - Чындыгында, күнөө кимде экенин так билбейм. Ошол эжедеби, атамдабы, апамдабы же мендеби...

Үүх-х... Апама 9 жыл беришкен. Эми 1 жылы араң өттү. Убакыт таптакыр жылбагандай сезилет мага. Ар бир таңдын атмагы, күндүн батмагы кыйын. Үх-х... ...Эгер мен сыйкырчы болсом, колумда сыйкырдуу чыгырыгым бар болсо, чыгырыкты айлантып- айлантып алдыга жылдырып тез эле 18 жашка толуп алмакмын.

**Үмүт** - Апаңды сагындыңбы?

**Кыял** - Сагынганды сураба. Сагындым, аябай сагындым. Үйүбүздү, атамды, күчүгүмдү, Мурка деген мышыгымды сагынам. Атүгүл кээде... Бирок мен сагынганымды, кыйналганымды эч кимге билгизбейм. Билгизгим да келбейт. Үх-х-х...

**Сезим** - Мен билем эле. Бизге көрсөтпөй ыйлаганыңды деле билем.

**Кыял** - Эч кимге көрсөтпөй ыйлап-ыйлап алсам - жеңилдей түшөм... Атам эле өлбөй калса эмне.. Майып болуп же коляскада отуруп калса деле мейли эле. Өзүм карап, өзүм бакмакмын. Таттуу тамактарды бышырып, өзүм кашык менен жедирип-ичирип бакмакмын. Манты, оромо жасап бермекмин. Мен манты түйгөндү билем. Китеп окуп бермекмин, кирлерин да таптаза кылып жууп бермекмин. Мен кичинемден эле атамдын байпактарын жууганды жакшы көрчүмүн.

**Аяна** - Ооба, сен кирди таза жууйсуң, Кыял.

**Кыял** - Полду, идиш-аяктарды деле таза жууйм. Иши кылса атам, апам болуп чогуу жашасак эле болду эле, кандай жумуш болсо да кыла бермекмин. Туалет тазалап, көчө шыпыр десе деле шыпырып жүрө бермекмин. **(ойлуу тартып отуруп калышат.)** - Кыздар, сүрөт көрсөтөйүнбү силерге?

**Аяна** - Көрсөтчү?

**Сезим** - Ооба көрсөт?

**Кыял** - **(өтө этияттык менен кроватынын башынан колго тартылган сүрөт алып чыгат).** Менин үй-бүлөм.

**Үмүт** - Ай-ий, сонун сүрөт экен. Өзүң тарттыңбы?

**Кыял** - Ооба. Өзүм тарттым. Эми чооң кылып атамдын портретин тартамын. Анан апамдын... Сүрөт ийриминин





жетекчиси мени дайыма мактайт. Мен келечекте художник болом, куда кааласа.

**Аяна** - (сүрөткө көпкө карап туруп) Кыял, сенин атаң сулуу киши экен.

**Кыял** - Ооба. Атамдын ички дүйнөсү да сулуу болчу.

**Үмүт** - Ички дүйнө деген эмне?

**Кыял** - Ички дүйнө деген ички дүйнө. Баары – бүт бардык жактары жакшы адамдарды ички дүйнөсү сулуу экен дешет.

**Үмүт** - Аа-а... Менин апамдын да ички дүйнөсү сулуу.

**Кыял** - Анан атамдын жыты да сонун эле. Жумуштан келгенде, келээри менен чуркап барып мойнуна асылып, жыттап-жыттап алчуу элем. Мен баарынан да ошол жытты сагындым. Андай жыт бир гана менин атамда бар болчу. **(Үнү каргылданып, көзүнө жаш кылгыра түшөт).**

**Үмүт** - (өзүнчө) Кызык.. Менин атам кандай киши болду экен. Өмүрүмдө ата жытын жыттап, ата мээримин сезбей өсүп келе жатам. Апамдар ажырашпай эле койсо балким биз да бактылуу үй-бүлө болсок керек эле. Ата-энелер ажырашканы өтө жаман. Бирин-бири жакшы көрүшүп, сүйүшүп үйлөнгөндөн кийин ажырашпай эле жыргап бирге жашай беришсе болот го!..

**Кыял** - Ошону айтсаң.

**Аяна** - Эми ажырашкандын деле себеби болсо керек.. Анысын чоңдор өздөрү эле билбесе биз кайдан билмек элек...

**Үмүт** - Апам болсо атаң аракты жакшы көрчүү эле дейт. Жакшы көрсө эмне экен. Аракты бир эле менин атам эмес, элдин баары эле жакшы көрүп ичишет... Ичсе деле атаң бар да жанында. Таянар тооң бар. Ата деген сөздүн өзү эле кандай жакшы. Ата-аа.., ато-оо.., атау.., атоо-ов, атаке-е.., карачы кандай жакшы, сүйкүмдүү угулат кулакка.

**(Бул сөздөр Сезимге катуу таасир этет)**

**Сезим** - Жок! Арак жаман! Арактын ичкендер да жаман! Арак жаман! Эң жаман! Жаман! **(подушкасын кайра-кайра ургулайт.)**

**Үмүт** - Аракты аз-аздан ичсе ден соолукка пайдасы болот экен.

**Кыял** - Ошон үчүн чоңдор арак ичишкенде «Ден-соолук үчүн!» - деп ичишет экен да, ээ?

**Аяна** - Эмне үчүн аракты жакшы көрүп ичишет - эч түшүнбөйм. Ичпей эле коюшса болот да.

**Кыял** - Кыздар, бүгүн мен көчөдөн жапжаш кыргыз бомждарды көрдүм. Аялы- күйөөсү окшойт. Аракты тоё ичип алышып, көчөдө оонап жатып калышыптыр. Сасыктарын айтпа, фу-уу!

**Аяна** - Кыргызстан арак ичүү боюнча КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Россиядан кийинки 2- орунда турат экенбиз. Өткөндө газетадан окудум.Тарбиялык сааттагы талкууда класс жетекчибиз да айтты.

**Сезим** - Ушу аракты чыгарбай эле коюшса эмне болот?!..

**Кыял** - Жакшы болот эле да. Дүкөндөрдө арак жок болсо болду — эч ким иче албай калат. Эч ким алкаш да болбойт.

**Аяна** - Бирок, аракты чыгарып, сатуудан мамлекетибиздин казынасына өтө көп өлчөмдө киреше түшөт экен.

**Сезим** - Мамлекеттин казынасын ошодон башка акчалар менен толтурса болбойт бекен?

**Аяна** - Ким билет дейсиң? Эми аны сен экөөбүз чечпейбиз да. **«Тээтиякта»** отурган «чоңдор» чечишет.

**Сезим** - Мамлекетке киреше түшкөн менен, а бул жакта ошол мамлекеттин канчалаган адамдары арактын кесепетинен ууланып, ден-соолугунан ажырап, үй-жайсыз калып жатышпайбы! Канчалаган жаш балдар ата-энесин аракка алдырып жиберип, тирүүлөй жетим болуп, томсоруп отурушпайбы!!. Ушинтип өз адамдарынын ден-соолугун бузуп, киреше таппай эле койбойбу, мамлекет дегениң!

**Аяна** - Сезим, эми ага ошол ичкен адамдар өздөрү күнөөлүү да. Ичпесең да ичесиң деп эч ким алардын оозуна зордуктап куйбаса керек аракты. Ар кимдин өз эрки. Демократия! Ар ким өз пайдасын гана ойлойт.

**Сезим** - (туталанып кетет) Пайда. Пайда! Пайда-а!! Мына, арактын пайдасы - менмин! Менин ата-энем арак ичишет. Мен алкаштардын кызымын! Мен арактын кызымын! ...Ошол сен көчөдө көргөн бомждар - менин атам менен апам...





**Үмүт** - Койчу?

**Сезим** - **(Өзүн коёрго жер таппай турду)** Эгер ата-энем башкалардай эле болуп ичпей жүрүшсө, мен да «мындай» болбой жакшынакай болуп төрөлсөм керек эле... Мен эс тартканы үйүбүздөн арак, арак ичкен кишилер үзүлчү эмес. Бара-бара апам да ичип кетти. Мени менен эч кимдин иши болбой калды. Кандай гана кыйынчылыктарды көрбөдүм... Анан бул жакка алып келишти. Карап көрсөңөр бул жердегилердин көпчүлүгүнүн ата-энеси ичкичтер!! ...Мен го бул жердемин, кийимим бүтүн, курсагым ток. А ата-энемчи? Мусор чукулап тамак таап жешет, бөтөлкө чогултуп арак алып ичишет. Көрүнгөн жерде укташат. Ушунун баарын ойлонгондо аргам куруп, эмне кылаарымды билбей кетем!?.. Же өлүп эле алсамбы, ия кыздар?... Эч жашагым келбейт! (ыйлайт).

**Аяна** - Кой антпе? Антип айтпа, Сезим?

**Кыял** - Сен эң жакшы- эң жакшы кызсың! Боорукерсиң, акылдуусуң.

**Үмүт** - Баарыбыз сени жакшы көрөбүз, Сезим. Антип айтпачы, суранам?

**Сезим** - Кыйналып кеттим... Эмне үчүн ата-энем арак ичишет, эмне үчүн арактан башка нерсени ойлошпойт?! Эмне үчүн?.. Ия кыздар, эмне үчүн???.. (ыйлайт).

**Аяна** - Доктор Назаралиевге барып дарыланышса сөзсүз сакайып кетишет эле.

**Үмүт** - Ооба да, сөзсүз сакайышмак.

**(Кыздардын көздөрүндө үмүттүн учкундары жылтылдап, Сезимдин ата-энеси тезирээк эле бул балекет ооруудан сакайып кетишерине үмүттөнүп, каалап, кудайдан тилеп да турушту.)**

**Сезим** - Ага деген билесиңерби, канча акча кетет?

**Аяна** - Туугандарыңар бардыр...

**Сезим** - Кайдан? Ичкен кишилерде тууган деле болбойт экен. Баарын аракка алмаштырып салышат турбайбы. Азыр деген ар ким өз кызыкчылыгын гана ойлойт.

**Үмүт** - Президент жалпы элдин кызыкчылыгын ойлойт. Келгиле, президентке кат жазалы, аракты чыгартпай эле коюңузчу, -деп.

**Кыял** - Ооба, жазалы? Биздин президентибиз аябай жакшы киши. Ар дайым биздин интернатка сонун белектерди жиберип турат. Жазалычы?

**Үмүт** - Президент буйрук берип, заводдордон арактарды чыгартпай койсо болду - эч ким иче албай калат- алкаштар такыр болбойт ошондо.

**Аяна** - Директорго айтып көрүш керек.

**Кыял** - Директор сөзсүз макул болот.

**Сезим** - Арак деген сөздү такыр уккум келбейт. Дүкөндөрдө тизилип турган арактарды көрсөм, муунум калчылдап, өзүмдү токтото албай кетем. Баарын талкалап-чаап, өрттөп салгым келет! ...Эгер арак болбогондо мен да силерчилеп алты саным аман, сулуу кыз болуп, ата-энем менен чогуу бактылуу жашап жүрсөк керек эле. ...Эх, арак! Мен сенин кызыңмын! Дүйнөдөгү эң бактысыз кыз - менмин! Менин эч кимге керегим жок! Мени баары маймыл көргөнсүп тиктешет! Шылдыңдашат. Аяшат!.. Менин жашагым келбейт. Келбейт! Келбейт!!..

**Сезим үнүн чыгарбоого аракет кылып, ичинен солкулдап ыйлап жатты. Баа-аа деп жер-сууну буза айгай салып, бакырып-бакырып ыйлап, жүрөктөгү бүт арманын, ызасын, күйүтүн жаратканга жеткизе айтып, мен деле пендеңмин го, эмнеге мынчалык кыйнайсың, эмнеге ыза кыласың, неге мынча мага сыртыңды саласың, эч кимге деле жамандык кылбадым эле го, неге мага жардам бербейсиң, ушундан көрө жаратпай эле койсоң не болмок деп, кыйкырып-кыйкырып ыйлагысы келип, бирок кыйкыра албай, жүрөгүнүн түп-күрүнөн чыгып жаткан жан дүйнө кыйкырыгын эч кимге жеткизе албай, жеткире албас алсыздыгын, бечаралыгын сезип, өзүнүн майып экенин, кем экенин ого бетер сезип, оң жак ийини тынбай солкулдап, майрык буту ого бетер майрыйып, ачылып- жумулбай тумтуйган сол колу ого бетер бүрүшүп, ээги титирей, астыңкы ээрдин бекем тиштеп алып, үнсүз ыйлап жатты.**





**Көөдөнүнөн түшүнүксүз үндөр чыгып, көз жаштары мончок-мончок болуп төгүлүп турду.**

**Кыял** - Болду, Сезим ыйлабачы?

**Аяна** - Ыйлаба, Сезим?!?

**Үмүт** - Кайдан да арак жөнүндө айта калдым эле. Кечирип койчу? Айткылачы, ыйлабасынчы ? **(өзү да ыйлайт.)**

**Кыял** - Сезим, ыйлаба? Биз сени жакшы көрөбүз. Сен бизге керексиң!.

**Үмүт** - Ооба да. Бизге керексиң. Биз төртөөбүз доспуз, бир тууганбыз.Бири-бирибизге дайым керекпиз. Ыйлаба суранам?

**Эрэркеп кеткен Сезим өзүн токтото албай уңулдай ыйлап кирет. Кыздар соорото албай убара тартышат. Ушунун баары Аянага катуу таасир этет. Ал барып столду «тарс!» эттире бир муштайт. Кыздар чочуп кетишет.**

**Аяна** - Ыйлаба Сезим?!? Сен бактылуу кызсың! Арак ичишсе деле ата-энең бар. Ата-эненин бар экендиги, тирүүлүгү эле кандай бакыт! Кыял, сенин апаң убагы келгенде сөзсүз бошоп келет! Үмүт, сенин апаң эң жакшы өлкөдө – Түркияда иштеп жүрөт. А мүмкүн эртең келип калаар. Башка үй-бүлөсү болгону менен атаң да бар! ... Чынымды айтсам мен силерге суктанам, кыздар! Силер бактылуусуңар! ...Мени айтсаңар. Мен кайдан, кимден жаралгам. Ата- энем ким? Кайда алар? Кандай немелер? Тирүүбү же өлүүбү? - мен эчтеке билбейм. Билбейм! **Анткени** - мен таштандымын! Төшөккө орогон бойдон көчөгө таштап кетишкен экен мени! Балким, жолбун иттер таап алып, жеп кетишсин дешсе керек! Өлүп калсын дешсе керек! А мен өлбөй калыптырмын! Кайсы бир акмак таап алып, бул жакка алып келип бериптир. Көрдүңөрбү, мени керексиз бир буюм катары таштап кетишкен! Мен таштанды кызмын! Эч кимге керегим жок менин! Мен жаманмын! Эң бактысыз кыз - менмин!

**Ыйлайт. Эми баары Аянаны соорото албай убара болушат.**

**Үмүт** - Ая, болдучу, ыйлабачы?

**Кыял** - Ыйлаба? Сен эң жакшы кызсың. Сулуусуң, сабакты да мыкты окуйсуң. Ыйлабачы, суранам?

**Сезим** - Болдучу Ая, жүрөгүм кысылып кетти. Чындыгында баарыбыздын жүрөгүбүздөгү кайгы өтө эле оор экен. Ух-х! Ыйлабачы?!

**Аяна** - (ыйлай берет) Мен таштанды кызмын..! Мени таштап кетишкен.Мен баарын билем.!

**Ыйлай берип, бир убакта өзүн билбей калат. Кыздар коркуп кетишет.**

**Үмүт** - Аяна! Көзүңдү ач?! Суу апкелгиле!? Ая! Эжекени чакыргыла? Аяна! Аяна!?..

**Жаакка чапкылайт. Кыял тышка жүгүрөт, ушуну эле күтүп тургансып, колуна стаканда суу көтөргөн тарбиячы экөө кагылыша түшөт. Айсулуу Аянанын бетине суу чачып, колдорун укалап эс алдырат.**

**Айсулуу** - **(Аянаны кучактай отурат)** Болду кызым, өзүңө кел. Баары жакшы болот. Көрөсүңөр, баары жакшы болот.

**Аяна** - **(көптө барып өзүнө келет. Берки кыздар үрпөйүшө карап турушат.)** Айсулуу Акимовна, мени таштап кетишкен... (эмшиңдеп ыйлайт).

**Айсулуу** - Кызым, турмушта түрдүү окуялар боло берет. Ар дайым сабырдуу болуш керек. Ак-кара, караңгы-жарык кошо жүрөт дайыма.

**Аяна** - Эмне үчүн таштап кетишти? Апам ким? Атам ким?.. Каерде, эмне кылып жүрүшөт болду экен? Такыр көрө элек болсом дагы мен аларды сагынам, күте берем. Эмне үчүн ташташты мени? Эмне үчүн мындай, ия эже? Эмне үчүн үстүбүздөгү кудай баарына тегиз карабайт? Эмне үчүн?!..

**Айсулуу** - Турмушта ачуу-таттуу көп кездешет турбайбы. Өкүнгөнүм- силер таттууну эмес ачууну башыңардан эрте кечирип жатканыңар. Бул да болсо кудайдын башка салганы болсо керек.





**Аяна** - Эмне үчүн мени алып кетишпейт? Алып кетпесе деле бир жолу келип, көрүп кетишсе болбойбу?

**Айсулуу** - Болот да, неге болбосун. Балким, убагы келгенде келишээр. Анын баарын убакыт көрсөтөт. Мезгил өзү тараза, өзү сынчы, кызым.

**Аяна** - Убагы качан келет?... 3 күндөн кийин туулган күнүм. 15 жашка толом, буюрса. 15 жылдан бери күн сайын күтөм мен аларды. Ар бир күнүм, саатым, минутам күтүү менен өтүп жатат. Неге келишпейт? Неге?.. (ыйлайт).

**Айсулуу** - Ошону мен айталбайм да кызым. Эгер, баары менин колумдан келсе силерди ушинтип ыйлатмак белем. Олда айланайындарым ай, бешиктен белиңер чыкпай жатып неге мынча шордуусуңар?!.. **(көзүнө жаш тегеренип, үнү каргылданат)** Мен баятан бери сөзүңөрдүн баарын угуп турдум. Андып турганым жок, үстүңөргө даап кире албай турдум. Духум, күчүм жетпей турду кирүүгө... Ат көтөралгыс, эр көтөралгыс жүктү, кайгы- муңду неге силердин башыңарга эртелеп салды экен кудайым... Муун-жүүнүм бошоп, жүрөгүм канап, көз жашым төгүлүп, угуп турдум сөзүңөрдү. Үмүт ыйлаганда эле жетип келгем. Өзүңөр билесиңер түнү уйкум жок. Заманам куурулуп турат. Силердин алдыңарда өзүмдү күнөөлүү сезип турам, кыздарым. Неге биз- чоң адамдар акылыбыз баарына жетип туруп, теңирден тескери иштерди жасайбыз- силерди баласынтабыз, ыйлатабыз?!.. Силер дагы бир күнү бооруңарды жерден көтөрүп, жетилип, адам болосуңар го! ...Кудайым силерди түз жолунан адаштырбасын, ылайым. Эмне айтарымды да билбей турам. Эмнегедир, жети өмүрүм жерден нары кирип турат алдыңарда... Ыйлабагыла кыздарым???.. Ыйлабагыла. Ыйлабагыла...

**Аянанын жашын аарчып, чачтарынан сылап, көкүрөгүнө кыса кучактап, өзү да жашыйт. Аяна да бетин-бетине басып, ага эркелейт, көкүрөгүнөн жыттайт.**

**Аяна** - Айсулуу Акимовна, сиз жакшы аялсыз. Мен сизди жакшы көрөм. Менин апам да сиздей аял болсо керек деп элестетип, кыялдана берем.

**Айсулуу** - Мен да сени жакшы көрөм. Баарыңарды тең жакшы көрем, садага болоюндар.

**Айсулуунун көкүрөгү жибип, жүзүнөн энелик мээрими төгүлүп турду.**

**Аяна** - Мен өзүмдүн апама да ушинтип эркелегим келет. Апамдын эркелеткен жылуу сөздөрүн угуп, өзүм да апама жүрөгүмдөгү эң жакшы сөздөрүмдү айткым келет.

**Айсулуу** - Силердин ушу тапта эне мээримине, эненин жылуу сөздөрүнө өтө муктаж болуп турган чагыңар. Эне камкордугу, кеп-кеңеши күн менен суудай керек болуп турган чагы. **(жүзүнөн, чачтарынан сылайт).**

**Үмүт** - Бирок, биз сизден коркобуз. Сиз катаалсыз ...

**Айсулуу** - (жылмаят) Ошондой көрүнсөм керек. Бирок мен силерди жакшы көрөм. Ошо баарыңарды жакшы көргөн үчүн иштеп жүрбөймбү... Силер көпчүлүксүңөр - мен жалгыз. Катуураак болбосом дагы болбойт. Антпесе мойнума минип албайсыңарбы. **(Мурдунан чымчыйт.)** Айрыкча, азыр өткөөл курагыңар. Азыр силер акыл-эс жагынан да бой-мүчө жагынан да өсүп, жетилип турган чагыңар.Орустарда "опасный возрасть" деп коюшат. Ошондуктан, силердин ар бир кадамыңарды аңдып, саксактап койсом туура түшүнгүлө, кыздарым.

**Үмүт** - (эркелей) Уруша берсисиз го...

**Айсулуу** - Эми анча-мынча болот да. Силерди эч качан жаман болсун дебейбиз да.

**Үмүт** - Апам Түркиядан келгенде сөзсүз сиз менен тааныштырам.

**Айсулуу** - Макул, тааныштыр айланайын.

**Кыял** - Мен апама сиз жөнүндө катка жазып жибердим.

**Айсулуу** - Ар бир сөзүңөрдө - апа. Ар бир сөзүңөрдө күтүү, сагыныч бар. А көздөрүңөрчү?.. Үмүткө, кусага, сагынычка жык толгон көзүңөргө тик багып карай албай





кетем. Ичимен үнсүз ыйлап-ыйлап алам да, иштеп жүрө берем. Силердин тагдырыңар, келечегиңер жөнүндө тынымсыз ойлоно берем... Биздин колдон келээри – туура таалим -тарбия, турмушка туура жол көрсөтүп, туура багыт берүү. Анча-мынча катуу айтып, көңүлүңөрдү оорутуп койгон болсом, кечирим сурайм, кыздарым.

**Үмүт** - Кечирим сурабаңыз. Сиз биздин апабызсыз да. Апалар деген кечирим сурабаш керек.

**Айсулуу** - Чындыгында силерден өткөн мен шордуумун...

**Кыял** - Ое-еей, антип айтпаңызчы. Сиз деген бай, бактылуу аялсыз. Сизде баардыгы бар да.

**Айсулуу** - Ооба. Үй-жай, өзүмө жетээрлик байлыгым, машина, дачам да бар менде. А бирок бакыт жок.

**Аяна** - Бакыт жок?! Кантип?

**Айсулуу** - Бактысыз кызмын деп эч убакта айтпагыла. Силердин келечегиңер баары алдыда. Айдын он беши караңгы болсо, он беши жарык болот, кыздарым. Силердин жарык, жакшы күндөрүңөр баары алдыда. Силерңыгы бактысыз жан- мына менмин... (тыным).

*Аялдын бар бактысы- балдарында,*
*Анан да арзып сүйгөн алган жарда.*
*Болгун күн, болгун жылдыз, бол ханыша,*
*Аялдын бактысы бул – очогунда, казанында!*

деген экен бир акын сөрөй. Ошол акын жазгандай аялдын бар бакты таалайы - үй- бүлөсүндө анан балдарында болот экен. А бул экөө тең менде жок.

**Кыял** - Коюнузчу? Эмне, турмушка чыга элексизби?

**Айсулуу** -Чыккам. 1 эмес 3 жолу.

**Үмүт** - Сиз да ажырашып кеттиңизби?!...

**Айсулуу** - Ошондой десем да болот... Өөх-х... Болуптур, айтсам айтып берейин. Балким силерге сабак болоор. ...Мен да убагында 2 өрүм чачым толорсугума жеткен, белим бир тутам гана болгон сулуу кыз элем. Топ жигиттер сөз айтып, кат жазышып, артымдан ээрчип эле жүрүшчү. Бирин да карачуу эмесмин. Бир гана максатым – окуп билим алуу эле. Мектепти бүтөөрүм менен жогорку айылдык бир бала ала качып кетти. Айт-

канымды бербеген көктүгүм бар болчу. Бутумду кучак-тап ыйлаганына, тууган-туушкандарынын жалынган-дарына карабай, отурбастан кетип калдым. Мен ма-шинага түшүп кетип баратканымда кайненемдин минт-кени кулагыма шак дей түштү. **«Баламдын шагын сындырып, эл караган бетибизди жер караттың, көкбет!! Желпинбесин эшигиң, термелбесин бе-шигиң, ылайым!».** Дагы бир топ ачуу сөздөрдү айтып жатты. «Каргышың как чокуңа!» - дедим да кете бер-дим. Университетке өтүп, окуп калдым. Студенттик балдай таттуу күндөрдүн биринде алгачкы сүйүүмө кездештим. 2 жыл кыз-жигит болуп сүйлөшүп жүрүп, баш коштук. Биз бири-бирибизсиз жашай албайт элек. Көз карашыбыздан эле эмне айтып- дээрибизди се-зип- туюп турар элек. Уулдуу болдук. Бактыбызда чек жок эле... Уулум эми күлүшүп калганда шум ажал алып кетти! Ыйлап-сыктап кала бердик. Көп өтпөй кыздуу болдук. Анибыз да көпөлөк болуп учуп кетти. Өхх...Ошентип отуруп 9 жылда 6 баланы катарынан жерге бердик... Үйүбүз мазар сыяктуу эле... Акыры ажырашып тындык. Ыйлап-ыйлап ажырашттык. Иштеп жүрдүм... Анан аялы өлгөн, бала-чакалуу жерге тур-мушка чыктым. Балдары өз энесиндей кабыл ала алышпадыбы, же мен мээримимди чача албадымбы иши кылса батпадым. ... Аягында мына ушинтип ко-лой башым жалгыз. Дүйнөдө жалгыздыктан кыйын, жалгыздыктан жаман нерсе жок экен. Үйүмө барсам жалгыздык мени жеп коёт. Шырп эткен дабышка кулак салып, такыр уктай албай чыгам. Бассам- турсам эле кайненемдин баягы каргышы кулагыма угула берет. Корком. Өз үйүмөн корком. А бул жакка келсем силер менен алаксып жүрө берем. Болбосо эмне, мага акча жетишпейт дейсиңерби?.. ...Мен теңдүүлөр эчак небе-ре жыттап, байбиче болуп, баллайып төрдө отурушат. А мен болсо минтип какчыңдап иштегеним- иштеген. Качанга чейин ушинтип иштеп жүрөм?.. Качан, кантип өлөм? Мен өлгөндө оозума суу тамызчу жанымда би-рөө -жарым болобу?.. Мен өлсөм ким кошок кошот да, ким мени жоктоп өкүрүп ыйлайт? «Энем оо-ой, энем оо-ой! Эсил кайран энем о-ой»,- деп ким күйүп- бы-шып ыйлайт?.. Өөх-х...





**Сезим** - Бала багып албадыңызбы?

**Айсулуу** - Жок, багып албадым.

**Кыял** - Туугандарыңыз жокпу?

**Айсулуу** - Бар. Алардын жолу такыр башка да, кызым. Өз боор этиңден жаралып, өз денеңден чыкпаган бала болбо-гон соң баары бир тыйын экен. Негизи, аял кишини адамзаттын тукумун улоо учун жараткан да. А мен болсо эч кимдин тукумун улап, учугун узарта алба-дым... Бүрдөбөй туруп куураган карт дарактай сезем өзүмдү. Өх-х....

**Үмүт** - Ошо ала качып кеткен жерде эле отуруп калсаңыз болмок экен, ээ?

**Айсулуу** -Ким билет дейсиң.. Отуруп калсам, бала-чакалуу болуп кетсек, жашап кетээр белек... А бирок жүрөгүң сүйбөгөн киши менен кантип жашайсың? ...Мен өзүм-дү кыз ала качуунун курмандыгымын деп ойлоп коём. ...Иши кылса ушундай. Дүйнөдөгү эң бактысыз жан-менмин эгер билсеңер. А силердики эчтеке эмес. Он гулүңөрдүн бир гүлү ачыла элек али. Келечегиңер баары алдыда. Айтаарым, турмушта назик, ийилче-гирээк болгула. Аял киши назиктиги менен күчтүү. Көк-беттик жаман кыз кишиге, кийин өзүңөрдүн башыңарга муш болуп тиет. Кыйынчылыктарга тике карап үйрөн-гүлө, кыздарым. Силер сөзсүз бактылуу болосунар! Биринчи кимиңерди күйөөгө узатаар экенбиз... (жылмаят).

**Үмүт** - Ой, биз күйөөгө чыкпайбыз, окуйбуз да.

**Айсулуу** - Окугула. Жакшы окугула. Бирок, качандыр бир убак-та чыгасыңар да. Буудайдын бараар жери- тегирмен, кыздын бараар жери- күйөө дейт эмеспи. Мен эң биринчи силерге үй-бүлөлүк, энелик бакытты каа-лайм. Көөп балалуу болгула, ылайым.(тыным) Кө-ңүлгө төп келген, мага күйөө бала кылып берчү жигит-тер барбы?

**Кыял** - Коюңузчу!?

**Үмүт** - Жок.

**Сезим** - Аянада бар.

**Аяна** - Сезим деп жатам!

**Айсулуу** - Мен силерге бөлөк-бөтөн эмесмин. Айтсаңар кеп-кеңешимди берем да. Мындай иштерге өтө олуттуу мамиле жасоо керек, кызым.

**Аяна** - (кызарып кетет) Эже, бул жөнүндө эртең сүйлөшө-лүчү? Мен айтам сизге. Тааныштырам...

**Айсулуу** - Ошент кагылайын. Туубасам да тутунган энеңермин дегендей... Өз кыздарымдын себин өз колум менен даярдап күйөөгө узатып, уулдарыма ак үлпүнчөктүү эң бир назик колуктуларды элдин батасын алып берип, өзүм да ак батамды берип үйлөнтсөм деп тилечү элем... Эми жок дегенде силердин тоюңарды көрөйүн.

**Кыял** - Мен тоюма сөзсүз чакырам сизди. (Кучактайт).

**Айсулуу** - Ошент кагылайын. А качан болот тоюң? (жылмаят).

**Кыял** - Ошо, болгондо да (уялып кетет).

**Айсулуу** - Анда мен белегимди камдап коё берейин ээ?

**Аяна** - Кийи-ин мен окууну бүтүп, турмушка чыкканымда көп-көп бала төрөйм. Балдарымды татынакай кылып кийинтип, сонун тамактарды жасап берип багамын. Күндө кечинде жомок айтып, алдей ырдап берип уктатам.

**Кыял** - Мен да ошентем.

**Үмүт** - Мен дагы.

**Сезим** - Менин 2 уул, 2 кызым болот. Кыздарымдын бирөөсү мугалим, бирөөсү врач болот. А уулдарым экөө тең Кыргызстанды бүт дүйнөгө даңазалаган чыгаан спортсмен болушат.

**Бажырайып күлөт. Кыздар эми ар кимиси өз алдынча кыялданышат.**

**Кыял** - Мен чоңойсом,
Эне болом!
Эне болсом деп ойлойм.
Бешик термеп,
Алдей ырдап,
Балдарымды багамын.
Асмандагы күн сыяктуу
Балдарыма мээримимди чачамын!





**Үмүт:** - Мен чоңойсом
Балерина болом.
Аккуу сымал бийлесем деп ойлоймун.
Бүбүсара эжем сындуу
Элдин кызы боломун!

**Сезим:** - Мен чоңойсом
Врач болом.
Аппак халат киемин.
Элим учун ар дайыма
Тиет менин керегим!

**Аяна:** - Мен чоңойсом -акын болом,
Жакшы ырларды мен жазам.
Эл-жеримди даңктап жазып,
Бүт дүйнөгө таанытам!

**Кыялдарына аябай берилген кыздар эми шаңдуу секирип, ырдап-бийлеп жүрүштү. Айсулуу аларды ичи элжирей карап, өзү да кошулуп ырдап, бийлеп жатты. Бир убакта Айсулуу колундагы саатын карайт.**

**Айсулуу** - Кыздар, саат да бир топ болуп калыптыр. Эс алалыбы?

**Үмүт** - Айсулуу Акимовна, уктабай эле коёлучу? Бүгүн кача түн болуп турат. Ушул түндөн баштап, менин турмушка болгон көз карашым өзгөрүлүп, өзүмдү чоң кыз сезип калдым.

**Аяна** - Андан көрө бизге сүйлөп бериңизчи? Сизге жылмайган, күлгөн сонун жарашат.

**Айсулуу** - Эртең деле сүйлөшө беребиз. Эмне көп - кудайдын күнү көп эмеспи. Анан эртең баарыбыз тил угуп калып жүрбөйлү? Жатып, эс алалы, ээ?

**Сезим** - Эже, уйкубуз келбей турат...

**Айсулуу** - Уктагыла. Эс алгыла, кыздарым. А мен силерге кызыктуу жомок айтып берейин. Же алдей ырдап берейинби?

**Сезим** - Алдей ырдап бериңизчи?

**Үмүт** - Алдей?...

**Кыял** - Алдей ырдаңыз??...

ырын ырдап берген эмес. Суранам, ырдап бериңизчи???

**Аяна** - Эже, мага эч ким эч качан алдей ырын ырдап берген эмес. Суранам, ырдап бериңизчи???

**Айсулуу** - Болуптур. А силер жатып алгыла (**кыздар тез- тез төшөктөрүнө жата калышат.**) Эми көзүңөрдү жумгула.

**Стулга отуруп алган Айсулуу берилүү менен бешик ырын ырдайт. Жарык Айсулууга түшүп турат. Ал бешик терметип, бала эмизип отурганды эңсеп, кыялданып, өз балдарына ырдап beралбай калган, өз жүрөгүнөн чыккан алдей ырын бүт дитин коюп, берилүү менен ырдап жатты. Үнүндө ачуу арман, орду толгус өксүк, жүрөк толгон мээрим да бар эле. Айсулуу көпкө ырдайт. Бир убакта кыздардын уктап кеткенине көзү жеткен соң акырын туруп барып, Кыялдын жуурканын кымтылайт. Аянанын керебетине барып, аны мээрими төгүлө көпкө тиктеп туруп, бешенесинен узакка жыттайт да бутунун учу менен аярлай басып барып, жарыкты өчүрүп чыгып кетет.**

**Кыздар уктай беришет. Бешик ыры фондо акырын жаңырып турат. Кыздар түштөрүндө баары ата-энелери менен чогуу жыргап жүрүшөт. Аппак көйнөкчөн Үмүт аккуу сымал бийлеп, Кыял жалаң жаш бөбөктөр менен аллурушуп, Сезим сопсоо, чымылдай ары-бери чуркап, (ата-энеси ичпей калган салабаттуу кишилер) дагы бирөөн атасы мойнуна мингизип ойнотуп жүрөт. Жагымдуу түш улана берет. Бир убакта эшик шарт ачылып, тарбиячы кирет.**

**Айсулуу** - Кыздар, тургула, таң атты. Кутмандуу таңыңар менен! Тургула тез-тез!

**Чыгып кетет. Кыял, Сезим, Үмүттөр маанайлары пас ойгонушат, кийине башташат. Аяна уктай берет. Керилип-чоюлуп жаткан Сезим столдун үстүндөгү баракты көрүп калат.**

**Сезим** - Кыздар, Аяна жаңы ыр жазыптыр!

**Баары чогулуп столдогу баракты тиктеп калышат.**

**Аянанын үнү:** *Апаке, мээрбаным, жаным апам,*
*Кандайсыз, жүрөсүзбү эсен-аман.*





*Ишиңиз чачтан да көп, билем аны,*
*Түшүнөм абалыңды алтын апам.*

*Сагындым сизди такыр көрбөсөм да,*
*Таарынбайм мага көңүл бөлбөсөң да.*
*Апкетпесең деле мейли суранарым-*
*Апаң мен деп келип кетчи бир жолу мага?...*

*Чачтарыңыз упузун, боюңуз бийик,*
*Жарашат кызыл көйнөк, аппак жоолук.*
*Колуңузга кармап алып чоoң букет гүл,*
*Келесиз ээ, атам анан иним болуп...*

*...Бүгүн мен күтө бердим, күтө бердим,*
*Күтө бердим, терезеден жылбадым эч.*
*«Тихий частта» уктабастан күтүп турдум,*
*Келип калса таппай мени калбасын деп.*

*Кийимдерим чемоданга салып койдум,*
*Атүгүл кыздарга да айтып койдум.*
*-Көрөсүңөр, апам бүгүн сөзсүз келет,*
*Келет дагы дароо мени алып кетет!!!*

*...Күн мына уясына батып кетти,*
*Бирок сен келбедин го жаным апам.*
*Колуң бүгүн бошободу билип турам,*
*Эртең сөзсүз келериңди сезип турам,*
*Сезип турам, туюп турам, күтүп турам.*
*Келчи апа???....*

**Сахна кыздардын "Келчи апа?" деп жалооруй шыбыраган сөздөрүнө толуп турду.**

**КӨШӨГӨ**

***2008-жыл, май. Ош шаары***







# Кечир мени?...

(драма)

Катышуучулар:

1. Гүлгаакы – студент, 20 жашта
2. Жамал – студент, 26 жашта
3. Айша – студент, 20 жашта
4. Адыл – студент, 20 жашта
5. Нурбек Айшанын бөлөсү, 23 жашта
6. Осмон – бизнесмен, 30 жашта

**Окуя Ош шаарындагы студенттик жатаканалардын биринде өтөт. Жатакана. 3 адам жашачу бөлмө. Жамал китеп окуп, Гүлгаакы керебетте "Орифлейм" журналын барактоодо. Айша тамак даярдап жүрөт.**

**Айша** - Эже, болду, жыйнаңызчы? Тамак бышты. Эй Гуля, тур, тамак ичели. Тур тезирээк, болгула. (Чыгат. Кастрюль көтөрүп кайра кирет.)
- Улуу урматуу Гүлгаакы Гүлбаевна! Туруңуз, айдай бетиңизди жууңуз? Тамак ичели, уруксаат этсеңиз? (Жүгүнөт.)

**Гүлгаакы** - Эмне тамак?

**Айша** - Эки тоок союп, рагу жасадым.
*Галина бланка буль-буль,*
*Галина бланка буль-буль.* (ырдайт.)

**Гүлгаакы** - (керилип-чоюлуп тура баштайт) Эх, десең..! Бай, крутой күйөөгө тийсең... Диванда күйөөң менен кучакташып уктап жатсаң... Анан бир убакта эшик акырын тыкылдап, колуна поднос көтөргөн служанкаң кирсе... Күйөөм болсо: - Милая, турагой, кофеңди ичегой деп, бетимен назик өөп ойготсо...

**Айша** - Ох-хоо, укмушсуңар го. Сарт санаасы менен байыйт болбой, кел эми тезирээк.

**Гүлгаакы** - Кофени ичип болгон соң кычырай кийинем. А күйөөм болсо жумушума таштап коёт. Анан...

**Айша** - Биринчи ошондой күйөөгө тийип алчы.

**Гүлгаакы** - Тием эле.

**Жамал** - Биринчиден сабакты мыкты окуп, университетти бүтүп, дипломду колго алыш керек. Үстүңдө үйүң, астыңда машинаң, жакшы кызматың болсо анан жакшы күйөө жан деп табылат. Азыр күйөөлөр биздей "контрактный" кыздарды алгандан өлө коркушат.

**Гүлгаакы** - Ошо коркпой турганыдан табуу керек. **(Тамак иче башташат.)**

**Айша** - Гуля, сен тапкансың го? Эми бизге деле табышып койсоң?

**Гүлгаакы** - Аракет кылыш керек. Аракет кылсаң берекет деген.

**Айша** - Мен аракет кылып эле жатам. Эже, жигиттер менен чогуу таанышабыз. Какылдап сүйлөп тамаша ыргытып, шыңкылдап күлүп, кашты серпип жакшы эле "чапкансыйм". Анан эле мени эмес, Гуля деп муну издеп-сурап келип калышат. Ай, ушу сенде бир балакетиң бар, жигиттерди өзүңө тарткан.

**Гүлгаакы** - Балакет эмес, жүрөк бар менде – жүрөк! Оттой алоолонгон жүрөк!

**Айша** - Мына, Кадыр менен деле биринчи мен таанышкам. Гуляны көрөөрү менен дароо буга Мажнун болуп калды. Сен дегенде ичкен ашын жерге коёт. Узун бойлуу, акылдуу, сулуу. Жигит деп ушуну айт. Көзүңдү карап эле турат байкуш.

**Гүлгаакы** - Да-а. Кадыр жакшы жигит. Бирок, мүнөзү өтө эле жумшак. Эмне десең да "макул" дей берет... Эркек деген бир сүйлөп, кичине катуураак болуп, **аял**ды өзүнө багындырып турса... Мына ошондо сыйлайсың. Анан да жашы 5-6 жашка же андан да улуураак болсо... Эркелегенге жакшы да (күлөт). Кадыр экөөбүз теңбиз. Ал бала кыял өтө эле.

**Жамал** - Билем, оюңда ким бар экенин.

**Айша** - Осмон Сулайманович! Мына, Гүлгаакынын эңсегени! Анын баскан-турганы, сүйлөгөнү, кийингени – мадаинияттын туу чокусу! Бизнеси бар, машинасы бар. Акылдуу. Бир сөз менен айтканда – жигиттин гүлү!

**Жамал** - Бирок, ошо жигиттин гүлүнүн бир кемчилиги бар да.

**Айша** - Кандайча кемчилик?

**Жамал** - Ал үйлөнгөн да. Үй-бүлөсү бар.

**Айша** - Оме-ей. Коюңузчу?!

**Жамал** - Ошондуктан, Гуля, а кишиге "сердценди селпейтпей" эле койгонуң туура.

**Гүлгаакы** - А сердце дегениң мени укпай, мага баш ийбей жатпайбы...

**Жамал** - А сен баш ийдир да.

**Гүлгаакы** - Ийбей жатса эмне кылайын эми. Жүрөк маселесинде жүрөк акылга баш ийбей калат экен, эже. Чын айтам. Сүйүү силердин башыңарга келе элек да, мени түшүнбөйсүңөр. Так что, жашсыңар.

**Айша** - Ох-оо... Биздин көчөдө да майрам болуп калаар...

**Гүлгаакы** - Осмондун жүрөгү да бир гана мен деп согот.

**Жамал** - Сен кайдан билесиң?

**Гүлгаакы** - Өткөн жумада жолукканда мага жүрөгүн тыңшаткан. Колумду анын жүрөгүнө койсом "Гүкү, Гүкү, Гүкү",- деп согуп жатканы мага даана угулду.

**Айша** - Чын элеби?

**Гүлгаакы** - Чыпа-чын.

**Жамал** - Эй, анын аялы бар го.

**Гүлгаакы** - Бирок, ал аялын такыр сүйбөйт экен. А сүйүүсүз жашоо - тозок экен дейт.

**Айша** - А сүйбөсө эмнеге үйлөнүптүр анда?

**Жамал** - "Жеңешканын" ата-энеси бай, чоң кызматта иштеген адамдар экен. Осмон Сулайманович аялынын артынан буту үзүлгөнчө чуркап жүрүп, зорго жеткен дешет го. Осмонду ушул даражага жеткизгендер да ошол кайын журту имиш.

**Гүлгаакы** - (териге түшөт) Это их ни проблемы. Аялы өзүнөн 3 жашка улуу, анан оорукчан да экен.

**Жамал** - "Больная жена- никому не нужна!"

**Гүлгаакы** - А он любит только меня!

**Жамал** - А ты уверена?

**Гүлгаакы** - Уверена! Мен өзүмө кандай ишенсем, Осмонго да дал ошондой ишенем...

**Айша** - Оо-оо! Кыргызча эле сүйлөгүлөчү- мамлекеттик тилде! Мен түшүнбөй калып жатам.

**Жамал** - "Бирөөнүн бактысын уурдап, эч качан бактылуу боло албайсың". Гүлгаакы, жакшылап ойлон...

**Гүлгаакы** - Ойлоно берип – ойлоно берип жинди болуп кетейин деп калдым. Арыктап да кеттим. Жакшы эле ал жөнүндө ойлонбоюн деймь, бирок эч эле болбой жатат, эже. Китеп окусам - китепте Осмон, лекцияда отурсам – кулагымда Осмон. Конспект жазсам- дептеримде Осмон! Атүгүл түшүмө да кирчү болду. Бүт аалам, жашоо бир гана Осмондон тургандай болуп калды. Осмон жөнүндөгү ойлордон кантип кутуларымды билбей калдым... Иши кылса ал мени сүйөт. А сүйүү дегениң өзүнчө бир керемет! Эх-х!.. Омийин эмесе, аш бергенге баш берсин, узун өмүр жаш берсин. Рахмат дос. Тамагың таттуу болуптур.

**Жамал** - Чын эле , аябай даамдуу болуптур. +5 тамагыңа. Ушу сенден жакшы кожейке чыгат, буюрса.





**Айша** - Өхү-өхү-өхү! (көйрөңдөнөт). Чоң энем көп айтчу: "Жоктон барды чыгарып, үзүлгөндү улап, жыртыкты жамап, тиричиликти жалгаштырып кетүү - аял кишинин милдети",- деп.

**Гүлгаакы** - А эркек кишинин милдети - эшиктен таап алып келип туруу. Аялын, бала-чакасын бапестеп багуу! Болуптур анда. (кийинет). Мен сулуулук салонуна кеттим. Чачымды боётуп келем. Пока... (Чыгат.)

**Айша** - Идиш-аякты жыйнап, дежурлукту сизге өткөзүп берип коюп, таежемдикине барып келейинчи.

**Жамал** - Дагы жалгыз каламбы...

**Айша** - Жалгыз калгыңыз келбесе жездемди чакырып алыңыз жаныңызга, шарт түзүлүп турганда.

**Жамал** - Жездең болсо кана... Сүйүү чиркин мага жолукпай, мени көрбөй, өтүп кетип калганбы деп да ойлоп кетем. Жашым 26га келди. Бир да жигитти сүйүп көрө элекмин.

**Айша** - Окуу, окуу жана окуу деп жүрө берсеңиз... (ушул учурда эшик такылдап, жигит кирет.)

**Жигит** - Саламатсыздарбы? Кандайсыңар?

**Айша** - Сен сурагандан бери жакшыбыз.

**Жамал** - Саламатчылык, кел.

**Жигит** - Неме.., үтүгүңөрдү берип тургулачы?

**Айша** - Эмне кыласың үтүктү?

**Жигит** - Эмне кылмак элем - үтүктөнөм да.

**Айша** - Аа-а... "Свидание" бар экен да, ээ?

**Жигит** - Ооба. Ой, жок! Жердештер чогулат экенбиз.

**Айша** - Оо-оо! Канчадан топтодуңар?

**Жигит** - Кыздар 300, балдар 500дөн ыргыттык. "Ак тилек " ресторанында отурат экенбиз. Үтүгүңөрдү...

**Айша** - (Жамалга карайт) Берейинби?

**Жамал** - Бер. Акысына ырдап берсин. **(Жигит мыңкылдап ырдап кирет.)** Болду, болду (күлүп.) Кайра апкелип бергин, макулбу?

**Жигит** - Апкелем. Апкелбегенде эмне, "приватташтырып" алмак белем.

**Айша** - Ме. Унутпай кайра апкелгин.

**Жигит** - Унутсам- унутчаак көк мээ болуп калайын ылайым. Килейген иттей чооң рахмат. Азыр эле, 5 мүнөттөн кийин сөзсүз апкелем. (Чыгат).

**Айша** - **(Эшикти ачкыч менен бурап бекитет)** Эже, сүйүү жөнүндө сүйлөшөлүчү, сүйүү жөнүндө?

*Сүйүү, сүйүү...*
*Келеби, кетеби.*
*Сүйүү, сүйүү...*
*Күтөм сени!..* (ырдайт).

... Ушунчалык бирөөнү сүйгүм, анан сүйдүргүм келет. Сүйүү балын, сүйүү даамын таткым келет! Сүйүү багында сүйүктүүм менен кыналыша баскым келет! (Жаздыгын кучактап алып бийлейт) Сүйгөнүм менен сүйүү бийин чимириле-чимириле бийлегим келет! Ээ-ээ-хх!!. (Кроватына жаздыгын кучактаган бойдон барып жыгылат. Жаздыгын кайра-кайра өпкүлөйт.) - Эже, сиз жигиттер менен өбүшүп көргөнсүзбү?

**Жамал** - Ооба. 99,3% жигиттер менен өбүшүп көргөм. Бирок, бирөө да жаккан эмес.

**Айша** - Коюңузчу? Чын элеби?! Кантип эле жакпасын.

**Жамал** - Жакшылап өбүшүү - бул өзүнчө эле чоң искусство да.

**Айша** - Ошо жөнүндө айтып бериңизчи, эжекебай? (кроваттан шаша-буша турат да чуркап келип, Жамалдын жанына отура калат.) Айтыңыз??

**Жамал** - Эмнесин айтайын... Азыркы жигиттер баары эгоисттер. А эгоисттер дегениң кимдер? Булар дегениң... **(ушул учурда дагы эшик такылдап калат.)**

**Айша** - Эже, уланта бериңиз. Эшикти ачпайбыз. (Эшик ого бетер катуу такылдайт.)
- Айта бериңиз. Эже, улантыңыз? **(Эшик андан бетер катуу такылдайт.)**
- Ийи, ким бул?!

**Үн** - Мен. Мен эле.

**Айша** - Кимсиң?! Эмне керек?

**Үн** - Ачсаң эшикти?

**Айша** - У-уфф!.. (Эшикти ачат) Ой дос, сенсиңби? Кел, келегой. (3 жолу өбүшүшөт.) - Кандайсың?

**Кыз** - Жакшы. Эже, кандайсыз? Окууларыңар кандай ?

**Айша** - Окуулар жакшы. Катырып жатабыз. Кел, отурсаң?





**Кыз** - Жок, мен шашыбатам. Жумуш менен келдим силерге. Картошка кууруп жейли десек, майыбыз такыр калбай калыптыр. Ошого бир пияла май, бир пияз, 5-6 тоголок картошка берип тургулачы? Эртең айылдан продукты келет. Апам тоок союп, жарым мүшөк картошка-пияз, сары май берип жиберем деген. Майыңар барбы? (Айша Жамалга карайт.)

**Жамал** - Ийи алтыным, бизде да май түгөнгөн. Бир жумадан бери жалаң кукси, роллтон жеп эле жүрөбүз. А картошка, пияз дегениң толтура – дыйканчылык. Каалашыңча ала бер. **(Айша бир пияз, 5-6 картошка берет.)**

**Кыз** - Шекериңер болсо биртке алып туралы дедик эле...

**Айша** - Тилекке каршы бизде да шекер жок. Биз шекерсиз эле чай ичебиз. Таттуу деген адамды семиртет да.

**Кыз** - Семирсем деле мейли эле. Мен такыр шекерсиз чай иче албайм...

**Жамал** - Жок да. Болсо силердей кошуналардан аяйт белек.

**Кыз** - Каап... Болуптур анда. Картошка, пиязыңар үчүн чоң рахмат. Эртең сөзсүз кайтарабыз. Болуптур анда. (чыгат.)

**Айша** - Макул, жакшы бар, дос. Келип тур, ээ? (Эшикти бекитип) Эже, теманы улантaлычы, теманы?

**Жамал** - Темабыз кайсы эле?

**Айша** - Бүгүнкү өтүлө турган темабыз – жабжаңы тема. Темабыздын аты - **сүйүү!** Эстедиңизби?

**Жамал** - Ах, сүйүү!.. Эмесе, теманы улантабыз **(ушул учурда Жамалдын чөнтөк телефону шыңгырайт.)**
- Да, угуп жатам. Рахмат жакшы. Ооба менмин. Жакшы. Ооба бар. Мына өзүнө берем. (Айшага) Класташың Адыл. Ме сүйлөш.

**Айша** - Да. Мен Айшамын. Жакшы. Өзүң кандай? Окууларың жакшыбы? Биз ошо... Сессияга даярданып жатабыз. Ишенсең библиотекага барганга убакыт жок. Модулдар башталган бизде. Өзүңдө эмне жаңылык?... Койчу? Качан келди? Адыл ай, уксаң? Коюп койду.. **(Беттери албырып чыгат.)** Нурбек бөлөм Россиядан келиптир, учурашып кетем деп. Азыр комнатаңарга барып калабыз дейт. Эми эмне кылдык?...

**Жамал** - Аи-ий, азыр келишет бекен?

**Айша** - Ооба.

**Жамал** - Бол, комнатаны жыйнай салалы. **(Ары-бери жыйнай коюшат).** - Айша, тамактын акчасынан канча бар?

**Айша** - 48 сом калган. 150 сомун Гуля алган, ордуна коём деп.

**Жамал** - Ме, муну кошуп алгын да тез барып, жарым килограмм кумшекер, 2 нан, калганына сабиз салат апкеле кал. (Акча берет.) Бөлөң келибатса... Если- что вермишелден палоо демдейбиз.

**Айша чыгат. Жамал магнитофон коёт да бийлегенче чаң аарчыйт, өзүн ирээтке келтирет. Аңгыча Айша да келип калат.**

**Айша** - Эже, мынакей жарым кило шекер, мынабул сабиз салат. Наавай нан жок экен, бөлкө алдым.

**Жамал** - Мейли, насибинче да. Айша, чачыңды тарап алчы. Байкушум десе, окуй берип, окуй берип жүдөп да кеттиң, ээ?

**Күлүшөт. Айша таранып, бою-башын ирээтке келтирип, помада коюнат. Терезени улам-улам карай берет.)**

**Айша** - Тигине, келатышат! Гүл, торт көтөрүп алышыптыр! Эже, эшикти сиз ачыңызчы, мен отуруп турайын.

**Столго отуруп китеп окумуш болуп калат. Ушул учурда эшик такылдап, пакеттерди кетөргөн жигиттер киришет.**

**Адыл** - Уруксат бекен? Саламатсыздарбы? Кирсек болобу? Же уруксат эмеспи?

**Жамал** - (күлүп) Уже, кирип алдыңар го. Уруксат, уруксат. Келгиле, жогору өткүлө.

**Айша** - (Китебин жаап, наздана) Келгиле. Ой, кандайсыз бөлө?. Келишиңиз менен.

**Нурбек** - Рахмат. Келип калдык. Ошо... (ыңгайсызданат)

**Айша** - Рахмат, Эстеп койгонуңузга. Жогору өтүңүздөр. Кандайсың Адыл?

**Адыл** - Индийский чайдаймын. Мына бул сизге **(Тортту Жамалга берет)**. А мына бул сизге **(гүлдү Айшага**





**берет)**. А мына булар болсо баарыбызга. **(Столго келип отурушат.)** Эже, бул Нурбек – менин досум – Айшанын бөлөсү. (Нурбекке) А бул жак болсо өзүмдүн эжем Жамал. Бизден болгону бир аз эле улуураак. Бирок, мен баарыбир эже деймин. Анткени сыйлаймын. Келсем эжемдин чайын ичмейинче кетпеймин. А бул чоң кыздын аты - Айша. Айшашкоо-ов, чай койчу, алтыным? Бүгүнкү күндүн эсебинен такыр эчтеке жей элекмин, буюрса. Таак, көрөлүчү бул жакта эмнелер бар экен. Ох-оо! Алмалар жана жүзүмдөр! Нандар! Шпрот! Конфеттер! А муну болсо колбаса дейт. Голландия сыры! Натуральный соктор! Жана башкалар, жана башкалар... **(алып чыга берет.)** Оо-о! Шампанское! Жаша досум! Байкуш студенттерди бир жыргатайын деп келип калыптырсың да, ээ?! Досум жакында эле Россиядан келген. Демек, капчыгы калың. Айша, бычакты берчи, колбасаны кесип жиберейин тезирээк.

**Стол даярдашат. Чогуу отуруп, тамактана башташат.**

**Жамал** - Алгыла.

**Айша** - Чайдан ичиңиздер. Бөлө, чай куюп берейин?..

**Адыл** - Алгыла жана жегиле. Аш жегендин айыбы жок - курсак ачып турганда. **(Куудулданат)**. Ал Адыл, алагой. Колбаса, сырдан жеп-жеп ал, мүмкүнчүлүк болуп турганда. Сок досум! (Күлүшөт.) Эже, Айша баягы хрустальный ыстыкандарыңарды алып келсинчи? Муну ачпасак уят го. **(Айша туруп барып чоң-чоң грузовой стакандарды алып келет.)** Ап-бали! Азаматсың Айша! **(Шампанды ачып куят.)** Шампандан кипкичине- кичинеден ооз тийип коёлу ээ, Нуке? Эмне сүйлөбөйсүң, дос? Демейде тилиң буудай кууруйт го...

**Нурбек** - Сенден очередь тийбей жатпайбы (жылмаят).

**Адыл** - Мына эми кезек сеники. Кана эмесе, урматтуу Нурбек мырза, 1-микрофон сизде. **(Стаканын көтөрөт.)**

**Нурбек** - Өзүң эле сүйлөй берчи?.. (Сүрдөнүп уяла берет.)

Мен го сүйлөй берем дечи. Анан кезек бербедиң деп, эшикке чыкканда **"тырыштырып"** жүрбө, дос? Ха-ха-ха! Тамаша достор. Эже, бул ушундай уяң жигит. Эгер сиз уруксат берсеңиз мен бирдеме деп, "былжырап" коёюн ээ? **(Ордунан туруп)** Эмесе, ушул тостту бүгүнкү жолугушуу үчүн көтөрөлү. Ден-соолугубуз чың болуп, өмүрүбүз узун болсун. Ушундай жолугушуулар тез-тез болуп, тынч заманыбызда ойноп-күлүп, бири-бирибиздин дидарыбызга дайыма тоюп-тоюп жүрөлү. Кана, кеттик. **(Кыздарга закуска сунат.)** Алыңыз, алып жибериңиз? Кана-кана, оп-па! **(Жамалды алдырат. Нурбекке акырын шыбырайт.)**

Адыл - Ал, алып жибер, тартынбай каласың. **(Нурбек ичип жиберет.)** - Айшашко-ов, ал, албасаң такыр болбойт. Бөлөң деген атайын алыскы Россиядан келип отурса... Ал, алагой. Албасаң биз таарынып калабыз ээ, Нуке?

**Нурбек жылмайып баш ийкейт. Уяла берет. Адыл кыстап жатып Айшага аз-маз ичирип, өзү да алат. Дагы куят.**

- Бүгүнкү олтуруштун тамадасы менмин. Өхү-өхү! (Кейрөңдөнөт) Азыр мен сөздү баарыбыз урматтаган, жакшы көргөн эжебиз, окуунун отличниги, университеттин сыймыгы, сүйүктүү Кыргызстаныбыздын куда каалаcа Макаренкосу, өзүмдүн эжем – Жамал эжеме бермекчимин. Эже дебей эле коёюнчу, эже? Доспуз го.

Жамал - (күлөт) Мейли, өзүң бил. Мен эмне демекчимин. Кош келипсиңер биздин комнатага. Нурбек, рахмат сага. Бөлөңдү эстеп, сыйлап келгениңе. Ден-соолугуңар чың, өмүрүңөр узун болсун. Дүйнөдөгү бардык жакшылыктарды каалайм. Тилеген тилек, ой- максаттарыбыздын орундала беришине тилектешмин. Асманыбыз ар дайым ачык болсун.

**Адыл болбой жатып баарына шампандан ичирет. Торттон кесип жешет. Адыл терезеде турган магнитофондун кулагын бурай коёт. Жагымдуу музыка ойнолот.**





Адыл - Мына, **"студенттин бир көргөнүн кул көрбөйт, бир көргөнүн хан көрбөйт",-** дегени чын сөз, эй Мына ушул азыр хандардан эмнебиз кем? Музыка Стол үстү жайнайт. Кайсы бирин жээрибизди билбей башыбыз маң. Пай-пай-пай! Келгиле, дагы бирден алып жиберели да анан бийлейли.

**Жагымдуу музыканын коштоосунда төртөө аябай бийлешет. Бир убакта эшик катуу такылдайт.**

Айша - Ким бул?

Үн - Мен.

Айша - Эмне керек?

Үн - Чөмүчүңөрдү берип тургулачы? Тамак куюп алып эле кайра алып келип берем. **(Айша чөмүчтү берип, эшикти жапмакчы болот.)**

Кыз - Эмне, торт жеп жатасыңарбы? Кимдин туулган күнү, дос? **(киргиси келет)**

Айша - Жок. Туулган күн эмес. Жөн эле. Меймандар келишти. Азыр.. **(Тарелкага бир кесим торт салып апкелет)** Ме, бөлөм алып келиптир.

Кыз - Рахмат, дос. А тааныштырбайсыңбы.... (киргиси келет)

Айша - Анан. Анан.., макул ээ? **(Эшикти жабат. Ушул учурда Адыл магнитофондун кулагын дагы бурай коёт. Жеңил музыка башталып кетет.)**

Адыл - Мына бул музыка мага абдан жагат. **(Эки-экиден болуп бийлешет. Жамал менен Адыл чимириле тегеренип бийлешет.)**

Жамал - Адыл, сен жакшы бийлейт экенсиң.

Адыл - Мектепти бүтөөр жылы практикант эжеке үйрөткөн. Рахмат ошол эжеге. А сиз кимден үйрөнгөнсүз?

Жамал - Өзүмдөн. (Күлүшөт)

Адыл - Эже, концертке барып, эс алып келбейлиби?

Жамал - Кандай концерт экен?

Адыл - Жалаң жылдыздардын концерти. Укмуш дешет.

Жамал - Чынымды айтсам, эстрадалык концерттерди анчалык жактыра бербейм. Даңкылдак-дүңкүлдөк, баягы эле коёндой окшош, жеңил-желпи ырлар. Анан да **"жылдыздар"** укмуштуудай көбөйүштү.

**Адыл** - Ой, көбөйгөнү жакшы да. Азбы-көппү, жаманбы-жакшыбы ошол **"Жылдыздар"** бүгүнкү кыргыз эстрадасынын жүгүн аркалап, өз салымдарын кошуп келе жатышпайбы.

**Жамал** - Сени менен макулмун. Жылдыздардын көп болгону албетте жакшы. Бирок, эмне үчүн кыргыз эстрадасын дүйнөлүк аренага чейин сүйрөп чыккан бир да **"жылдыз"** көрүнбөйт? Эмне үчүн кыргыз эстрадасы дүйнөгө өзүнүн Роза Рымбаевасын же Алла Пугачевасын, же болбосо Дима Биланын бере албайт?...

**Адыл** - Ибрагим Жунусов агай айткандай биздикилер баары эле жылдыз эмес – лампочкалар дегиңиз келип турабы?

**Жамал** - Жок. Андай ойдон алысмын. Жылдыз деген өтө бийик, улуу да. Биз ушул сөзгө этият мамиле жасашыбыз керек. Анан...

**Адыл** - Эже, муну мындай таштайлы да тигилерден башталы. Тигилерди карасаңыз, тигилерди. **(Көзү менен тигилерди көрсөтөт. А алар эч нерседен капарсыз кыналыша бийлей беришет.)**
- Бул жакшылыктын жышаанасы. **(шыбырай)** Нурбек
Россиядан атайын Айша бөлөсүн жакшы көрөт экен. Эгер Айша макул тапса үйлөнсөк деген оюу бар экен. Карасаңыз, экөө бойтоюп дегеле үчүн келиптир. жарашып калыптыр.
- Аа-аа... Айтам да-а.. (Музыка бүтүп калат.)

**Жамал** - **(кол чабат)** Прошу к столу. Келиңиздер, отуруңуздар.

**Адыл** Силер аябай жакшы бийледиңер, эгиз козудай болуп. Приз! (куят)
- Азыркы сөз алыстан ат арытып, жол карытып келген биздин мейманыбыз, досубуз Нурбек мырзага берилет.

**Нурбек** - (сүрдөнөт) Кхмм... Мен бардыгыңыздарга бекем ден- соолук, узун өмүр каалайм. Жолугушканыбызга абдан курсантмын. Ошо... Алып коёлу...

**Адыл** - Бали-бали-бали! Сөз эмес бекен! Кана, кантип алабыз? Авторский деген сөз бар бизде. Бол... Автор как поёт... **(Нурбек алат)** Биздин авторубуз жакшы пойду – ырдады ээ? **(Кыздарга алдырып, өзү да ичет.)**





Эмнегедир ырдагым келип чыкты. Ыр кесе баштайлыбы? Айша, созолонтчу?

**Айша** - Мен такыр ырдай албайм... (уялат).

**Адыл** - Ия де?! Ушу сен эле болсоң ырдай албайсың.. Түшүнүктүү... Нуке, сен баштачы анда? Орусиядан үйрөнгөн хит ырлардан.

**Нурбек** - Жок. Кыргызча эле ырдайлычы? Ал жакта жүрүп Кыргызстанды, кыргыз ырларын сагынасың. Э-эх, ушунчалык сагынасың. Мекендин кадырын алыста жүргөндө билет экенсиң.

**Адыл** - А мен орусча ырдагым келе берет. Киркоров – менин кумирим.

**Жамал** - А кыргыз ырчыларынанчы?

**Адыл** - Өзүбүздүкүлөрдөн мага жалгыз гана Алишер Тоотаев жагат. Өзүнчө бир бөтөнчөлүк бар ушул жигитте. Ой десең ой, бой десең бой, каш десең каш, баш десең баш, өң десең өң, үн десең үн бар. Эгер мен депутат болсом, ушул жигитке демөөрчү болуп бермекмин.

**Жамал** - Абдан туура кылмаксың. А сен депутат бол да.

**Адыл** - Эгер мен ЖОКЕге депутат болуп калсам, биринчиден, жолдорду ондотмокмун. Анан студенттердин стипендиясын көбөйтмөкмүн. Контракт дегенди ордутүбү менен жок кылып, окуучуларга жана студенттерге 2 маал ысык тамак уюштурмакмын!

**Айша** - (кол чабат) Ура-а! Кандай гана жакшы депутатсың!

**Жамал** - **(кашыкты микрофон кылып сунат)** Жолдош депутат, айтыңызчы, сиз көп аялдуулукка кандай көз караштасыз?

**Адыл** - **(үнүн жасап)** Мен, как депутат катары, көп аялдуулукка абдан жакшы көз караштамын. Аялдарың көп анан баары тең сулуу болушса кандай жакшы.
*Если был я султан, был бы холостой,*
*Тройной красотой был бы окружен.*
*Та-ра-та-та-та, та-ра-та-та-та!* **(бийлейт)**

**Айша** - Оме-ей! Карасаң муну. Өлалбай жүрүп дымагын көрчү, жинди десе! **(муштайт)**

**Адыл** - Тамаша достор. Кичине күлүп- жайнап отуралы да. Кантип эле ушу мен 3 катын алып калайын. Мен деген тарбия көргөн баламын.

**Айша** - Адегенде бирөөн эле алып алчы.

**Адыл** - Алайын десем бир да кыз мени карабай жатпайбы. Түзүк эле жигитмин бирок, ээ?

**Жамал** - Ой, сен деген укмуш жигитсиң да. Сендей жигитти карабаган, сүйбөгөн кыздардын көздөрү кашайсын.

**Адыл** - (алакан жаят) Ылайым кашайсын. Шашпа-а... Окууну бүтүп, дипломду колго алып алайын. Анан мен да элчилеп Россияга же Кореяга иштегени кетем. Куда кааласа 1 же 2 жылдан соң чөнтөктү кампайтып, иномарканы минип, келип калам. Ана, ошондо көрөбүз да жактырбаган кыздарды.

**Жамал** - Эмне үчүн чет өлкөгө кетесиң? Бул жерде эле иштесең болбойбу?!

**Адыл** - Бул жерде кайсы жыргаткан ишти иштейин?

**Жамал** - Кааласаң тапсаң болот да.

**Адыл** - Ооба. Тапсаң болот. Пара берип жатып бир жерге ишке орноштум дейли. А канча айлык алам. 100$. Жүз долларың эмнеге жетет? Менин го айлыгым жүз доллардан кем болбойт, куда кааласа. А сиз кызыл диплом менен барып, мектепке ишке орношсоңуз 1500сом айлык аласыз. Мына жашоо! Мына керемет! Жок, мен баарыбир Кыргызстанда калбайм.

**Жамал** - Сен кетсең, бул кетсе, мен кетсем – ким калат Кыргызстанда?! Баарыбыз эле жакшы жашоо издеп туш тарапка кете берсек, эл-жерибизди таштап!.. Кимдир бирөөлөр иштеп, кимдир бирөөлөр жан күйгүзүш керек го – Мекен деп. Мен ушул бүгүнкү күндөрдө аз айлыкка чыдап иштеп, Кыргызстаныбыздын өсүп, өнүгүшүнө өз салымдарын кошуп жаткан атуулдарды – өз мекенибиздин чыныгы патриоттору деп айтаар элем!.. Менимче, бизде азыр **патриоттуулук, намыскөйлүк, жоопкерчилик** дегендер саал жетишпей турат... А биз бул кенемтени тээтияктан – балдар бакчасынан, мектеп партасынан баштап толтура башташыбыз керек. **(Кызууланат)** Ар тараптуу, өнүккөн, өз өлкөсүн сүйгөн, чыныгы инсандарды тарбия-





лоо – биздин **(Айша менен өзүн көрсөтүп)** ыйык милдетибиз! Өлкөнүн келечеги - жаштар. А жаштарды тарбиялаган кимдер – мугалимдер. Демек, мамлекеттин тагдыры – дүйнөдөгү эң ардактуу жана салмактуу кесиптин ээлери – мугалимдердин колунда. Жашасын мугалимдер! (Кол чабат)

**Айша** - Бирок, мен мугалим болуп иштебейм.

**Жамал** - Анда эмне үчүн окуп жүрөсүң?

**Айша** - Диплом керек да. Үйдөгүлөр болбой эле тапшыртып коюшкан. Мугалимдик кесип ардактуу болгону менен эң эле түйшүктүү, оор экен. Бирөөнүн балдарын окутам, тарбиялайм деп жүрүп, мугалимдердин көпчүлүгү бара-бара ден-соолугу бузулуп, нервдери чарчап калышат турбайбы.

**Жамал** - Кайран беш жыл! Мугалимдердин сен үчүн короткон кайран эмгеги...

**Адыл** - А биздин мугалимдер чын эле өлкөбүздүн татыктуу инсандарын тарбиялап жатышабы? Андай болсо агартуу системасындагы оош-кыйыштарчы? Паракор агай-эжекелер, чала сабат студенттер кайдан чыга келди? Булар бүтүп барып, кантип иштешет? Булардан билим, тарбия алган келечек муундарыбыз кандай болот? А алардан кийинки муундарчы? Көч ушинтип улана берсе – анда биздин Ата Мекенибиздин тагдыры коркунучта деп ойлойм.

**Нурбек** - Чын.

**Жамал** - Туура.

**Айша** - Эмне кылуубуз керек?

**Жамал** - Эмне кылмак элек? Жакшылап окуп, жакшы иштөө керек. Эл-жер, Ата Мекен үчүн таза, ак кызмат кылуу керек.

**Айша** - Ошондо эле заман оңолуп, элдин турмушу жакшырабы?

**Жамал** - Менимче, заман оң эле. Бирок, элдин пейили бузулган. Паракорчулук, алдым-жуттумдук көбөйдү. Статистика боюнча биздин мамлекетибиз коррупциянын өнүгүшү боюнча 58 мамлекеттин ичинен 4- орунду ээлейт экен. А жаштардын билим сапатынын өнүгүшү боюнча арт жагынан 4- орунда экенбиз. Мына жетишкендик!

**Айша** - Аи-ий! Уят эле!

**Адыл** - "Балык башынан сасыйт" деп бекеринен айтылбайт... Коррупциянын чордону тээтиги чокудагы чоңдордо. ...Эже, мен кичине уялып калдым. Кыз башыңыз менен сиз ушинтип Мекен деп күйүп-жансаңыз, **"сильный пол"** биз эмнеге минтип ойлонбойбуз?

**Нурбек** - Кантип эле ойлонбойлу?! Мен ойлоном эле. Бирок, турмуш өзү бизди кыстап жатпайбы. Ал жакта эле жыргал турмуш жок. Бөлөк эл, бөтөн жер, мусапырчылык дегендей. Бирок, ак иштеп, туура сүйлөп, туура жүрсөң орус туугандар чынчыл эмеспи, сыйлашат. Иштесең болот. Бизнеси жүрүшүп, бутка туруп алгандар толтура... Кээ бир "биздикилер" бараарын барып алып, ал жакта да жөн жүрүшпөйт. Уурулук кылып аткан, арак ичип мушташкан, ар түрдүү жаман жолго түшүп кеткен "кыкеңдер" да көп. Тил билбей кыйналып жүргөндөрчү?.. Мен да жаңыдан барганда бир топ кыйналдым. Сүйлөй-сүйлөй чечен болот дегендей, азыр бир топ көнүп калдым. Ал жактын жашоо деңгээли менен бул жактын айырмасы асман менен жердей.

**Айша** - Албетте, ал жактыкы жакшы да.

**Нурбек** - Ооба. Иштесең болот. Коммерция кылсаң да жакшы, мүмкүнчүлүктөр бар. Буюрса, быйыл гражданство алып алсам, анан 3-4 жыл иштеп, бутка туруп алып, анан Кыргызстанга келип, Ата Мекен үчүн ак кызмат кылсам деген тилектер бар. Келечек пландар ушундай, эже.

**Жамал** - Түшүнүктүү.

**Айша** - Жакшы пландар экен.

**Нурбек** - Да-а. Ушундай...

**Адыл** - (куят) Анда ушул жакшы пландар үчүн алып койбойлубу?

**Айша** - Мен ичпейм. Мас болуп калдым окшойт. Өмүрүмдө шампан ичип көрө элек болчумун.

**Адыл** - **"Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет"**- дейт. Келгиле, ушул алтындай болгон чөйчөктөрдөн шампан эмес шарап ууртгап коёлу. **(Кагыштырышат.)**





**Нурбек** - Эже, эшикке чыгып сейилдеп, эс алганча концерт көрүп келбейлиби?

**Адыл** - Ошентеличи, комнатада эле отура бербей. **(Баары Жамалга карашат.)**

**Айша** - Эмне кылалы, баралыбы?

**Жамал** - Мени билесиң го. Өзүңөр эле барып келгилечи..?

**Адыл** - Жамал эжем анча-мынча концерт-панцерттерди тоотпойт.

**Жамал** - Койчу, антип айтпачы. Тоотпойт эмес.., менин табитим ошондой.

**Адыл** - Мындай жылдыздар концерти биздин Ошто күндө эле боло бербейт, мүмкүнчүлүктөн пайдаланалы. Спонсорубуз деги бар. Мына, 4 билет алып койгонбуз.

**Жамал** - Гүлгаакы келип калса жакшы болот эле.

**Адыл** - Чын эле, Гаакы кайда?

**Айша** - Ал зарыл жумуштар менен кеткен.

**Жамал** - Келээр маалы болуп калды. Концерт дегенде ал учуп турат. Шаарда болгон бир да концерттен калбайт.

**Адыл** - Азамат! Бардык жакка үлгүрөт ал. Сүрөтү 1- курстан бери бакыйып **"Университеттин сыймыктарынан"** түшпөй келатат, ээ?

**Жамал** - Абдан аракетчил кыз. Өзүн ар тараптан өстүргүсү келет. Биздин факультетте өткөн бир да иш-чара Гулясыз өтпөйт.Университеттин алдындагы бийге, драм кружокко катышат.

**Айша** - Айрыкча, спектакль дегенде тим эле "жатып" алып көрөт. А мен спектаклге такыр кызыкпайм. Зеригип кетем.

**Жамал** - А мага абдан жагат. Кана эми, биздин театрларда да тез-тез жаңы, элге- бүгүнкү жаштардын талабына жооп бере ала турган спектаклдер коюлуп турса, ата-ганат.

**Адыл** - Коюлса да эл барбайт да ага. Премьерасы болот, ошо бойдон тамам. Бүгүнкү молодежь театрга спектакль көргөнү барбай калдык го...

**Айша** - Ким күнөөлүү?

**Адыл** - (ийнин куушурат) Ким күнөөлүү?.. Эже, сиз билгичсиз го, жооп бериңизчи?

**Жамал** - Албетте, биз күнөөлүү эмеспиз. Заман да күнөөлүү эмес. Коомчулук анан улуу муундагылардын күнөөсү го дейм. А кийинки муундагылардын астында биз күнөөлүү болуп калабыз... Жеңил-желпи ырлар менен жаштарды кантип тарбиялайбыз?.. Мага классикалык музыка айрыкча, фольклор абдан жагат. Атаганат, бизде да опера-балет театры болсо кана-а... Ушу жашка келип, бир да балет көрө элекмин, телевизордон көргөнүм эле болбосо. А операнын "О" тамгасын укпагандар канча, XXI кылымда жашап жатып.

**Ушул учурда эшик такылдап, жакшынакай прическа жасатып, чачын боёткон Гүлгаакы кирет.**

**Гүлгаакы** - Ой, саламатсыңарбы? Мен адашып башка комнатага кирип алган жокмунбу?

**Айша** - Кел, отур. Бул менин бөлөм болот. Аты Нурбек. А бул Гүлгаакы - жан досум, 1-курстан бери чогуу жашайбыз. (Нурбек ордунан туруп, баш ийкейт.) Бул жигитти таанысаң керек.

**Адыл** - (ордунан туруп, кол сунат) Бүгүнкү студент, эртеңки бакыйган бизнесмен – Адыл Атажанов. Сиз менен таанышканыма абдан кубанычтуумун **(колунан өбөт)**. Каякта жүрөсүң, тирик?

**Гүлгаакы** - Ха-ха! Жакшы. Мен да кубанычтуумун. Отуруңуздар. Оу-уй, столдо эмне гана жок! Бүгүн кайсы майрам өзү?

**Адыл** - Момун мусулмандардын бири-бири менен жолугушкан ар бир күнү майрам деп эсептелинет эмеспи. Жолугушкандыгыбыз үчүн. (Кагыштырышат). Гуля, биз силерди концертке чакырып келдик эле.

**Гүлгаакы** - Бүгүнкүгөбү?

**Адыл** - Ооба. Туптуура 2 сааттан соң башталат.

**Жамал** - Силер төртөөңөр барып келгиле. Мен семинар сабакка даярданышым керек.

**Нурбек** - Эже, бата кылалы эмесе.





**Адыл** - Оомийин. Биз келдик, балээ келбесин. Окуудагы ийгиликтер, жакшылыктар, тойлор боло берсин. Чайыңарга чолчойгон чоңдон-чоң чырахмат.

**Жамал** - Силерге да рахмат. Келип тургула.

**Нурбек** - Рахмат.

**Адыл** - Буюрса тез-тез келип турабыз ээ, Нуке?

**Нурбек** - **(Адылдын бутун акырын тээп коёт)** Биз вахтадан күтүп туралы, ээ?

**Адыл** - Силер тезирээк түшө калгыла, алтындарым. Эже, капачылык болбосо...

**Жамал** - Эч кандай капачылык болбойт. Жакшы барып, жакшы эс алып келгиле.

**Нурбек** - Жакшы калыңыз. Чоң рахмат. **(Жигиттер чыгышат. Кыздар кийине башташат.)**

**Гүлгаакы** - Эже, мени сурап эч ким келбедиби?..

**Жамал** - Жок. Эч ким келбеди.

**Гүлгаакы** - Ммм-мм... Нурбек жакшынакай жигит экен. Токтоо, сымбаттуу. Кичипейил да экен. Мага жакты.

**Жамал** - Абайла. Ал Айшанын бөлөсү. Бөлөсү үчүн өлүп- талып Россиядан келиптир.

**Гүлгаакы** - Оо-о! Кандай жакшы.
*Бөлө, бөлө, бөлөм деп,*
*Бөлөм үчүн өлөм деп ай.*
*На-на-на-на-най... (ырдайт).*
- Чачым кандай боёлуптур?

**Жамал** - Укмуш. Прическаң да өзүңө сонун жарашыптыр. Болгула эми, бир жакка кечигип барганды, бирөөнү күттүргөндү аябай жаман көрөм.

**Гүлгаакы** - Кыздар деген бир аз кечиксе эчтеке болбойт... Качан эле биздеги концерт, спектаклдер өз убагында башталчу эле. (Боёнот) Эже, сиздин мончогуңузду тагынып алайынчы?

**Жамал** - Ал, алагой.

**Гүлгаакы** - Рахмат. **(Тагынат. Пудра, помадаларды коюнат. Айша келет.)**

**Айша** - Мынакей мен. Бутума эмне кийейин? Туфлийимдиби?

**Гүлгаакы** - Албетте босоножканды. Туфлийиң алдагы көйнөгүң менен үндөшпөй калат, дос. Тиги сөйкөлөрүңдү да

чеч. Ме, мына буларды тагын. Комплект болсун да. Эми көзүңдүн үстүнө күрөң тень менен азыраак көлөкө түшүрүп коёбуз. Көзүң жакшынакай, таасирдүү көрүнсүн үчүн. Мынакей. Эми кашыңды боёп кой. Умай энебиз деле кашына дайыма осмо коюнуп жүрчүү экен. Кыз болгондон кийин бир аз боёнуп, сулууланып жүрүш – бул зарыл жана шарт, туурабы?

Айша - Туура. Бирок мен көзүмдү боёгонумда кадимкидей чарчап калам.

Гүлгаакы - А сен үйрөнгүн. "Красота требует жертв". Сулуу болуш үчүн эбегейсиз зор эмгек талап кылынат, деп калышат го.

Жамал - Табият тартуулаган сулуулугуңар эле жетиштүү болуп турбайбы.

Гүлгаакы - Ошо табият тартуулаган сулуулукту ого бетер сулуулап койсок **ого бетер** жакшы да. **(жасана беришет.)**

Жамал - Ой, болгула эми, **таз тарангыча той таркайт** болбой. Жигиттер күтүп калышты.

Гүлгаакы - Күтүшсүн, эчтеке болбойт. Жигиттер кыздарды күтүү үчүн жаралган. Ар ким өзүн баалай билиш керек. Жигиттер деле өзүн жакшы карап, тыкан алып жүргөн кыздарды жактырышат экен, бул кыздан кийин тың кожейке чыгат дешип. Чачын тарап-тарабай, шашып-бушуп жүргөн кыздардан кийин деле ошондой кожейкелер чыгат имиш, мурдунун суусу агып, баласынын жалаягы менен күйөөсүнүн көйнөгү аралашып, нан жапса жарымы тандырда калган. Менин чоң энем 87 жашында өттү. Өлгөнчө кемселинин чөнтөгүнөн кичинекей таш күзгүсүн түшүрчүү эмес. **"Дайыма ийне-жип анан күзгүңөр жаныңарда жүрсүн, кыздарым"**,- деп бизге да көп айтчу, ырахматылык.

Айша - Сен чоң энеңди тарткан турбайсыңбы анда. **(жасана беришет.)**

Гүлгаакы - Апам деле өзүн жакшы карайт. Жетини төрөсө да көкүрөгү тикчийип, фигурасы жаш келиндердикиндей. Бетине дайым сүзмө коюнуп, муздак суу менен чайкайт.





Жамал - Ой, болгула эми...

Гүлгаакы - Мына болдук. Эже, кичинекей күрөң сумочкаңызды берип турсаңыз Айшага?

Жамал - Ме. Айша, ушул көйнөгүң өзүңө укмуш жарашат. Келгиле, атыр сээп коёюн. Болгула эми.

Гүлгаакы - Болуптур, зерикпей отуруңуз?

Айша - Биз кеттик.

**Жамалды бетинен өөп, койкондой басып, чыгып кетишет. Жамал кыздарды жөнөтүп коюп, өзү жалгыз столго келет да ойлонуп отуруп калат.**

## КӨШӨГӨ

## 2 – КӨШӨГӨ

**Арадан 3-4 ай өткөн болот. Ошол эле бөлмө. Айшанын керебети бош. Сааттын бир калыпта чыкылдаганы угулуп турат. Гүлгаакы терезени карап ойлуу турат. Жүдөңкү, кыйналгандай түрү бар. Эшик акырын тыкылдап, ууру мышыктай абайлай баскан Осмон кирет. Койнуна каткан 1 даана гүлү бар.**

Осмон - Уруксат бекен? (Гүлдү сунат.)

Гүлгаакы - Осмон, жаным!.. Келдиңби?!.. **(Кучагына бой таштайт.)**

Осмон - Келдим, жаным. Келбей каякка бармак элем. Периштем менин! Сагынып кеттим. **(Колуна так көтөрүп тегеретет.)**

Гүлгаакы - Ой- ой, башым! Башым тегеренип кетти.

Осмон - Койдум, койдум. Мынакей. **(Этияттык менен жерге түшүрүп, тизесине отургузуп эркелетет, чачтарынан сылап, көздөрүнө тигилет.)** Кандайсыңар, алтындарым менин...**(Гүлгаакынын курсагын сылайт)** Ох, жаным десе..

Гүлгаакы - **(Эркелей мурчуят)** Сагынганды сураба. Кечээ эмне үчүн келбедиң?..

Осмон - Сагынганыңдан сенин... **(Гүлгаакыны эми этияттык менен көтөрүп барып, кроватка отургузат да**

**өзү сигарет күйгүзөт. Кере-кере соруп алат да дароо кайра өчүрөт.)** - Алтышка, кечирип койчу? Сенин жанында тамеки чегүүгө такыр болбойт да. Алтындарым менин, кечирип койгула жаман атаңарды? Форточканы ачып коёюнчу, ээ? (Ачат) А кокус суук тийип калып жүрбөсүн, кой, жаап эле коёюнчу. **(Чуркап барып кайра жаап келет.)**

- Айтчы, эмне кылайын, ханышам менин?! **(Гүлгаакы Османду эркелей да назданып, ичи элжирей карап тура берет.)**

-Тамак ичтиңби? **(Гүлгаакы баш чайкайт)** А эмне үчүн ичпедиң? Сен деген тамакты көп-көп ичишиң керек. Эки адам үчүн ичишиң керек! А баса, мына сенин жакшы көргөн тамагың. **(Чөнтөгүнөн сникерс алып чыгат)** Ме, жаным, жей гой? **(Тиги баш чайкайт.)** Дагы эле кусуп жатасыңбы? Байкушум десе, аябай кыйналдың, ээ? **(Мостоёт)** Кыйналбачы, алтыным. Сенин кыйналганыңды көрүп, заманам куурулуп жүрөт. Мени кечирип койчу?.. (Этияттана) Кандайсың деги? Догдурга бардыңбы? **(Гүлгаакы баш ийкейт.)** Эмне деди? Алдырдыңбы? **(Тиги тиктеп тура берет.)** Айтчы эркем, кыйнабачы? Өзүм да кыйналып бүттүм. Эх-х, мен...

**Гүлгаакы** - **(көзүнө жаш алып)** Осмон.., кеч болуп калыптыр. Алдырганга болбойт экен.

**Осмон** - Эмне!? Эмне үчүн болбойт экен!?!

**Гүлгаакы** - Бала чоңоюп калыптыр. Уул экен.

**Осмон** - Ммм-м. Уул бекен?..

**Гүлгаакы** - Ооба. Врач эже аябай урушту. Алдырсаң экинчи төрөй албай каласың деди. Күйөөңдү ээрчитип кел, өзүм сүйлөшөм дейт.

**Осмон** - Койчу врачтарыңды! Оозуна келгенин оттой беришет аларың. Аборт жасатып, анан жапжакшынакай эле беш- алтоону төрөп алгандарды көрүп эле жүрөбүз. Айта беришет да. А сен эч коркпогун! Мына, мен турам го жанында. Татынакайым менин. **(эркелетет)**. Карачы, бетиңе сепкил түшүп, фигураң да бузула баштады. Биз али жашпыз. Ойноп- күлө турган убагыбыз. Айрыкча сен. Мен сени дайыма жаш, сулуу,





жароокер бойдон көргүм келет. Жыйырмага чыкпай жатып төрөсөң... Жалаяк жууп, жүдөп-какап дегендей... Окууңду бүтүп, дипломуңду колуңа ал. Ага чейин мен да "жеңең" менен бир жаңсыл болоюн. Эки ортодо жүрүп, өзүм да чүнчүп кеттим... Бирок, менин жүрөгүм бир гана сен деп согот, билесиң да ээ? Берчи колуңду?

**(Гүлгаакынын колун өзүнүн жүрөгүнө басат.)**

**Гүлгаакы** - Билем. Ишенем сага!

**Осмон** - Мен да сага ишенем. **(Гүлгаакынын колунан өбөт.)** ...Анан билесиңби, биз эмне кылабыз?

**Гүлгаакы** - Эмне кылабыз?

**Осмон** - Сен дипломуңду алган күнү шаарды титиретип, чоң той өткөзөбүз. Сен аппак фата, элде жок той көйнөктү кийесиң. Мендельсондун маршы ойнолот. Биз бири- бирибизге алтын шакектерди кийгизип, нике күбөлүгүн колубузга алган соң, мен сени колума тап-так көтөрөм да тетиги бурчта турган лимузинге алпарып салам. Анан шампан ичебиз. Шаарды кыдырабыз. Шаардын бүт тургундары биздин тоюбузга, бактыбызга күбө болушат.

**Гүлгаакы** - (сүйүнөт) Чын эле ошентебизби?

**Осмон** - Чыпа-чын. Жигиттик сөзүм! Мен качан эле эки сүйлөөчү элем.

**Гүлгаакы** - Анда убакытты созуп эмне кылабыз? Экөөбүз бирибиризди сүйөбүз. Мен сенсиз жашай албайм, Осмон.

**Осмон** - А мен сенсиз жашай албайм.

**Гүлгаакы** - Болуптур да анда. Эмнени күтүп жүрөбүз. Эртең эле той баштайлычы?

**Осмон** - Эх, кичинекейим менин. Сары ооз балапаным десе. Сага баары опоңой. А турмуш деген оюнчук эмес, Гүлгаакы!

**Гүлгаакы** - Эмне кылайын? Эмне кыл дейсиң, жаным?

**Осмон** - Эмне кылмак элең. Биз бири-бирибиз үчүн жашайлы да. Кийинчерээк, балким кырктын кырында бирди же экөөнү төрөп берсең болот мага. Силерди алаканыма салып бакпасам элеби...

**Гүлгаакы** - Жок. Мен бирди же экини эмес, он бала төрөйм.

**Осмон** - Анча баланы эмне кыласың?!

**Гүлгаакы** - Ой, баланын көбү жакшы да. Мен өзүм көп балалуу үйдө өстүм. Балалуу үй базар дейт эмеспи. Бирин мектепке узатсам, бирин тосуп алам. Да бирөө бешикте жаткан болот. Анан кечинде сен жумушуңдан келгенде баарыбыз чоң үстөлдү тегерете отуруп, чай ичебиз... Анан бир убакта кичинекей кара тоголок уулубуз "Папо-ов, шийем"- дейт. (Каткырат) А сен чуркап барып, бурчта турган горшокту апкеле коёсуң ээ?

**Осмон** - Ии, ошентем!..

**Гүлгаакы** - Биз бактылуу болобуз, Осмон. Мен сага берилген ишеничтүү жар, өмүр бою кол кармашкан өбөк- жөлөгүң, тылың, балдарыңдын камкор энеси болуп берем... А базар күндөрү балдарыбыздын баарын ээрчитип, кичинекейибизди коляскага салып алып, паркка барып же тоого чыгып эс алып келебиз.

**Осмон** - Анан эмне кылабыз...

**Гүлгаакы** - Анан ошентип жашай беребиз. Кыздарыбызды турмушка чыгарып, уулдарыбызды үйлөнтөбүз. Эң алдыңкы үй-бүлөлөрдөн болобуз. Анан.., анан сен сары тиштүү чал, мен какчыңдаган кемпир болом. Ха- ха-ха! (кыялдана берет.)

**Осмон** - Анан...

**Гүлгаакы** - Анан ошентип жашай беребиз, жашай беребиз... Аябай бактылуу болобуз. Анан, күндөрдүн бир күнүндө экөөбүз бир күндө өлөбүз. Уулдарыбыз боз үйдүн жанында каз-катар туруп өкүрүшсө, а кыздарыбыз төрдө отуруп бизди жоктоп кошок кошушат. (Чочуйт). Ой, мен эмне деп жатам? Өлгөнгө шашылбайлычы. Иши кылса биздин турмушубуз ары кызыктуу ары таттуу да болот.

**Осмон** - Болсун, болсун...

**Гүлгаакы** - Эмне, туура эмес айттымбы? Мен биздин турмушубузду дал ушундай элестетип эле кыялдана берем. А сенчи?

**Осмон** - Мен кыялданганды жаман көрөм. Турмуш башка эмнени салса ошону көрөбүз да. Турмуш жалаң иллюзиядан турбайт.





**Гүлгаакы** - А эмнеден турат?

**Осмон** - Турмуш деген турмуш. Тур анан муш! Турбасаң башыңа бир муштайт. Ошондуктан башка муш жеп кала электе шашылуубуз керек.

**Гүлгаакы** - Ой, ким муштамак эле?

**Осмон** - Ким болмок эле. Коомчулук, ата-эне дегендей... Билесиң да менин үй-бүлөм, бала- чакам бар экенин. Аялым оорукчан экенин да билесиң. Билип туруп кыйнап жатасың мени!

**Гүлгаакы** - Эмне кылып кыйнап жатамын?

**Осмон** - Үйлөн дебатпайсыңбы!

**Гүлгаакы** - (ичин карайт) Анан эмне кылабыз?

**Осмон** - (жиндене баштайт) Коё туралы десем түшүнбөй жатпайсыңбы? Аялым жүрөгү оорукчан киши. Экөөбүздүн мамилебизди уккан күнү жүрөгү жарылып, өлүп калат! Ал да сүйөт мени! А кокус аялым өлүп калса кайнатам мени эки чайнап бир жутат! Сенин да түбүңө жетет. Ал деген колун созсо, сунган колу айга жеткен киши! Колунда байлыгы, бийлиги бар киши! Ал деген көпкөн киши! Өтө жестокий киши! А кайненем андан өткөн желмогуз! Эки желмогуздун жалгыз эрке кызына үйлөнгөн күйөө баламын мен! Мен деген тушалган атмын, билгиң келсе!

**Гүлгаакы** - Эмне үчүн тушаласың? Аялыңды жакшы көрөсүңбү?

**Осмон** - Албетте, жакшы көрөм. Бирок, сени сүйөм.

**Гүлгаакы** - Мен да сени сүйөм. Демек, сен меникисиң!

**Осмон** - Менин ширинтай эки кызым бар. Аларды кыя албайм да...

**Гүлгаакы** - А булчу, менин баламчы? (ичин көрсөтөт) Бул экөөбүздүн балабыз да. Экөөбүздүн сүйүүбүздүн тамчысы...

**Осмон** - Кудай билет. Меникиби же көктүкүбү..?

**Гүлгаакы** - Осмон.., ушинтип айтууга кантип оозуң барды?

**Осмон** - Барбаса, баргызып жаткан өзүң!

**Гүлгаакы** - Сен эмне, мага ишенбейсиңби?

**Осмон** - Азыр деген бир көзүң бир көзүңө душман. 4-курстагы Кумарбек менен шынаарлашып жүргөнүңдү далай ирет көргөнбүз.

**Гүлгаакы** - Ооба, Кумарбек мени сүйөт, а мен аны эмес, сени сүйөм да! Осмон, эмне үчүн мага ишенбейсиң? Кыйнабачы мени?..

**Осмон** - Мен сени эмес, сен мени кыйнап жатпайсыңбы!.. Жабылуу аяк жабылуу бойдон калсын. Ичиңдегини алдырып сал! Шаардын четинен үй алып берем. Жакшы жумушка орноштуруп коём. Кааласаң машина да алып берейин...

**Гүлгаакы** - Анан 1 жумада 1 жолу жашырынып мага келип турасың ээ?

**Осмон** - Кааласаң 3- 4 жолу же күндө келип турам.

**Гүлгаакы** - Демек, биз ойнош болуп калат экенбиз да!?

**Осмон** - Жок. Мен сени сүйөм. Сени эч кимге бергим келбейт.

**Гүлгаакы** - Өзүң да албайсың. Түшүнүктүү...

**Осмон** - Шарт ушундай болуп жатпайбы. Көрүп, түшүнүп эле турасың го! Канчалаган сүйүшкөндөр ушинтип эле жашап жүрүшпөйбү.

**Гүлгаакы** - Демек аялыңдан, бала-чакаңдан уурдап чыккан акчага мага "жашыруун" квартира сатып берет экенсиң да! Атүгүл машина да алып бересиң, ээ?

**Осмон** - Ооба, алып берем. Эркектик сөзүм!

**Гүлгаакы** - Болуптур, мен баланы алдыртып салайын. Анан ошол бойдон төрөй албай калсамчы, Осмон?!?..

**Осмон** - Төрөй албай калсаң бала багып аласың да. Азыр эмне көп – таштанды балдар көп.

**Гүлгаакы** - Багып алам ээ?..

**Осмон** - Ооба. Эки же үчтү деле багып алам десең алып берем. Сен көп баланы жакшы көрөм деп жатпайсыңбы.

**Гүлгаакы** - Аа-ааа... Демек, алып бересиң ээ?!.

**Осмон** - Сөзсүз алып берем. Айтканың айткандай дегениң дегендей болот. Бардык жакта тааныштарым бар.

**Гүлгаакы** - А эмне, балдар деген – күчүктөр же болбосо дүкөндөгү куурчактар дейсиңби?!! Каалаганда сатып алып, жакпаса таштап койгондой!

**Осмон** - Анда бакпай эле кой.

**Гүлгаакы** - Карачы, сүйлөп турганыңды! Ушунун баарын болбогон, жөпжөнөкөй нерсе катары айтып жатканыңды





көрчү!.. Осмон, мен сени таанибай турам. Чын эле бул сенсиңби?.. Сен өз каныңдан жаралган эч күнөөсүз наристени – өз балаңды өлтүртөсүңбү?.. Сен мени дүйнөдөгү эң чоң бакыттан - ЭНЕ болуу бактысынан ажыратасыңбы?.. Сен..! Сен ушундай адамсыңбы?!..

**Осмон** - Ох-оо! Сен эми мага мораль окуй баштадыңбы?! Кыз боозуп, энесин коркутат болуп. Ха! А билесиңби, сен өзүң кимсиң?!

**Гүлгаакы** - Киммин?

**Осмон** - Кыз туруп белгисиз биреөдөн төрөгөн кыздарды эмне дечү эле ..?

**Гүлгаакы** - Уятсыз! Кылгылыкты кылып коюп... Осмон!..

**Осмон** - Уят так мына сенде жок болуп жатпайбы. Мени деген эркек дейт. Эркек! Кунаажын көзүн сүзбөсө ..... - деген да макал бар.

**Гүлгаакы** - Анда сен бука экенсиң да! Айбан десе!.. Мен сени жумушуңа, аялыңа атүгүл кайнатаңа чейин барып айтамын керек болсо.

**Осмон** - Айткан күнүңдө деле баарыбир сага эч ким ишенбейт.

**Гүлгаакы** - Эмне үчүн ишенбейт?! Мен болгон чындыкты – бүт баарын айтам. Айтып, аялыңдын көзүн ачып коюшум керек экен. Билсин, күйөөсүнүн ким экенин!

**Осмон** - Сен айтпасаң деле билет. Анын күйөөсү - мен- отличный семьянин. Ушул убакка чейин сен-мен деше элекпиз. Мени түз жолдон адаштырган дал ушул сенсиң! Сага жолукканга чейин ала жипти аттап көрө элек болчумун, керек болсо!

**Гүлгаакы** - Түшүнүктүү! Болду! Жетишет! Түшүндүм сага!.. Көрсө сен ушундай адам экенсиң да... Сен бечарасың!.. Эки жүздүү, ташбоор да экенсиң!

**Осмон** - **(кол көтөрөт, Гүлгаакыны муунта кармайт)** Былжырап көп сүйлөбө! Дагы бир жолу айтам, мени эркек дейт! А өзүң эмне үчүн **этегиңди жаппадың?!..** Абийириң айрандай төгүлө электе давай, баланы алдыртып ташта! Түшүндүңбү?! Жабылуу аяк жабылуу бойдон калсын! Ме карма! **(чөнтөгүнөн акча алып чыгат)** Врачтарга бергин. Көп кыйшалаңдабай

мындан кийин көзүңдү ачып жүргүн! Экинчи менин атымды атачу болбо, уктуңбу! Мен сени тааныбайм, сен мени тааныбайсың!

**Гүлгаакыны керебетке түртө салып, эшикти тарс эткизе жаап чыгып кетет.**

**САХНА КАРАҢГЫЛАЙТ**

**3 – КӨШӨГӨ**

**Ошол эле бөлмө. Гүлгаакы өңү купкуу болуп, дендароо тартып отурат. Жамал кирет шашылып.**

**Жамал** - Кандайсың, Гаакы? Түзүксүңбү? Бирдеме ичтиңби деги? **(Гүлгаакы жалдырап отура берет. Жамал колу менен чекесин басып көрөт.)** - Ай, кудай ай, врач чакырайын десем дагы болбосоң... Азыр, мен чай коёюнчу.**(нар жактан)** И баса , Айша Москвадан звонок кылды менин соткама. Жумушка орношуп алыптыр. Күйөөсү экөө квартирага чыгышыптыр. Нурбек да салам айтты.

**Гүлгаакы** - ..... .....

**Жамал** - Гуля, сага эмне болду? Өңүң жаман болуп турат да. Температураң деле жок... Айтчы деги.? Же эмне, таарынтып койдумбу? Бир тууган сиңдим катары көрөм сени. Айша турмушка чыгып кеткенден бери экөөбүз ого бетер жакын болуп кеттик. Жарылчы деги?.. **(Гүлгаакы жалдырап отура берет.)** Сүйлөчү?.. Ортобузда эч кандай секрет жок го.

**Гүлгаакы** - ..... .....

**Жамал** - Ии, жаңылык! Азыр эле келатып, Осмон Сулаймановичке жолугуп калбадымбы. Сенин Осмонуңа. Биздин жатакана жактан чыгып баратыптыр. Салам айтсам укмаксан болуп басып кетти. Кызык...

**Гүлгаакы** - Келип кетти.

**Жамал** - Аа-аа... Биздин комнатадан чыгып бараткан экен да аяшым. Кантип атасыңар? Той качан?

**Гүлгаакы** - Той..? Кайдагы той...





**Жамал** - Экөөңөрдүнчү? Сөзсүз үйлөнөбүз дейт элең го.

**Гүлгаакы** - Дейт элем...

**Жамал** - Ии, эмне болду? Таарынышып калдыңарбы? Айтамда-а... Осмондун өңү да башкача болчу. Бирок, а кишиге сумсайганы да укмуш жарашат экен. Сен кыйынсың, Гуля. Менмин деген жигиттер артыңдан чуркашат. А сен бирин да карабайсың Осмон деп.

**Гүлгаакы** - Айтпаңызчы ошону?...

**Жамал** - Ии? Дени-кардың сообу деги?

**Гүлгаакы** - Ошо соо эмесмин да. **(Төшөгүнө башын катып алып аябай ыйлайт. Бир топко ыйлаган соң өйдө болуп отурат. Жамал суу апкелип берет.)**

**Гүлгаакы** - Эже, менин боюмда бар.

**Жамал** - Эмне?! Боюмда бар?! Кимден?.. (өзүнчө: Негедир бул толуп баратат дедим эле...)

**Гүлгаакы** - Кимден болмок эле... Осмондон.

**Жамал** - Ал уктубу? Эмне деди? Сүйүнгөндүр аябай.

**Гүлгаакы** - Аборт жасат деди.

**Жамал** - Аборт?!

**Гүлгаакы** - Ооба. Алдырып сал, кереги жок дейт. Эх, эже!.. Ага менин деле керегим жок турбайбы! Көрсө ал... А мен аны баш-отум менен сүйүптүрмүн. Анын кооз сөздөрүнө, Ала-Тоодой убадаларына ишенип жүрүпмүн. Эх, мен... Мына, ал мага акча берди.

**Жамал** - Эмнеге?

**Гүлгаакы** - Баланы алдырып сал да мени тынч кой деди. (ыйлайт)

**Жамал** - Акмак десе!.. (Гүлгаакы өзүнө алып алат.)

**Гүлгаакы** - Ооба. Мен акмакмын. Атүгүл акмактын да акмагымын!.. Врачка барсам, балаң чоңоюп калыптыр, алдырба дейт.

**Жамал** - А сен алдырба.

**Гүлгаакы** - Кантип алдырбай коём?.. Элдин, ата-энемдин бетин кантип карайм?.. Кантип төрөйм?..

**Жамал** - Элчилеп эле төрөйсүң.

**Гүлгаакы** - Элдердин эрлери бар да, эже. А менин эрим тигине – өз көлөкөсүнөн коркуп, качып кетти. Кайнатасы эки чайнап, бир жутуп коёт имиш. ...Көрсө, Осмондун

сырты, анан сөздөрү эле сулуу, а ичи толо былык, сасык экен.

**Жамал** - Ия де?..

**Гүлгаакы** - Менин көзүм бүгүн ачылды, эже. Эх, эже, өтө кеч ачылды... Сүйбөй өлөйүн. Мындан көрө сиздей болуп жакшы окуп, сиздей болуп коомдук иштерге активдүү катышып, университетти абийирим менен бүтсөм болбойт беле... Ата-энемди сүйүндүрүп, айылга барып, алдыңкы мугалим болуп иштеп, окуучуларды окутуп-тарбиялап жүрсөм болбойт беле...

**Жамал** - Эми кантесиң?..

**Гүлгаакы** - Билбейм...

**Жамал** - Менимче, төрөп эле алганың оң.

**Гүлгаакы** - Төрөгөн күндө деле кантип багам?.. Кайда жашайм?.. Анда эле ата-энемди тирүүлөй өлтүрбөймүнбү!.. Атасына кереги жок баланын мага кереги барбы?!.. Ай, кудай ай!?.. **(көпкө ыйлайт. Бир убакта туруп, эшикти көздөй жөнөйт.)**

**Жамал** - Сен кайда?

**Гүлгаакы** - Врачка. Абдан ойлонуп туруп кел деген. Мен ойлонуп бүттүм.

**Жамал** - Жок, сен шашпагын? Дагы ойлонолу...

**Гүлгаакы** - Ойлонгондо эмне. Менде башка жол жок да, эже?!.. Мен барышым керек врачка.

**Жамал** - Гуля, анан сен өмүр бою төрөбөс болуп калсаңчы?!..

**Гүлгаакы** - Анан эмне, эри жок төрөп, элге шерменде болоюнбу?!.. Же эмне, төрөп, төрөтканага таштай качайынбы?!... Ансыз да көп, жетимканаларга батпай жаткан жетимдердин санын дагы бирге көбөйтпөй эле койгонум туура го?.. **(ыйлайт)**

**(Жарык Жамалга түшөт)**

**Жамал** - О кудай!.. Бул кыз бир убакта дал мен кетирген катаны кайталаганы турат... Жаштык-мастык менен мен ошондо өз баламды өлтүрткөм. Ооба, өлтүргөм!... Аппак халат кийген врач менин баламды кесилеп алып салган. Бырча-бырча кылып алып бүткөн соң, жаным көзүмө көрүнүп жаткан мага карап, "уул экен, жалко",- деп койду кайдыгер гана. Кызыл-жаян





болуп жаткан дагыраны бир тиктеп алып, жүрөгүм үзүлүп кеткен ошондо... Дагырада мен бөлөк- бөлөк болуп жаткан көздөрү жумулуу кипкичинекей баланын башын, манжалары бүктөлгөн кичинекей колдорун, буттарын көргөм!.. ... Азыр күн сайын түшүмө ошол дагыра кире берет. Күн сайын түшүмдө кыйналып төрөп же жаш балдарды көтөрүп жүргөн болом... А мен түшүмдө эмес өңүмдө – турмушумда төрөп, баламды балкылдата эмизип, баламдын тумсак жытынан моокумум кангыча жыттап, бир жигиттин асыл кеч жары, бир үйдүн жарык жанган чырагы болуп отургум келет!.. Ошондо врач эже "Эми боюңа бүтүшү күмөн",- деп айткан... ... Эх-х, канча жигиттер ар тымдан чуркап, колумду сурабады дейсиң... Бирок, мен корком. Турмушка чыгып "төрөбөс" келин аталып, анан да бирөөнүн чолпондой баласын да бактысыз кылып коюштан корком. ... Ошондо жабылган абийирим азыр мени күн сайын кыйнайт. Исламда **аборт жасаткан – адам өлтүрүү менен барабар оор күнөө** дешет... Аборт жасаткандар тигил дүйнөдө миңдеген жылдар бою тозок отуна куйкаланат имиш. А наристелер болсо аппак периштелерге айланып, апаларын күтүп учуп жүрүшөт имиш... Жасаган күнөөм үчүн кудай качандыр бир убакта сөзсүз жазаласа керек деп ойлоно берем. Корко берем... Неге мунун баарын мурдараак Гуляга айтпадым экен. Намыстандым да. Намыс. Намыс! Куру намыс!.. Жок. Жок! Мен сөзсүз айтышым керек! Анын баласын өлтүртпөшүм керек! Бирөөн өлүмдөн, бирөөн өмүр бою коштоп жүрчүү өкүттөн сактап калышым керек...

**Гүлгаакы** - Мен барайын, эже. (үшкүрөт)

**Жамал** - Гүлгаакы, отурчу сүйлөшөлү... Өз балаңды кантип өлтүрөсүң?!

**Гүлгаакы** - **(селт дей түшөт, айласы куруй)** Эже, башка айлам жок да менин. Алдыга да, артка да жол жок. Бардык жагым караңгы – туңгуюк! Кудай ай?!... **(ыйлайт).** Мынакей, жүрөгүмдүн астында кипкичинекей жүрөк кагып жатканын кадимкидей сезип, туюп турам... Атүгүл ушул кичинекей жүрөккө ичим элжирей мээримим түшүп баратканын да сезип турам... Бирок, мен ушул

кичинекей жүрөктү алаканыма салып бөлөлөп, бапестей албайм да!.. Буга мен бактылуу балалыкты, кең келечекти тартуулай албайм да... Арам сийдик атанын жытына, мээримине зар болуп, өмүр бою атанын жытына, мээримине зар болуп, корунуп, умсунуп, күтүп жүрүп жашап өткүчө төрөлбөй эле койгону оң го дейм... Кечир мени, кичинекей жүрөк?.. **(жөнөйт)**

Жамал - Кийин өмүр бою өкүнүп жүрүп өтөсүң, Гуля???.. **(жолун торойт)**

Гүлгаакы - Эже, жолумду тоспоңуз? Башка жол жок менде... Эх, менин сүйүүм! Алгачкы махабатым – азабым менин... Кечир, жарыкка келбей жатып чарчаган наристем менин???..

**Жөнөмөкчү болот. Кулагына алай-дүлөй түшкөн музыка, жаш баланын ыңаалаган ыйы, күлкүсү, апалаган үнү, ызычуу угула берет. Ал эки кулагын жапкан бойдон жыгылып түшөт.**

- Апа-аа-а!!!

Жамал – **(коркуп кетет)** Гүлгаакы! Гуля! О кудай!.. Көзүңдү ач?!

**Суу апкелип бетине чачып, эс алдырат. Бийик жастыктарды коюп, кроватына жаткызат. Желпийт.**

- Гүлгаакы, садага болоюн, өзүңө кел. Кандайсың, түзүксүңбү?

Гүлгаакы - Ии. **(баш ийкейт)**

Жамал - Кишини жаман коркуттуң го. Сен көп ойлонбогун, Гуля? Эми сага ойлонгон, толкунданган такыр болбойт. **(Сүлгү менен желпийт)** Өзүңдү бекем карма. Баары жакшы болот. Биз сени жалгыз калтырбайбыз.

Гүлгаакы - Эже, сизден бөлөк эч ким билбейт...

Жамал - Макул. Эч кимге айтпайм. **(Желпийт)** Бирок, эртедир-кечтир баарыбир билинет да. Ийнени капка катпай эле койгонубуз оң го. Ал деген кайсы бир убакта сөзсүз капты тешип чыгат да...

Гүлгаакы - Эже-е???...

Жамал - Макул, макул. Экөөбүздөн башка эчким билбейт. Эч кабатыр болбо. Менин сырды "совершенно секретно" сактай алаарымды билесиң да. **(Шекер салып, чай**





**апкелет)** Ме, ич, ичегой? **(Гүлгаакы баш чайкайт.)** Ичкиң келбей жатабы? Деги эртеден бери бирдеме ичтиңби?

Гүлгаакы - Жок. (Баш чайкайт)

Жамал - Мына көрдүңбү, ошон үчүн башың айланып, жыгылып түшкөн турбайсыңбы. Эми сен өзүңдү эле эмес, балаңды да кошо ойлошуң керек. Тамакты күчтүүлөп, көп-көп жешиң керек. Болбосо, кандагы гемоглабин азайып кетет. Эртең врачка барып, учетко турабыз, анализдерди тапшырабыз... Ата- энеңдин астына мен өзүм барып түшүндүрөм...

Гүлгаакы - (баш чайкайт) Атам өтө катуу киши, эже...??..

Жамал - Ал жагын мага кой. Бир өлүмдөн башкасынын баарын оң жакка чечсе болот. Чечилбеген нерсе болбойт, Гуля. Кеңешип кескен бармак оорубайт деген-дей, акыл калчап таразалап, кеңешип иш кылганыбыз оң. **(Маңдайынан сылайт)** Кичине оптимист болсоң? Турмушта ачуу-таттуу, караңгы-жарык, ар кандай кыйынчылыктар көп болот эмеспи. Ушинтип эле биринчи бороонго жеңилип бересиңби? Караңгыдан кийин жарык, кычыраган кыштан кийин жадыраган жаз келээрин унутпа да?

Гүлгаакы - (көзүнүн жашын кылгыртып, эмшиңдейт) Эже-ее....

Жамал - Болду, болду. **(Маңдайынан сылап, өбөт)** Эч жаалат болбо... Жараткандын жалгоосу менен ургаачынын боюна бүтүп, ар нерсеге талгак болуп кыйналып, сай-сөөгү сыздап тогуз ай көтөрүп, тогуз толготып, өмүр менен өлүмдүн ортосунда алпурушуп жатып, бул жарыкчылыкка **адам пендесин** алып келүүнүн өзү - чоң жоопкерчилик, зор бакыт эмей эмне?!...

Гүлгаакы - Сен эмнеге талгак болдуң? Эмне жегиң келет?

Жамал - Эч нерсе... (жер тиктейт)

Гүлгаакы - Байкушум десе... Осмонго да кудай бардыр! Кудайга салдым деп коё бер. Осмон жөнүндө түк да ойлонбо. Кудай баарын таразалап алат. Андан көрө өзүң, балаң жөнүндө ойлон. **(Чачынан сылайт)** Мен сени эч качан жалгыз таштабайм. Мага ишенесиңби?

Гүлгаакы - Ишенем.

Жамал - Азаматсың! Эми сен өзүңө да ишенгин. Бекем ишен. Күчтүү бол. Мына, бетиңе кичине кызыл жүгү-

рүп калды. Форточканы ачып коёюнчу, сага таза аба керек да. Мороженное алып келсем жейсиңби? **(Тиги баш чайкайт)** Анда сен бир аз уктай тур. **(Үстүнө одеяло жабат)** Сен көбүрөөк эс алышың керек. Мен сыртка чыгып, сен жакшы көргөн боор шашлык алып келейин, макулбу? Экөөбүз ысык чай демдеп, уксустуу пияз менен маззе кылып шашлык жейли, ээ? Мен сага көөп нерселерди айтып берем... Жүрөгүмдөгү болгон сырды сага айтып берип, өзүм да кичине жеңилдейинчи... Ичимде ит өлүп жатканын силер билбейсиңер. **(Кийинет)** А сен эс алып тур. Укта. Эч ким тынчыңды албасын үчүн, сыртыңдан бекитип коёюн, каршы эмессиңби? **(Гүлгаакы баш ийкейт)** Кана, мага карап жылмайып койчу? Курсактагы бала энесинин маанайын кадимкидей сезип-туят дейт. Кокус балаң ыйлаак болуп калса - экөөбүздүн эле шорубуз. **(Жайдарыланат. Гүлгаакынын көңүлүн көтөргүсү келет.)**

– Кыймылдайбы?

Гүлгаакы - Ооба. (Күлүмсүрөйт)

Жамал - **(өзүнчө)** Меники да кыймылдайт эле... **(Сумкасын ала чыгат)** Мен тез эле келем.

**Гүлгаакы ойлонуп жата берет. Бир убакта туруп отурат. Оор үшкүрүнөт.**

Гүлгаакы - Оо кудай, ушунун баары өңүмдө эмес, түшүмдө болуп калса эмне... Осмон туура айтты. Эмне үчүн эсим барда этегимди жаппадым?.. Эмне үчүн никеден мурда керебетке шашылдым?... **Кыз абирийи кымбат** деген макалдын маани- маңызын эми түшүндүм... Эмне үчүн ошол баардык нерселерден да эң кымбат турган абийиримди сактай албадым?!... ... Ооба, мен аны сүйчүү элем. Ага ишенчүү элем... Бирок, ал менин акактай таза сүйүүмдү, ишеничимди, мени, атүгүл өз канынан жаралган наристени да жөн гана тебелеп басып кетти го!.. Мен сени жек көрөм, Осмон! Сүйүү деген ушу болсо, сүйүү, сени да жек көрөм!.. Баарына өзүм күнөөлүүмүн... Мен акмакмын! Барып турган акмакмын!.. Шермендемин!.. Жүзү кара





шерменде! Шерменде... Элдин бетин кантип карайм эми?.. Жок. Жок! Мен өлүшүм керек! Ушунан көрө өлүп эле алганым оң...

**Шашыла туруп барып шкафта турган уксусту издеп табат да ичип жиберет. Бир заматта кыйналып чыгат. Жакасын тытмалап, урунуп-беринет, жата калып сойлойт.**

- Оо кудай, мен эмне кылып койдум?!.. Ичим өрттөнүп баратат!.. Суу?.. Суу бергилечи? Апа, кечир мени? Менден үмүтүң чоң эле... Үмүтүңдү актай албадым... Ак сүтүңдү актай албадым, апа-а... Кечир?.. Суу?? Ичим өрттөнүп баратат..! **(Ичин кармап, тырышып-бырышат, тоголонот)** Бала... Баламдын жүрөгү сокпой калды... Өлдү! Мен аны өлтүрдүм. Өзүм өлтүрдүм... Мына эми максатыңа жеттиң, Осмон! **(Аба жетпей муунат. Онтойт. Жерди чапчылап муштагылайт, жандалбастайт.)** Эже?..Суу.., суу? Суу??.. **(Жалдырайт, эшиктен көзү өтөт)** Баарыңар кечиргиле мени?.. Апа-а? Апаа... **(Кара кочкул кан кусуп жиберет да өзүн билбей жатып калат. Дал ушул учурда шашылып Жамал кирет)**

Жамал - Мынакей шашлыктар. Жыты буркурайт тим эле! **(Пакетин ачып, нандын бетине салынган шашлыктарды алып, столдун үстүнө коёт.)**

- Кел Гуля, ысыгында жейли. Тур, турагой? **(Гүлгаакынын колунан тартса башы, колдору шалактап кетет.)** Гуля!! Сага эмне болду!? Гүлгаакы, көзүңдү ач?!! **(Жаака чапкылап, жулкулдатат. Уксустун бөтөлкөсүн көрүп, коркуп кетет.)** Ааа-аа-а!!!... Кыздар, тез жардам чакыргыла??!! Ким бар?! Тез жардам чакыргыла?!!.. Тез жардам... **(Чуркап чыгып, кайра кирет.)** - Гүлгаакы, эмне кылып койдуң?.. Эмне кылып койдуң?!.. Ушунун баарына мен күнөөлүүмүн... Силерди сактап кала албадым... Эжелик кеп- кеңешимди айтып, оор учурунда жардамымды бере албадым... Гүлгаакы...?! Кичине шашпай турсаң эмне?.. Шашпай турсаң эмне?!.. **(Гүлгаакынын башын кучактап, буркурап ыйлай берет. Шашылган врач кирет.)**

**Врач** - Кана, ким? Эмне болду?

**Жамал** - Уксус ичип алыптыр...

**Врач** - (текшерип көрүп) Боюнда бар беле?

**Жамал** - Ооба... (жер тиктейт)

**Врач** - Түшүнүктүү. Ай жаштар.., жаштар!.. Эмне эле болуп баратасыңар!.. Бул го жаш кыз экен, а сенчи?! Жоопкерчилик деген таптакыр жок азыркы жаштарда.

**Жамал** - Эже, эми ал төрөй алабы?..

**Врач** - Төрөгөндү айтасың, бул кыз эми жашап кете алабы – белгисиз. Уксусту көп ичип алган турбайбы... Шанс өтө эле аз. Болгон аракетти жумшайбыз. Носилканы алып киргиле! Болгула тез-тез! **(Эки жигит кирип, Гүлгаакыны носилкага салып, көтөрүп чыгып кетишет. Тез жардам машинасынын чаңырган ачуу үнү угулат.)**

**Жамал** - Гүлгаакы... Кечир мени...???...

**КӨШӨГӨ**

***2009-жыл. Ош шаары***





## МАЗМУНУ

Автор жөнүндө ____

Эртең апамдын туулган күнү ____ 3

Сүтак ____ 11

Боз балдар ____ 27

Акжолтой ____ 41

Башы бош кемпир барбы? ____ 65

Классташтар ____ 83

Күтүү ____ 107

Кечир мени? ____ 129

____ 155



## КЕЧИР МЕНИ...

Гуласал Алиева

Редактор: Турабай Жороев
Техникалык редактор: Мухтар Маматалиев
Корректор: Айдай Исакова
Комп. жасалгалаган: Өктөм Жакыпов

Басууга 25.03.2013-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 1\16.
Көлөмү 11,75 басма табак.
Нускасы 100. Буюртма № 617

«Ошбасмакана» АК
Ош шаары, Курманжан датка көчөсү-209